**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

*УДК.371.3;82-1*

**ЖУМАБАЕВА ДИНАРА САПАРБАЕВНА**

# КОЛЛЕДЖДЕРДЕ АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ОКУТУУНУ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ӨРКҮНДӨТҮҮ

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич**

Ош – 2022

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**..........................................................................................3
**БИРИНЧИ БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**
1.1. Билим берүүнүн колледж формасы жана колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрү..........................................................................................11
1.2. Акындар поэзиясы жөнүндө түшүнүк жана акындар поэзиясын окутуунун жалпы өзгөчөлүктөрү..........................................................................................17
1.3. «Окутуунун этнопедагогикалык негизи» жана «Окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» түшүнүктөрү..........................................................................................34
1.4. Азыркы учурда колледжерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн мааниси.................................. 42
1.5. Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн методологиялык таянычтары.................................................49
1.6. Акындар поэзиясын окутуунун методикасынын жана аны изилдөөнүн тарыхый обзору..........................................................................................60
*Биринчи бап боюнча корутунду*..........................................................65
**ЭКИНЧИ БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**
2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары ..........................................................70
2.2. Илимий изилдөөнүн методдору ..........................................................82
2.2.1. Изилдөөнүн теориялык методдору ..........................................................82
2.2.2. Изилдөөнүн эксперименталдык методдору..........................................103
*Экинчи бап боюнча корутунду..........................................................127*
**ҮЧҮНЧҮ БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ОКУТУУНУ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ**
3.1. Акындардын санат-насыят жана сүйүү ырларын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн жолдору..........................................................................................130
3.2. Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү аркылуу студенттердин этномаданий компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу..........................................................................................144
3.3. Колледждерде Молдо Кылычтын «Буудайык» чыгармасын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн жолдору..................163
*Үчүнчү бап боюнча корутунду..........................................................166*
**ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР**..........................................171
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**..................................175
**ТИРКЕМЕЛЕР..........................................................................................195**

## КИРИШҮҮ. ИЗИЛДӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** XXI кылымда кескин тездеген ааламдашуу процесси, маданияттардын интеграцияланышы, баалуулуктардын өзгөрүшү жалпы адамзаттын жашоого, турмушка карата көз караштарын башка нукка буруп, мурдагы көнүмүш инерцияны жаңылоо керектигин талап кылды. Натыйжада жетимиш жыл бою советтик түзүлүштөгү калыптанган мектеп, орто жана жогорку билим берүү тармактары гимназия, колледж, бакалавр, магистратура дегендей жаңы формаларды практикага киргизди. Алар тез өзгөрүп жаткан коомго ыкчам жана эффективдүү кызмат кылууга багытталды.

Азыркы ааламдашуу дооруна ылайык адамзат Жер планетасында эзелтен бери болуп көрбөгөндөй тилдик, аймактык-регионалдык, диний, экономикалык, адеп-ахлактык, маданий ж.б. баалуулуктардын тымызын күрөшүнө, а түгүл карама-каршылыгына туш келди. Бул болсо биз жашаган коомдо баалуулук ченемдеринин өзгөрүшүн жана татаалдашын көрсөттү. Аларга төмөнкүлөрдү атап кетсек болот: көп тилди билүү жөндөмдүүлүгү; коммуникациялык бирге аракеттешүү жана кызматташуу; толеранттуулукка негизделген көп түрдүү маданияттын шартында жашоо; тынымсыз өзгөрүүгө дуушар болгон турмуш агымында өз жолун таба билүү; улам жаңы, кокусунан пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүгө болгон аракеттенүү; көп түрдүү маданияттардын диалогу жүрүп турган кыйчалыш мезгилде өзүнүн нукуралыгын, өз ордун табуу үчүн күрөшүү ж.б.

Мына ушундай тез өзгөрүп турган замандын агымында биздин өлкөдө да билим берүү, маданият, ишкердик, саламаттыкты сактоо, экономика ж.б. тармактарда өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдөн. Ушул сыяктуу ааламдашуу процессиндеги өзгөрүүлөргө адаптациялашкан адистерди даярдоо – учурдун көйгөйлүү проблемаларынын бири. Ал адис ички руханий дүйнөсү бай, адептик сапаты жогору, ден соолугу

чың инсан болуу менен өз элинин этникалык маданиятын, тарыхый эс-тутумун, салттуу тарбия көрөңгөлөрүн сыйлай берген адам болушу керек.

Бул талап КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгында (2021) өзгөчө чоң милдет катары бүт коомчулуктун алдына коюлду. Ушундай мамлекеттик маанилүү ишти турмушка ашыруу үчүн кыргыз элинин этникалык педагогикасындагы улуттук фольклордун, акындар чыгармачылыгынын ордун, алардын идеяларын колледждерде окутууну өркүндөтүүнүн, билим берүүнүн мазмунун этнопедагогизациялоонун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу улуттук педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Себеби колледж системасы Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагында жаңылык, андыктан ал уюмдарда бул же тигил предметтерди окутуунун негиздери иштелип чыга элек. Мына ошол предметтердин бири – кыргыз адабияты.

Кыргыз адабиятын, анын ичинде акындар чыгармачылыгын этнопедагогикалык негизде окутуу бул бүгүнкү кыргыз коомунун дүйнөлүк интеграцияга кошулуу процессинде өзгөчө актуалдуу. Элдик педагогиканын идеяларын балдарды тарбиялоо ишинде пайдалануунун зарылдыгы тууралуу ойлор тарыхый аспектиден карап көргөндө Я.А.Коменский (1612-1656; 1982), К.Д.Ушинский (1861; 1864), Л.Н.Толстой (1998), А.С.Макаренко (1937), В.А.Сухомлинский (1981), Ш.А.Амонашвили (1983; 1986), Г.Н.Волков (1974; 1979; 1996; 1999; 2000; 2003) ж.б. классик педагогдордун эмгектеринде жана алардын практикалык иш-аракеттеринде кеңири чагылдырылган.

Кыргыз акындар поэзиясынын этнопедагогикалык баалуулугу Б.А.Апышев (1974), А.А.Алимбеков (1997; 2010), С.О.Байгазиев (2008; 2010; 2013; 2020), Ж.Б.Бешимов (1975), А.Э.Измайлов (1981), Н.И.Имаева (1971), С.И.Иптаров (1991), А.Ж.Муратов (2012; 2015), А.Т.Калдыбаева (1988, 2005), М.Р.Рахимова (1993), Т.О.Ормонов (1971; 1972), М.Х.Манликова (2008; 2009), С.К.Рысбаев (1998; 2006; 2014), А.Жаныгулов (2009) ж.б. педагогдор тарабынан бир кыйла изилденген. Ал эми кыргыз элдик акындарынын ичинен

Т.Сатылгановдун [З.Усубалиев (1971), К.Сураналиева (2014)], Б.Алыкуловдун [Г.Галиева (1978)], Тоголок Молдо менен Барпынын [А.Турдугулов (1995)], Калыгул Бай уулу менен Арстанбек Буйлаш уулунун [Ш.О.Кулматова (2014)] чыгармаларын окутуу боюнча кандидаттык диссертациялар корголгон.

Жогорудагы эмгектер негизинен акындар чыгармачылыгын мектептерде окутуу багытында жазылган, алардан айырмаланып, биздин эмгек акындар чыгармачылыгын колледждерде этнопедагогикалык негизде окуп-үйрөнүү проблемасына арналды.

XIX-XX кылымдарда жашаган, кол жазма адабиятыбыздын көч башы болгон акындарыбыз Молдо Кылычтын, Молдо Нияздын, Нурмолдонун жана төкмөлөрдүн чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окуу менен колледждин студенттери, биринчиден, элибиздин илгертен сакталып келген акындык өнөрү аркылуу айтайын деген философиялык ойлорун, кылымдар бою түптөгөн этикалык идеяларын аңдап билет; экинчиден, калк ичинде насаатталып келген элдик педагогиканын негизги түшүнүктөрү тууралуу маалыматтарга ээ болот жана алардын үлгүлөрүн өздөрү турмушунда колдонуу көндүмдөрүнө жетишет; үчүнчүдөн, акындардын чыгармаларын окуп-үйрөнүү менен тарыхый доорлорго экскурс жасап, ошол мезгилдин сабактарын бүгүнкү күн менен байланыштырат; төртүнчүдөн, студенттерде ар түрдүү баалуулуктар пайда болот, эне тилин жана элинин өткөн тарыхын, этнопедагогикасын тереңирээк түшүнүп, кастарлап сактап, кийинки муунга өткөрүп берүүгө милдеттүү экендигин туят. Андан тышкары студенттер адам менен табияттын ортосундагы ажырагыс байланышты таанып билет, өздөрүнүн экологиялык, этикалык тарбиясын дагы бир жолу жогорку деңгээлге алып чыгып, ошол таалим-тарбияны өркүндөтүүгө багыт алышат. Ар бир адам жер үстүндөгү кадамы үчүн жооп берерин, туура чечим кабыл алып, гумандуу жашоо жоопкерчилигин сезет.

Аталган теманы тандообуздун башкы себептери жана *карама-каршылыктары* булар болду: бүгүнкү күндө жаштарды өз улутунун элдик педагогикасынын, байыртан келаткан нарк, нускасынын негизинде тарбиялоо

коомдун талабы болсо да, жогорудагыларды ишке ашыруунун илимий-усулдук негиздеринин турмушка толук түрдө ашырылбай жаткандыгы; колледж системасы практикага киргизилгенине он жылдан ашып калса да, колледждерде кыргыз адабиятын окутуу боюнча ушул кезге чейин усулдук колдонмолордун жоктугу; колледждерде элдик акындардын поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууда окутуучулардын тажрыйбалары топтолуп калса да, алардын ишмердүүлүгүнө ушул күнгө чейин илимий баа берилбегендиги ж.б.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүү үчүн изилдөөбүздүн проблемасы аныкталып, темабызды **«Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү»** деп атадык.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы:** Тема Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин мамлекеттик тил кафедрасынын 2014-2021-жылдардагы негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн объекти** – колледждерде «Кыргыз адабияты» дисциплинасында акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – колледждерде акындар поэзиясын заманбап талаптарга ылайык этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн методикасы.

**Изилдөөнүн максаты –** колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн эффективдүү жолдорун, ыкмаларын жана каражаттарын иштеп чыгуу, ал технологиялардын практикалык жактан натыйжалуулугун педагогикалык тажрыйбада текшерүүдөн өткөрүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. «Колледж», «акындар поэзиясы», «окутуунун этнопедагогикалык негизи», «окутуунун этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» деген

түшүнүктөрдү тактоо, колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуунун тарыхый эволюциясына жана азыркы абалына обзор берүү.

2. Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнү изилдөө үчүн зарыл болгон философиялык, педагогикалык, адабият таануу багытындагы методологиялык таянычтарды ачып көрсөтүү, изилдөөнүн материалдарын жана методдорун аныктоо.

3. Акындар поэзиясын колледждердин «Кыргыз адабияты» дисциплинасында этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн жолдорун, ыкмаларын жана каражаттарын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуштоо.

4. Иштелип чыккан методикалык сунуштардын оптималдуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй божомолдор коюлду жана текшерилди.**

Колледждердин «Кыргыз адабияты» дисциплинасында элдик акындардын чыгармачылыгын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү ишмердүүлүгү бир топ жогорулайт, *эгерде:*

- элдик акындардын чыгармачылыгын этнопедагогикалык негизде окутуу процесси максатка ылайык өткөрүлүп, милдеттери так аныкталып турса;
- бул чыгармачылык ишмердүүлүк педагогикалык-дидактикалык принциптерге таянылуу менен жүргүзүлсө;
- акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизге таянып окуп-үйрөнүүнүн методологиялык таянычтары: философиялык, педагогикалык, психологиялык адабият таануучулук негиздери туура табылса;
- кыргыз акындарынын чыгармаларын окутуу ошол элдин эне тили, тарыхый басып өткөн жолу, улуттук каада-салты жана этнопсихологиясы, этномаданияты менен тыгыз байланышта жүргүзүлсө;
- колледждеги студенттердин окуу ишмердүүлүгүндө окутуунун салттуу тажрыйбасы менен жаңы методдору ыктуу айкалыштырылса;
- колледжде студенттерге акындар поэзиясын окутуу алардын

кызыгуусун, чыгармачылыгын ойгото алса, алардын активдүү турмуштук позициясын калыптандырып, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталса;

•студенттердин жан дүйнөсүнө этнопедагогикалык ойлор сиңирилип, турмуштук көйгөйлөрдү улуттук жана элдик кызыкчылыкты эске алып чече билишсе.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негиздерге таянып окутууну өркүндөтүүнүн методикасы эң алгачкы жолу заманбап педагогикалык талаптарга ылайык изилденгендиги; колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун мазмунун өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачылгандыгы; колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окуп-үйрөнүү менен студенттер ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн жолдору көрсөтүлгөндүгү; элдик педагогиканын материалдары кыргыз эл ырчыларынын чыгармаларын окутуунун мазмуну жана каражаты катары каралгандыгы жана азыркы шартта элдик педагогикалык салттардын негизинде таалим-тарбия берүүнүн мүмкүнчүлүктөрү тастыкталгандыгы менен аныкталат.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Илимий иштеги методикалык сунуштар кыргыз адабияты боюнча колледждердин окуу программаларын түзүүдө, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жазууда, университеттердин «Кыргыз адабиятын окутуу» дисциплинасынын мазмунун өркүндөтүүдө, колледждин окутуучуларынын адистигин жогорулатуу курстарында, окутуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн көтөрүүдө пайдаланылышы мүмкүн. Диссертацияда коюлган милдеттердин жыйынтыктары студенттердин элдик педагогикага кызыгуусун жогорулатууга жардам берет.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

Биз дүйнөлүк жана кыргыз педагог, этнопедагог окумуштууларынын таалим-тарбия идеяларын изилдедик, алардагы баалуу ойлорду талдадык. Биз аларды таяныч катары изилдөөбүздө колдондук. Демек. Ушулардын баарын синтездеп келип, изилдөөбүздүн методологиясы катары төмөнкүлөрдү алдык:

1. Нарктуу кыргыз турмушунун өзү.
2. Кыргыз элинин байыртан бери калыптанган таалим-тарбия тажрыйбасы.
3. Таалим-тарбия боюнча жалпы адамзаттык баалуу идеялар.
4. Этнопедагогика илиминин жалпы жоболору.
5. Колледждердин «Кыргыз адабияты» сабагында элдик акындардын чыгармаларын окутуу кыргыз элинин педагогикалык баалуулуктары менен байланышта, аларга таянылып үйрөнүлүүгө тийиш.
6. Улуттук педагогиканын салттары кыргыз адабияты сабагында пайдаланылган учурда окулуп жаткан тексттердин идеясын, темасын, негизги проблематикасын, образдар системасын, лингвистикалык байлыктарын тереңирээк аңдап түшүнүүгө жардам берет.
7. Кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарын туура өздөштүрүү студенттердин ата-бабалар маданиятын тааный жана сыйлай билүү компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга шарт түзөт.
8. Студенттер элдик акындардын чыгармаларын үйрөнүү менен алардын элдик педагогикалык салттарды алып жүрүүчүлөр, байытуучулар жана үгүттөөчүлөр катары эл турмушундагы ордун туура аңдап билет.
9. Колледждердин «Кыргыз адабияты» сабагында элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу менен окутуучулар студенттердин тил байлыктарын өнүктүрүүгө салым кошот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Колледждердин «Кыргыз адабияты» сабагында элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү проблемасы соңку шарттарга жана талаптарга ылайык кыргыз педагогикасында эң алгачкы жолу жекече иштелип, ал сунуштар педагогикалык экспериментте өз алдынча текшерүүдөн өткөрүлүп жана практикага сунушталды. Тема боюнча сабактын үлгүлөрү изденүүчү тарабынан өз

алдынча иштелип чыгып, алар сыноодон өткөрүлдү. Жалпы корутунду жана иштин натыйжаларынан келип чыккан сунуштар жекече чыгарылды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Диссертациянын негизги мазмуну 0 дөн жогору импакт фактору бар басылмаларга 3 илимий макалада, 5 РИНЦтен чет өлкөлөрдө чыккан илимий макалада, 11 Кыргызстанда чыккан илимий макалада тастыкталган.

**Диссертациянын көлөмү жана курамы:** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемеден турат. Диссертациянын жалпы тексти – 209 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 222, таблицалар – 16, сүрөттөр – 3.

# БИРИНЧИ БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Билим берүүнүн колледж формасы жана колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрү

XX кылымдын аягында XXI кылымдын башталышында, тагыраагы, 1992-жылдан баштап СССР державасы кулап, ордуна пайда болгон бир нече мамлекеттердин бири катары Кыргыз Республикасы да социализмден баш тартып, рыноктук экономика турмушка кирди, мындай өзгөрүүлөр билим берүү тармагында да болуп, ошол билим берүүнүн жана окутуунун жаңы формалары, алардын ичинде мамлекеттик мектептерге атаандашкан жеке менчик жана мамлекеттик-жеке менчик мектептер, гимназиялар, лицейлер, колледждер пайда болду. Мындай жаңы типтеги билим берүү уюмдары окутуу жана тарбиялоонун мазмуну менен формасын да өзгөртүштү, окуу программаларын жана окуу китептерин да өз алдынча түзүп алды. Бул албетте, дүйнөлүк илим жана техниканын, башка элдердин жана мамлекеттердин цивилизациялары менен ар тараптуу интеграциялашуунун таасири аркылуу ишке ашты. Мына ошондой билим берүү уюмунун бир формасы – колледж формасы.

*Колледж* англисче «college», аларга французча «collège», аларга латынча «collegium» деген сөздөрдөн өткөн, кыргызча которгондо «жолдошчулук», «биримдик», «бирге аракеттенүү» деген маанини билдирет. Тарыхый басып өткөн жолун карап көргөндө Францияда, Бельгияда, Швейцариянын айрым кантондорунда, Африка менен Азиянын айрым өлкөлөрүндө болгон, Бельгияда кыздар үчүн орто мектептер да ушундайча аталган. Аларда колледждер толук эмес орто же орто билим берүүчү окуу жайлары катары кызмат кылган. Азыр АКШда да кеңири жайылган.

Колледждердин үч тиби иш алып барат:

1. Университеттердин курамына кирген жогорку мектеп деңгээлиндеги окуу жайлары.

2. Орто жана жогорку окуу жайларынын ортосундагы билим берүү уюмдары.

3. Орто мектептин жогорку класстары да айрым жерлерде, айрым учурда колледж аталат.

«Колледж» деген атаманын (терминологиянын) тарыхын карап көрсөк, биринчи жолу Францияда Париж университетинин курамында 1304-жылы Навар колледжи ачылган. XVI кылымда андай билим берүү уюмдары консервативдик университеттерге альтернатива катары иштеген. Мындай колледждер көбүнчө китепканалардын базасында уюштурулуп, ал жерге каалагандар келип профессорлордун дарстарына катыша берген. XIII кылымда Англияда атактуу университеттердин алдында да колледждер тиби негизделген, алардын бири 1263-жылы ачылган Оксфорд университетинин алдында уюштурулган Баллиол колледжи. Улуу Британияда колледждер өзүнчө да, башка университеттердин курамында да иштей баштаган. Бул өлкөдө 1970-жылдары 6-класстардан колледж деген система пайда болуп, алардын негизги максаты окуучуларды жогорку окуу жайына даярдоо болгон.

Традициялуу англиялык колледждердин үлгүсүндө XVII кылымда АКШда биринчи колледждер ачылып, ал окуу жайларында дин кызматкерлери жана мамлекеттик чиновниктер даярдалган. Чоң колледждер менен медицина, укук таануу, дин таануу багытындагы мектептер биригип, XIX кылымда АКШда биринчи университеттер негизделген. Демек, бул өлкөдө колледждер университеттердин фундаменти катары кызмат кылган. Азыркы учурда АКШда «колледж» жана «университет» түшүнүгү бирдей эле каралат, экөөндө тең бакалавр жана магистр деген академиялык даражалар даярдалат. АКШда колледж формасы эң кеңири тараган билим берүү уюму болуп, алар университеттин алдында да, өз алдынча да иш жүргүзөт. Аларда колледжде окуу төрт жылдык болуп, экинчи жылдан соң университеттин бир

факультетин тандап окуй баштаса болот. Ошондой эле АКШда эки жылдык колледждер иштейт, алардын бүтүрүүчүлөрүнө бакалаврдыкка талапкер (степень кандидата в бакалавры, англиче associate degree) деген диплом берилет. АКШда колледждердин төрт тиби бар: коомдук колледждер; баштооч колледждер; техникалык колледждер; шаардык колледждер.

Кыргыз Республикасында эгемендүүлүккө жетишкен XX кылымдын 90-жылдарында эле лицейлер, колледждер, гимназиялар ачыла баштаган. Алар СССР кулагандан кийинки Орусиянын үлгүсүндө ачылган, алар көбүнчө мурдатан советтик мезгилде иштеп келген техникумдардын жана кесиптик-техникалык окуу жайларынын (ПТУ, СельПТУ) базасын эле өзгөртө коюп «колледж» атап алган. Бүтүрүүчүлөрүнө кесипке ээ болгондугу тууралуу диплом берип, ошол документ жогорку окуу жайына тапшырууга укук берген. КРнын «Билим берүү жөнүндө мыйзамы» Жогорку Кеңеште талкууланып, Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаев 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 токтом менен бекитилген. Ошол документ боюнча «колледж – базалык жана жогорку деңгээлдеги орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайы» [125] деген аныктама берилген. Аларда билим берүүнүн мазмуну кайсыл бир адистиктер (тандоосуна карап ) боюнча тереңдетилип окутулат.

Колледждерге кабыл алуу биринчиси, жалпы билим берүүчү мектептердин (гимназиялардын) 9-класстарын бүтүргөндүгү тууралуу күбөлүктүн; экинчиси, жалпы билим берүүчү мектептердин (гимназиялардын) 11-класстарын бүтүргөндүгү тууралуу жетилүү аттестатынын; үчүнчүсү, башталгыч жана орто кесиптик билим алгандыгы тууралуу дипломдун (ПТУ, кесиптик-техникалык лицей) негизинде жүргүзүлөт. Колледжде окугандар окуусун андан ары бакалавр боюнча улантууга жеңилдик жана мүмкүнчүлүк алат.

Колледждерде окуу 11-классты бүтүргөндөр жана башталгыч жана орто кесиптик билим алгандар үчүн 2 же 3 жыл, 9-классты бүтүргөндөр үчүн 4 жыл.

Кээ бир университеттер өздөрүнө караштуу колледждерди бүтүрүүчүлөрдү окуп аткан адистик боюнча факультеттерди тандаса ар кандай жеңилдиктерди берет (мисалы, кирүү экзаменисиз кабыл алуу; экинчи курска отургузуу ж.б.).

Колледжде билим алуучулар «студент» деп аталат жана ошондой статуска ээ болот, б.а., студенттик билет, зачёттук китепчеси берилет, стипендия берилиши да мүмкүн, окуу жайынын китепканасына кирүү үчүн окурмандык китепче алат.

Биз изилдөөгө алган колледждер 9-класстын базасында кабыл алынган, окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн колледждердеги кыргыз адабияты сабагы. Алар үчүн А.Ж.Муратов, К.А.Исаков, К.К.Акматов «Кыргыз адабиятынын программасын» [131] биринчи жолу иштеп чыгып, ал 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кесиптик орто окуу жайлардын студенттерин окутуу программасы катары бекитилип, басылып, практиктерге таратылды. Ага чейин колледждер мектеп программасынын гана кыскартылган варианттарын өздөрү түзүп алып колдонуп келди.

Колледждерде кыргыз адабияты дисципланасынын мазмунун, көлөмүн аныктап, окуу китептерин түзүүчүлөргө жана окутуучуларга арналган жогорудагы программада бул окутуу формасынын негизги өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:

1. Окутуунун бул формасынын контингентти жалпы билим берүүчү орто мектептердин 9-класстарын бүтүрүп келген окуучулар болуп, эми алар кайсыл бир адистикти (техникалык, гуманитардык, медициналык ж.б.) тереңдетип окууга багытталат.

2. Мындай колледждердин багыттары ар кандай профилде болгондуктан, адабият программасына чыгармаларды сунуштоого ошол профилдери эске алынат.

3. Жалпы билим берүүчү мектептерден айырмаланып, колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасы боюнча сааттарды бөлүштүрүүнүн

тематикалык планы семестр боюнча жүргүзүлөт жана жалпысынан 2 семестрге бөлүнөт.

4. Мектептерде кыргыз адабиятын үйрөнүп жаткандар окуучулар болсо, колледждерде студенттер болуп, булардын психологиялык өзгөчөлүктөрү да эске алынды.

5. Биздин программа арналып жаткан колледждерде сессия, зачёт, консультация формалары көп колдонулгандыктан бул учурлар да атайын чагылдырылды [131, 4].

*Ошол эле программада колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасын окутуу өзгөчөлүктөрү катары булар эсептелет:*

1. Көркөм чыгармаларды тарыхый-адабий негизде үйрөнүү системалык мүнөзгө өтөт.

2. Адабияттын турмуш менен байланыштуулук принциби жетекчиликке алынат.

3. Чыгарманын эстетикалык жана адеп-ахлак проблемаларына көңүл буруу өзгөчө актуалдашат.

4. Жазуучунун өмүр-баяны доор жана окулуучу чыгармалары менен байланышта каралат.

5. Адабият курсу обзордук жана монографиялык темаларды ичине алат. Адабий обзорлордо ошол мезгилдик тилкенин социалдык тарыхый өзгөчөлүгүн, учурдун коомдук-саясий, рухий эстетикалык таламдарынын адабияттын тематикасына жана проблемасына тийгизген таасири, чыгармалардын, адабий-көркөм процесстин мүнөздүү касиеттери кыска, так сыпатталат. Айрым этаптык мүнөздөгү урунттуу чыгармаларга кыскача токтолуп, алардын жалпы адабий өнүгүштөгү ордун белгилеп көрсөтүү максатка ылайык. Ал эми монографиялык темаларда конкреттүү бир акын-жазуучунун биографиясы жана чыгармасы гана сунушталат.

6. Көркөм чыгарма идеялык-тематикалык планда гана талданбастан, көркөм формасы (образдары, стили, композициясы, тили ж.б.) да талданат.

7. Кыргыз адабияты башка бир катар дисциплиналар (тарых, тил, география, коом, орус адабияты ж.б.) жана атайын дисциплиналар менен интеграцияланып үйрөнүлөт.

8. Колледждерде кыргыз адабиятын окутууда жогорку окуу жайларында кеңири колдонулган окутуунун ийкемдүү формалары, методдору, каражаттары, жаңы ыкмалары көбүрөөк колдонулат.

9. Студенттерге адабий билим берүүдө лекция, диспут, семинар, сабак-сахна, сабак-конференция, адабий викторина, сабак-тегерек үстөл, сабак-таанытым (презентация) сыяктуу жана башка салттык жана интерактивдүү формаларды, ыкма-жолдорду активдүү пайдалануу майнаптуу жолдордон болуп саналат.

10. Студенттердин өз алдынча иштешине, доклад, реферат, билдирүү, рецензия, аннотация, изложение жазышына көбүрөөк көңүл буруу жакшы натыйжаларды берет.

11. Адабият боюнча студенттердин билиминин тереңдешине жана кеңейишине техникалык жана көрсөтмө каражаттар, кино, радио жана телеберүүлөр, компьютер, Интернет, видеотасмалар менен иш жүргүзүү чоң мааниге ээ болот. Адабият дисциплинасында ийрим иштери, адабий кечелер, диспут, КВН, музейлерге, концерт, кинотеатрларга, адабияттык жайларга экскурсияга баруу, эл арасында китепти пропагандалоо жана кошумча, тандоо сабактарын өткөрүү менен терең айкалыштыруу зарыл. Эл арасындагы оозеки адабиятты жыйноого да өзгөчө маани берүү кажет.

12. Окутуучуларга эскерте турган нерсе, чыгармаларды үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттар болжолдуу болуп эсептелет, зарылдыгына карай бөлүнгөн сааттарды өз алдынча өзгөртүүгө, чыгармадан чыгармага сыйлыгыштырууга мүмкүнчүлүк берилет [131, 5-6].

Ошентип, билим берүү тармагында колледж формасы пайда болуп, аларда окутулуучу предметтер аныкталып, алардын окуу программалары түзүлдү. Бул иш 2003-жылдан 2018-жылга чейинки узак мезгил аралыгында ишке ашырылды. Ошол мезгил ичинде окуу жүгү (сааты) башка болгону менен окуу программасы, окуу китептери мугалим-окутуучуларды мурдагы советтик билим берүү системасынан түздөн-түз өткөрүлүп берилди. Бул өткөөл мезгил болуп, колледждерде билим берүү проблемасын бир топ жактан өксүтүп келди.

### 1.2. «Акындар поэзиясы» жөнүндө түшүнүк жана акындар поэзиясын окутуунун жалпы өзгөчөлүктөрү

Кыргыз адабияты негизги чоң үч катмардан турат:

1. Элдик оозеки чыгармачылык же улуттук фольклор
2. Акындар поэзиясы
3. Профессионалдык жазма адабият.

Булардын ар биринин өзгөчөлүктөрү бар, мисалы, фольклордук чыгармалардын автору белгисиз болот, ал чыгармаларды башында бир адам чыгарган болсо да, бара-бара бирөөдөн экинчиге өтүп, автору унутулат, ар бир айтуучу өзүнүн кошумчасын кошуп, ала турган жерин алып таштап, коллективдүү чыгармачылыкка айланып кетет да, бир эле чыгарманын бир топ варианттары болот. Мисалы, «Манас» эпосунун азыркы учурда жетимиштен ашык варианты жазылып калган, мындай чыгармаларга автордук укук ыйгарып, патенттөөгө мүмкүн эмес.

Профессионалдуу адабият болсо бул автору белгилүү, конкреттүү бир автор (кээде бир топ автор) жазган чыгармалардын адабияты. Мисалы, Түгөлбай Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романы, Аалы Токомбаевдин «Өз көзүм менен» поэмасы, Бексултан Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасы ж.б.

Акындар поэзиясы – бул кыргыз оозеки элдик чыгармачылыктан өсүп чыккан классикалык поэзия, ал чыгармалардын авторлору белгилүү. «Акындар поэзиясы» деген түшүнүктү «Ырчылар чыгармачылыгы», «Ырчылар поэзиясы» деп да атайбыз, эки түшүнүк маанилеш (синоним) катары эле колдонулуп жүрөт.

Кыргыз акындар поэзиясынын эки тиби (түрү, формасы) белгилүү: а) төкмө акындар (төкмөлөр); б) жазгыч акындар (казалчылар); чыгармаларын төгүп да айтып, жаза да билгендер. Эгер биринчи типтегилер турган жеринен сөзгө сөздү улап, төгүп ырдап кетсе, өздөрү кат сабаты ачылбаган адамдар болсо (Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов ж.б.), экинчи типтегилер кат сабаты ачылган болуп, көбүнчө ислам медреселеринде окуп, чыгармаларын жаза билишет (Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Ысак Шайбеков, Алдаш Молдо ж.б.), үчүнчү топтогулар тууралуу маалымат азыраак, алар эл арасында төгүп ырдап, анан жазма мурастарды да калтырган («Ак куржун толо ыр калтырган» Жеңижок Өтө уулу, түрмө ырларын жазган Мамбетимин уулу Казыбек казалчы ж.б.).

Акындар фономеналдуу эс тутумга ээ болуп, бирөөдөн уккан ырды ошол бойдон жаттап калып, кийин анын ошол ырын башка жерде төкпөй-чачпай айтып берген. Мына ушундай жол менен Токтогул Сатылгановдун чыгармалары акындын көзү өткөн соң Калык Акиев, Алымкул Үсөнбаев, Коргол Досуев сыяктуу акындардын айтуусунда жазылып калган.

Элдик акындар (төкмөлөр) көргөнүн көргөндөй, укканын уккандай ырга айлантып айта берген, алардын ой жүгүртүүсү өтө кеңири, тил казынасы чексиз бай болгон. Эки акын айтышып жатканда бири-бирин улап, же бири бирин мактап, же бирөөнү мактап, же бири-бирин кордоп түрдүү темада сөздөрдү уйкаштырып, адамдын оюна келбеген сөз гүлдөрүн таап, сабалап ырдай берген. Таланттуу, улуу акындар өз артынан шакирт даярдап чыгарган, мисалы, Токтогул Сатылгановду ар кайсы мезгилде алтымыштай шакирт жандап жүрүп, төкмөлүктүн сырларын үйрөнгөн.

Окумуштуу А.Обозканов: “Ырчылык – баамчыл, ойчул, ыкчыл, сүрөткердикке окшогон көптөгөн сапаттарды күткөн, өнөрдү оозеки кабыл алып, калыптандырып; турмушта учураган баамына илинген, уккан, көзү менен көрүп турган бардык көрүнүштөрдү көркөмдөп шыдыр ырга айланта салганга ылайыкташкан уникалдуу өнөр болуп калыптангандыгы анык болду”. Андан ары А.Обозканов ырчылык өнөрдүн устаттан шакиртке өткөн мектеби тууралуу, ырчылык өнөрдүн салттуулугу жана өз алдынчалыгы, жазгыч акындар менен төкмөлөрдүн, манасчылар менен ырчылардын жакындыгы жана айырмалуу жактары жөнүндө иликтейт. [169, 18].

Элдик акындар эл арасынан чыккан, ошону үчүн аларга «элдик» деген эпитет кошуп айтылат. Бала чагынан эл турмушун көрүп, жакшылык-жамандыкка аралаш жетилет да, алардын турмуштук тажрыйбасы өтө бай келет. Жаш чагынан комуз черткенди үйрөнөт, өз ырларын комуздун коштоосу менен аткарат (Барпы Алыкуловдон башкасы).

Кыргыз эли байыртан эле сөзгө маани берип, тагдыр башка салган оор күндөрдө Улуу Сөздү бел кылып, жакшылыктан үмүт үзбөй, дал ушул Сөз элибизди кыйын кырдаалдардан алып чыккан. Орхон-Энесай эстеликтери, кылым кыйырында унутулбай, кайра мезгил өткөн сайын көркүнө чыккан «Манас» эпосу, Жусуп Баласагындын «Кут алчу билими» менен Махмуд Кашгаринин «Сөздүгү» буга күбө. Жусуп Баласагындын: «Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар, жакшы сөздөр – түбөлүктүү, өлбөйт ал» [86, 45], - деген ыр саптарынын куну ушунда турат. Байыркы көчмөн цивилизациядан бери нечендеген архитектуралык эстеликтер кыйрады, мезгил бороонуна ыҥ-жыҥсыз сиҥип кетти. Бир гана Сөз эстеликтери өлбөс-өчпөс болуп кала бергени жогорудагы ыр саптарынын туура экендигин айгинелеп турат. Дагы эле Улуу Сөздү изилдеп, маани-маҥызын жаш муундарга үйрөтүп, аларды Сөздүн кадырына жеткен, баалап-барктаган жана өзүнүн үйрөнгөнүн уул-кыздарына өткөрүп бере турган кылып тарбиялоо –биздин милдетибиз. Сабыр Иптар уулунун «Сөз – аалам жана адам сырын изилдеген универсалдуу амал. Анын табиятын таануу үчүн эҥ майда тилдик бирдиктерден тартып (ээ, уу), эҥ

татаал философемаларга («Төгөрөктүн төрт бурчу»), мифологемаларга («Асман-Жердин тирөөчү, Ай менен Күндүн ширөөсү») чейин сүңгүп кирүү керек. Тил сыры – эң абалкы, эң татаал, эң купуя табышмактын бири, ал ачылса, адам акылы жаңы сереге көтөрүлөрү шексиз» [98, 14] , - деп айтканы бүгүнкү күндүн маанилүү маселеси деп ойлойбуз.

Дүйнө жүзүндө бир да элде төгүп ырдаган төкмөлүк өнөр кыргыз-казактардагыдай бийиктикке жеткени кездешпейт. Калкыбыздын көчмөн турмуш кечириши, тышкы байланыштын аздыгы, элибиз мекендеген Ысык-Көл менен Ала-Тоонун керемет жаратылышы тубаса таланттуу акындардын, сөз баккан, сөз кадырлаган ырчылардын пайда болушуна таасир эткен. Төкмө акындын ырдап жаткан учурдагы бейнесине баам салып көрөлү. Эң оболу, төкмө акын:

1. Акылы менен айтар сөзүн ойлонот.
2. Комуз менен ырдаса, күүгө ырдын муун өлчөмү дал келиши керек.
3. Тема боюнча сөз кылуу кажет, андан четтеп кете албайт.
4. Айтышка түшсө, каршылашынын суроосуна жооп таап ырдоо маанилүү.
5. Ырдап жаткан шарт-жагдай, кырдаал эске алынат.
6. Эң маанилүүсү – мунун баары даярдыксыз аткарылат.

Жогорудагылардын баарын жыйынтыктап келгенде, булардын баары адабият таануу илиминде импровизация деп аталат. «Импровизация – алдын-ала даярданбай туруп, төгүп ырдоо жөндөмдүүлүгү. Бул жөндөмдүүлүк ырчынын психологиясына, темпераментине да байланышып, чукугандай сөз тапкан тактык менен тездикти да туюнтат. Ырчылардан башка музыканттарда, аткаруучуларда кездешет» [99, 120].

Акындар поэзиясы өз учурунда элдик оозеки чыгармачылыктан кийинки узак тарыхый доорду басып өтүп, артында чоң адабий мурасты калтыра алды. Анткени акындар чыгармачылыгы өзүнүн гүлдөп өнүккөн доорунан эң сонун жемиштерин бере алды. «Эл ырчыларынын чыгармачылыгы фольклор менен профессионал адабиятты бириктирип турган, тарыхый-хронологиялык жактан өзүнчө мааниге ээ болгон баскыч... Элдин тарыхын, маданиятын, салт-

санаасын, үрп-адатын, кулк-мүнөзү менен ой жоруу өзгөчөлүгүн илгертен кастарлап-сактап, укумдан-тукумга улаган талант даарыган көзү ачык билимдар адамдар элибизде эзелтен жашап келишкен. Алар кадимкидей кадыр-барк, аброй күтүшүп, «эл ырчылары»деген кыйла нускалуу, үлкөн даражалуу атка конушуп, муундан-муунга даңаза болушуп, калайык-калктын оозуна алынып, өмүрү өткөнчө өрнөктүү өмүр сүрүп, өз чыгармачылыгын ошол нукта өнүктүрүшкөн. Ошондой таланттар кылым бүктөмүндө да көөнөрбөй, элдин бай казынасына айланып, улуттук классиканын үлгүсү болуп калышты.

Арийне, алар көркөм өнөр маданиятынын деңгээли, чен-өлчөмдөрү боюнча Байыркы Чыгыш жана Батыш өлкөлөрүнүн даанышман чөйрөсүнүн бийиктигине чыга алышпаса да, өз чарк-чамасы, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша айтарга арзырлык адабий, маданий мурас калтырышты» [216, 3-4].

Кыргыз элинин басып өткөн тарыхый доорундагы эң мыкты айтыштар, өзүнүн апогейине жеткен философиялык ырлар, көркөмдүк-эстетикалык деңгээли барган сайын ажарына чыккан чыгармалар буга күбө. В.А.Сухомлинскийдин: «Сөз – биздин, мугалимдердин, окуучуларыбыздын жүрөктөрүнө чеберчилик менен таасир эте турган өтө назик жана өтө курч инструмент» [205, 5] , - деп айтканы бар. Эгер ушул инструментти оң жагына, жакшы жагына пайдалансак, билимдүү, эмгекчил, турмушка көз карашы калыптанган инсанды тарбиялап чыгабыз, ал эми бул инструментти туура эмес пайдаланып же өз деңгээлине жеткире чеберчилик менен пайдалана албасак, анда келечекте биздин шорубуз. Чындыгында, балдарга билим берүүдө жана тарбиялоодо сөз менен аларды окууга шыктандырып, сөз менен максат койдуруп, ошол максаттарга жетүүгө, аларды ишке ашырууга жана чыккан натыйжаны көрүүгө багыт беребиз.

Өз кезегинде кыргыздын сөз баккан, ой баккан улуу акындарынын чыгармаларын окутууда балдарды эсейтип таң калтырган бир нерсе бар, балдар акындардын чыгармаларын тереңден талдап окуп жатканда азыркы турмуштун эле өзүн айтып койгондой сезилет. Мейли, ал чыгарма Тоголок

Молдонун чыгармасы болсун, мейли ал чыгарма Молдо Кылычтын чыгармасы болсун, баары бир адамзаттык улуу баалуулуктарга үйрөтө баштаганын тана алышпайт. Адамды өзү менен тең көрүүгө, акылдуу болууга, элди башкарганда адилет, калыс болууга, жаратылышка аёо менен мамиле кылууга, боорукердикке жана чынчылдыкка, ата-эненин тилин алып, алардын көз карашы менен да эсептешүүгө үйрөнө башташат.

Ошол кылымдар бою келаткан элдик нарк- нусканын, тарбиянын уругу эми чыгармалар аркылуу балдардын жүрөгүнө себилип, андан ары өнүп чыгат. Багуучусу келишсе, балким түшүм да берүүгө даярданат. Бабалардан калган улуттун уңгулуу тарбиясын, акактай мөлтүр таалимин өзүнөн кийинки муунга өткөргөнү ошол түшүм бергени. «Терең билим берүү гана түпкү натыйжа эмес. Аны менен мугалимди жана окуучуну чектөөгө болбойт. Бүгүнкү күндө ага карата көз караш өзгөрүп баратат. Демек, терең билим бир эле учурда көз караш, активдүү позиция боюнча иштер менен толукталганда, чыныгы турмуштун талабына жооп берет. Окуучунун турмуштук активдүү позициясын калыптандыруу иши терең билим менен бекем көз карашка удаалаш жүрөт, анткени так ошол экөөнө таянат. Ансыз активдүүлүк көлөкөгө тон бычкан менен барабар: далилсиз, жүйөсүз эле талпына берүү күч алат. Фанатизм, ак-карасын тааныбай, команда боюнча аракеттенүүчүлүк келип чыгат. Ошондуктан активдүү аракет илимий негизге, көз карашка көз каранды» [101, 42]. Активдүү турмуштук позиция окуучуларда талаш-тартыш, талкуу, талдоо аркылуу гана жетишет. Андан тышкары студенттерде окуяларга, кубулуштарга жана адамдарга карата баа берүү, өзүнүн кылык-жоругун, мүнөзүн анализдөө, аны оңдоого аракет кылуу ишмердүүлүгү пайда болуп, калыптанат деп ойлойбуз.

Молло Нияз, Нурмолдо сыяктуу классик акындардын чыгармачылыгынан башталган бул поэзия элдик оозеки чыгармачылык менен профессионал адабияттын ортосундагы көпүрө болуп калды десек жаңылбайбыз. Жогоруда сөз кылган улуу акындар учурда билим берүү жараянында активдүү колдонулуп жаткан Бенджамин Блумдун таксономиясы

боюнча кабыл алынган алты деңгээлдин бардык баскычтарын басып отуруп, анан ушунчалык жогорку чыгармачылык ийгиликтерге жетишти деп айтсак болот. Билим, түшүнүү, колдонуу, анализ жана синтез, чыгармачылык деңгээлге жетип, өздөрүнүн чыгармачылыгында бардык деңгээлди бирдей кармап кетүүгө аракет кылышкан. А бул үчүн акын тубаса билимдүү болуусу керек эле.

Бүгүнкү төкмө акындардын ырдаганын салыштырсак, алардын ичинде да билимдүү төкмө акын менен билими аз төкмө акындын айырмасы асман менен жердей десе болот. Анткени билимсиз, интеллекти төмөн, жан дүйнөсү жарды акын бир айтышта эле өзүнүн деңгээлин көрсөтүп, эл тарабынан жакшы кабыл алынбаса, атаандашын жеңип чыга албаса четтеп чыга берген. Айтыштарда акындын ой чабыты, билими, дүйнө таанымы, сөз тапкычтыгы бааланып, бүркүттөй чабыттаган тез ой жүгүртүүгө машыккан акындар жеңип чыгары айтпаса да түшүнүктүү.

Калк акындарынын ушундай зоболосу бийик пайдалуу жактарын байкап, буларга тиешелүү жөндөмдүүлүктөрдүн өзгөчөлүктөрүн карап көрөлү.

С.Момуналиев чыгармачыл адамдарга мүнөздүү жөндөмдүүлүктөр, креативдүүлүк, генийлик, талант жана интеллектуалдык деңгээл жөнүндө ой жүгүртүп келип, жаратман адамга тиешелүү төмөнкү касиеттерди бөлүп көрсөтөт: «Негизги жаратмандын башкы личносттук касиеттери:

1) көз карандысыздык – тайпанын стандартынан личносттук стандарт маанилүү, баалоо менен ой жүгүртүүлөрүнүн кескиндиги, курчтугу, өзүн акыл-эстүү сезген пенделерди көбүнчө ыңгайсыз абалга тушуктургандыгы;

2) акылынын «дарбазасынын» баарына ачыктыгы – өзүнүн жана башканын фантазиясына, кыялына, айткан-дегенине кадимкидей ишенүүгө даярдыгы, жаңыны жана өзгөчөнү кабыл ала билиши;

3) аныкталбаган жана чечилбеген ситуациялардагы эң жогорку толеранттуулугу, бул жагдайлардагы конструктивдүү активдүүлүгү;

4) эстетикалык сезимдин өзгөчө күчтүү өнүккөндүгү, сулуулукка, кооздукка ар дайым умтулуусу» [145, 56]. Биз төкмө акындарды карап көрсөк, чындап эле алардын акылынын «дарбазасынын» ачыктыгы, акылдуулугу жана коом ичиндеги ар кандай кырдаалдарга карата өзүнүн ой-пикирин чечкиндүү айта алуусу менен башкалардан өзгөчөлөнүп турушат.

Жогорудагы чен-өлчөмгө баам салсак, төкмө акындар бирөөгө көз карандысыз, өзүнүн суверендүүлүгүн сактаган. Мойнуна кылыч кармаса да өз ой-пикирин бийлик өкүлдөрүнөн коркпой, кээде аларды эл алдында сөзгө жыгып, өтө жагымсыз абалга калтыргандыгын далилдөөчү мисалдар толтура. Акын, ырчы, дастанчы, төкмөлөр эзелтен келаткан көөнө өнөрдүн алып жүрүүчүлөрү, улуу көчтүн улантуучулары, артында эли унутпай турган чоң казынаны калтырып кетишкен. Алар элдин руханий жан дүйнөсүн, арман-тилегин айтып берген, элдин көйгөйүн, кайгы-кубанычын айта кеткен. Хандан, бийден жалтанбай, чындыкты гана айтып, Сөз кудуретин ошончолук бийик койгон. Элдин тилегин, ой-санаасын, келечекте көксөгөнүн чагылдырган ырларды жаратып ырдап чыгышкан. Ошонусу менен элден колдоо тапкан.

Акындар поэзиясынын традициялуулугу төмөнкүлөр менен аныкталат:
Эки акын бири-бири менен жолугушканда сөзсүз учурашуу ырларын ырдап келип, анан атынан түшүп, кучакташып көрүшүп, бири-бирине салам берет.
Аш-тойлордо акындар бири-бири менен айтышка чыгат, айтыш бул – таланттардын сөз эрөөлү, алардын ыр аркылуу беттешүүсү. Айтыш – акындык өнөрдүн эң мыктылары гана түшө турган, жалпы эл сынап турган аянтча. Акындар поэзиясында Арстанбек менен Жеңжоктун, Арстанбек менен Сүйүнбайдын, Токтогул менен Барпынын, Жеңижок менен Эсенамандын, Токтогул менен Алымкулдун ж.б. көптөгөн акындардын классикалык айтыштары бизге мурас болуп калды.

Акындык өнөрдүн эң бийик жери – санат, насыят, терме, үлгү, үгүт, нуска ырлары менен байланышат. Андай чыгармаларды философиялык, дидактикалык ой жүгүртүүсү жогорку деңгээлдеги, сөз байлыгы кенен, өтө

таланттуу акындар гана жаратышкан. Кыргыз акындар поэзиясында аккан суу темасы (Барпы, Жеңижок), балалык, карылык, өмүр, өлүм темалары да терең иштелип чыккан. Р.Кыдырбаева жана Т.Танаев жогорудагы түшүнүктөрдү терминологиялык жактан мындай түшүндүрөт: «Санат» – кыргыздын төл сөзү, сүйлөө речте туруктуу сакталган учкул сөздөрдүн, макал-ылакаптардын, акылман сөз айкаштарынын, элдик моралдын, философиянын адабий формага айланган бир түрү» [128, 215].

«Насыят» – кыргыз эли кабыл алган араб сөзү. Насыяттын араб тилинен кирип, кыргыздын төл сөзү «санатка» синонимдеш колдонулуп, эки компоненти маанилеш кош сөздүн ролун аткарып, кыргыз фольклорундагы дидактикалык поэзиянын бир түрүн аныктайт, алар бири-биринен ажырабаган түгөйлөштүк сапатынан ажырабайт.

«Терме» – темасы аталбаган адабий импровизация. Терме дидактикалык, таалим-тарбиялык мааниде айтылуучу оозеки поэзиялык чыгарма. «Терме» сөздүн семантикасында – турмуштагы кездешүүчү ар түрдүү нерселердин, кубулуштардын адамга керектүүсүн тандоо, пайдасы жогун ылгап, жараксызын алып таштоо, бөлүштүрүү, айрымалоо. Экинчи мааниси элге сиңген акылмандыкты, учкул-канаттуу сөздөрдү тандап, аларды баш аламандыкта эмес, чөйрөгө, социалдык шартка ылайыктап, жүрүш-туруштун этикасын салыштырып, адамдын аң-сезимине төкмөчүлүктүн күчү аркылуу жеткирет, угуучу андан өз алдынча корутунду чыгарат, жашоосунда пайдаланат. «Санат» менен «насыят» көркөм түгөйлөрүнүн булактарынан азыктанат, ырчылык өнөрдүн бийик ажарын ачат»...

«Үлгү» – акыл-насаат айтуу, тарбиялуу болууга чакыруу маанисиндеги айтылган ырлар. Үлгүнүн кеңири таралышы адамдын жеке жүрүш-турушу, ички рухий байлыгынын санаты, бирөөгө жасаган мамилеси, кыял-жоругу. Кыргыздарда бул термин санат-насыят, термелер менен аралаш колдонулуп, кыргыз адабиятынын тарыхында акындар тарабынан өнүктүрүлгөн дидактикалык поэзиянын бир түрүнө кирет»...

«Үгүт» – үгүт-насаат жүргүзүү. Ырчылар менен жазгыч акындардын жеке чыгармачылыгында кеңири жолуккан, мезгилдин талабына ылайык саясаттоо, үгүттөө маанисин жогору койгон дидактикалык поэзиянын бир формасы.

«Нуска» – (араб сөзү): «Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска» (макал), «улуусуз нуска болбойт» (ылакап), «насыят», «санат», «үлгү» сөздөрдүн синонимдик катары, элдик акылмандыкты, ымандуулукту, нускаларды туюндуруучу көркөм форма. Ошентип, кыргыз тилиндеги «санат», «насыят», «терме», «үгүт», «үлгү», «нуска» сөздөрдүн сырткы аталышы да, ички логикалык туюнтмасы да бири-бирине үндөшүп, өз ара тыгыз айкалышып, тарыхый жактан өнүгүшү болсун, коомдук-социалдык жактан аткарган милдети болсун, бирдей укук жүктөлүп, бир жанрдын табиятына бириккен, тектеш жакын маанилеш түрү десек болот» [128, 215-216].

Мына ушул санат, насыят, терме, үлгү, үгүт, нуска ырларынын эң эле бийиктикке көтөрүлүп чыгышы элдик төкмө акындардын чыгармачылыгы менен байланышат, фольклордук адабиятта да, жазма адабиятта да бул тематика анчалык бийиктикке көтөрүлүп жеткен эмес.

Акындар поэзиясынын традициялуулугунун дагы бир фактору – устаттары шакирт даярдагандыгы менен, устат-шакирт феномени менен байланышат. Токтогул Сатылгановдун акын болушуна Чоңду (Сары ырчы), Көчүбай ырчы, Байжигит уулу Сартбай, Орозаалы, Нурмолдо, Жаныш, Айтыке, Балыктын уулу Найманбай деген устаттары таасир этип, ырчылыктын жолдорун үйрөтсө, Ныязаалы Борош уулу комуз чертүү өнөрүн үйрөткөн экен. Булар чыгармачылыктын кандай болорун гана эмес, ырчы адамдын адамдык сапаттары кандай болорун да үйрөткөн. Ырчыларды ашта-тойдо эл баккан, мал берген, ат мингизген, чыныгы адамгерчиликтүү ырчылар ошол өзүнө берилген мал-мүлктү элге таратып берип, кийинки барар жерине кете берген.

Адабиятчы М.И.Богдановванын айтканына таянып, Г.Бакинова Жалал-Абаддын жаны Сузактын Ачы айылында туулган Барпы Алыкулов менен

чогуу жүрүп, бирге ырдашкан адамдардын аттарын, жерлигин мындай белгилейт: «Бекназар – уруусу кыпчак. Өзбекстандын Ворошилов району, Кош-Төбө кыштагында; Ботобай – Ноокат районунан; Ташмат – уруусу төөлөс, Жаңы-Ноокат районунан; Алим Токтор уулу – уругу кесек, Сүлүктүдөн; Орозаалы – тээке, Ош районунан; Көр Чокобай – сарык; Нишан – уругу кыпчак, Чөкө-Дөбөдөн, «кэттэ акын, Барпы акындын устазы»; Арзыбай – уругу бөрү, Оштун үстү жагында; Казыбай – Арык үстүндө» [50,229]. Мына ушундай устаттар жана шакирттер ынтымагы, бири-бирине таасири гана чыныгы акынды жаратат.

Акындар поэзиясынын дагы бир өзгөчөлүгү – ар бир акындын өзүнүн индивидуалдуу стили, чыгармачылык өзгөчөлүгү болгондугунда. XIX кылымда жана XX кылымдын башында төмөнкүдөй акындар жашап өткөндүгүн, бирок алардын көп мурастары жазылбай калгандагын Б.Кебекова белгилеп, аларга төмөнкүлөрдү кошот: Калыгул (1785-1855), Музооке (1794-1878), Балык (1799-1887), Акшербет Бүргө кызы (1800-1875), Сырдуу комуз (1800-1887), Назар Болот уулу (1828-1893), Чөжө (1808-1895), Сокур Калча (1810-1890), Майкөтөн (1813-1910), Айтыке (1816-1887), Молдо Нияз (1823-1896), Арстанбек (1824-1878), Чоңду (1826-1912), Кызыл Чеке Мүсүреппек (1830-1887), Эсенаман (1883-1913), Солтобай (1834-1918), Келдибек (1800-1880), Чоюке (1863-1925), Акылбек (1840-1930), Чоодан (1835-1900), Нурмолдо (1835-1918), Сартбай (1839-1917), Тыныбек (1846-1902), Найманбай (1847-1913). Булардан башка да Сартимбет (Сарт ырчы), Катаган, Байкабыл, Көчүбай, Абат Алымкул тууралуу да айтылат. Алардын артында Жеңижок (1860-1918), Токтогул (1864-1933), Калмырза (1866-1910), Эшмамбет (1870-1923), Бекназар (1876-1918), Жаманкул (1886-1917), Ботобай (1861-1944), Үмөтаалы (1873-1918), Боогачы (1866-1936), Калык (1883-1962), Коргоол (1882-1962), Барпы (1884-1940). Албетте, тизме булар менен эле бүтпөйт, «...иликтөө алкагына өз мезгилинде кирбей калган айрыкча түштүк регионунда жашаган Кара Курман, Бала Курман, Мыса, булбул аталган Ботобайдын устаты Орозаалы, жазмачылык менен төкмөчүлүктү кошо ала

жүргөн Кайып Молдо, Токтогул, Барпылар менен айтышып, чыгармачылык эргүү алган Карамурза, Ботобайдын шакирти, өз учурунун көрүнүктүү акыны Сыдык, чөптүн нечен түрлөрүн өңү, түсүнө чейин ажыратып ырдаган Чөп ырчы (Калмат), Бекназардай чоң ырчыны эл көп чогулган жыйында эңшерип кеткен айтыштын даңгылы Дооран, Ташмат, Ишан, Жолдош, Калыктын шакирти Сары Кунан (Сагынбек)» тууралуу айтылат [121, 87-160-165]. Жогорудагы аты аталган жана ысымы да, чыгармалары да белгисиз кеткен кыргыз акындар поэзиясынын өкүлдөрүнүн бир жалпылыгы бар, ал – ар бир акындын өздөрүнө чейинки ырчылардын салттарын сакташы, устаттардан таалим-тарбия алып, өздөрү шакирт даярдашы.

Акындардын көбү ырларын кандайдыр бир обонго келтирип ырдайт, ал обон өзүнүкү болушу да мүмкүн, мурда башка бирөө тарабынан колдонулган обондор болушу да ыктымал. Ошол обондуулук ырдын көркүн ачып, элдин кулагына жагымдуу үн тартуулашы керек. Бул көрүнүш акындын салттуу өнөрдү өздөштүрүүсү жана андан бийиктеп, өзүнүн жеке чыгармачылык стилин, ырларынын мазмунун жана формасын, поэтикасын таба алышы менен байланышат.

Акындар поэзиясынын мазмундук жана формалык чеги өтө ар тараптуу, бай болуп, көп кырдуу болот. Ошолордун ичинен биздин аныктоо боюнча төмөнкүдөй жанрдык-тематикалык алкак басымдуулук кылат.

*Акындар поэзиясын окутуунун өзгөчөлүктөрү төмөнкүдөй концептуалдуу парадигмалар менен байланыштуу экендиги белгиленет.*

**Биринчиси.** Элдик акындар, алардын ичинен төкмө акындар жараткан чыгармалар эң алды менен төкмөчүлүк өнөрүнүн спецификасы менен байланышат. Төкмөчүлүк – бул эл аралык термин менен айтканда импровизация. Бул сөздүн этимологиясы француз тилиндеги «improvisation», итальян тилиндеги «improvvisazione», латынча «improvisus» деген сөздөрдөн келип чыккан, кыргызча маанилери «күтүлбөгөн жерден», «кокус эле» дегендей маанилерди туюндурат. Бул күтүлбөстөн анын негизги белгисин көрсөтөт, ырда гана эмес, бийде, музыкада, актёрдун роль аткаруусунда да

мындай алдын ала даярдалбаган, аткарып жаткан мезгилде гана табыла калган учурлар болот. Мындай импровизациялык ыкмада байыркы грек аэддери, батыш европалык шпильмандар, орустардын былиналарын айтуучулар, украиналык кобзарлар, түркмөн жана өзбек бакшылары, казак жыраулары, кыргыз ырчылары өз өнөрлөрүн көрсөтүп, дүйнөлүк адабияттын классикалык чыгармалары жаралган. Манасчылар жана башка дастанчылар да чыгармаларын импровизациялык ыкма менен сунуштаган.

**Экинчиси.** Акындар чыгармачылыгында эң көп иштелген тема жана жанрлар болот, ошол эле кезде алар анчалык кыйрылбаган тематикалар жана жанрлар кездешет. Алардын чыгармачылыгында кеңири тараган жанрларды бул сүрөттө көрсөттүк (Сүрөт 1.2.1.).




**Сүрөт 1.2.1. – Акындар поэзиясынын негизги жанрлары**

**Үчүнчүсү.** Кыргыз акындары бир кылка болбойт. Кыргыз адабиятчылары (Т.Саманчин, С.Мусаев, Ж.Таштемиров) акындарды талантынын дареметине, чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө карата бир нече топко бөлүштүргөн.

Биринчи – нускоочу акындар: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Токтогул ж.б. өз доорунун социалдык көйгөйлөрүн таамай айткан, акындар поэзиясынын көптөгөн темаларында жана жанрларында иштей билген, тили

абдан бай, акыл-насааттык, тарбиялык мааниси күчтүү чыгармаларды жараткандар.

Экинчи – жамакчы акындар: Булар көбүнчө ашта-тойдо, жогорудагыдай нускоочу акындар катышпай калган учурларда эптеп уйкаштырып, сөздөн сөз курапштырып (жамап) ыр жараткандар. Алардын таланты чектелүү болуп, кээ бири бара-бара нускоочу акындарга өсүп жетиши да мүмкүн.

Үчүнчү топтогулар – жомокчулар: Булар элдик эпикалык чыгармаларды (жомокторду) өз вариантына салып айтат, же өздөрү жомок чыгарат. Кыргыз элинде «Манас» баш болгон чыгармаларды бүт жомок деп айтышкан, аларды айтуучуларды жомокчу дешкен. Нускоочу акындардын да бир тобу (Балык, Найманбай, Арстанбек, Токтогул, Жеңижок ж.б.) жомокчу аталган, ошол эле кезде көбүнчө жалаң эле «Манас» эпосун айтуучу жомокчулар (Келдибек, Чоюке, Сагынбай, Саякбай ж.б.) да таланттуу адамдар болгон.

Төртүнчү топтогулар – жазгыч акындар. Кыргыз акындар поэзиясында жазгыч акындардын да өзгөчө орду бар, алар чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп, элге жазуу формасында тараткан. Алардын чыгармачылык өз алдынчалыгы болуу менен ырларын оозеки чыгарган төкмөлөр чыгармачылыгына кыйла жакын келет, ошол эле учурда жазма адабияты өнүккөн, диний билим алган чыгыш элдеринин фарсы, араб, татар, казак тилинде жазылган чыгармаларынын таасирин байкоого болот. Буларга Молдо Ныяз (1820-1896), Молдо Кылыч (1866-1917), Тоголок Молдо (1860-1942), Алдаш Молдо (1874-1930), Молдо Багыш Сарыбай уулу (1888-1937), Ысмайыл Сарыбаев (1870-1923), Ысак Шайбеков (1880-1957), Абылкасым Жутакеев (1888-1933), Токтораалы Талканбаев (1869-1943) ж.б. акындардын чыгармачылыгын мисал катары көрсөтүүгө болот.

Окумуштуу А. Обозканов болсо кыргыз акындарынын чыгармачылыгын үч чоң топко бөлүп карайт:

**1.Төкмө ырчылар** - булар төкмөлүк, санатчылык, айтыш өнөрү жана айтуучулукту (көлөмдүү дастандарды, эпосторду) тутумдап турган өнөр

адамдары. Андан ары изилдөөчү төкмө ырчыларды 4 чакан топко бөлүп караган:

А) Манасчы, комузчулукту эмес, төкмөлүктү гана аркалаган акындар: Жеңижок, Эшмамбет, Барпы, Осмонкул, Токтоналы, Ысмайыл ж.б.

Б) Төкмөлүк менен манасчылыкты жупташтыра билген ырчылар: Балык, Сагымбай, Найманбай ж.б.

В) Төкмөлүк менен күүчүлүктү өнөр кылгандар: Музооке, Айдаралы, Коргол

Г) Төкмөлүк менен күүчүлүк (комузчулук), обончулук айтуучу, аткаруучулукту бир башына топтогондор: Арстанбек, Токтогул, Калык, Алымкул ко бөлүнөтж.б.

**2. Санатчы акындар** өз ара дагы эки топко бөлүнөт:

А) озүлөрү жашап турган тарыхый доордун түрүн так көрсөтүп ырдаган “Замана” поэзиясынын өкүлдөрү: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо кирет.

Б) “Аккан суу”, ашыктык, дин сыяктуу ар кыл тематикадагы ырларды, тарыхый инсандарды, турмуштук көрүнүштөрдү санат, терме кылып ырдаганнускоочу акындар: Молдо Нияз, Айтыке, Нурмолдо, Чоңду, Эсенаман, Жеңижок, Тоголок Молдо, Эшмамбет, Барпы, Осмонкул ж.б.

**3. Айтуучуларды** да  А. Обозканов экиге бөлөт:

А) Манасчылар: Келдибек, Балык, Акылбек, Нармантай, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Саякбай ж.б.

Б) Кенже эпосторду, дастандарды айтуучулар: Токтогул, Калык, Саякбай, Актан, Алымкул, Сарыкунан ж.б.

Окумуштуу бул өнөр өз тутумуна төкмөлүк, акындык, философтук, санатчылык, манасчылык, музыканттык, куудулдук, чечендик, психологдук, сынчылыкты кошо сыйдырып жашап келген өнөр деп белгилейт. [169, 78-125].

**Төртүнчүсү.** Төкмөлөрдүн дээрлик бардыгынын эле ырлары ошол ырлар аткарылып жаткан учурда жазылып калган эмес. Алардын көпчүлүгү кийин өздөрү тарабынан же шакирттери тарабынан, же башка эле адамдардын айтып берүүсүндө жазылып калган. Мунун өзү ошол чыгарманын нарк-кунунун

толук сакталып калбагандыгын, бир нече варианттарды болуп калышы мүмкүн экендигин көрсөтөт.

Акындар поэзиясынын мына ушундай спецификасына байланыштуу андай чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү келип чыгат.

*Биринчи өзгөчөлүгү* – элдик акындардын чыгармачылыгы аткаруучулук өнөр менен байланыштуу болгондуктан, алардын чыгармаларын окуучуларга бирөөлөрдүн аткаруусунда, комуздун коштоосунда угуу ошол чыгарманы кабыл алууда оптималдуу ыкмалардын бири болот.

*Экинчи өзгөчөлүк* – элдик акындар элдик тилдин бай казынасын сактоочулар, демек, алардын чыгармаларынын тилинде кыргыз лексикасынын, фразеологиясынын бай казынасы жатат, муну эске алуу менен алардын чыгармаларын окутууда окуучулардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасалууга тийиш.

*Үчүнчү өзгөчөлүк* – элдик акындар – элдик тарбиячылар, б.а. өз доорунун этнопедагогдору болгон, мына ушул баалуулукту мугалим азыркы ааламдашуу доорунун балдарына өзгөчө басым менен жеткирүүгө милдеттүү.

*Төртүнчү өзгөчөлүк* – акындардын чыгармалары алардын өз оозунан жазылып калбагандыктан алардын варианттары, биринде кездешкен саптар башка бирөөсүндө да кездешип калышы мүмкүн экендиги.

*Бешинчи өзгөчөлүк* – кыргыз акындары негизинен XIX кылымдын II жарымында XX кылымдын башында жашап өткөндүктөн алардын өмүр баянын, чыгармачылык жолдорун окуп үйрөнүүдө мемуардык чыгармалар, эскерүүлөр, тарыхый-биографиялык адабияттар өзгөчө мааниге ээ болот.

*Алтынчы өзгөчөлүк* – акындардын чыгармачылыгында айтыш ырлары орчундуу орунду ээлейт, мына ошол айтыштарды окуучулардын кабыл алуусуна ыңгайлуу болсун үчүн сабакта окуучуларды акындардын ырларын жаттатып айтыштырып көрүү эффективдүү ыкмалардын бири. Жыйынтыктап келгенде, бул өзгөчөлүктөр окумуштуулардын изилдөөлөрүндө ар тараптуу каралып келет. Окумуштуу С.К.Рысбаев акындар поэзиясы сыяктуу эле фольклор тууралуу төмөнкү оюн таасын белгилеген:

“Жалпысынан алганда, эл адабиятынын мындай үлгүлөрүнүн маанисин жана сабактагы негизги кызматын (функциясын) булар менен түшүнө алабыз:

- биринчиден, ал урпактардын дүйнөтаануусун түптөөчү каражат;
- экинчиден, элдик таалим-тарбия берүүчү функциясы кичүүлөр үчүн улуу сабак, улуулардын турмуштук тажрыйбасы катары баалуу, т.а. тарбия берүүчү курал;
- үчүнчүдөн, ал балдардын көз карашына, ички дүйнөсүнө, жаш курагына жана кызыкчылыгына жараша окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруучу каражат;
- төртүнчүдөн, кебин өстүрүүнүн кеп маданиятына үйрөтүүнүн, сөзүн байытуунун негизги материалы катары да маанилүү.” [187, 19].

Окумуштуунун бул ойлорун акындар поэзиясына да тиешелүү өтө маңыздуу ойлор экенин тана албайбыз.

Ошентип, элдик акындардын чыгармаларын мектептерде, колледждерде, жогорку окуу жайларында окутууда алардын улуттук адабияттагы ордуна, чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө маани берүү зарыл.

## 1.3. «Окутуунун этнопедагогикалык негизи» жана «Окутуунун этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» түшүнүктөрү

«Окутуунун этнопедагогикалык негизи» түшүнүгү «этнопедагогика» деген түшүнүк менен байланышат. Ар бир эл, уруу, улут келечек мууну болгон балдарга таалим-тарбия берүүдө, турмушту үйрөтүүдө, жашоого көнүктүрүүдө өздөрүнүн улутунун, уруусунун, элинин мурдатан колдонуп келген тарбиялоо салттарын жана элдик эмпирикалык билимдерин пайдаланат. Кыргыз элинде балдарды курсактагы кезинен эле элдик салттар менен тарбиялап, туулганда жентек той, андан соң кыркын чыгаруу, тушоо той сыяктуу салттуу педагогикалык иш-чараларды уюштуруп келген. Тарбия берүүдө акыл-эс тарбиясын, эстетикалык тарбияны, дене тарбиясын,

экологиялык тарбияны, адеп тарбиясын – биримдикте жүргүзүп, балдарын ар тараптуу инсан катары жетилдирүүгө көңүл бурган.

И.Б.Бекбоев: «Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-зооктордо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбалардын чогуусу. Демек, элдик педагогика – бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу. ...Элдик педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап окутуп, ошол калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, нукура жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык (тарбия-таалим) берүүчү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот» [58].

А.Алимбековдун белгилөөсү боюнча: «Элдик педагогика – бул улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардан, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан-муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык нарк-дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык билимдердин жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасы» [13, 7].

Демек, этнопедагогиканын түпкү башаты элдик педагогикадан өнүп чыгат. Элдик педагогиканын каражаттары кыргыздарда: жаратылыш, элдик баталар, идеалдуу адамдардын үлгүлүү иштери, элдик оозеки чыгармачылык, элдик ырчылардын чыгармалары, куран жана хадистер ж.б. болгон. Элдик педагогика тууралуу А.Алимбеков, И.Б.Бекбоев, Г.Н.Волков, А.Ш.Гашимов, А.Э.Измайлов, Г.Н.Филонов, Я.И.Ханбиков ж.б. окумуштуулар ойлорун айткан.

Г.Н.Волковдун аныктамасына таянсак: «элдик педагогика – бул конкреттүү бир этникалык топтун тарбиялоо салттары; этнопедагогика – ар түрдүү элдердин тарбиялоо салттары боюнча түшүнүктөрдү жалпылоо, аларга салыштырма талдоо берүү» [68, 331]. «Элестүү айтсак, эгер «Элдик педагогика» жана «Этнопедагогика» деп эки хрестоматиялык жыйнак түзүлө турган болсо, анын биринчисинде элдик педагогикалык мазмундагы оозеки чыгармалар, үрп-адат, каада-салттардын кыскача баяндамалары орун алмак, ал эми экинчиси ошол тарбиялык салттарды, орошон ойлорду илимий талдоого алган эмгектерден турмак», – деп жазат А.Алимбеков [13, 8]. Бул идея боюнча биздин темага ылайык кыргыз элдик акындарынын бүтүндөй чыгармалары (дастандар, санат-насыят формасындагы этикалык ырлары, айтыштары, ашыглык ырлары, сүйүү ырлары, учурашуу ырлары, философиялык лирикалары ж.б.) элдик педагогикалык ойлорду өз ичине сиңдирип турган элдик тарбиялык таасир этүүнүн чулу баалуулугу, биз суу иче турган этикалык маданияттын булагы болсо, ошолорду окуп-үйрөнүү, изилдеп чыгуу, окутуунун жана тарбиялоонун технологияларын көрсөтүү этнопедагогиканын милдетине кирет.

А.Муратов жазгандай: «Элдик педагогикада тарбиялоонун катуу тартипке келтирилген мыйзамдары, системага салынган билимдер, так илимий аныктамалар жана терминдер жок, анда элдин узак мезгилден берки тажрыйбасынан улам топтоп келген, жамаатташып түзгөн акылман ойлорунун сырлары салынган алтын сандыгы турат. Ошол сандыкты качан керек болгондо эл өкүлдөрү ачып алган да, андагы байлыктарды каалаганча керектүүлүгүнө жараша пайдалана берген» [156, 7]. Демек, элдик педагогика элдин узак жылдар бою топтогон, анан ошол топтолгон материалдар тазаланган, практикада колдонууга ылайыкталган таалим-тарбия ойлору, ошол ойлордун системага салынган топтому.

Мисалы, Токтогул Сатылгановдун «Болосуң акын» деген ырында мындай ой айтылат:

Окубай, жазбай кат болбойт,

Минбей буудан ат болбойт,
Куйкасыз башта чач болбойт,
Ичпей мамил чай болбойт,
Кийбей кызыл шай болбойт,
Минүүсүз жорго тай болбойт,
Ак буудан баспай чаң болбойт,
Акылынан адашпай,
Адам уулу маң болбойт.
Асмандан тийбей күн болбойт,
Азап түшпөй адамга,
Караңгы кирип түн болбойт.
Улугуң калыс болбосо,
Ушундай түндө ким коргойт?
Жоргону минген жолдо өсөт,
Күлүктү минген күндө өсөт,
Душмандан кордук көргөндө,
Уйкуң келбейт жатканда,
Болосуң акын келтирип
Ар санатты айтканда [199, 10].

Мындагы элдик педагогикалык ойлор кат жазуу үчүн окуу, билим алуу керектиги, буудан атка ээ болуу үчүн аны минип, таптап кемелине келтирүү керектиги, адамдын акылынан адашкан ооруга кабылуусу анын маң деген дарт белгисине кабылышы экендиги, баш болбосо – чач, ичпесе – чай, кийбесе – шайы, минбесе – жорго тай, ат баспаса – чаң болбостугу, дүйнөдө бардык нерсе бири-бири менен байланыштуу экендиги тууралуу ойлор айтылат. А түгүл асмандын тийип турбаса күн да болбойт, караңгы кирбесе түн да болбойт. Ушулардын баарын жигиттер коргошу керек, алар коргоо үчүн жорго минип жолдо жүрүшү, күлүктү күндө миниши зарыл. Жорго минүү, күлүк минүү – балдарды жоо бетинде жүрүүгө, мекенчил болууга даярдоо.

Токтогул мына ушундай санатты айтуу үчүн жаш чагынан эл аралап жүргөн, ондогон устаттардын таалимин алган, аксакалдардын насаат кебин уккан. Ушундай акындык жолду басып өткөндөн кийин гана ал таалимчил акын болуп жетилген. Ошол элден алган, элден үйрөнгөн сөздөрүн кайра элге жеткирген. Элдик педагогиканын баланы инсан катары тарбиялоодо көп түрдүү функциясы бар, анын айрымдарын төмөнкү сүрөттөн карап көрөлү. (Сүрөт 1.3.2.)



*Сүрөт 1.3.2. Элдик педагогикадагы ишке ашырылуучу тарбиянын багыттары*

Мына ушул элдик педагогиканын тарбиялык көп түрдүүлүгү кыргыз элин эл кылып, улутту улут кылып сактап келди. Ошол идеяларды колледждин студенттерине жеткирүү үчүн окутуунун этнопедагогикалык негиздерин иштеп чыгуу зарыл. Анын функциялары төмөнкү таблицада чагылдырылды. ( Таблица 1.2.1)

**Таблица 1.3.1. – Акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн функциялары**

| **Функциялар** | **Функциянын мазмуну** |
|---|---|
| **Изилдөөчүлүк** | Элдик педагогикалык мурастарды, биздин тема боюнча акындардын чыгармаларындагы элдик таалим-тарбия ойлорунун багыттарын, маани-маңызын, чыгыш булактарын, колдонулуш учурларын аныктап чыгат. |
| **Калыптандыруучу** | Элдик акындардын чыгармаларындагы педагогикалык идеяларды тапкан соң алардын азыркы билим берүү процессине ылайыктууларын ылгап чыгат, коомго туура келишин аныктайт. |
| **Конструкциялоочу** | Акындардын чыгармаларындагы элдик педагогикалык ойлорду сабактарда колдонуунун моделин иштеп чыгат, кайсы темаларды окутууда кандайча колдонууну конструкциялайт, б.а., аларды |

| | |
|---|---|
| | практикада ишке ашыруунун майнаптуу жолдорун, планын түзөт. |
| **Таанып-билүүчүлүк** | Акындардын чыгармаларындагы этнопедагогикалык материалдарды кыргыз элинин салттары, үрп-адаттары, диний жана башка ишенимдери, этнографиялык булактар, азыркы айрым адамдардын, үй-бүлөлөрдүн салттуу педагогикалык тажрыйбаларды колдонулушу менен салыштырат. |
| **Өнүктүрүүчүлүк** | Этнопедагогикалык материалдарды колдонуу аркылуу билим берүү процессинин мазмунун жана формасын өнүктүрүүнүн жолдорун табат, сабактарды инновациялоонун сунуштарын практикага киргизет. |

Окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн **педагогикалык шарттар**ы биздин изилдөөлөр боюнча төмөнкүлөр:

*Биринчи педагогикалык шарт – окутуучу этнопедагогика илими тарабынан улам жаңыдан ачылып жаткан материалдар жана изилдөөлөр менен таанышып туруп, аларды сабактарда колдонуу шарты.* Бардык эле илимдер сыяктуу эле этнопедагогика да инновациялык идеялар жана тыянактар менен толукталып турат, жыл сайын көптөгөн макалалар жана диссертациялар жазылат, аларда азыркы сабакты этнопедагогизациялоонун технологиялары көрсөтүлөт.

*Экинчи педагогикалык шарт – этнопедагогикалык идеяларды үзгүлтүксүз жана ырааттуу жүргүзүү шарты.* Элдик педагогикалык материалдар студенттерге тынымсыз жана ырааттуу берилип турбаса, көп материалдар унутулат, же эстен чыгат, аларды байланыштырып туруу зарылдыгы келип чыгат.

*Үчүнчү педагогикалык шарт – элдик акындардын чыгармаларын колледждерде этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн максатын, милдетин так аныктап, план менен ишке ашыруу шарты.*

*Төртүнчү педагогикалык шарт – эл акындарынын чыгармаларын окутуу процессинде турмуштук тажрыйбасы бай элдик тарбиячылар, аксакалдар, ата-энелерлер менен жолугушууларды өткөрүп, алардын пикирлерин эске алуу шарты.*

*Бешинчи педагогикалык шарт – окулуп жаткан чыгарманы дагы тереңирээк өздөштүрүү үчүн эл арасын кыдырып этнографиялык «талаа материалдарын» жыйноо шарты.*

Окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн эффективдүү **ыкмалары** биздин изилдөөлөр боюнча төмөнкүлөр:

- тексттерди талдоо процессинде эл турмушун этнографиялык багытта сүрөттөгөн учурларга өзгөчө көңүл буруу;
- тексттеги сөздөргө, сөз айкаштарына этнолингвистикалык анализ жүргүзүү;
- адабий чыгармаларды талдоо процессинде этнопедагогикалык, этнографиялык, тарыхый булактарды оптималдуу пайдалануу;
- акындардын өмүр баяны тууралуу маалымат берүүдө алардын эл турмушундагы педагогикалык кызматтарын өзгөчө көрсөтүү;
- студенттер менен элдик тарбиялык салттар тууралуу кеңири аңгемелешүү;
- студенттерге элдик педагогикалык маданияттын эл акындарынын чыгармаларында чагылдырылышы тууралуу эссе, дил баян, реферат, илимий макала жаздыруу, слайд, долбоор даярдоо;
- элдик тарбия салттарын алып жүрүүчү адамдар менен сукбатташуулары, жолугушууларды өткөрүү, алардан интервью алуу ж.б.

ко

Экинчи багыт – *эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү аркылуу азыркы сабактын формаларын (лекция, семинардык сабак) жана мазмунун башка илимий билимдер (тарых, этнография, этнопсихология, эстетика ж.б.) менен интеграциялоо.*

## 1.4. Азыркы учурда колледжерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн мааниси

Өзүнүн келечегин ойлогон ар бир коом, биринчи кезекте өсүп келе жаткан жаш муундарга кам көрөт, алардын жан дүйнөсүнүн аруулугуна, ички бай маданиятына, көз караштарынын кеңдигине жетишүүгө умтулат. Коомдун өнүгүп-өскөндүгү, анда жашагандардын маданиятынын деңгээли балдарга жасаган мамилесинен, аларга түзүп берген шартынан ачык көрүнөт. Канткенде билимдүү, маданияттуу адамды тарбиялап өстүрөбүз? Адамды адамдыкка, адамгерчиликке эмненин жардамы менен тарбиялайбыз? Эли-жерин ойлогон мекенчил, калкына кызмат кылган эмгекчил, гумандуу инсанды канткенде тарбиялап чыгара алабыз? Тээ атам замандан ушул күнгө чейин бул суроолор ар бир муундун алдына коюлуп, адамзатты түйшөлтүп келет. Залкар жазуучу Ч.Айтматов да өзүнүн «Фудзиямада кадыр түн» драмасында «Түбөлүк чечилбеген ушул талаш, Канткенде адам уулу адам болот?» [7, 481] деп адамзаттын алдына суроо коёт. Албетте, бул маселе илгертен бери эле биздин ата-бабаларыбызды да ойлонтуп келген. Мамлекеттүүлүгүбүздү, улуттук баалуулуктарыбызды жоготпой, бүгүнкү күнгө чейин жашап келишибиздин бир себеби байыркы ата-бабаларыбыз адам болуу маселесин таба алгандыгынын үзүрү десек жаңылышпайбыз. Ала-Тоону мекендеген ак калпак аталарыбыз менен ак элечек энелерибиз адамды тарбиялоонун өзүнчө мектебин ачышкан. Ал мектеп – сөз мектеби, өлбөс-өчпөс, түбөлүктүү улуу сөздүн мектеби. Ата-бабалар уул-кыздарына сөз менен, сөз кудурети менен жаралган көркөм дүйнө аркылуу таалим-тарбия берген, турмушка даярдаган. Макал-ылакап, лирикалык ырлардан, акындардын терме, санат ырларынан, узун түндү кыскарткан жомоктордон тартып, көлөмдүү «Манас» эпосуна чейин адам катары тарбиялоонун мыкты мектеби болуп келген.

Жазуучу Султан Раев: «Биз жаңы ойлордун, бир гана жаңы көз караштардын эмес, керек болсо бүтүндөй коомчулуктун аң сезиминин өзгөрүүсүнүн босогосунда турабыз деген терең ишенимдебиз. Биздеги

руханий, маданий, экономикалык жана адеп-ахлактык жалпы мейкиндиктин механизмдерин жаңы форматта кайра түзүүгө эбак эле муктаждык бышып жетти. Коомдук аң-сезимди кайра модернизациялоо (заманбап жаңылоо), адеп-ахлактык, каада-салт, нарк-насилдерди кайрадан карап чыгуунун зарылчылыгы туулду. Ал үчүн биз эң оболу адеп-ахлактык, өзүн-өзү ыймандык тазалоо саясатына муктажбыз. Биздин коом ар түркүн дүйнө таанымдардын, светтик, диний, ашкере либералдашкан, ошол эле учурда ашкере ашмалтайы чыккан ж.б. көз караштардын ээн талаасына айланганын жашыра албайбыз. Саламаттык  же мамлекеттик коопсуздук, экономика же адабиятка тийиштиги бар өзгөрүүлөргө байланышкан суроолорбу, бизге эң маанилүүсү, адам жан дүйнөсүнүн интеллект экологиясы, анын тазалыгы маанилүү. Бир жагынан бул суроолор актуалдуу, анткени алар адамдын керт башын калкалоо жана өмүрүн сактап калуу суроолоруна түздөн-түз тиешеси бар», - деп айтты [182].

Мына ушул адеп-ахлактык түркүктөрдү курууда адабияттын ролу баа жеткис. Бул максаттарды ишке ашырууда колледждерде окула турган акындар поэзиясынын чыгармачылыгын болочок жаштардын таалим-тарбия уюткусу, этнопедагогикалык билимдерин өркүндөтүү булагы катары ишенимдүү түрдө сунуштоого болот.

Өз учурунда акындар поэзиясы элдик философиянын, элдик педагогиканын жана жазма адабияттын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын окутуу, болгондо да этнопедагогикалык негизде окутуу көңүл сыртында калууда. Бул билим берүү уюмдарынын кыргыз адабияты сабагында окутулуучу акындардын чыгармаларынын көркөм-адабий баалуулуктарын, философиялык-этикалык маанисин талдоого алган адабият таануу, философия, педагогика багытында эмгектер жазылган. Бирок Молдо Кылычтын же Молдо Нияздын чыгармаларын окутуу боюнча методикалык багытта илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, монографиялар жазылган эмес. Болгону илимий-методикалык

гезит-журналдарга сабактардын иштелмеси жарыяланып, ошол деңгээлде гана калып калган.

Ааламдашуунун же дүйнөлөшүүнүн татаал айлампасында кетип жаткан азыркы өлкөлөр өзүнүн ордун, өзүнүн белгисин калтырууга аракет кылып жаткан учурда Ж.Бөкөшовдун «Окуя өтөт, ой калат» аттуу философиялык багытта жазган изилдөөсүндө айтылгандай, «...адам баласы канчалык кыйынсынбасын, менменсинбесин, бир кулачын атомдун тереңине кол созбосун, өткөндөн кол үзө албайт экен, ата-бабанын тажрыйбасын аркалабай, өрнөгүн улабай жашай албайт экен. Дүйнөлөшүү деген – бул баарын текшилөө, окшоштуруу гана эмес, ошол эле учурда ар элге, ар аймакка тиешелүү өзгөчөлүктөрдү, өзүнчөлүктү сактоо, баалоо, ага кам көрүү да экен» [66, 71]. Биз, кыргыз эли, өзүбүздүн асыл руханий дөөлөттөрүбүздү сактап кала алсак, аларды изилдеп, жаңыртып, сонун бир таберик катары кийинки муундарга жеткирсек, келечек муун бир гана алкышын айтып, аздектеп сактап, өзүнөн кийинки муунга өткөрүп берери – талашсыз чындык.

Кыргыз элинин этнопедагогикасында адептен жана адамгерчиликтен турган элдик тарбиянын стратегиясын иштеп чыгууда эл ырчыларынын чыгармаларынын ролу баа жеткис. Муну «Манас» баштаган эпостордон кийинки эле этнопедагогикалык чоң университет десек болот. Болгондо да мыкты куралданган, элге жеткиликтүү университеттин ишин аткарган. Эл акындарынын өз ырларында айтылган көз караштары, чыгарган тыянагы кыргыз эли үчүн кадимки окуу куралынын же китептин милдетин аткарган, ошондон улам элде өзүң үйрөнгөндү башкаларга үйрөтүү же кийинки муунга өткөрүү милдети пайда болгон. Ж.Шериевдин «Элдик тарбиянын ардактуу, бирок оор жүгүн көтөргөн дидактикалык чыгармалардын ичинен кыргыз фольклорунда түздөн-түз этнопедагогиканын турмуштагы жашаган практикалык салтын окуткан санат-насыят, терме ырлардын поэтикалык ыргагында иштелип чыккан элдик тарбиялоонун концепциясы жатат» [222, 20-28-51] деп белгилегени бар. Окумуштуунун бул айткан омоктуу оюн эл акындарынын чыгармаларына карата да колдонсок болчудай. Анткени эл

ырчыларынын чыгармаларындагы санат-насыят, терме ырларында жана казалдарында да элдик тарбиялоонун концепциясы жатат.

Кыргыз этнопедагогикасында кагазга жазылган атайын жол-жоболор баяндалган китеп болбогону менен таалим-тарбия берүү бала төрөлгөнгө чейин эле башталган. Буга «Манас» эпосунда бай Жакыптын түш көрүүсү, боюна бүткөн Чыйырды байбиченин талгак болуусу, анын талгагын кандыруу үчүн Жакып жолборстун жүрөгүн алып келдирип бергени эсептелет. Мындан ата-эне болочоктогу баланын денелик жактан өнүгүүсүнө ушунчалык кам көргөндөн кийин, андан бетер руханий жактан жетилүүсүнө баа берип, биринчи орунга койгонун көрүүгө болот. Эми эле жаңы төрөлгөн ымыркайга азан чакырып ат коюу, май менен оозандыруу салтынан баштап, эненин бешик ыры, тай бөбөк, жомоктор, салбилек, табышмак, жаңылмач, макал-ылакаптар, санат, насаат, терме, үлгү ырларынан тартып, эпосторго чейинки оозеки чыгармалар таалим-тарбия берүүчүлүк максатты көздөп, балдардын руханий калыптануусунда негизги ролду ойногон. Ал эми окутуучулукту манасчылар, төкмө акындар, жөө чечендер, ырчылар аткарып келишкен. Бул бир да жолу кагазга жазылбаган, бирок элдин жүрөгүнө, эстутумуна, тарыхый аң-сезимине жазылган этнопедагогиканын эң күчтүү мектеби болчу.

Кошумчалап айтып кетүүчү нерсе – Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» дастанында жазылган адам тарбиялоо, адам болуу тууралуу бардык жол-жоболор элибиздин көкүрөгүнө жазылып калган адеп китеби болгон. Акындар поэзиясы алып келе жаткан көп кылымдык руханий педагогикалык дөөлөттөр мезгил өзгөрүүлөрүнө туруштук берип, биздин күнгө өз калыбында жетти. Дүйнөдө руханий жакырдануу күчөп бара жаткан ушул кыйчалыш мезгилде, адеп-салт, этномаданият бааланып, этнопедагогикага муктаждыктар күчөп жаткан азыркы чакта анын актуалдуулугу улам артып жогорулап кете берет.

9-класстын базасында кабыл алынган колледждин студенттери үчүн кыргыз адабияты боюнча алгачкы программасында (түзүүчүлөр А.Ж.Муратов, К.А.Исаков, К.К.Акматов) [131] бул предметтин максат-

милдеттери көрсөтүлөт. «Колледждердин кыргыз адабияты дисциплинасынын башкы *максаты* – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө. Мындай максат-милдеттерди *аткаруу үчүн:*

- өз улутунун жана дүйнө адабиятынын мыкты үлгүлөрүн окуучуларга (колледждерде – студенттерге) окутуп-үйрөтүү керек;
- окуучулардын (колледждерде – студенттердин) көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылган билимин жана билгичтигин, көндүмдөрүн калыптандырып, адабиятты улуттук жана бүткүл адамзаттык негизде кабыл алуусун иштеп чыгуу;
- инсандын личность катары эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу;
- адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезимдерин жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү;
- окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу;
- окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу.

Адабий билим берүүнүн максаттарынын ишке ашкандыгын төмөнкү *көрсөткүчтөр мүнөздөйт:*

- окуучулардын көркөм чыгармаларды көп окугандыгы;

- ар тараптуу, системалуу, багыттуу даярдануусу;
- китепти туура тандай билүүсү;
- адабий чыгармаларга болгон окурмандык кызыгуусунун артышы;
- көркөм чыгарманын идеялык маанисин терең өздөштүргөндүгү, кабылдоонун жекелик мүнөзү, чыгарманын мазмуну менен формасынын өзгөчөлүктөрүн ар тараптан кенен кабылдоо, ага жекече баа берүү, берген баасын далилдей алуу;
- адабият боюнча терең билимге жетишүү, көркөм чыгармадан алган таасирлерди турмуштук кырдаалдарга жараша колдоно билүүгө ыңгайлануусу;
- сөз байлыгынын молдугу, чыгарманын көркөм сөз каражаттарын өз сөзүндө пайдалана билүүсү, речинин байланыштуулугу, коздугу, тактыгы, таамайлыгы, жеткиликтүүлүгү, логикалуулугу, ыраатуулугу ж.б».

Колледждерде адабият курсун үйрөнүү обьектиси – көркөм сөз өнөрү, коомдук турмушту, адамдын жан дүйнөсүн изилдеген көркөм образдар дүйнөсү. Адабият өзүнүн образдык-эмоционалдык жаратылышынын аркасында коомдун адеп-ахлак идеяларын, бийик гуманисттик жана рухий асыл нарктарын студенттин сезим-туюму, эмоциясы, психологиясы, жүрөгү аркылуу алып өтүп, анын аң-сезимине, рухуна бекем сиңире билүүгө жөндөмдүүлүгү менен тарбия системасында башка каражаттарга, дисциплиналарга караганда кыйла артыкчылыктарга ээ.

Кыргыз адабияты – кыргыз элинин көркөм кенчи. Кыргыз адабиятын окутуунун максаты – колледж студенттерин көркөм казынанын турмуштун сыноосунан өткөн мыкты үлгүлөрү менен терең тааныштыруу аркылуу алардын дүйнөгө гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын, адеп-ахлак ишенимин, рухий маданиятын калыптандыруу, оозеки жана жазуу кебин өстүрүү, эстетикалык табитин тарбиялоо. Өз эл-жерин сүйгөн, башка калктарды да урматтаган, улутунун прогрессивдүү салт-санаасын, рухий, адеп-ахлак кенчтерин боюна сиңирген, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн, демократиялык аң-сезимди алып жүргөн, ыймандуу жана ишкер

инсандарды калыптандырууга иштиктүү түрдө көмөктөшүү, адабиятты коомдук аң-сезимдин, рухий өнүгүштүн спецификалык бир формасы катары жаш муундарга таанытуу, жеткирүү» [131].

Демек, акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууда төмөнкүлөргө жетишебиз:

1. Колледждин студенттери акындар поэзиясынын өзөгүндөгү элдик таалим-тарбия үлгүлөрүнө үйрөнөт;
2. Алар аркылуу элдин турмушун таанып-билет;
3. Элдик сөз өнөрүн үйрөнөт;
4. Элдик таалим-тарбиядагы акылмандыктын үлгүлөрүн үйрөнөт жана ага тарбияланат;
5. Элдик накыл кептерди үйрөнүү менен сөз маанисин өздөштүрөт.
6. Дүйнөнү түшүнүү менен көз карашы байыйт.
7. Сабактын тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгү артат.

## 1.5. Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн методологиялык таянычтары

Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуу проблемасын изилдеген эмгегибиз көптөгөн методологиялык негиздерге таянат, ансыз илимий изилдөөнүн максат-милдеттерин ишке ашыруу мүмкүн эмес. Бардык эле илимий билимдердин башкы методологиялык базасы – философия, б.а., таанып-билүүнүн теориясын чагылдырган илим. XX кылымдагы орус жана совет философиясы азыркы коомдун базисин жана надстройкасын ар тараптуу көрсөтүп берди. Н.А.Бердяев, М.М.Бахтин, В.С.Библер, Д.Лихачев ж.б. философ-эстетиктер адамзат коомунун азыркы өнүгүшүндө руханий-маданий байлыктардын, анын ичинде көркөм адабияттын мааниси кандайча таасир эте тургандыгы тууралуу идеяларды айткан. Адабий билим берүүдө маданияттар диалогу (В.С.Библер),

маданияттарды интеграциялоо (Б.С.Гершунский) технологиялары өзгөчө орунда экендиги белгиленди.

С.С.Аверинцевдин «Плутарх и античная биография» [5, 283], М.М.Бахтиндин «Вопросы литературы и эстетики» [54, 504], «Творчество Франсуа Рабле и народная культура Средневековья и Ренессанса» [55, 536], «Эстетика словесного творчества» [56, 424] ж.б. эмгектеринде көркөм чыгарма жана анын табияты, автор жана анын ой жүгүртүүсү, адабияттын коомду агартуучу күчү тууралуу ой жүгүртөт. В.Ф.Асмус «Вопросы теории и истории эстетики» [37, 654] аттуу философиялык эмгегинде адамдын сулуулук жөнүндө түшүнүгүн кеңейтүүдөгү, дилин тазалоодогу адабий чыгарманын катарсистик кызматын көрсөтөт. Н.А.Бердяев эмгектеринде [59, 325] адабияттын философиялык аспектилери ачылат, ар түрдүү доордун кризиси ошол доордогу руханий жардылык менен байланышары тастыкталат.

Эстетик А.А.Салиев ой жүгүртүүнүн философиясы жана психологиясы, көркөм чыгарманын эстетикалык гарк-насили тууралуу китептеринде [192, 256] улуттук аң-сезимдин өзгөчөлүктөрүн, адабияттын турмушту чагылдыруу мыйзам ченемдүүлүктөрүн көрсөтөт. Анын изилдөөсүндө жазуучу өз ой жүгүртүүсүнүн жана өз коомунун продуктусу, ал чыгармада образ түзүү жана көркөм обаздуулук аркылуу турмуш чындыгын чагылдырат. Ушул эле адабияттын эстетикалык табияты тууралуу ойлор Т.Аскаровдун, К.Ибраимовдун адабий чыгармаларга эстетикалык өңүттөн баа берген эмгектеринде учурайт. Биз изилдөөбүздө жогорудагыдай эмгектерге таянып, темабыздын философиялык-эстетикалык таянычтарына ээ болдук.

Ар кандай эле педагогикалык багыттагы изилдөөлөр дүйнөлүк педагогиканын классиктеринин эмгектерине таянат. Бул жагынан чех педагогу Я.А.Коменский (1652-1670) «Улуу дидактика» (1633-38), «Тилдерге ачык эшик» (1631), «Энелер мектеби» (1632) ж.б. китептеринде балдарды көркөм чыгармалардын таасиринде туура жүрүш-турушка, туура сүйлөөгө үйрөтүү ыкмалары, элдик педагогиканын бай мурастары жана аларды педагогикалык процессте колдонуу мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлөт [124, 416].

И.Г.Песталоцинин (1746-1827) эмгектеринде көркөм адабият аркылуу балдардын ички дүйнөсүндөгү сулуулукту, демократияны, адамгерчиликти ойготуу проблемалары көтөрүлөт, дүйнө таануудагы адабияттын ролу өзгөчө белгиленет [181, 416].

Элдик педагогиканын баалуулуктарын туура пайдалануу, аларды окуу китептеринде колдонуунун практикалык жагы орус педагогу К.Д.Ушинскийдин (1824-1871) «Детский мир» (1861), «Родное слово» (1864) деген окуу китептеринде [218, 557], «О народности в общественном воспитании», «О нравственном элементе в русском воспитании», «Вопросы о народных школах», «Общий взгляд на возникновение наших народных школ», «Родное слово», «Педагогическая антропология» ишке ашырылган. Ал орус балдары үчүн жазган окуулуктарына элдик жомокторду, аңгемелерди кайра иштеп чыгып, киргизген жана балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктаган, ар бир чыгармасынын аягына балдар түшүнүү үчүн насаат (мораль) киргизген.

Классик жазуучу жана билим берүү уюмдарын уюштуруучу Л.Н.Толстой (1828-1910) «Азбука» (1872), «Новая азбука», «Книги для чтения» (1875), «О народном образовании» (1874) аттуу эмгектеринде [213, 542] жогорудагы К.Д.Ушинский сыяктуу эле орус эл жомокторун, оозеки аңгемелерин жыйнап, аларды балдарга ылайык адаптациялап, окуу китептерине киргизген. Билим берүүнүн элдик педагогикалык негизин Ясная Поляна кыштагындагы өз мектебинде практикалаган.

Окутуу процессин этнопедагогизациялоо проблемасынын теориялык жана практикалык аспектиси советтик этнопедагогиканын негиздөөчүсү, бир катар кыргыз этнопедагогдорунун (Т.Ормонов, Ж.Бешимов, Ж.Орозбаев, А.Алимбеков, К.Абдилакимов, Б.Иметов ж.б.) устаты Г.Н.Волковдун (1927-2010-жж.) жазылган эмгектеринде [68, 331] ишке ашырылган. Ал калктын педагогикалык негизги түшүнүктөрү, илим катары этнопедагогиканын максаты, милдети, предмети, объекти, элдик педагогикалык каражаттары, формалары жана методдору тууралуу биздин эмгекке негиз болор ойлорду айткан.

Этнопедагогиканын негизги түшүнүктөрү советтик жана постсоветтик республикалардын окумуштуулары Ш.М.Арсалиев [30, 23], А.Б.Афанасьев [38], З.К.Дахужева [79, 18], Ж.Ж.Наурызбай [166, 45], В.А.Николаев [167, 53], А.С.Шаалы [220, 16] ж.б. этнопедагог тарабынан диссертациялар формасында каралган. Г.Н.Волков негиздеген советтик жана постсоветтик этнопедагогика жогорку жана атайын орто окуу жайларында адистерди даярдоодо алардын этномаданий компетенттүүлүгүн жогорулатууга өзгөчө басым жасады. Кыргыз педагогикасы этникалык идентификациялоо менен жалпы улуттук интеграциялоонун, дүйнөлүк гумандуу жана демократиялуу билим берүү теориясынын гармониясын жетекчиликке алат. Бул болсо азыркы окуучуларды элдик салтттарга кызыгуу жана аларды жайылтуу маданиятын калыптанат, ошол эле кезде алар өз улутунун салттарын сыйлоо менен улуттар аралык маданияттар диалогуна катышат, инсанды баалоодо жана түшүнүүдө этникалык, диндик, гендердик жана расалык айырмачылыктарды эске албайт, б.а., этномаданий жана жалпы улуттук кызыкчылыктардын байланыштарын туура аңдай алуу жана турмушта колдоно билүү компетенттүүлүктөрүнө ээ болот. Азыркы ааламдашуу доорунда, интернационалдуу мамлекетте толеранттуу болууга үйрөтөт. Бул болсо ар бир жарандын өз чөйрөсүнө жана өлкөсүндөгү абалга социалдашуусун талап кылат.

Учурдагы билим берүүнүн мазмуну жана формасы төмөнкү төрт функцияны өзгөчө сактайт:

1. Этникалык топтордун жана түрлөрдүн, улуттардын бүтүндүгүн камсыз кылуу багытындагы транслациялоочу функциясы.
2. Улуттун өзүн-өзү калыптоосу, ойготуусу, улут экенин сезүүсү жана ошого сыймыктануучу багытындагы өнүктүрүүчү милдети.
3. Инсандын жана этникалык топтордун улуттук-маданий талаптарын издөөсү жана туура табуусу багытындагы дифференцирлөө функциясы.
4. Маданияттар диалогун табуучу, ар бир инсанды улуттук жана дүйнөлүк маданияттар курамына байланыштыруучу интеграциялоочу функция.

Билим берүү системасында, анын ичинде кыргыз адабиятын колледждерде окутууда ушул төрт байланыш паритеттүү түрдө ишке ашырылуу менен адабий билим берүүнүн этникалык маданияттарга негизденүү методологиясы бекем жана туруктуу болуп, окуучулардын көркөм чыгармаларды окуу-үйрөнүү процессинен алган компетенттүүлүктөрү өз натыйжасын майнаптуу көрсөтөт. Бул процесс – узакка созулуучу, татаал процесс. «Мындай татаал, бирок социалдык жана маданий деңгээлдеги маанилүү ишти алып баруучулардын биринчи катарында, албетте, келечектин ээлерин тарбиялоочу мугалимдер турушу керек. Демек, учурда иштеп жаткан жана келечектеги мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык жолдорун иштеп чыгуу Кыргызстандагы педагогика илиминин эң маанилүү маселелеринен болуп эсептелет, - деп Н.Асипова, андан соң өз оюн дагы конкреттештирет. – Мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу дегенде эң оболу бул маселедеги эки нерсени – «этномаданий» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн ачык тактап кеткенибиз оң. Бул эки түшүнүктөрдүн орчундуусу жана Кыргызстандагы таалим-тарбия процессинин жалпы багытына, мазмунуна, билим берүү жана окутуу технологияларына түздөн-түз таасир этүүчү социалдык жана маданий феномен катары «этномаданият» түшүнүгүнө токтолмокчубуз.

«Этномаданият» феномени өзүнүн түпкү маанисинде коомдук өсүп-өнүгүүнүн ажырагыс руханий көрсөткүчтөрү болуп эсептелген эки түшүнүктүн – «этнос – улут» жана «маданиятты» өз ичине камтып турат. Бул эки түшүнүктүн ортосунда кайсы гана коом болбосун анын тарыхый өсүп-өнүгүүсүн шарттап турган кылымдардан бери келе жаткан биримдик жатат. Себеби бардык коомдук түзүлүштөрдө алардын тарыхый өсүп-өнүгүүсүнүн көрсөткүчү катары ар дайым маданият эсептелген. Латынча «маданият» «culture» деген сөз менен берилип, түпкү маанисинде табигый натуралдуу нерсени кайрадан иштетүү же маданиятташтыруу дегенди билдирет. Маданиятташтырылгандан кийин пайда болгон нерсе мурдагы табигый

абалына караганда алда канча жакшырган, өзгөргөн абалга келип, жаңыча кызмат кыла башташы күтүлөт.

Руханий маданияттын (илим, билим, тарбия, алеп-ахлак эрежелери, адабият ж.б.) жетишкендиктерин түздөн-түз өлчөп же баалоо кыйындыкка турганы менен андай руханий дөөлөттөрсүз коомдук өсүп-өнүгүүнү, өзгөчө жаштарга туура тарбия берүүнү элестетүү кыйын» [36, 222-223]. Демек, руханий маданият бул – ар бир адам ээ боло турган элдин көп кылымдар бою топтолгон казынасы. Кыргыз эл педагогикасы алардын руханий дөөлөттөрү – эне тили, фольклору, үрп-адаттары, салттары, дини, ошол эле кезде комузчулук, төкмөлүк, килемчилик, кол өнөрчүлүк, узчулук, жыгаччылык, көңчүлүк, ырчылык, манасчылык ж.б. көркөм өнөрү, б.а. элдик искуствосу, элдик эмпирикалык билимдери жана тажрыйбалары, улуттук майрамдары жана оюн-зооктору ж.б. Булар өз кезегинде кыргыз этносунун психологиясына, философиясына, педагогикасына, менталитетине, климаттык жана географиялык шарттарына ылайык тандалып алынган.

Орус педагогикасында да «этнокультура» деген термин «этническая культура» дегендин синоними катары пайдаланылып жүрөт. «Бул аталыштар XX кылымдын соңунда кеңири пайдаланылып, кээде «фольклор», «народная культура», «традиционная культура», «культура этноса» деген маанилерди билдирип келет. Бирок булардын ажырымын тапса болот, мисалы, фольклор этномаданияттын ичине кирүүчү, элдик оозеки чыгармачылыкты гана туюндуруучу, ага караганда тар түшүнүк. «Этнокультура» дегенде негизги маани этникалык компонентке бөлүнсө, «народная культура» бул – социалдык (тарыхый процессте түзүмү улам өзгөрүп отурган социалдык катмарлардын маданияты: В.Е.Гусев, М.С.Каган, А.Ф.Камаев).

Элдик маданият өз ичине салттуу жана учурдагы катмарларды камтыйт. Кээ бир культурологдор «этнической культуры» жана «культуры этноса» түшүнүктөрүн бирдей караса, кээ бирлери аларды ажыратат (Т.Г.Грушевицкая, В.И.Козлов, А.П.Садохин). Этномаданият этномаданий билим берүүнүн мазмундук негизи жана этномаданият – этностун

материалдык, руханий, социалдык турмуш-шарттарында ишке ашкан салттуу баалуулуктарынын, мамилелик жана жүрүш-туруштук бөтөнчөлүктөрүнүн өз алдынчалыктары болуп, ал өткөн учурда калыптанып, тарыхый социалдык кыймылда өнүгүп жана толукталып туруучу көрүнүш болуп эсептелет» [39, 190].

Биздин изилдөөбүздүн дагы бир методологиялык таянычтары кыргыз этнопедагогдорунун эмгектери. Бир катар окумуштуулар элдик педагогикалык салттардын өзгөчөлүктөрүн теориялык багытта изилдеп чыгышкан. Экинчи бир тобу адабий чыгармалардагы этнопедагогикалык идеяларды аныкташкан.

Биринчи топко кыргыз эли менен салты, тарбиялоо маданияты окшош болгон Борбор Азиядагы казак, өзбек, түркмөн, каракалпак элдеринин элдик этнопедагогикасын типологиялык-салыштырма багытта изилдеп чыккан академик А.Э.Измайловдун «Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии» деген китебин [88] көрсөтүүгө болот. Ошондой эле А.Алимбеков этнопедагогикалык багытта кандидаттык [15, 25] жана доктордук [14, 42] диссертацияларын коргоп, «Кыргыз этнопедагогикасы» [13], «Кыргыз элинин билим берүү салттары» [12] деген китептерин жазды. Анын эмгектеринде элдик педагогикалык табияты, этнопедагогика илиминин категориялары жана башка илимдер менен байланыштары, улуттук тарбиянын негизги өзгөчөлүктөрү, анын ичинде демократизми жана гуманизми аныкталган.

Этнопедагогикалык эмгектердин биздин изилдөөгө методологиялык негиз боло турган экинчи тиби – улуттук фольклордогу, акындар поэзиясындагы, профессионал жазма адабияттагы педагогикалык идеяларды аныктап, алардын жалпы эл турмушундагы аткарган ролун жана азыркы жаштарды тарбиялоого тийгизген таасирин көрсөтүү. Бул багытта ХХ кылымдын 2-жарымында алгачкы диссертациялык изилдөөлөр жазыла баштаган. 1964-жылы агартуучу акын-демократ Тоголок Молдонун (Байымбет Абдырахманов) педагогикалык идеялары тууралуу

Ж.И.Койчуманов кандидаттык эмгегин [123] жазган. Тоголок Молдо элдик чыгармаларды, анын ичинде кошокторду, армандарды, жомокторду, тамсилдерди кайра иштеп чыгып, көбүн балдарга ылайыкташтырып жазып берген. Ага анын «Жер жана анын балдары», «Кемчонтой», «Телибай тентек», «Абышка-кемпир көмөчү», «Иттин доолдой тиктирем» деген сыяктуу чыгармалары кирет. Диссертант мына ошол чыгармалардагы таалим-тарбиялык идеяларды талдоого алган, акын жана агартуучу катары Тоголок Молдонун кыргыз этнопедагогикасындагы ордун белгилеген.

1965-жылы Б.Байсеркеев кыргыз акын-демократтары Токтогул Сатылганов менен Тоголок Молдонун чыгармаларындагы этикалык көз караштарды анализдеп, педагогикалык багытта диссертация коргогон [48, 23]. «Манас» эпосу кыргыз элдик педагогикасынын баа жеткис казынасы, анын текстиндеги таалим-тарбиялык идеялар Т.Ормоновдун «Семья и школа» журналына жарыяланган «Мудрые заповеди народа» [174] жана «Советская педагогика» журналына басылган «Педагогическая пансофия киргизского народа» [175, 128-134] деген макалаларында, «Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас» деген китебинде [172] жана ушундай эле аталыштагы макаласында [173, 65-66] иликтөөгө алынат. Ал окумуштуу 1972-жылы Казань шаарында «Педагогические воззрения древных киргизов. Эпос «Манас» деген темада илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча диссертациясын [171, 18] коргогон.

XX кылымдын 70-жылдарда Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгындагы таалим-тарбиялык ойлор тууралуу Н.И.Имаева кандидаттык диссертациясын [89, 19] жазып жана китебин [90, 126] чыгарат.

Эл акындарынын эмгектериндеги педагогикалык идеяларды изилдөө А.Т.Калдыбаеванын диссертацияларында системалуу иликтенип келет. Окумуштуу Калык Акиевдин чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар боюнча кандидаттык [116, 21] жана элдик акындар Т.Сатылгановдун, Өтө Көкө уулунун (Жеңижоктун), Барпынын, Тоголок Молдонунун ырларынынын, айтыштарынын, поэмаларынын, өзгөчө санат-насыят

чыгармаларынын маани-маңызы тууралуу доктордук диссертациясын [119, 40] жана анын негизинде монографияларын [117, 344] жазды.

Ал китебинин «Балдардын инсан катары калыптануу процесси эл акындарынын чыгармачылыгында» деген бөлүмүндө мындай деп жазат: «Баланын төрөлүшү, жарык дүйнөгө келиши тууралуу ойлор Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгында дагы башкача өңүттөн каралып, этникалык өзгөчөлүктөр жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен айкалыштырылат», «...бала үчүн, анын туура өсүшү, дени сак жетилиши үчүн ата-эне укканын, көргөнүнүн баарын аткарган. Тынымсыз уруш, согуш жүрүп, жоо колу менен жаңжалдар, кала берсе уруулук чатактар көп болуп турган кыргыз элинде баланын аман-эсен, алты саны бүтүн, күчтүү, шамдагай өсүшү өзгөчө жалпы элдик мааниге ээ болгон. Ал бала бир үй-бүлөнүн эле мүлкү эмес, жалпы уруктун, андан өтүп уруунун, мамлекеттин байлыгы болгон», «Барпы Алыкуловдо да, Жеңижокто да он эки-он үч жашка чейинки курак бул романтикалык мезгил, эч нерсени элебей, эч нерсени кенебей турган убак. Ошол эле кезде баланын калыптануу процесси активдүү жүрүп жаткан мезгил. Анын эң жакын тарбиячысы – ата-эне, коомчулук» [118, 99]. Этнопедагог элдик акындардын чыгармаларын талдоо процессинде ошол акындардын балдар психологиясын терең билгендигин мисалдар менен далилдеп көрсөтөт.

«Уруу-уруктун, элдин, улуттун өнүгүшүнө, түздөн-түз таасир эткен ошол уруу-уруктун, элдин, улуттун өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн педагогикалык ойлору, салттары ар кандай доорлордо тазаланып, ашыкча нерселери алынып, кошумчалары кошулуп, биздин күндөргө жетти. Мына ошонун ичинде кыргыз этнопедагогикасы да башка улуттардын элдик таалим-тарбиялоо салттары жана дүйнөлүк педагогика илиминин тажрыйбалары, табылгалары менен тутумдашуу түйүнүнө кез келди. Ушундай тарыхый кездешүүнүн азыркы чечүүчү этабында биздин элдин инсанды тарбиялоодо кандай позитивдүү традициялары бар экендиги, алардын кайсыларын дүйнөлүк педагогикалык оң көрүнүштөргө кошууга мүмкүн экендиги азыркы учурдун актуалдуу маселелеринин бири. Кыргыз акындары тарабынан иштелип чыккан, эл ичине

жайылтылып, практикалык чоӊ күчкө ээ болгон, муундан-муунга өткөрүлүү менен эл турмушунда апробацияланган жана алардын чыгармачылыгынын системасында олуттуу мааниге ээ болгон таалим-тарбиялоо тууралуу ойлордун өзгөчө мааниси бар. Анткени акындар – кыргыз коомунда прогрессивдүү идеяларды алып жүрүүчүлөр, элдик наркты таратуучулар, калкты жакшы жактарга үгүттөөчүлөр, оӊ жана терс көрүнүштөргө карата эстетикалык идеалды, табитти жаратуучулар, акыры жалпы калктын бала бакчасы, мектеби, университети болгон. Кыргыз турмушунда бир дагы чоӊ маарекелер: аш-тойлор, өлүк узатуулар, каада-салттар, учурашуулар, коштошуулар, баталар, шайлоолор ж.б. иш чаралар элдик акындардын катышуусуз өткөн эмес. Демек, акындар эл турмушунун өзөгүн түзүп, жаштарды тарбиялоодо чоӊ роль ойношкон», - деп жазат А.Калдыбаева [118, 4].

А.Муратов бир катар эмгектеринде [162, 54], [163, 204] жана докторлук диссертациясында [159, 38] адабий чыгармаларды этнопедагогикалык аспектиден талдоонун методологиялык жолдорун көрсөтөт. Ал биздин темага байланыштуу Калыгул Бай уулу, Молдо Кылыч, Туяк ырчы, Токтогул Сатылганов ж.б. ырчылардын чыгармаларын этнопедагогикалык өӊүттөн анализге алат. Кыргыз фольклорунун педагогикасы, балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардагы адептик, эстетикалык, руханий, ден тарбиясынын ар түрдүү көрүнүштөрү С.К.Рысбаевдин эмгектеринде [186-191, 64] чагылдырылган.

“Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун антологиясы” деген жаңы эмгегинде С.К.Рысбаев биринчи бөлүмдө кыргыздын элдик педагогикалык ойлорунун мазмуну жана таалим-тарбия салттары тууралуу илимий ой корутундуларын айтып келип, 2-бөлүмдө “Манас” үчилтигиндеги элдик педагогикалык идеялар, 4-бөлүмдө кенже жана турмуштук эпостордогу педагогикалык идеялар, 5- бөлүмдө орток түрк элдеринин мурастарындагы педагогикалык идеялар, 6-бөлүмдө орто кылымдагы акындардын жана окумуштуулардын педагогикалык идеялары, 7-бөлүмдө легендага айланган

Асан Кайгынын, Кет Буканын, Токтогул ырчынын жана Толубай сынчынын педагогикалык ойлору изилденген. Андан кийинки бөлүмдөрдө кыргыздын чечендик сөздөрүндөгү, кыргыздын акылман акелеринин сөздөрүндөгү педагогикалык идеялары тууралуу айтылган. 10-бөлүмдө изилдөөчү эл акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеяларды терең изилдегени көрүнүп турат. Бул эмгекте он биринчи жана он экинчи бөлүмдөрдө кыргыз профессионал акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы таалим-тарбия идеялары менен кыргыздын педагог окумуштууларынын изилдөөлөрүндөгү тарбия, билим берүү боюнча нукуралуу идеялар изилденген. Академиялык бул эмгек 13-бөлүмдөгү Кыргызстандын окумуштууларынын окутуу-тарбиялоо боюнча жарыяланган нукуралуу эмгектери менен аяктайт. [191, 3-7].

«Манас» эпосунун педагогикалык табияты, элдик баатыр уулду тарбиялоо идеялары, баатырдык, мекенчилдик тууралуу ойлор Г.А.Абдымомунова [3,19], Ф.Т.Баитова [49,21], Ж.Т.Каденова [114,19] сыяктуу диссертанттардын эмгектеринде ар тараптуу ачылып берилген. Ал эми элдик акындардын чыгармачылыгы тууралуу К.Жаныгулов [80], Ж.Ж.Тургунбаева [215, 19] диссертацияларын жазган.

Бул эмгектердин методологиялык негизи төмөнкүдөй жагдайлар менен шартталат.

Адабий билим берүүнүн мазмунун этникалык маданиятка багыттоо концепцияларын ишке ашырууга багытталат. Алар: улуттук негиздеги тарбиялоо тажрыйбаларын аныктоо; аныкталган тажрыйбаларды мектеп мугалимдерине жана тарбиячыларга түшүндүрүп берүү; билим берүүнүн мазмунун этнопедагогизациялоо аркылуу ал процессти гумандаштыруу жана демократиялаштыруу; окуучулардын жана мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу ж.б.

Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуу процесси сабак процесси, сабактын мазмунун жана формаларын, типтерин, методдорун аныктоо менен байланыштуу болгондуктан, И.Я.Лернер [135],

М.И.Махмутов [137, 191], Г.К.Селевко [200, 256] сыяктуу дидакттардын, Л.С.Выготский [76, 480], А.Н.Леонтьев [133, 292], [134], С.Л.Рубинштейн [185, 423] ж.б. психологдордун теориялык изилдөөлөрүн методологиялык негиз кылып алдык. Кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана практикасы Б.Алымовдун [21-28], С.Байгазиевдин [43-47], К.Иманалиевдин [91-96], Н.И.Ишекеевдин [109-113], И.Ч.Исаминовдун [107,46], С.Батакановanын [53,286], С.Момуналиевдин [114,34], А.Муратовдун [147-166], С.Рысбаевдин [186-191], Б.Исаковдун [101-106], Б.Оторбаевдин [177-181] китептеринде мугалимдер үчүн адабиятты окутуунун теориялык жана практикалык базасы иштелип чыккан. А.Турдугуловдун кандидаттык диссертациясы [217,20] жана монографиясы [216,184] төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын өмүр баяндарын чыгармачылыгы менен биримдикте окуп-үйрөнүүнүн ыкмаларын, жолдорун көрсөтөт. Бул изилдөөлөрдө адабий чыгармаларды талдоонун методологиясын иштеп чыккан. Булардын эмгектерине таянуу азыркы окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатууга жардам берет.

Адабий чыгармаларды окутуу сөзсүз түрдө адабий процессти жана жеке акындардын чыгармаларын талдоого алган адабият таануу эмгектеринин илимий табылгаларына жана көз караштарына таянат. Бул багытта М.И.Богданованын [62, 290], Ж.Таштемировдун [207, 208], Ш.Үмөталиевдин китептери [219,56], «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» деген эмгек [10,480] жана кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча окуулук [132,339-354], К.Даутовдун «Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү» деген эмгеги [78, 90]. Бул жагынан А.Эркебаевдин «Кыргыз поэзиясынын антологиясы» китебине жазган «Кыргыз поэзиясы кылымдардын кыйырында» деген аталыштагы баш сөзү [223, 3-21] да өзгөчө орунда турат.

## 1.6. Акындар поэзиясын окутуунун методикасынын жана аны изилдөөнүн тарыхый обзору

Колледждерди кыргыз адабиятын окутуу проблемасы теориялык жана практикалык жактан изилдене элек, мунун себеби биринчиден, окутуунун бул формасынын практикага жаңы эле киргизилгендиги; экинчиси, колледж окутуучуларынын иш тажрыйбаларынын топтолуп, илимий жактан жыйынтыкталбаганды. Бирок колледждерде кыргыз адабиятын окутуу орто мектептин жогорку класстарында окутуу менен жакын жана байланыштуу болгондуктан, жалпы эле акындар поэзиясын, анын ичинде биз изилдөөгө алуучу Тоголок Молдонун «Куштардын аңгемеси», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Жер жана анын балдары», «Кемчонтой», «Үрпүкан», «Эшек менен булбул», Молдо Нияздын «Санаттар», «Даткайым», Молдо Кылычтын «Зилзала», «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тоюу», Нурмолдонун «Насыят ырлары» деген чыгармаларын окутуунун методикасы боюнча эмгектерге токтолобуз.

Булардын ичинен орто мектептин программаларына эң эрте келген автор Тоголок Молдо. 1939-жылдагы V-VII класстардын окуу программасына чыгармалары кирген, өзгөчө XX кылымдын 20-30-жылдарында анын «Кедейлерге насыят» деген чыгармасы кеңири окуп үйрөнүлгөн. Мектеп программасында ар кайсыл жылдарда Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Эки чилде», «Адамдардын мүнөзү» деген чыгармалары окутулуп келди.

1941-жылы кыргыз адабиятынын 5-7-класстары үчүн жаңы программасы [130, 23-36], 1941-42-окуу жылына карата 8-10-класстар үчүн жаңы окуу программасы [130,8-21] биринчи жолу түзүлүп, сунушталат, анда Молдонун «Торпогум» деген ыры окутулат. Ошондой эле Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтын өмүр баяндары жана чыгармачылыгы («Тар заман», «Зар заман», «Калыгулдун санаттары», «Зилзала», «Чүй баяны», «Канаттуу», «Бүркүттүн тою») окутулуп келген. Молдо Кылычтын чыгармачылыгы боюнча Тазабак Саманчин кандидаттык диссертациясын коргогон. 1948-жылдан баштап көп чыгармалар жана авторлор окутуудан

алынып салынган, ошондо жогорудагы акындар да мектеп программаларынан четтетилген.

Өткөн кылымдын 90-жылдарынан кийин Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармалары окутууга кайра кире баштады. С.Байгазиевдин Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгын окутууга арналган «Арстанбектин этикасы: XI класстын адеп сабагы үчүн» макаласы «Кут билим» газетасына басылган [41]. Анда адабиятчы-методист улуу акындын педагогикалык көз караштарын сабакта талдоонун методикалык ыкмаларын сунуштайт.

Нурмолдонун педагогикалык идеялары жана аларды мектеп окуучуларына жеткирүү ыкмалары боюнча С.Байгазиев көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүздү. «Нурмолдонун мектебинен окугандарына 25-30 жылдан ашык убакыт өтсө да, 40-жылдарда шакирттеринин күнү бүгүнкүдөй жатка айтышкандарына караганда, нускоолор сабактары учурунда балдар үчүн абдан кызыктуу жүрүп, кийин эстен чыккыс болуп сакталган экен. Чынында эле, «Нурмолдонун нускоолорунун» мазмуну өтө кызыктуу. Таанышып көргөндө, нускоолор элдик тажрыйбалардан келип чыккан нуска сөздөрдөн, накыл кептерден, макал-ылакаптардан, даанышман афоризмдерден, учкул сөздөрдөн, адеп-ахлак насааттарынан, философиялык кыска жана нуска ойломдордон турган материалдардын топтомдору болуп чыкты. Бүгүнкү түшүнүк менен айтканда, Нурмолдонун «нускоолор сабагын» азыркы ЖОЖдордо жана мектептерде өтүлүп жаткан этика сабагы же адеп-ыйман сабагына окшош деп айтса болот. Нускоолор сабагында Нурмолдо заманынын ачкычын, тилин таба турган адамга коюлуучу шарт – адамгерчиликтүүлүк («адамгерчилик – шартнаама, аксымданып аттаба») деген жанагы идеясын чечмелеп, жүзөгө ашыруунун үстүндө иштеген өңдүү. Балдарга жөнөкөй жүрүм-турум эреже-этикеттеринен тартып, адамдык адеп-ахлактын бийик нормаларына чейинки асыл дөөлөттөр, даанышман акыл-кеңештер, ой берметтери нускаланган», - деп жазат С.Байгазиев [42, 38].

А.Турдугуловдун кандидаттык диссертациясында [215,20] жана монографиясында [216, 184] төкмөлөр менен жазгыч акындардын өмүр

баяндарын жана чыгармачылыгын окуп-үйрөнүүнүн методикасын иштеп чыккан. Алардын ичинде биз изилдөөгө алган Тоголок Молдонун чыгармачылыгы да ар тараптуу каралган.

Калыгул Бай уулу менен Арстанбек Буйлаш уулунун биографиясын чыгармалары менен биримдикте окутуу багытында Ш.О.Кулматованын [127, 20] диссертациясы жазылган. Ал бул эки акындын өмүр баянын жана чыгармачылык окутуунун төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн белгилейт: «*Биринчиден,* мугалим Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулу сыяктуу акын-жазуучулардын чыгармаларын окутууда окуучуларга эстетикалык жактан туура жана жеткиликтүү билим берүү үчүн алгач класстагы окуучулардын адабий-эстетикалык «кызыкчылыктарын» аңдаштыруусу маанилүү. Маселен, биз Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларындагы адабий-эстетикалык ойлорду окуучуларга жеткирүүдөн мурда алардын арасында *психологиялык абал* кандай экендигин билүү максатында 30 суроодон турган тестти таратып берип, сурамжылоо иштерин жүргүздүк. Мектептин окуучуларынын 68%га жакыны бүгүнкү күндө маалымат каражаттары арылуу берилип жаткан адабий чыгармаларга көңүл бура тургандыгын билдиришсе, 23%ы гана сабактан тышкаркы учурда көркөм-адабий чыгарма окуй тургандыгын айтышкан. Мунун өзү көркөм чыгармаларга салыштырмалуу окуучулар арасында маалымат каражаттары аркылуу берилген чыгармалардын таасири күчтүү экендигин көрсөтүп, адабият мугалимине сабакта ар бир окуучуга өзүнчө мамиле кылуу менен, алардын ар биринин ички кызыкчылыктарын эске алуу аркылуу сабакты уюштуруусу керек экендигин көрсөтүүдө.

*Экинчиден,* социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, качан мугалим ар бир балага инсан катары өзүнө багыттап билим бербейин же алардын ички кызыкчылыктарын иликтөө аркылуу сабакты уюштурмайын Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларындагы адабий-эстетикалык ойлорду аларга жеткирүү мүмкүн эместигин байкадык. Демек, мугалим Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларын окутууда ар бир окуучунун жеке

дүйнө кабылдоосун эске алуу менен сабакты уюштуруусу үчүн биринчи кезекте сабактын түзүлүшүн интерактивдүү формада жаңылоо керектиги байкалууда.

*Үчүнчүдөн,* адабият мугалими ар бир окуучунун дүйнө кабылдоо табиятын, эстетикалык табитин, көркөм чыгарманы аңдаштыруудагы өзгөчөлүгүн эске алуу менен билим жана тарбия берүү концепцияларын, дидактикалык принциптерин, окутуунун жол-жоболорун инсанга багыттап окутууга негиздеп, окуучуларды активдүү аракетке келтире турган көнүгүүлөрдү иштеп чыгуусу зарыл. Мында мугалим бардык ишти «өз мойнуна ала бербей», негизги багытты көрсөтүп, ал эми калган иштин аткарылышын окуучулардын өздөрүнө калтырып, алардын өз алдынча, чыгармачылык менен көркөм чыгарманы анализдөөгө шарт түзүп, анан алардын ортого салган көз караштарынан жалпы жыйынтык чыгарышы маанилүү. Бул интерактивдүү сабактарда адабият мугалиминин сабакты жетектөөсү эмес, ал ар бир окуучунун сабакка карата кызыкчылыгын ойготуу, алардын суроолордун, көнүгүүлөрдүн үстүндө ар бир окуучуну иштөөгө шыктандыруусу негизги орунда тургандыгы байкалат.

*Төртүнчүдөн,* окуучуларга көрсөтмө берүү окуучулар арасында тигил же бул пикирди колдоо эмес, өз көз карашын айтууга укуктуу экендигин туюндуруу, өз пикирин коргоого көнүктүрүү багытындагы иш чаралар менен да коштолуп турмакчы. Окуучулар арасында мындай көндүмдөрдү пайда кылуу аларды сөз бербей сүйлөй берүүнү адат катары калыптандыруу эмес, тескерисинче, белгилүү багыттагы маселелердин тегерегинде ойлоно билүүгө тарбиялоо, азыркы мезгилде эл арасында жашап жаткан ой жорумдар менен өз пикирин салыштырып кароого шарт түзүү да болуп саналат.

*Бешинчиден,* мугалим эки акындын чыгармаларын окутууда адабий-теориялык ойлорго гана басым коюлбастан, ушул багытта жашоо образы катары калыптанып келе жаткан турмуштук көрүнүштөрдү катар коюп талкууга алуу, чыгармалардын идеялык мазмунун аныктоодо окуучулар тарабынан кырдаалга жеткиликтүү баа берүү, социалдык турмушта күч алып бара жаткан алдым-жуттумдардын иш-аракеттерине же коомчулукта адал эмгеги менен эмгектенбей, жанын кыйнабай, жеңил акча табууга аракеттенгендердин ой жорумдарын талкууга алуу, андай

адамдардын адеп-ахлактык сапатын окуучулар менен бирдикте талкуулоо окуучулардын адеп-ахлактык жана эстетикалык дүйнө кабылдоосуна туура багыт бергендик болуп бере алат» [126, 20].

Бишкек шаарынын мугалим Ж.Б.Алгожоеванын Тоголок Молдонун «Дыйкандын аялынын кошугун» окутуу боюнча тажрыйбасын жазып чыгат [11, 23-26]. Анда адабий чыгармада теориялык маалыматтар тууралуу баяндоо тууралуу айтылат. М.Абдыкадырова жогорудагы эле акындын «Кемчонтой» поэмасы окутуу боюнча өз технологияларын сунуштайт [2, 19].

Жогорудагы изилдөөлөр түздөн-түз адабий материалдарды колледждерде окутуу проблемасына арналбаганы менен алардын жалпы теориялык жол-жоболорун жана практикалык сунуштарын колледжерде адабий билим берүү ишинде колдонуу мүмкүн экендигин белгилей кетмекчибиз.

**Биринчи бап боюнча корутунду**

Диссертациялык изилдөөбүздүн **биринчи бабы «Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуу проблемасынын тарыхый-методологиялык негиздери»** деп аталат. Анын *«Билим берүүнүн колледж формасы жана колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрү»* деп аталган 1-параграфында азыркы Кыргыз Республикасында билим берүү уюмдарынын формасынын бири болгон колледжердин ачылуу тарыхы, түптөлүшү жана эволюциялык процесси тууралуу маалыматтар берилет. *Колледж* англисче «college», аларга французча «collège», аларга латынча «collegium» деген сөздөрдөн өткөн. Кыргыз тилиндеги мааниси «жолдошчулук», «биримдик», «бирге аракеттенүү» деген маанилерге жакын. Дүйнөдө колледждердин үч тиби практикаланат: университеттердин курамында турган жогорку мектеп деңгээлиндеги колледждер; орто жана жогорку окуу жайларынын ортосундагы атайын ачылган билим берүү уюмдары; айрым жерлерде орто мектептин жогорку класстары да колледж аталат. Алгачкы жолу колледж Париж университетинин алдында 1304-жылы

Навар колледжи деген ат менен ачылган. 1263-жылы Англияда Оксфорд университетинин карамагында Баллиол колледжи негизделген.

Диссертациянын 1-бабында ошол дүйнөлүк билим берүүнүн тарыхындагы колледждер, алардын өзгөрүү динамикасы чагылдырылат.

Кыргыз Республикасында 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 токтому менен бекитилген КР «Билим берүү жөнүндө мыйзамы» колледждерге расмий уруксат берген жана «кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайы» экендиги аныкталган. Биздин өлкөдө аларга кабыл алуу биринчиси, жалпы билим берүүчү мектептердин 9-класстарын бүтүргөндүгү тууралуу күбөлүктүн; экинчиси, жалпы билим берүүчү мектептердин 11-класстарын бүтүргөндүгү тууралуу жетилүү аттестатынын; үчүнчүсү, башталгыч жана орто кесиптик билим алгандыгы тууралуу дипломдун негизинде жүргүзүлөт.

Колледждерде кыргыз адабияты дисциплинасынын мазмунун, көлөмүн аныктап, окуу китептерин түзүүчүлөргө жана окутуучуларга арналган программа биринчи жолу 2018-жылы бекитилген жана жарыяланган. Диссертацияда андан ары колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун негизги өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү.

*2-параграф «Акындар поэзиясы» жөнүндө түшүнүк жана акындар поэзиясын окутуунун жалпы өзгөчөлүктөрү»* деп аталат. Акындар поэзиясы – бул кыргыз оозеки элдик чыгармачылыктан өсүп чыккан классикалык поэзия, ал чыгармалардын авторлору белгилүү. «Акындар поэзиясы» деген түшүнүктү «Ырчылар чыгармачылыгы», «Ырчылар поэзиясы», «Төкмө ырчылар» деп да атайбыз. Чыгармачылык өзгөчөлүгүнө байланыштуу алардын да үч тиби бар: биринчи – төкмө акындар (төкмөлөр); экинчиси – жазгыч акындар (казалчылар); үчүнчүлөр – чыгармаларын төгүп да айтып, жаза да билгендер. Эгер биринчи типтегилер турган жеринен сөзгө сөздү улап, төгүп ырдап кетсе, өздөрү кат сабаты ачылбаган адамдар болсо (Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов ж.б.), экинчи типтегилер кат сабаты ачылган болуп, көбүнчө ислам медреселеринде окуп, чыгармаларын жаза билишет (Молдо Нияз, Тоголок

Молдо, Ысак Шайбеков, Алдаш Молдо ж.б.), үчүнчү топтогулар тууралуу маалымат азыраак, алар эл арасында төгүп ырдап, анан жазма мурастарды да калтырган («Ак куржун толо ыр калтырган» Жеңижок Өтө уулу, түрмө ырларын жазган Мамбетимин уулу Казыбек казалчы, Бала ырчы Сыдык ж.б.).

Төкмөлөрдүн чыгармачылыгына импровизация мүнөздүү, тематикасында учурашуу, айтыш, санат-насыят ырлары басымдуу болуп, алардын философиялык, дидактикалык ой жүгүртүүсү жогорку деңгээлде, сөз байлыгы өтө кеңири болгон. Акындар поэзиясынын спецификасына байланыштуу алардын чыгармачылыгын окутуунун өзгөчөлүгү катары төмөнкүлөр көрсөтүлдү: чыгармачылыгы аткаруучулук өнөр менен байланыштуу болгондуктан, алардын чыгармаларын окуучуларга бирөөлөрдүн аткаруусунда, комуздун коштоосунда угузуу ошол чыгарманы кабыл алууда оптималдуу ыкмалардын бири болот; элдик акындар элдик тилдин бай казынасын сактоочулар, демек, алардын чыгармаларынын тилинде кыргыз лексикасынын, фразеологиясынын бай казынасы жатат, муну эске алуу менен алардын чыгармаларын окутууда окуучулардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасалууга тийиш; элдик акындар – элдик тарбиячылар, б.а. өз доорунун этнопедагогдору болгон, мына ушул баалуулукту мугалим азыркы аадамдашуу доорунун балдарына өзгөчө басым менен жеткирүүгө милдеттүү; акындардын чыгармалары алардын өз оозунан жазылып калбагандыктан алардын варианттары, биринде кездешекен саптар башка бирөөсүндө да кездешип калышы мүмкүн экендиги сабактарда эске алынууга тийиш.

*«Окутуунун этнопедагогикалык негизи» түшүнүгү» деп аталган 3-параграфта* адегенде «Окутуунун этнопедагогикалык негизи» түшүнүгү «этнопедагогика» деген түшүнүк менен байланышта каралат. Элдик педагогиканын каражаттары кыргыздарда: жаратылыш, элдик баталар, идеалдуу адамдардын үлгүлүү иштери, элдик оозеки чыгармачылык, элдик ырчылардын чыгармалары, элдик майрамдар, тойлор ж.б. болгон. Эмгекте элдик педагогика тууралуу А.Алимбековдун, И.Б.Бекбоевдун, Г.Н.Волковдун

айткан пикирлери мисал катары келтирет да, ал түшүнүктүн мааниси ачып берилет.

*«Азыркы учурда колледжерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн мааниси»* аттуу 4-параграфта белгиленгендей кыргыз элинин этнопедагогикасында адептен жана адамгерчиликтен турган элдик тарбиянын стратегиясын иштеп чыгууда эл ырчыларынын чыгармаларынын ролу баа жеткис. Эл акындарынын өз ырларында айтылган көз караштары, чыгарган тыянагы кыргыз эли үчүн кадимки окуу куралынын же китептин милдетин аткарган, ошондон улам элде өзүң үйрөнгөндү башкаларга үйрөтүү же кийинки муунга өткөрүү милдети пайда болгон. Жаңы төрөлгөн ымыркайга азан чакырып ат коюу, май менен оозандыруу салтынан баштап, эненин бешик ыры, тай бөбөк, жомоктор, сал билек, табышмак, жаңылмач, макал-ылакаптар, санат, насаат, терме, үлгү ырларынан тартып, эпосторго чейинки оозеки чыгармалар таалим-тарбия берүүчүлүк максатты көздөп, балдардын руханий калыптануусунда негизги ролду ойногон. Ал эми окутуучулукту манасчылар, төкмө акындар, жөө чечендер, ырчылар аткарып келишкен. Булар бир да жолу кагазга жазылбаган, бирок элдин жүрөгүнө, эстутумуна, тарыхый аң-сезимине жазылган этнопедагогиканын эң күчтүү мектеби болгон. 9-класстын базасында кабыл алынган колледждин студенттерине элдин педагогикалык маданиятын азыркы ааламдашуу доорунда үйрөнтүүнүн максаты, милдеттери ушул параграфта чагылдырылат.

*«Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн методологиялык таянычтары»* аттуу кийинки параграфта биздин изилдөөгө таяныч болгон ойлорго анализ жүргүздүк. Эмгегибиздин негизги методологиялык базасы – философия, б.а., таанып-билүүнүн теориясын чагылдырган илим. XX кылымдагы орус жана совет философиясы (Н.А.Бердяев, М.М.Бахтин, В.С.Библер, Д.Лихачев ж.б.) аныктаган көркөм адабияттын адамзат коомунун өнүгүшүндөгү мааниси, адабий билим берүүдө маданияттар диалогу (В.С.Библер), маданияттарды

интеграциялоо (Б.С.Гершунский) теориялары колдонулгандыгы эмгекте көрсөтүлдү. Дүйнөлүк педагогиканын классиктеринин (Я.А.Коменский, И.Г.Песталоцци, К.Д.Ушинский, Л.Н.Толстой ж.б.), И.Я.Лернер, М.И.Махмутов, Г.К.Селевко, И.Бекбоев ж.б. дидакттардын, Л.С.Выготский, А.Н.Леонтьев, С.Л.Рубинштейн ж.б. психологдордун теориялык изилдөөлөрүн методологиялык негиз кылып алдык. Кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана практикасы боюнча адистер Б.Алымовдун, С.О.Байгазиевдин, К.Иманалиевдин, Н.И.Ишекеевдин, И.Ч.Исаминовдун, С.Т.Батаканованын, С.Момуналиевдин, А.Ж.Муратовдун, С.К.Рысбаевдин, Б.С.Исаковдун, Б.К.Оторбаевдин эмгектери колдонулду. А.Турдугуловдун кандидаттык диссертациясы жана монографиясы төкмө ырчылар (Жеңижок, Барпы) менен жазгыч акындардын (Байымбет, Молдо Кылыч) өмүр баяндарын чыгармачылыгы менен биримдикте окуп-үйрөнүүнүн ыкмаларын, жолдорун көрсөтөт, ал эмгектерге таянуу менен азыркы окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүнчүлүк ачылат. Бул багытта Ш.Кулматованын мурастары репрессияланган Арстанбек менен Калыгулдун чыгармаларын орто мектепте окутуу боюнча коргогон кандидаттык диссертациясы да өзгөчө орунда турат.

Иштин методологиялык негизи катары элдик акындардын чыгармачылыгын адабият таануу багытындагы изилдөөлөр (М.И.Богданова, Ж.Таштемиров, Ш.Үмөталиев, К.Даутов, А.Эркебаев, С.Алахан ж.б.) колдонулду. Биздин изилдөө адабий чыгармаларды этнопедагогикалык аспектиден талдоо болгондуктан бул багыттагы Ш.М.Арсалиев, А.Б.Афанасьев, Г.Н.Волков, З.К.Дахужева, Ж.Ж.Наурызбай, В.А.Николаев, А.С.Шаалы, Т.Ормонов, А.Алимбеков, А.Э.Измайлов, Ж.И.Койчуманов, Б.Байсеркеев, Н.И.Имаева, А.Т.Калдыбаева, А.Муратов, С.К.Рысбаев ж.б. этнопедагогдордун эмгектери методологиялык таяныч катары пайдаланылгандыгы диссертацияда чагылдырылды.

*«Акындар поэзиясын окутуунун методикасынын жана аны изилдөөнүн тарыхый обзору»* аттуу параграфта биз изилдөөгө алган Тоголок Молдонун

«Куштардын аңгемеси», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Жер жана анын балдары», «Кемчонтой», Молдо Нияздын «Даткайым», Молдо Кылычтын «Зилзала», «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тою», Нурмолдонун «Насыят ырлары» деген чыгармаларын окутуунун методикасы боюнча өткөн кылымдын 30-жылдарынын берки окуу программаларына, окуу китептерине, окуу-методикалык колдонмолоруна анализ берилди.

# ЭКИНЧИ БАП. КОЛЛЕДЖДЕРДЕ АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары

**Изилдөөнүн объекти** – колледждерде кыргыз эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикага негиздеп окутууну өркүндөтүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – колледждерде акындар поэзиясын заманбап талаптарга ылайык этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы.

**Изилдөөнүн негизги материалдары** Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы, колледждерде кыргыз адабиятын окутуунун окуу программасы жана окуу китептери, темага байланыштуу материалдар жана илимий эмгектер. Окуу программасына киргизилген Молло Ныяз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Нурмолдо акындар тууралуу адабий, тарыхый, методикалык изилдөөлөр, мугалимдердин алардын чыгармаларын окутуу боюнча тажрыйбалары ж.б.

Колледждерде окутулуучу кыргыз адабиятындагы акындар поэзиясынын материалдары биздин илимий изилдөөнүн да материалдары болуп эсептелет. 9-класстын базасында кабыл алынган колледждин студенттери үчүн кыргыз адабияты боюнча алгачкы программасында (түзүүчүлөр А.Ж.Муратов, К.А.Исаков, К.К.Акматов) [131, 46] акындар поэзиясына сааттар төмөнкүдөй берилген:

**Таблица 2.1.2 – Окуу программасында акындар поэзиясына сааттардын бөлүнүшү**

| № | Семестр | Материалдын мазмуну | Сааты |
|---|---|---|---|
| 1. | I семестр | Молдо Нияз. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Санаттар», «Даткайым» | 2 саат |
| 2. | I семестр | Нурмолдо. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Насыят ырлары» | 1 саат |
| 3. | I семестр | Молдо Кылыч. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. Казалдары: «Зилзала», «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тою». | 3 саат |
| 4. | I семестр | Тоголок Молдо. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | «Куштардын аңгемеси», «Жер жана анын балдары», «Кемчонтой», «Үрпүкан», «Эшек менен булбул» | 4 саат |
| | Бардыгы | | 10 саат |

Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну изилдеп жатып, бул акындардын чыгармаларынын көпчүлүгү Кыргызстан эгемендүүлүк алганга чейин окутулбай келгендигин, Молдо Кылычтын, Молдо Нияздын, Нурмолдонун чыгармалары коомго жат көрүнүш катары кодуланып келгендиги, 1991-жылдан кийин гана бул акындардын чыгармалары мектеп программасына киргизилип, окутула баштагандыгы биздин изилдөөбүзгө негиз болду. Ырасын айтканда, Тоголок Молдонун чыгармалары союз мезгилиндегидей эле окутулуп келип жатса, ал эми Молдо Кылычты изилдеген Б.М.Юнусалиевдин жана Тазабек Саманчиндин сенек жылдарда куугунтукка алынгандыгы бул акындардын чыгармаларын окутуу тургай, атын атоо канчалык кооптуу жана опурталдуу болгонунан кабар берет.

Эмне үчүн бул акындардын чыгармалары бирде жарыяланып изилдене баштап, кайра «Кара сандыктын» түбүнө салынгандыгын К.Асаналиев мындайча чечмелейт: «…маселенин түйүнү ошончолук татаал: бул татаалдык, биринчиден, мезгилдин, замандын мүшкүлү, катаал драмасы, карама-каршылыктуу ар түркүн кагылыштары болсо, экинчиден, акындын поэзиясын мурастаган, аны андан ары өнүктүрүүгө тийиштүү болгон кийинки доордун, кийинки муундардын өзүнүн трагедиялуу абалына түздөн-түз байланыштуу» [35, 26]. Андан ары адабий сынчы Молдо Кылычтын чыгармаларын окутууга тыюу салынышына кайсы бир жеке адамдардын карасанатайлыгынан эмес, эң негизги себеби адабий мураска, бөтөнчө улуттук көрүнүштөргө карата бир беткей демагогиялык система, ар кимдин жекече ойлонуу касиетин, жекече чыгармачыл мамилесин тыптыйпыл жоготууга багыт алган догматтык философиядан көрөт.

Бул талдоо бир гана Молдо Кылычтын чыгармачылыгын окутууга эмес, Молдо Ныяздын, Нурмолдонун чыгармалары үчүн да тиешелүү экендигин белгилегибиз келет. Кайсы бир саптарындагы маани үчүн бүтүндөй идеология козголуп, Советтер Союзуна чейинки жана андан кийинки турмуш салыштырылып калган учур азыр да адабияттын «ак тактарында» арбын кездешет. Мисалы, 1930-жылдары К.Тыныстанов коммунизмге каршы чыккан делип, партиядан чыгарылып, жумуштан кетирилген. Анын мындай кыйын абалга туш болушуна агартуучунун синтаксис боюнча жазган китеби себеп болгон экен. Ал өз эмгегинде мисал катары "Орооңдо даның көп болсо, корооңдо малың көп болот" деген эки сүйлөмдү кошуптур. Ошол эки сүйлөм үчүн К.Тыныстанов элди манапчылыкка үндөгөн деп айыпталган.

Мындай социалисттик идеология кеменгер жазуучу Ч.Т.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романында да сүрөттөлөт. Анда Абуталип Куттыбаевден кине издеген тергөөчү Тансыкбаев Эдигейди суракка алып отуруп: «Эмне үчүн балдарына «Биздин үй» деп жаздырат, «Биздин жеңиш» деп жаздырышы керек эле. Анткени Жеңиш менен Сталин ажырагыс» [7, 172], - деп түшүндүрөт. Бүтүндөй бир доорду камтыган мына ушул социалисттик коомдун «баш алгыч» көз карашы канчалаган «өзгөчө» ойлонгон инсандардын убалына калып кетти, аны эсептеп чыгуу да кыйын. Жогоруда аты аталган эл акындарынын ырлары ошентип көптөгөн бут тосуулардан кийин, эгемендүүлүктөн кийин жаркырап чыга келди да, өздөрүнүн татыктуу баасын алып, кыргыз адабиятынын төрүнөн орун алышты.

Молло Нияз өзү акыл-парасаты бийик, интеллектуалдык деңгээли жогору адам болгондугу анын чыгармаларынан көрүнүп турат. Молло Нияз акындар поэзиясынын көч башында туруп, жазгыч акындардын катарына кирет. Ал Арка, Анжиянга, атүгүл кытайлык кыргыздарга чейин кыдырып чыккан жана өз мезгилинде кол жазма түрүндө бир нече китеп жазып, аталган аймактарга тараткан, Кокон хандыгында кыргыз, арап, фарси, эски түрк (чагатай) тилдерин билип жана ошол тилдерде эркин жаза, философиялык ойлорду айта ала турган мударис катары белгилүү, өтө кадыр-

барктуу инсан болгон. Жогоруда саналган тилдерди билүү азыркы учурдагы орус, англис, кытай тилдерин билгендей кадыр-барктуу болчу. Өзүнүн чыгармаларын арап арибинде жазып, ырларында диний маалыматтар болгонуна карап, Молло Нияздын чыгармаларын коммунисттик идеологиянын «жасоолдору» изилдөөгө да, басып чыгарууга да тыюу салышкан. «Молдо Нияздын санаттарындагы диалектилик өзгөчөлүктүн чагылдырылышы» деген эмгегин жазып, анын изилденишин көрөгөчтүк менен баалаган белгилүү илимпоз Б.М.Юнусалиев анын чыгармаларынын темасы адабиятчыларды гана эмес, тарыхчыларды да өзүнө тартышы керектигин, ал эми XIX кылымдын ортосундагы жападан жалгыз жазуу эстелиги катары лингвисттер үчүн баа жеткис маалымат экендигин өзгөчө белгилейт [225, 10]. Окумуштуу Молло Нияздын баа жеткис асыл казынасын изилдөөгө ушинтип чакырган.

Окуу программасына сунуш кылынган чыгарма Молло Нияздын «Даткайым» деген ыры. Колледжде «Молло Нияздын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Санаттар» – адеп-ахлак проблемасы. «Даткайым» – эне, аял, адам тууралуу баян» жалпы 4 саат берилген [131, 46]. Анын 2 сааты студенттин өз алдынча ишине, аудиториялык жумуштарга – 2 саат бөлүнгөн.

Коомдогу саясий өзгөрүүлөр сөзсүз түрдө элдин социалдык-экономикалык абалы менен кошо адабиятка да, маданиятка да таасирин тийгизет. Бул адамзат адам болуп жаралгандан бери далилденип келе жаткан чындык. 1917-жылы Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин өлкөбүздө жалпы эл сабаттуулукка ээ болду, социалдык теңсиздик жоюлду, аялдар тендикке жетти. Көптөгөн жакшы саамалыктар менен кошо эле ошол учурдун да кемчиликтери болгон. Совет мезгилинин доорунда көз карашы ошол учурдагы саясатка дал келбеген кыргыз элиндеги бир топ акындардын, чыган илимпоздордун, энциклопедиялык билими бар мыкты инсандардын эмгектеринин түп тамырынан бери жоголуп кетишине алып келди.

Бул агым бир гана Кыргызстанда эмес, жалпы союздук республикалардын ичиндеги авторитардык бийликтин «таптык кызыкчылыктын» бийиктигинен карап отуруп, өлкөнүн өнүгүүсүн социалдык-экономикалык гана эмес, маданий, интеллектуалдык сенектикке алып келди. Дал ушундай сенектик жылдарында канчалаган илим-билимдүү, жөндөм-тажрыйбага ээ болгон коомдун алдыңкы катмарынын буга чейинки жасаган иштери кыл электен өтүп, кымындай эле таптык көз карашы же улуттук негизге басым жасаган эмгеги болсо, баса калып жоготуп отчёт берүү көнүмүш адатка айланган. Мына ушундай адаттагы тазалоого кыргыз акындарынын зор өкүлү Нурмолдо Наркул уулунун чыгармалары да туш болгон. Балким, учурунда медреседе окуп-иштегени тууралуу маалыматтан, андан кийин чыгармаларындагы диний сөздөрдүн, түшүнүктөрдүн болушунан улам анын чыгармалары такыр окутулбай, атайылап жок кылынган. Элибиз эгемендүүлүккө жеткенден кийин гана бул сыяктуу акындардын чыгармачылыгын изилдөө колго алынды.

Колледждерде Нурмолдо Наркул уулунун өмүрүн жана чыгармачылыгын, ошондой эле «Насыят ырлары» чыгармасын окутууга бир саат бөлүнгөн. Сабактын башында эле окутуучу студенттерге акын тууралуу төмөнкү маалыматтарды айтып берет. Нурмолдо Наркул уулу 1838-жылы азыркы Жалал-Абад облусундагы Ала-Бука районуна караштуу Кош-Терек айылында туулган. Анын ата-теги окумал, илим-билимге жакын адамдардан болгон. Чоң аталары, анын атасы да хан ордолорунда, илим-билим борборлорунда, дин ислам изилдөөчүлөрүнүн арасында жашаган, аалым адамдардан болгон. Нурмолдо бала чагынан окууга зээндүү болуп өсүп, 9 жашында өзүнүн эле айылындагы мечиттен кат-сабатын ачат. Аны окуткан молдо баланын идиректүү, акылдуу экенин байкап, китепке болгон кызыгуусуна таң калып, баланы башка шаарга жиберип окутууну сунуш кылат. Эки жылдан кийин Нурмолдо Намангандагы Молдо Кыргыз медресесине барып окуп калат.

Табиятынан зирек бала медреседе окуп жүргөндө эле ошол өзү окуган медреседе сабак өтүп, мударистик да кылат. «Медресе-мектеп билим берүү тармагынын бир деңгээлге жогору баскычы болуп эсептелген. Бухара, Самаркан шаарындагы, Каирдеги ал-Азхар медреселери дүйнөдөгү эң атактуу окуу жайларынын катарына кирип, алардын бүтүрүүчүлөрү адамзаттын тарыхында улуу ачылыштарды жасаган. Ири шаарлардагы чоң медреселердин алдында бай китепканалары, асман телолоруна байкоо жүргүзө ала турган обсерваториялары да болгон» [148, 11]. Нурмолдо мына ушундай медреселердин биринде окуган.  Ал эми Садык Алахан оз изилдөөсүндө: "Маалым болгондой, туулган жери Аксыдан аттанып өнөр уулап, түштүккө сапар тартып Кашмирге (Индостанга) чейин, андан соң ажылык сапар менен тигил жагы Меккеге (Сауд Аравиясына) чейин, күнчыгыштан Кашкар менен Үрүмчүгө (Кытайга) чейин барып, андан соң акындыгынын аркасы менен түндүктөн Омбуга (Омскиге, Сибирге), түндүк батыштан Оролго (Уралга), батыштан Чаржоу (Туркмөнстан), Баку (Азербайжан), Кырымга (Украина) чейин кыдырып ырдап жүрүптүр", -деген маалыматты жазган. [193, 36].

Нурмолдо төгүп да ырдаган, чыгармаларын кагазга да түшүргөн акын болгон. Бирок совет мезгилинде молдолордун жана ислам илимпоздорунун артынан куугунтук болгон учурда Нурмолдонун кол жазмалары жоголуп кеткен. Себеби ошол мезгилдин каарынан чочулаган туугандары же тааныштары да атайылап кол жазмасын жоготкон учурлары болуптур. Акын 1920-жылы Ала-Бука районунун Кош-Терек айылында көз жумган.

СССР доорун сүрүп жаткан кезде бул акын жөнүндө учкай гана айтылып, Жеңижок, Токтогул менен айтышканы жөнүндө маалыматтар бар. Өлкөбүздө эгемендүүлүк орногондон кийин «Замана», «Молдо кыргыз медресесиндеги ыр» (1997) аттуу чакан эки китеби жарык көргөн. Нурмолдонун «Замана» деген ырында көз карашы Калыгул, Молдо Кылычтардан айырмаланып, орустардын келишине оң эле көз карашын билдирет. Акындын өмүрү жөнүндө маалыматтар аз болсо да, ырлары артында калган элине таберик болуп, нарк-нусканын, элдик тарбиянын орошон

ойлорун камтыган канаттуу саптары унутулбай келүүдө. Нурмолдо Наркул уулу жөнүндө маалыматтарды К.Рыскулов топтогон. Акындын чыгармалары тууралуу А.Какеевдин «Нурмолдонун философиясы», С.Байгазиевдин «Нурмолдо – XIX кылымдын туңгуч агартуучу педагогу жана эне тилдин даанышман патриоту» деген эмгектери жарык көргөн. Учурда колледждерде Нурмолдонун «Насыят ырлары» аттуу чыгармасы окутулат. Мындай ырлар Тоголок Молдо, Токтогул, Жеңижок сыяктуу көптөгөн элдик акындарынын чыгармачылыгында кеңири учурайт. Акындык өнөрдүн ой жүгүртүүсү чагылгандай тез, интеллекти жогору, калктын түрдүү катмарындагы адам мүнөздөрүн мыкты билген өкүлү Нурмолдо Наркул уулу бул ырын санат түрүндө жазган. Ал ыры аркылуу бардык адамдарга кайрылып, алардын жакшы-жаман касиетин окурмандын көз алдына даана тарта алган.

Колледждерде акындар поэзиясынын өкүлдөрүнүн өмүрү жана чыгармачылык жолун окутууга орто мектептердегидей эле бирден саат бөлүнгөн. Кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири Молдо Кылычтын өмүр баянын карап көрсөк, ал диний сабатын жоюп, «Чаар китептен» окуп калгандан кийин өз алдынча көп окууга ынтаасын койгону ырларынан көрүнүп турат. Акын жалаң диний китептерди эмес, ошол мезгилде белгилүү болгон Алишер Навои, Бедил, Ахмед Яссави, Хафиздин чыгармаларын окуган. «Миң бир түн», «Шах-наме» чыгармалары менен тааныш болгон. 1905-жылдарда Молдо Кылыч татар тилинде чыгуучу «Юлдуз», «Таржиман» ж.б. гезит-журналдарды окуй баштайт. Кийинчерээк казак акындарынын өлөңдөрүн окуйт. 1910-жылдары өзү бир аз убакытка бала да окуткан. Жазган кол китептерин эл арасына таркаткан. Кат билген кишилер биринен бири көчүрүп алган. Ошентип Молдо Кылычтын ырлары эл арасында аябай белгилүү болуп кеткен.

Изилдөөчүлөрдүн ою боюнча, Молдо Кылычтын чыгармаларын көчүрүп, аларды эл арасына тараткан Ысак Шайбеков болгон. Кылычтын ырлары деп жазылып алынган материалдар бири да өзүнүн кол жазмасынан алынган эмес, баары эл арасындагы адамдардан жыйналып алынган. Мындан

анын чыгармалары алда канча бай, алда канча уккулуктуу болсо керек деген жыйынтыкка келебиз. Акындын ырлары эл ичинде дагы канчасы унутулуп, ыр саптары жоголуп кетүүсү да толук мүмкүн. 1911-жылы Казань шаарынан «Кыссаи-Зилзала» деген чыгармасы басылып чыгат. Муну ошол кездеги билимдүү жаштардын бири И.Арабаев чыгарган.

Колледждерде кыргыз эл акындарынын чыгармаларын окутууда чыгармалардын көпчүлүгү казал же поэма жанрында экенин баса белгилеп айткыбыз келет. Бул жанр адабияттын эң байыркы жанрына кирет. Мисалы, Байыркы Грецияда акындар поэмаларды жазышкан, ошону менен өздөрүнүн акындык талантын көрсөтүшкөн. Ырга караганда акындар поэма аркылуу өздөрүнүн сүрөткердик жөндөм-шыгын көбүрөөк көрсөтүп, образдарды берүү ыгын, сюжеттүү окуяны ар тараптуу жана кеңири айтып бере алышкан. Себеби поэманын көлөмү акындын оюн чектебей айтууга, образдар үстүндө иштөөгө, сөз кудуретин көрсөтүүсүнө өбөлгө түзгөн.

«Поэма (грекчеден которгондо «жаратуу», «жаратуучулук» дегенди билдирет) лиро-эпикалык жанрдын чоң формасы, сюжеттик-баяндоочулукка негизделген ыр түрүндөгү чыгарма, ыр формасындагы повесть же роман» [203, 286].

«Өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө поэма ар кандай жана көп түрдүү жанрларды колдонуп келди, андыктан анын так маанисин айтуу алда канча кыйын. Ошентсе да поэма көпчүлүк учурда кандайдыр бир белгилүү окуяны, көтөрүңкү мүнөздү, эң сонун адамдык сапаттарды ырга салган чыгарма катары түшүнүлүп келди» [4, 222]. Кыргыз элинде болсо профессионалдык жазуу маданиятына чейин поэма деп аталбастан, казал деп аталып, бул аталыш чыныгы маанисинде поэмага мааниси боюнча дал келбесе да, кыргыз акындарынын казал жазуусу шарттуу түрдө поэмага жакындаган.

«Поэма – эпикалык жана лирикалык мүнөздөгү көп түрдүү чыгарма. Анын тектик өзгөчөлүктөрү тууралуу ушул күнгө чейин бирдиктүү пикирлер жок. Ырас, көпчүлүк изилдөөчүлөр аны көбүнчө эпиканын бир түрү катары карашат. Ошол эле кезде поэмаларда турмуштун көп жактарын

көрсөткөндүктөн бир нече текке: эпикага, лирикага, драмага киргизип жүрүшөт. Бул көз караш баяндоолордон куралган эпикалык поэмалар менен бирге эле сюжетке негизделбеген лирикалык толгонуулар жана окуялар диалогдук формада өнүгүп барган драмалык мүнөздөгү поэмалардын болоруна мотивдештирет» [77, 123].

«Поэма (гр. – чыгарма) – аңгемелөө түрүндө ыр менен жазылган сюжеттүү чыгарма, муну ыр түрүндөгү повесть же роман десе болот, лиро-эпикалык жанрга кирет. Мында аңгемелөөчү менен лирикалык каарман кошулуп кетип, ошонун натыйжасында кейипкерлер аңгемелөөчүнүн сыпаттамасы, кабылдоосу жана берген баасы аркылуу ачылат. Аңгемелөөчү-лирикалык каарман чыгармада активдүү роль ойнойт, ал көп учурда кейипкерлер, окуялар, көрүнүштөр боюнча көз карашын түздөн-түз билдирет. Мисалы, А.С.Пушкиндин «Жез атчан» аттуу поэмасынын лирикалык каарманы өзүнүн шаарына – Петербургга болгон жүрөк жалындаткан сүйүүсүн минтип берет: «Пётрдун перзентисиң, сүйөм сени...»

Адабияттын башка түрлөрү жана жанрлары сыяктуу эле анын өзүнчөлүгү, көркөм каражаттарынын, лирикалык каарман менен катышуучулардын мүнөзү, сюжеттик кырдаалдары ж.б. адабияттын стиль, агым, усулун аныктай турган багыттарга байланыштуу болот да, ошону менен шартталат. Бирок кандай болгон күндө да анын туруктуу жанрдык белгиси катары эпикалык жана лирикалык башталмалардын бирдиги болуп эсептелет.

Бул лиро-эпикалык жанрдагы чыгармаларда айтылган эки башталманын кандайдыр бир ченеп-бычып койгон өлчөмү же пропорциясы бар деген сөз эмес. Таланттын табияты менен автордун табитине, сүрөттөлгөн предметтин мазмунуна ж.б. жараша ал өлчөм жана пропорция ар түрдүү болот. Мисалы, К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза», А.Осмоновдун «Женишбек», С.Эралиевдин «Ак Мөөр» аттуу белгилүү поэмаларында лирикалык катмар басымдуулук кылса, А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», С.Жусуевдин «Курманжан датка» поэмаларында болсо эпикалык катмар басымдуулук кылат» [64, 445-446].

Эгемен Кыргызстанда жашап жатып, эрешен тартып эр болор, эл-журтка телегейи тең болор, илим-билимге сугарылган, жүрөгүндө Мекенге, эл-жерине болгон өлчөөсүз сүйүүсү бар инсанды тарбиялоо биздин башкы милдетибиз болуп калууда. Ошону менен бирге эле республикабыздын гүлдөп өнүгүшү үчүн компетенттүү кадрларды даярдоо, эртеңки күнү Мекендин жүгүн көтөрөр эр-азаматтарды, «Ата-Журту үчүн чагылганга айланганга даяр» уулдарды жана кыздарды дүйнөдөгү башка өнүккөн өлкөлөрдөгү өзүндөй инсандар менен ат салыша тургандай деңгээлине чыгаруу учурдун талабы экендигин ар ирибиз түшүнүп калдык.

Бүгүн ааламдашуу процесси жүрүп жатат, биз андан четте кала албайбыз. Бирок келечекте Кыргызстанды өнүктүрөр, мамлекеттин коомдук-саясий, экономикалык жана руханий өнүгүүсүн камсыз кыла турган азыркы жаш муундардын көз карашын, баалуулуктарын карап көрөлүчү. Арт жагыбызды терең ойлонуп карасак, элибиз тарыхый өнүгүү жолунда не бир акылман сөздөрдүн, керемет адабий дөөлөттөрдүн, «Манас» эпосундай дүйнөлүк казынадагы көөхарларынын» ээси экен. Ошондуктан кайра эле суу ичкен кудугубузга баш багып, калкыбыздын көркөм дөөлөттөрүнөн, улуттук идеяларынан ой өрүшүн алууга мезгил жетти деп ойлойбуз. Мындай ой-пикирлерди эне тили жана адабиятынын күңгөй-теской маселелери боюнча омоктуу ойлорун С.Байгазиев, С.Рысбаев, Н.Ишекеев, А.Муратов ж.б. белгилеп келе жатышат.

Молдо Кылычтын чыгармалары мектеп программасына кечигип болсо да кирди. Улуу акындын ырларын, поэмаларын балдарга жеткиликтүү айтып берүү максатында терең сүңгүп киргенде студенттер үчүн акындын укмуштай ажайып көркөм дүйнөсү ачылат. Көрсө, студенттер Молдо Кылычтын «Бүркүттүн тою» чыгармасында элүүдөн ашуун куштардын аты тизмеленип берилгенде, окубай туруп, биолог, зоолог акындар бар тура деп таң калышат. Азыр колледждерде Молдо Кылычтын «Буудайык» поэмасын кантип окутуу керек экендигин үйрөтүү максатыбыз болуп турат. Бул поэма элдик чыгарма болгон. Калк акылы, көрөгөчтүгү, турмушка, дегеле жашоого болгон көз

карашы кеңири чагылдырылган оозеки мурасыбызды биздин күндөргө жеткирген жазгыч акыныбыз Молдо Кылычка милдеттүүбүз. Өзүнүн көркөмдүк табияты боюнча элдик сюжеттин негизинде жазылгандыгын эске алуу менен андагы идеялар да бүтүндөй элдик оозеки чыгармачылыкка тиешелүү идеялар десек жаңылбайбыз. Анткени «…фольклор элдик таалим-тарбия берүүнүн мектеби гана эмес, негизги каражаты да, формасы да экендигин белгилөө менен, анын өзөгүндөгү таалим-тарбия идеялары фольклордук педагогикалык идеялар деп айтууга акылуу» [160, 211].

Колледждерде кыргыз адабиятын окутуу боюнча бир топ жылдар бою окуу куралдары жок өксүк учур болуп келсе, эми анын кенемтесин А.Муратов, К.Исаков, К.Акматов биргелешип жазган колледждин студенттери үчүн хрестоматия-окуу китеби жаңыдан басылып чыгып, толтурду. Мугалимге канат бүтүргөн окуу китебинин болушу менен анын сабак өтүү усулу да мыкты болуусу керек. Учурда интерактивдүү сабактар колго алынып, окуучулардын сабакка кызыгуусуна, сынчыл көз карашты калыптандырууга, турмуштук активдүү позицияда болуусуна, алдына келген кыйын кырдаалдан чыга билүүгө басым коюлуп жатат. Интерактивдүү окутууда «Окуу процессинде, окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучулардын биргелешкен иш-аракеттери, ар бири өзгөчө жеке салымын кошкондугун, билим, идея, иш-аракетинин бөлүшкөндүгүн көрсөтөт. Булардын бардыгы, жылуу өз ара колдоо атмосферада өтүп, жаңы билимди алууга шарт түзүп эле тим болбостон, таанып-билүү ишмердүүлүгүн жана өз ара аракеттенүүсүн өстүрөт, - деп белгилейт А.Ж.Муратов [161, 87].

Сабакта окуучу менен мугалимдин, окутуучу менен студенттин жан дүйнөсү бири-бирине тартылып, идеялар жарышы, ой толгоолор жарышы, талкуу, өз алдынча иштөө, топто иштөө аянтчасына айланат. Ыр, тамаша, жылмаюу көркүнө чыгарса, кубанычтуу көздөр, демиңе канат бүтүргөн сонун сезим менен аяктайт. Сабак өткөн устат үчүн да, шакирт үчүн да ушундай. Мунун баары белгиленген гана убакыттын ичинде болуп өтөт. Башка учурда мугалим окуучунун жан дүйнөсүн козгогон кепти айта албайт, кыскача акыл-

насаат, кеп-кеңешин берсе да, сабактагы жагымдуу жуурулушуу учурундагыдай болбойт. Албетте, мыкты сабак өткөн, изденген чыгармачыл мугалимдин сабагында ушундай жандуу атмосфера, жагымдуу маанай коштойт. «Адабият предмети – бул көркөм текстти аңдап түшүнүү жана ошол түшүнгөндөрүн турмушунда пайдалануу предмети» [129, 13]. Адабият сабагында чыгарманын үстүндө ой жүгүртүү менен чыгарманын идеясын, темасын, каармандардын портретинен  тартып сюжеттик өнүгүүсүн талдоого чейин окуучу менен мугалимдин биргелешкен иш-аракети жүрөт.

Колледждерде Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылык жолун үйрөтүүгө жалпы 8 саат бөлүнгөн. Анын 4 сааты – аудиториялык саат, 4 сааты – студенттин өз алдынча иши. Анда улуу акындын «Куштардын аңгемеси», «Жер жана анын балдары» поэмалары, «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы», «Кемчонтой» чыгармалары окутулат. «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы» чыгармасы 2-сабакта өтүлгөндүктөн, акындын өмүр жолу биринчи сабакта эле өтүлөт. Ал эми 2-сабакта алгач Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу эске түшүрүп алуу үчүн үй тапшырмасын сураганда маалыматтарды студенттерден сурап алуу зарыл.

Мында улуу акын жөнүндө башка окумуштуулардын, илимпоздордун айткан сөзүн келтирип кетүү жүйөлүү. «Тоголок Молдо – өз чыгармаларында жаратылыштагы жана адам баласынын турмушундагы татаал жана көп жактуу байланыштарды, жакшы жана жаман сыяктуу дилемалуу карама-каршылыкта турган кенен мазмундуу түшүнүктөрдү кыял күчү менен аңдап билүүгө аракет кылган орошон ойчул акын», - деп баа берет Ө.Козубаев [122, 95]. Андан кийин акындын сыпаалыгын, дааналыгын айтып келип, Фрунзе шаарында Кусейин Карасаевдин иштеп жаткан жерине Тоголок Молдо куржундун эки көзү толтура китеп алып келген эскерүүсүн айтып коюу балдардын билимин дагы бекемдейт. Бул маалыматтарды бекемдеп алгандан кийин сабактын жаңы теманы өтүү этабында «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы» чыгармасынын жанрын аныктап алуу максатка ылайыктуу. Себеби чыгарманын жанрын

аныктап, түшүнүп алмайынча чыгарманын терең маанисине сүңгүп кирүү мүмкүн эмес.

## 2.2. Илимий изилдөөнүн методдору

Диссертациялык эмгекте коюлган максаттарга, негизги милдеттерге байланыштуу теориялык жана эксперименталдык методдор тандалды.

*2.1. Изилдөөнүн теориялык методдору*

Изилдөөнүн ***методологиялык негиздерин үйрөнүү (илимий булактарды изилдөө методу).*** Диссертациялык эмгектерде теманы биринчи кезекте философиялык адабияттарга таянып жүргүздүк, алардын ичинде инсандын калыптануусундагы сөз өнөрүнүн табияты, адабияттын руханий маданиятты өзгөртүүчү күчү тууралуу философиялык эмгектер (Ю.П.Азаров, С.Ф.Анисимов, В.Ф.Асмус, Т.Аскаров, М.М.Бахтин, Н.А.Бердяев, В.С.Библер, Д.С.Лихачев, А.А.Салиев ж.б.). Экинчи бир эмгектердин тиби – классик педагогдордун, анын ичинде Я.А.Коменскийдин, И.Г.Песталоццинин, К.Д.Ушинскийдин адабий чыгарманынын педагогикалык табияты тууралуу ойлору, кыргыз этнопедагогдорунун (Т.Ормонов, С.О.Байгазиев, Ж.Бешимов, Ж.Орозбаев, А.Алимбеков, А.Т.Калдыбаева, С.К.Рысбаев, А.Ж.Муратов) улуттук фольклордогу, акындардын чыгармаларындагы таалим-тарбиялык идеялары тууралуу изилдөөлөрү. С.К.Рысбаевдин “Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун антологиясы” аттуу көлөмдүү эмгегинде окумуштуу акындар поэзиясынын өкүлдөрүнүн чыгармаларын талдап, ар бирине өзгөчөлөнтүп баа берип кеткени байкалат. Молдо Нияз тууралуу С.К.Рысбаев : “Ал ырлардын өзөгүндө өз замандаштарын турмушту таанытууга, тирүүчүлүктүн артыкчылыгын билдирүүгө, жарыкчылыктын улуулугун сездирүүгө, ыйманга, адеп-ахлакка үндөө башкы орунда турган” -, [191, 347], - деп талдаса, Молдо Кылыч тууралуу “Карапайым калктын турмушуна жаны ачып, гумандуулукка элди үндөгөн, элди сабаттуу болууга, элдик бекем салттуу эрежелерди сактоого, калп менен жалганчылыкты, эки жүздүүлүктү, элге кылган кыянатчылыкты ж.б. көркөм баяндагандыгын” [191,

359] таасын көрсөткөн. Эмгегибиз окутуунун теориясы жана практикасына байланыштуу болгондуктан И.Я.Лернер, М.И.Махмутов, Г.К.Селевко, Ю.К.Бабанский, И.Б.Бекбоев, В.П.Беспалко, В.К.Дьяченко, Э.Мамбетакунов ж.б. дидакттардын теориялык ойлорун да материал катары колдондук. (Алардын материалдары *тууралуу эмгектин 1-главасында ырааттуу баяндаганбыз).*

1. **Салыштыруу жана талдоо методу.** Даткайымдын образын ачууда аялзаты жөнүндө элдик макалдар менен салыштыруу.

Бул методикалык ыкманы аткаруу үчүн студенттер элдик макал-ылакаптарды айтып, алардын маанилерин ачып берди, айымдары: «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», «Биринчи байлык – ден-соолук, экинчи байлык – ак жоолук», «Алысты жакын кылган – кыз, ачууну таттуу кылган – туз», «Аталуу жетим – арсыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим», «Кызга кырк үйдөн тыюу», «Кызы бардын назы бар», «Кызы жүк көтөрсө, энесинин бели майышат», «Аял жакшы – эр жакшы, увазир жакшы – хан жакшы», «Жакшы аял жаман эркекти орто кылат, орто эркекти жакшы кылат, жакшы эркектин даңкын чыгарат», «Үйдүн куту – аял», «Үйдү кырк эркек толтура албайт, бир аял толтурат», «Үй ээсинин кабагы – меймандын сүйгөн тамагы», «Жакшы аял – үй ээси, жаман аял – жол ээси» ж.б. Бул макалдарда элдик педагогикалык идеялар, тактап айтканда кыз балага, аялзатына кандай мамиле кылуу керектиги тууралуу ойлор айтылат. Жогорудагы элдик макал-ылакаптарды талдоо процессинде студенттер кыздарга, энелерге, эже-карындаштарга, жалпы эле аялзатына кандай мамиле кылуу керектигин үйрөнөт.

1. Даткайымдын образын ачууда аны элдик эпикалык каармандар менен салыштыруу.

**Таблица 2.2.3. – Даткайымды эпикалык каармандар менен салыштыруу («Манас» эпосундагы Каныкей менен)**

| «Манас» эпосундагы Каныкей | Молло Нияздын Даткайымы |
|---|---|

| | |
|---|---|
| Ай чырайлуу, | Бир шахардин баасы, |
| ак жолуктун мыктуусу | Миң башынын алганы. |
| ак көрпө жайыл ургаачы | |
| акылга дыйкан даанышман | Кыздан сулуу Даткайым, |
| акылга терең, | Кыя көзүн салбады. |
| акылы артык, | |
| ал Каныкей капыры, адамдан бөлөк акылы | Суксур моюн, суу талдай, |
| алакан жайык, колу ачык | Сулуулугун мен билдим. |
| аялдардын улуусу, узун чачтын ыктуусу, | Сунган бутун жыйбаган, |
| белин көр, | Улуктугун мен билдим. |
| бети айдай, | Ак үйүнүн төрүдө, |
| боюнда жалгыз арстан | Ондоп килем жүк жыйып. |
| бууданың жеңең Каныкей | Отурсаң Аптаб айымдай, |
| жабылуу катар кара инген | Дөөлөтүңдү айтамын. |
| жакшысы элге билинген | Атайы келген мейманга, |
| жолборс жеңең Каныкей | Аштуулугуң айтамын. |
| жылдызды көр көзүн көр, | Эки колуң бооруңда, |
| кабылан катын Каныкей | Баштуулугуң айтамын. |
| кайраттуу энең Каныкей | |
| канды көр да бетин көр. | Атың кетти ар жерге, |
| кар үстүнө кар тамса, | Ай жамал сулуу Даткайым. |
| кара сурдун сулуусу, | Атыны жакшы чыгарып, |
| коёнду көр, | Айтып жүрөм ар жерге. |
| көкжал энең, | Босого бойлуу, кара чач, |
| көкүрөк жайык келишкен | Мунчайам узун болорбу. |
| кырмызы көйнөк | Ак бетинин ортосу, |
| айча бел | Анардай кызыл болорбу. |
| шекерди көр, сөзүн көр, | Даткайымдын жамалы, |
| Манасты Манас кылган – Каныкей | Ак тамагы ак сүттөй, |

| | |
|---|---|
| нурдуу кызыл бети бар,<br>ойрон энең Каныкей<br>опсуз балбан Каныкей<br>тиши тунук акактан,<br>тула бою нур экен<br>турна моюн<br>үзүлгөнүн улаган<br>чачылганды жыйнаган<br>чийдей кашы чийилип,<br>чолпонду көр, көзүн көр,<br>ыраазы кыла сөз айткан ж.б. | Ак бети айдын жүзүндөй,<br>Көздөрү чилги жүзүмдөй.<br>Чачы кара кундуздай,<br>Саркы чолпон жылдыздай.<br>Кашы кара пиликтей,<br>Колдору койун жиликтей.<br>Султан боюн карасаң,<br>Суудан чыккан сүлүктөй.<br>Куурчактай Даткайым,<br>Кумарлуу көзү сүзүлүп,<br>Күлө басса үзүлүп.<br>Агачайым кара көз,<br>Айымдарча бар экен.<br>Туйгун төрө айымы,<br>Тумарканча бар экен.<br>Аты чыккан ааламга,<br>Алымбектин алганы.<br>Курманжанча бар экен.<br><br>Көзү жакшы Даткайым,<br>Көрбөсөм кайдан билейин,<br>Көргөн үчүн сени айттым.<br>Жакшылыгың мен айттым,<br>Жамалыңды көп айттым.<br>Сыпатыңды сөз кылдым,<br>Султандыгың билбеймин.<br>Айта берсем түгөнбөйт,<br>Даткайымдын санаты.<br>Алтындан экен ийиги, |

| | |
|---|---|
| | Айбартуу экен эшиги,<br>Күмүштөн экен бешиги,<br>Күндө жыйын эшиги,<br>Көлдөй назик көңүлү [143]. |

Кыргыз элдик педагогикасында аялзатына сын берүүдө «Ак көрпө жайыл», «Ак жоолук делбир», «Жабылуу кара инген» деген фразеологиялык түрмөктөр колдонулуп, аларды чечмейлей келсе Каныкейге, Айчүрөккө, Даткайымга, Курманжан даткага окшогон аялдарга карата колдонулган. Кийинки кыздар жана жаш келиндер ушундай сапаттарга ээ болушу керектиги насаатталган. «Ак жоолук делбир» сыпаттоосунун маанисин К.Карасаев мындай түшүндүрөт: «Мындай аял сымбаттуу келет. Күйөөсүнүн кенедей да көңүлүн калтырбайт. Жоро-жолдоштору дайыма келип турат. Аларды сүйлөгөн сөзү, кылган кылыгы менен ыраазы кылат, үйүн таза кармайт. Балдарын куурчактай кылып кийиндирет. Маңдайы жарык болот» [120, 18]. Демек жогорудагы «Даткайым» ырындагы Даткайым кыргыз элинде айтылып келген «ак жоолук делбир аялдын» бир үлгүсү. (Сүрөт 2.2.2).




**Сүрөт 2.2.3. - Молло Нияздын «Даткайым» ырындагы каармандын сапаттары менен элдик идеалдардын ылайык келиши**

Молло Нияздын «Даткайым» деген ырын окутууда студенттин өз алдынча ишинде студент өз алдынча китептерден, интернет булактарынан изденип, тема боюнча доклад же реферат даярдайт, конспекти жазышы мүмкүн. Чыгарманы окутууда мугалим алгач окуучулардын текст менен таанышуусуна көңүл бөлүшү керек. Бул өтө маанилүү чыгармачылык. Кыргыз адабияты сабактарында «Текст окуу – бул активдүү, конструктивдүү жана ойлонтуучу процесс. Текст окуу процессин изилдегендер текстке окурман катары ой жүгүртүп, төмөнкү жыйынтыктарга келишкен. Азыркы учурда окурмандардын текстке карата ой жүгүртүүсү ар түрдүүчө болот, башкача айтканда, ар бир окурман текстти өз алдынча кабыл алат жана ой жүгүртөт. Текстти окуу божомолдорго негизделет. Текстти окуганга чейин эле

окурмандар бул кандай текст экендигин божомолдошот. Текстти окууда аны чечмелеп берүүгө караганда божомолдоо кыйла маанилүү» [97,103].

Бул ырды акын Базар-Коргон жергесине барып, миң үйлүү мундуз уруусунун төрөсү Максыт миң башынын үйүнө барган учурда ырдаган. Илгертен эле кыргыз элинде сулуу аялзаты чырайы менен эле аты чыкпастан, акылдуулугу менен да эл оозуна алынганы «Акыл Карачач» жомогунан маалым. Ушул учурда студенттерден «Жакшы кыз» жөнүндө силер билген кандай ырды билесиңер» деген суроону берүү менен алардын мурдагы ырларды эстеп калганын тактайбыз. Суроолорду берүүнүн да өзүнүн деңгээлдери бар. Маселен, Бенджамин Блумдун таксономиясы боюнча биринчи үчөө эске тутууга, түшүнүүгө жана колдонууга арналган.

Төмөнкү деңгээлдеги суроолор буларга ылайыктуу болуп саналат:

- окуучулардын даярдыгын жана түшүнүүсүн баалоо;
- окуучулардын күчтүү жана начар жактарына диагноз коюу;
- кайталоо жана мазмунду жалпылоо.

Жогорку деңгээлдеги суроолор  Б.Блум таксономиясы боюнча кийинки үчөө, талдоо, баалоо же чыгармачылык көндүмдөрдү комплекстүү колдонууну талап кылуучу суроолор.

Жогорку деңгээлдеги суроолор буларга ылайык келет:

- окуучуларды тереңирээк жана сынчыл ойлонууга түртөт.
- көйгөйлөрдү чечүү үчүн;
- талкууга түрткү берүү үчүн;
- окуучулардын маалыматтарды өз алдынча издөөсүнө түрткү берүү [97,103].

Студенттер Б.Алыкуловдун «Жакшы кыз» деген ырын салыштыра айтып беришет.

**Студенттер:** Сайраган жайкы булбул – жайдын көркү,
Жаркырап жайнаган кыз – үйдүн көркү
Жакшы кыз – эне-атанын ырыскысы,
Турмуштун тунук, таза уюткусу [18, 424]!

Ушуга удаа эле улуу акындын «Жаман кыз» деген ырынан дагы эстеп айтышат.

**Студенттер:** Айылдан айыл кезген кыз,
Ата-энеден безген кыз.
Чарчабай басып жүргөн кыз,
Ушактын сөзүн сүйгөн кыз [18, 424].

**Мугалим:** Эми жакшы аял, жаман аял жөнүндө акындар эмне деп ырдаганын карап көрөлү.

Алганың жакшы болгон соң,
Жаркыраган айнектей,
Кармаган казан-тулгасы.
Ачык болот кабагы,
Барды-жокту байкатпай,
Берекелүү табагы…»

Жаман аял:

Алганың жаман болгон соң,
Айыл десе кам урат.
Элечегин пар кылат.
Тапылдатып элегин,
Башы-көзүн чаң кылат [84, 256] ».

**Мугалим:** Жогорудагы ыр саптары кайсы акындын ырлары?

**Студенттер:** Жеңижок акындын ырлары.

**Мугалим:** Демек, башка белгилүү акындар Молло Нияз кайрылган «Даткайым» ырына үндөш болгон аялдар темасына кайрылышкан. Бирок ушул ырлардын ичинен Молло Нияздын ыры жазылып алынган алгачкы ырлардан болуп эсептелет. Алгач акын Даткайымдын өмүрлүк жары Максыт жөнүндө сөз кылат:

Ата уул Максыт миң башы,
Ак шумкар экен салганы,
Айжамал сулуу алганы.

Бир шахардин баасы,

Миң башынын алганы [143].

**Мугалим:** Кыргыз элинде алган жары бир шаардын баасына татыган зайыптар деп кимдерди айта аласыңар?

Студенттер мугалим берген үлгү боюнча таблицага жазып чыгышат.

**Таблица 2.2.4. –Каармандарды салыштыруу.**

| № | Чыгарманын аталышы | Чыгарманын жаралуу тарыхы же ырдагы аялзатынын тек-жайы | Ырда аялзатына берилген мүнөздөмө |
|---|---|---|---|
| 1. | Молдо Нияздын “Даткайым” чыгармасында | Ата уул Максыт миң башы,<br>Ак шумкар экен салганы,<br>Айжамал сулуу алганы.<br>Бир шахардин баасы,<br>Миң башынын алганы<br>Даткайымдын атыны<br>Көчкөндө кулдар токусун.<br>Санатыны саз айттым,<br>Көргөндөр түзүк окусун.<br>[143]. | Эки колу боорунда,<br>Баштуулугун айтамын.<br>Баштыгыны тор кылган,<br>Базардай үйүн гүл кылган,<br>Иштүүлүгүн айтамын.<br>Босого бойлуу, кара чач,<br>Мунчайам узун болорбу.<br>Ак бетинин ортосу,<br>Анардай кызыл болорбу.<br>Даткайымдын жамалы,<br>Ак тамагы ак сүттөй.<br>Чачы кара кундуздай,<br>Сааркы чолпон жылдыздай.<br>Султан боюн карасаң,<br>Суудан чыккан сүлүктөй. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2. | Жеңижоктун “Көксулуу” чыгармасында | Белеске чыгып, тор түйдүм,<br>Бек кызындай Көксулуу,<br>Бейпайда сизден көп күйдүм.<br>Бетегелүү адырда,<br>Бирге басып, бир күлдүм.<br>Бейопалуу дүйнөдө<br>Бет келип, доор бир сүрдүм!<br>...Чечендик менен жети күн,<br>Чечип алган Көксулуу.<br>Черденддеген эринен,<br>Четке кеткен жеринен<br>Жетип алган Көксулуу. | Көрүшкөн күнүм салтанат,<br>Көркүндөн Ай, Күн жалтанат.<br>Көрүнбөй кетсең, Көксулуум<br>Көнөктөп көздөн жаш агат!<br>Аргымак аттын басыгы,<br>Аксыдан чыккан Көксулуу,<br>Айтамак кыздын асылы.<br>Ашык бир болгон өзүңө,<br>Акындын кайсы жазыгы? |
| 3. | Барпынын “Гөзал кыз” чыгармасында | Ар ким ырдайт сүйгөнүн,<br>Акылына түйгөнүн.<br>Ашык болуп жете албай,<br>Арасат күндө жүргөнүн.<br>Мен да ырдап берейин<br>Ашыглыктан бир сабак.<br>Дак салды ууз жүрөккө<br>Дардисар Гөзал ак тамак. | Көйнөгүң кызыл башайы,<br>Көргөнү келдим атайы.<br>Күйүткө салсаң өзүң сал,<br>Көркөм Гөзал сыпайы.<br>Каш-кирпиги төгүлүп,<br>Карасаң кумар таркаткан.<br>Көкүрөккө өрт коюп,<br>Көк жылдызын санаткан. |
| 4. | Тоголок Молдонун “Үрпүкан” чыгармасында | Ашыклыктын зарпынан,<br>Аалам кылды жоругуң.<br>Чыдай албай ойлонуп, | Аппак этиң жымылдап,<br>Атилес,шайы,<br>дүнүйөдөй. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Чыгардым сөздүн сонунун.<br>Кадимки сөздө бар болсоң,<br>...Кадырым билген жар болсоң.<br>Кагаздан созүм угарсың,<br>Качыкеден чыгарсың.<br>Чыксаң мага тиерсиң,<br>Чының менен сүйөрсүң. | Кашың кара кундуздай,<br>Көзүң кавхар жылдыздай.<br>Тишиң тизген жахуттай,<br>Боюң тегиз мунардай,<br>Колуң асыл чынардай,<br>Койнун атыр жыпардай.<br>Өңүм десе түшүмдөй,<br>Өзгөчө күйдүм сен үчүн,<br>Олжобай менен Кишимдей. |

Жеңижоктун Көксулуусун тийген күйөөсүнөн ажыратып, аялдыкка алганы, өмүр бою кастарлап, жанында атка мингизип, барган жерине кошо ала барганы акындын сүйүүгө туруктуулугу, баалап-барктаганынан кабар берет. Ал эми махабат ырчысы аталган Барпынын ушул күнгө чейин ырдалып келген “Гөзал кызы” акынды арасат кылып, өзү айткандай, дардисар абалда калганын, көктөгү жылдызды санаган түндөрүн угармандын алдында элестүү тартып койгон. Тоголок Молдонун “Үрпүкан” ырында Качыке аттуу каадалуу кишинин келинчегине ашык болгонун, анын сулуулугуна суктанып келип, акырында андан чыксаң мага тиерсиң деген үмүттүү тилеги менен аяктайт.

Жогоруда эл ичинен чыккан оозунда сөзү бар, өтө шыктуу акындардын сүйгөн аялзаты, аларга арнап чыгарылган ырлардагы инсандар элдик тарбиялоонун факторлору катары мисал-үлгү көрсөткөн аялдар болгон. Эл арасында аялзаттагы сулуулуктун эталону, этикалык чен-өлчөм менен эстетикалык табит ушул акындар ырдаган аялдардын деңгээлинде бааланган. Бул ырларда айтылган аялзатынын адамдык сапаттарын алууга эл аракет жасашкан, алардын кылык-жоругуна, башкаларга жасаган мамилесине карап тарбияланышкан, түзөлүшкөн. Акындар аялзатына ыр арноо менен

сулуулукка суктанган, баа беришкен, көркөм сөз менен сулуу да, акылдуу да аялдардын портретин тарткан, ушунун өзү эстетикалык тарбия берүүнүн булагы болуп калган. Бул болсо өз убагында тарбиялоонун элдик педагогикадагы методдорунун бири болгон ишендирүү, үлгү тутуу менен ишке ашкан.

Ал эми Молдо Кылычтын “Буудайык” поэмасын өтүүдө проблемалуу суроо коюу ыкмасын пайдалануу менен да сабактын максатына жетүүсүнө шарт түзсө болот. Ушул жерде студенттерге «Эмне үчүн Төлөк саятчы жана анын уулу Тынымсейит өздөрүнүн сөөгүн тогуз жолдун тоомуна койгула деп керээз айтат?» деген суроону берген жөндүү. Алардын оюн угуп бүткөндөн кийин суроолорду кайра терендете берүү окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт. «Мүмкүн эл биздин сөөгүбүз коюлган жерди көргөн сайын байлыкка азгырылып, өмүрү менен кош айтышкан мендей адамды эстей жүрүшсүн, сабак алышсын деген ойлорун экөө тең билдиргиси келип жүрбөсүн? Же жаратылышка кыянаттык кылган мендей адамдын тагдыры ушинтип аяктайт деген ой бүтүмүдүр. Бул бүгүнкү күндө байлыкка гана умтулуп, ач көздүгүнөн эч нерсени көрө албай калган адамдарга карата айтылган эскертүү эмеспи?!»
Сабак өтүп жатканда бул суроолорду да студенттерге мээ чабуулу катары берсе болот.

«Дагы “Буудайык” поэмасына мaaнилеш чыгармалар барбы?» деген суроого студенттер изденип, элдик оозеки чыгармачылыктан, башка акын-жазуучулардын чыгармаларынан эстеп, тапканга аракеттенет. Натыйжада алар «Кожожаш» эпосун, «Карагул ботом» поэмасын, Жеңижок акындын «Жалгыз тал менен сүйлөшүү» ырын жооп катары айтып беришет.

Кыргыз фольклорунда байлардын ач көздүгүнөн, суктугунан жапа чеккен элдин кайгы-муңу арман ырларында жана жомоктордо да кездешет. Арман ырларында байдын берген малы үчүн кызын саткан атасына нараазы болгон жаш кыздардын кайгысы сүрөттөлсө, жомоктордо болсо ач көздүктүн аягы өлүм же жамандык менен аяктаары тариzделген.

Элибиздин көөнөрбөс руханий кенчи болгон «Манас» эпосунда ач көз болбой, көр дүнүйө жыйнабай, элиңе кызмат кыл деген идея кызыл сызык менен өткөнүн байкайбыз. Ал эми бул поэмада адамды көр напси жетелегенде акылын унутуп, азгырылып, өмүрү менен кош айтышканга бararын Төлөк саятчынын жана анын уулу Тынымсейиттин образы аркылуу акылман элибиз мурда эле айтып койгон тура. Көрсө, алтынды өмүрдөн артык көргөн адамдар үчүн буудайык байлык же азгырык деп түшүнсөк да болот тура. Чыгарманы ушул өңүттөн талдоо студенттерди каниет кылып жашаганга, байлыкка азгырылбай жашоого чакырат.

Бул теманы студенттерге жеткирүүдө **ПСМТ** усулун колдонуп өтүү теманы жеткиликтүү түшүндүрүүдө өзүнүн жемишин берет деп ойлойбуз.

**Позиция** – студент сабакта айтылган көйгөйгө же бирөөнүн ой-пикирине карата өзүнүн позициясын же ой-пикирин айтат.

**Себеп** – студент өзү айткан көйгөйдүн же ой-пикирдин себептерин аныктайт, далилдейт.

**Мисал** – ой-пикирин далилдөө үчүн ар түрдүү мисалдарды келтирет, аларды турмуш менен байланыштырат, чыныгы турмуштан ушуга окшош далилдерди издейт.

**Тыянак** – студент өзү айткан, далилдеген жана мисал келтиргендеринен тыянак, жыйынтык чыгарат.

Бул усул студенттердин ишмердүүлүгүн илимийлүүлүккө багыттап, далилдүү сүйлөй билүү үчүн фактылар менен турмуш чындыгын байланышта кароого үйрөтөт.

Бул усулду Молдо Кылычтын «Буудайык» чыгармасын өтүүдө максатка ылайыктуу төмөнкүдөй ыкманы пайдаланууну сунуштайбыз.

Студент алгач позициясын билдирет, анан ага карата себебин айтат. Андан кийин мисалдарын келтирип, тыянак чыгарат.

**Позиция** – Төлөк саятчы энесинин сөзүн угуп, буудайыктын артынан барбай коюшу керек эле. Андан кийин Тынымсейит уулу дагы атасынын жолун

жолдобой, анын өлүмүнөн сабак алып, буудайык кушка барбаса, өмүрү сакталып калмак.

**Себеп –** ата-эненин айтканын кылуу керек. Эне эч качан баласынын жаман болуусун каалабайт. Эгер Төлөк саятчы эненин тилин алганда, армандуу тагдырга жолукпайт эле.

**Мисал** – Биздин айылда да табиятты кор туткан мергенчилердин үй-бүлөсү жашайт. Алардын үй-бүлөсүнөн дайыма жаш бойдон өмүрү менен коштошкон адамдар ар бир муунунда бар. Мисалы, жакында эле ал үй-бүлөнүн жалгыз уулу сууга агып кетти. Бул өтө өкүнүчтүү.

**Тыянак** – демек, табияттын мыйзамын бузбай, гумандуулук менен жашоо керек. Табияттын гармониясына төп келгидей турмуш өткөрүү – жаратылыштын мыйзамы.

Сабактын аягында төмөнкү саптарга талдоо жүргүзүп, балдарга собол салып коюу чыгарманын философиялык салмагын арттырып, эстетикалык көркөмдүгүн дагы бир жаңы бийиктикке чыгарат: «Ойдон, тоодон эчтеме койбогон буудайык кайрадан Ак бугуга салганда,

Алтындан боосун тытты ошол,
Айды карай сызды ошол,
Абалкандай Жаныбек,
Акбугуга салам деп,
Асыл куштун баласын,
Буудайыкты качырып,
Муңданып карап калды ошол» [139,112].

«Ыр саптарындагы буудайык байлыктын символу деп айтсак болобу?» деген суроону берүү менен мугалим балдардын алдына көйгөйлүү маселени камтыган жыйынтыкты чыгарып коёт. Андан ары кыргыз эли барга да, жокко да каниет кылып жашаган эл экендигин баса белгилеп, көр дүйнө үчүн көмөлөнүп жашоо эмнеге алып келерин талкуулашса, ушунун өзү этнопедагогикалык идеяларды сиңирүүгө жатат деп ойлойбуз.

Жусуп Баласагын өзүнүн атактуу «Кут алчу билим» чыгармасында:

Напсиңди тый, баспагын жаман жолго,

Напси үчүн көр оокаттын кулу болбо.

Напсиңди тый, дайыма алып колго,

Мына ошондо чыгасың туура жолго.

Канчалык чогултсаң да байлык кетет,

Жакшы атыңды ойлогун - өмүр өтөт.

кыл, калтыргын жакшы атак,

Анда атагың түбөлүк турат жашап [86, 278],- деп айткан ыр саптары бар.

Акча, байлык деп гана акактап анын артынан түшпөгөн, адамдык нарк-насилди бийик тутуп, каниет менен жашаган муунду тарбиялап өстүрүү биздин максатыбыз болуп саналат. Ач көздүк менен байлыкка чиренип, мансапка манчыркаган адамдар эмес, өлкөнүн өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойной турган, жөнөкөй жана каниет кылган инсандарга мамлекетибиз бай болсо экен деген тилекти ар бир адам жүрөгүндө бакса максатка жеткенибиз деп билебиз. Студенттерде да каниет кыла билүү баалуулугун калыптандырууну үйрөтүүбүз керек.

Сабакта чыгарманын идеясын талдоо башкы орунда турат. Анткени дал ушул негизги идеяны табуу, акындын айтайын деген ою, калтырган моралдык таянычы аркылуу биз студенттерди этнопедагогикалык таалим-тарбияга каныктырып, элибиздин баалуулуктары менен оозандырабыз. Студенттердин идеялар жарышынан кийин төмөнкү **КАМК-талдоону** толтуруусун эскертебиз.

**КАМК – талдоо**

**КҮЧТҮҮ–** каармандын күчтүү жагы

**АЛСЫЗ –** каармандын алсыз жагы

**МҮМКҮНЧҮЛҮК –** каармандын мүмкүнчүлүгү

**КООПТУУ –** каармандын кооптуу жагы

Кээде бул кырдаалды талдоо (ситуациялык анализ) деп да аталып жүрөт.

Биз студенттерден “Төлөк саятчынын жашоого болгон укугу бар беле?” деген суроонун негизинде **КАМК-талдоо** жүргүзүп көрдүк.

**Таблица 2.2.5. – Молдо Кылычтын «Буудайык» поэмасы боюнча студенттерге сунуштаган КАМК талдоо**

| **Каармандын күчтүү жагы** | **Каармандын алсыз жагы** | **Каармандын мүмкүнчүлүгү** | **Каармандын кооптуу жактары** |
|---|---|---|---|
| Каармандын күчтүү мүнөзү, анын жашоодогу кредосу, алып жүргөн негизги сапаты, позитивдүү, жакшылыкка ыктаган сапаттарын жазышат. | Каармандын алсыздыгы, жаман жакка ыктаган негизги мүнөзү. Туруксуз сапаты, башка адамдарга негативдүү таасир эткен, өзү да анын алдында алсыздык кылган сапатын жазышат. | Каарман канчалык жаман болсо да, анын турмушунда тую ктан чыгара турган эң жакшы учур болушу мүмкүн. Студенттер мына ушул учурлардын бир нечесин жазышса болот. | Каармандын өмүрүнө, жашоосунда кооптуу жагдайды жараткан кырдаалдар тууралуу талдоо жүргүзүп, ошонун натыйжасын жазышат. |

**Таблица 2.2.6. – Молдо Кылычтын «Буудайык» поэмасы боюнча студенттер толтурган КАМК-талдоо**

| **Каармандын күчтүү жагы** | **Каармандын алсыз жагы** | **Каармандын мүмкүнчүлүгү** | **Каармандын кооптуу жактары** |
|---|---|---|---|
| Төлөк саятчы өз ишин мыкты билген кесипкөй. | Жаратылыштагы жан – жаныбарларга, куштарга зыян | Саятчы апасынын тилин алганда, балким | Табиятка адам зыян келтирип жатат, бул адам үчүн кооптуу. Мында сөзсүз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ал куштардын тилин билген тилмер.<br>Эч ким кармай албаган буудайыкты ал кармап алды. | кылган адамдар өздөрү кор болот экен деген жыйынтыкка келдим. Анан да Төлөк байлыкка өтө кызыгат, сандыктагы сары алтын анын түбүнө жетти.<br>Ал байлыкты өз өмүрүнөн да жогору коюп баалап алды. Чындыгында өмүр баалуу болуш керек эле. | окуя башкача болмок.<br>Ата-эненин тилин алуу маанилүү экендигин түшүндүм.<br>Бир аз ынсаптуу болуп, каниет сабыр кылганда өмүрү сакталып, узак жашамак. | көйгөй жаралат. Төлөк саятчы уулу Тынымсейитти да өзүнүн жолуна салып, ач көздүккө тарбиялап коюптур. Болбосо баласы атасынын өлүмүнөн кийин эс-акылына кирип, буудайыкты издөөдөн баш тартса болмок. |

Н.Ишекеев менен С.Батаканова «Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы» аттуу эмгегинде көркөм чыгарманы талдоонун эки түрүнө токтолушат: «...стихиялуу түрү жана максаттуу түрү. Көркөм чыгарманы талдоонун стихиялуу түрү ар бир адамдын субъективдүү көз карашы менен байланыштуу болот да, окурмандын дал ошол учурдагы пикирине жараша чечилет. Ал эми максаттуу турү атайын окуу менен коштолуп, мектептерде адабият сабагы аркылуу ишке ашырылат. Демек, көркөм чыгарманы талдоо окуу процессинин бир бөлүгү болгондон кийин, ал билим берүүнүн башка түрү сыяктуу эле окутууга муктаж. Көркөм чыгарманы талдоо – реалдуу турмуш чындыгында болуп жаткан көрүнүштөрдү, тарыхый доорлордо жаралган адам турмушунун элесин ар бир коомдук түзүлүштүн, тарыхый өнүгүштүн сересинде туруп, адам жашоосу менен акырындап түптөлүп,

бийиктигине жеткен акыл-эстин, билимдин өлчөмүнөн карап, ошол мерчемден көз чаптырып, эң зарыл, сөзсүз үйрөнүү керек деген принциптен өз мезгилине ылайык анализдөөнү үйрөтүү, бардык заманда болуп келген жана боло бере турган социалдык, маданий көрүнүш” [109, 171]. Андан ары окумуштуулар билим берүүнүн көлөмү жана мүнөзү, мазмуну кандай өзгөрүлсө, адабият сабагында да көркөм чыгарманы талдоо ошондой жаңыланып турууга тийиш экендигин белгилешет [109, 171].

XIX кылымдын биринчи жана экинчи жарымына таандык Молло Ныяздын «Санат-дигарасттар» деген бул 3 колкитепти азыркы тилибизге салып берген (чагатай арбинен) Омор Сооронов: «…XIX кылымдын башындагы сабатсыздыктын сазына батып турган кыргыздардын арасынан суурулуп чыккан, ырларын кагаз бетине түшүрүп гана тим болбостон, атайын китеп кылып түптөп, булгаары менен сырттап, бир нече нуска кылып элге таратканына бир эсе таң калсаң, бир эсе өз чыгармачылыгына өтө берилгендигине, жадабаган эмгекчилдигине жүз жолу-миң жолу рахмат айткандан башка арга таба албайсың» [204, 20] - деп белгилейт. Молло Нияздын бардык эмгектерин которуп иретке келтирип, баа жеткис тарыхый-лингвистикалык эмгекти элге тартуулаган изилдөөчү О.Сооронов бул улуу акынды изилдөөдө келечекте жаш муундардан үмүт кылат. Чындыгында, элдик башатыбызга кайрылып, ажайып адабият үлгүлөрүн жаштарга сиңирүү коллежд студенттеринин этномаданий, тилдик-лингвистикалык, адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн калыптап, алардын тарыхый эс тутумун жогорулатууга жардам берет.

Окутуунунун этнопедагогикалык багыттагы окутуу технологиялары биздин изилдөө боюнча төмөнкүдөй багытта жүргүзүлөт.

**Илимий изилдөөлөрдү үйрөнүү жана пайдалануу методу.** Бул багытта Молдо Кылычтын «Бүркүттүн тою» чыгармасын окутууда адабиятчылардын пикири пайдаланылды. Молдо Кылычтын бул чыгармасы тамсил түрүндө жазылган. Тазабек Саманчин акындын канаттуулар жөнүндөгү казалдарды жазууда фарстардын байыркы доордогу жазуучусу Аттардын «Лисан-ат-

тайыр» аттуу китеби менен да тааныш болгондугун далил келтирет. 15-кылымда жогорудагы чыгарманы Алишер Навои түрк тилине которуп, ошондон бул чыгарма Орто Азия элдерине кеңири тарагандыгын белгилейт. Сабакты өтүүдө илимийлүүлүк принцибинин сакталышы тууралуу талаптарды билебиз. Студенттердин дүйнөгө болгон илимий көз карашын түптөөдө алардын илимий далилдерге, аргументтерге же гипотезаларга карата өз ой-пикирин билдирүү, «окумуштуу менен талашка чыгуу», ой жорумун далилдөө сыяктуу баскычтар маанилүү роль ойнойт.

Адамдын көз карашы – бул адамдын чындыкка: социалдык чөйрөгө, табияттын кубулуштарына, адамдын бири-бири менен жана коом менен карым-катышына карата мамилелерин көрсөткөн дүйнөгө болгон көз караштарынын жыйындысы болуп эсептелет. Ал эми илимий көз караш – тарыхта такталган билимдердин тыянагына негизделген, элдин түрдүү ишмердүүлүктөрүнөн көрүнүп турган, адамдын коомго жана табиятка карата болгон көз караштарынын системасы. Илимий көз караштарды сабакта пайдалануу аркылуу сабак кызыктуу, мазмундуу өтөрүнө күмөн жок, ал эми окуучулардын акыл-эси курчуйт, чындыкка карата аналитикалык ой жүгүртүүсү өсүп жетилет. Бул боюнча В.А.Сухомлинский: «Таанып-билгенди далилдөө жана далилдегенди таанып-билүү так ушул эмгек менен ой толгоонун биримдигинде акыл тарбиясы менен көз караштын биримдиги турат» [205, 5], - деген.

Сабакта илимпоздордун ой-пикирлерин айтуу, ал боюнча студенттердин өздөрүнүн көз карашын суроо зарыл деп ойлойбуз. Бул биринчиден, илимийлүүлүккө багыттаса, экинчиден, бала өз позициясын далилдеп көрсөткөнгө үйрөнөт, үчүнчүдөн, активдүү турмуштук позициясы калыптанат. Ошентип мугалим сабакта төмөндөгү эки окумуштуунун пикирин айтып, балдарга бөлүшөт.

**1-пикир.** Окумуштуу Тазабек Саманчиндин айтуусунда, «Бүркүттүн тою» да «Канаттуулар» сыяктуу тамсил түрүндө жазылган социалдык сатирага кирет. Изилдөөчү андан ары казалдагы сюжеттик өнүгүүнү ырааттуу баяндап,

акырында чыгарманын жазылуу тарыхына токтолот. «Бүркүттүн тоюнун» жазылыш тарыхы мындайча болгон. Чоң аш-тойлордогу болгон салтанаттарды жазгын деп, Кылычка бай-манаптар тарабынан заказ болгон. (Бул жөнүндө «Зилзаланын» аяккы бетине жазылган). Бирок Кылыч ал заказды аткарган эмес. Ал чынчыл акын болгондуктан, бай-манаптардын аш-тойлорунун салтанатын мактай алган эмес. Кайта аларды какшыктап, күлкүгө айландырып, тойдун калың элге келтирген бүлүгүн сатира жолу менен көрсөткөн» [139, 229].

**2-пикир.** Ал эми К.Асаналиевдин пикири боюнча, кандай гана чыгарма болбосун, сөзсүз  түрдө социалдык-коомдук турмуштун тикеден-тике чагылышын көрүү ал мезгилдин адабий таануу илимине мүнөздүү болчу. А чынына келгенде Молдо Кылыч бай-манаптардын той өткөрүү каадасын келекелеп, сындап жатпаса деле керек, анын тек гана ошол өзү жакшы билген каада-салттарды, жөрөлгөлөрдү куштар дүйнөсүнө «көчүрүп» келип, канаттуулардын жекече айырмачылыктарын сүрөттөөнү максат эткен болуу керек» [139, 21] -, деп чыгармадагы күлүк жарышта градациялык тартип сакталганын мисал келтирет.

Мугалим студенттерден алардын кайсы окумуштуунун пикирине кошула турганын сураса болот.

Бүгүнкү бизди курчап турган дүйнө күнүгө өзүнүн жаңылыктарын киргизип жатат, дүйнө татаалданууда. Жаш муундар жаралган көйгөйлөрдү чечүүгө турмуштук жагдайларды сынчыл талдай билип, объективдүү жана субъективдүү себеп-натыйжаларды салмактап көрүп, болгон маалыматтарды терең анализдеп, туура чечим кабыл алуусу керек экендигин турмуш өзү көрсөтүп жатат. Ошондуктан балдарды турмушка даярдоо, алардын активдүү турмуштук позициясын калыптандыруу, көйгөйлөрдү өз учурунда чече билүү көндүмдөрүн калыптандыруу да бүгүнкү күндүн сабакка койгон зарыл талаптарынан болууда.

Окуучу өздөштүргөн билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр, алардын негизинде түзүлгөн интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр,

социалдык маанилүү касиеттер (сапаттар, компетенттүүлүк, таанымдык өз алдынчалык), курчап турган турмуш чындыгы менен эмоциялык баалуулуктук мамилелер окутуунун натыйжасы деп аталат. Биз заманбап билим берүүгө ылайык ушул окутуунун натыйжасына басым жасап, ушуга жетүүгө аракет жасашыбыз керек. Мына ушул окутуунун натыйжасына жетүүдө студенттер  элдик педагогиканын элементтерине сугарылганы максатка ылайыктуу. Эмгекте мына ушул илимий изилдөөлөргө таянуу методун да жогорудагыдай учурларда колдондук.

**Нормативдик материалдарды үйрөнүү методу.** Бул багытта колледждердеги студенттердин өздөштүрүүлөрү катталган журналдары, окутуучулардын өздүк программалары жана календарлык пландары, адабий билим берүүнүн концепциялары, стандарттары, баа коюунун нормалары ж.б. материалдар үйрөнүлдү.

**Практикалык тажрыйбаларды талдоо, жалпылаштыруу**. Колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү багытында Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун (азыркы Ош мамлекеттик-педагогикалык университетинин) алдындагы колледждин окутуучулары К.Молдокановanын Б.Кыдырованын, Г.Аскарованын эл акындарынын чыгармаларын окутуу боюнча педагогикалык тажрыйбалары үйрөнүлдү, жалпылаштырылды жана эмгекте пайдаланылды.

**Сурамжылоо, аңгемелешүү.** Колледж окутуучуларынын, студенттердин арасында кыргыз адабиятында элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун абалын, өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүү үчүн сурамжылоо жүргүзүлүп, аңгемелешүү өткөрүлдү жана алардын жыйынтыктары ишти жазууда колдунлду.

**Студенттердин жазуу иштерин үйрөнүү.** «Молдо Кылычтын чыгармаларындагы жаныбарлар жана адамдар», «Аялзат темасы – «Даткайым» поэмасында», «Тоголок Молдонун акындык чеберчилиги», «Нурмолдонун нускалары» ж.б. темаларда эсселер, рефераттар жазылды жана алардын натыйжалары иште чагылдырылды.

### 2.2.2. Изилдөөнүн эксперименталдык методу.

Биз тандаган тема боюнча эксперименталдык изилдөө 2014-2021-жылдарда үч этапта жүргүзүлүп, эксперименталдык база катары төмөнкү билим берүү уюмдары тандалды:

1. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин колледжи
2. БатМУга караштуу Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун колледжи
3. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин колледжи.
4. Ош мамлекеттик университетинин индустриалдык-педагогикалык колледжи.

*Биринчи (даярдоочу) этапта (2014-2016-ж.ж.)* өзүм Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин колледжинин мамлекеттик тил кафедрасында окутуучу катары эмгектенип, адабий чыгармаларды окутууда көркөм-адабий талдоо, аларды этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү боюнча сабактар өтүлдү, башка окутуучулардын сабагына катышып, алардын тажрыйбалары жыйынтыкталды. Студенттердин адабий билиминин жалпы мониторинги түзүлдү, тема аныкталып, али илимий сынактан өтпөгөн маалыматтар топтоло баштады.

Бул этапта колледждерде акындар поэзиясынын этнопедагогикалык негизде окутулушун үйрөнүү, илимий изилдөөнүн божомолун табуу, изилдөөгө методологиялык негиз боло турган илимий адабияттарды окуп үйрөнүү максаттарын койдук. Илимий эксперимент жүргүзүүнүн максаттарын, милдеттерин, багыттарын тактап, эксперимент жүргүзүү үчүн колледждерди тандап алуу жана эксперимент жүргүзүү үчүн каралуучу маселелерди таап, алардын натыйжалуу болорун изилдөө бул этаптагы ишибиздин негизги милдеттеринен болду. Жогорудагы милдеттерди ишке ашырууда байкоо жүргүзүү, талдоо, аңгемелешүү, колледждеги студенттердин билимдерин аныктоо сыяктуу усулдарды пайдаланып иштедик. Натыйжада акындар поэзиясынын колледждерде этнопедагогикалык негизде

окутуунун жалпы абалы дайын болду. Алдыбызга коюлган проблемабыздын изилдениш тарыхын аныктап, усулчу мугалимдердин, окумуштуулардын тажрыйбалары изилденди. Башкысы – студенттердин жалпы адабий чыгармаларды окуу, анын ичинде акындар поэзиясын үйрөнүү кызыгуулары аныкталды. Ошондой эле окуу программалары, окуу китептери талдоого алынып, тарыхый-методикалык аспектиден үйрөнүлүп, жыйынтык чыгарылды.

**Таблица 2.2.7. – Эксперименттин 1-этабынын максат-милдеттери, методдору жана натыйжалары**

| **Даярдоо (байкоо, изилдөө) этабы – 2014 – 2016-жылдар** | | | |
|---|---|---|---|
| **максаты** | **милдети** | **методу** | **натыйжасы** |
| Кыргыз адабиятынын акындар бөлүмүн колледждерде окутуунун абалы менен таанышуу; изилдөөнүн гипотезасын тактоо; | эксперимент өткөрүүчү база ларады аныктоо; экспериментке берилүүчү материалдарды тактоо; экспреименттен максатын, милдетин, жүрүш жолдорун | Колледждердин окутуу өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү; окутуучуларды изилдөө; нормативдик документтерди үйрөнүү; аңгемелешүү; байкоо; адабияттарды үйрөнүү; маалыматтарды жыйноо; аңгемелешүү; | Кыргыз адабиятынын акындар бөлүмүн колледждерде окутуунун тарыхы, учурдагы абалы талданды; темага байланыштуу нормативдик документтер үйрөнүлдү; методисттердин, окутуучулардын тажрыйбалары топтолду; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| темага байланыштуу методологиялык эмгектер менен таанышуу. | аныктоо; тажрыйба жүргүзүүчү окутуучуларды, тайпаларды тандоо. | анкета таратуу, аларды жыйынтыктоо ж.б. | окуу программалары, окуу китептери, талданды; окутуучулардын, студенттердин компетенттүүлүк-төрү аныкталды; студенттердин адабий теориялык билими текшерилди. |

Ушул 1-этапта колледж студенттеринин элдик акындар боюнча билими жана компентенттүүлүктөрү текшерилди. Текшерүүгө 4 колледжден 295 студент катышты. Бул мезгилде байкоо жана тажрыйба тобу деп бөлүнбөдү.

Жыйынтыгы төмөнкү таблицада берилди.

| | Эл акындарынын ырларын угат, бирок кызыкпайт. | Чыгарманын маани-маңызына баа берет, ал тууралуу ар кандай дискуссияларга катышат. | Акындык өнөрдү баалоого, сактоого, өткөрүп берүүгө жоопкерчилик ала алат. | Акындардын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеяларга карата өзүнүн активдүү турмуштук позициясын билдирет. |
|---|---|---|---|---|
| **Байкоо тобу** | | | | |

| Тажрыйба тобу | | | | |
|---|---|---|---|---|

**Таблица 2.2.8. – Элдик ырчылардын чыгармаларын өздөштүрүү деңгээли (саны)**

| окуу жайы | баары | жогорку деңгээл | орто деңгээл | төмөнкү деңгээл |
|---|---|---|---|---|
| ОшМУнун колледжи | 79 | 18 | 30 | 31 |
| ОшМПУнун колледжи | 82 | 19 | 29 | 34 |
| Кызыл-Кыя колледжи | 48 | 11 | 17 | 20 |
| Жалал-Абад колледжи | 86 | 24 | 39 | 22 |
| **баары** | **295** | **72** | **115** | **107** |
| **% көрсөткүчү** | **100 %** | **24, 5 %** | **39 %** | **36, 3 %** |





**Диаграмма 2.2.1. - Элдик ырчылардын чыгармаларын өздөштүрүү деңгээли (пайыздык көрсөткүч)**

**Таблица 2.2.8. – Элдик ырчылардын чыгармаларын өздөштүрүү деңгээли (саны)**

| | Байкоо тобу | Тажрыйба тобу |
|---|---|---|
| Элдик акындардын өмүр баяны жана алардын чыгармалары тууралуу маалыматка ээ болушу | 79 | 18 |
| Жогорудагы элдик акындардын негизги чыгармаларынын идеяларын, темаларын айтып бере алышы. | 82 | 19 |
| Акындардын чыгармаларынан жатка билиши (алардан үзүндү айтып бере алышы). | 48 | 11 |
| Нурмолдо, Молло Ныяз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдонун чыгармаларын башка | 86 | 24 |

| | | |
|---|---|---|
| элдик акындардын (Токтогул, Барпы, Жеңижок ж.б.) чыгармалары менен салыштыра билиши. | | |
| **баары** | **295** | **72** |
| **% көрсөткүчү** | **100 %** | **24, 5 %** |

Таблицадан көрүнүп тургандай, мисалы, ОшМУнун колледжинен 79 студент сурамжылоого катышып, алардын ичинен жогорку деңгээлдеги өздөштүрүү 18 студент болсо, 30 студент орто, 31 студент төмөн деңгээлде өздөштүргөн (башка колледждерди да карап көрүңүз).

Студенттердин элдик акындардын чыгармаларын өздөштүргөндүгүн баалоо үчүн төмөнкүдөй *критерийлерди (чен-өлчөмдөрдү)* негиз кылып алдык.

1. Элдик акындар Нурмолдо, Молло Ныяз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдонун өмүр баяны жана алардын чыгармаларды тууралуу маалыматка ээ болушу, б.а., бул багытта биздин анкеталарга жооп беришинин баллдык көрсөткүчү.

2. Жогорудагы элдик акындардын негизги чыгармаларынын идеяларын, темаларын айтып бере алышы.

3. Акындардын чыгармаларынан жатка билиши (алардан үзүндү айтып бере алышы).

4. Нурмолдо, Молло Ныяз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдонун чыгармаларын башка элдик акындардын (Токтогул, Барпы, Жеңижок ж.б.) чыгармалары менен салыштыра билиши.

Мындай көрсөткүчтөрдүн себептерин изилдеп, студенттер менен аңгемелешүү, алардан анкета алуу, окутуучулардан сурамжылоо жолу менен табылды. Алар төмөнкү таблицада берилди.

**Таблица 2.2.9. – Студенттердин элдик ырчылардын чыгармалары менен таанышуу деңгээлинин төмөн болушунун негизги себептери**

| | Баары | Алар тууралуу мектепте кеңири окутулбаган дыгы | Китептердин жоктугу, же аздыгы | Алардын чыгармаларын түшүнүүгө кыйынчылыгы |
|---|---|---|---|---|
| ОшМУнун колледжи | 79 | 27 | 29 | 23 |
| ОшМПУнун колледжи | 82 | 33 | 26 | 23 |
| Кызыл-Кыя колледжи | 48 | 16 | 18 | 14 |
| Жалал-Абад колледжи | 86 | 29 | 28 | 29 |
| **баары** | **295** | **105** | **101** | **89** |
| **% көрсөткүчү** | | **35,5 %** | **34,2 %** | **30,16 %** |




**Диаграмма 2.2.2. – Студенттердин элдик ырчылардын чыгармалары менен таанышуу деңгээлинин төмөн болушунун негизги себептери ( пайыздык көрсөткүч)**

Бул таблицадан көрүнгөндөй, колледжердин студенттеринин элдик акындар боюнча билгендери төмөн экендигинин себептери:

1. Бул акындар тууралуу мектепте кеңири окутулбагандыгы.
2. Бул акындар тууралуу өз алдынча даярдануу үчүн окуу жана кошумча адабияттардын жоктугу, же аздыгы.
3. Алардын чыгармаларын (көбүнчө тилин) түшүнүүгө кыйынчылык туудурушу.

Демек, бул үч көрсөткүч биздин кайсыл багытта иш жүргүзүү керектигибиздин негизги багыттарын аныктады.

Жогорудагыдай жыйынтык алуу үчүн төмөнкүдөй иштердин жүргүздүк:

- студенттерден анкеталарды алдык;
- студенттердин жазуу жумуштарын талдадык;
- сабактарга катыштык;
- студенттерден тест тапшырмаларын алдык;
- студенттер менен аңгемелешүү жүргүздүк ж.б.

*Экинчи (изденүүчү) этапта (2017-2018-ж.ж.)* Ош мамлекеттик университетинин индустриалдык-педагогикалык колледжинде атайын максаттуу түрдө илимий изилдөөбүз жүргүзүлүп, студенттерге акындар поэзиясын үйрөтүү менен этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча тереңдеп кирүү менен эксперименттер үчүн суроо-тапшырмалар таркатылып, натыйжалары анализге алынды. Ушул мезгилде биз иштеп жаткан изилдөө иши боюнча жалпы көйгөйлөрдүн объективдүү жана субъективдүү себептери талданды.

Бул этапта иштин негизги бөлүгү аткарылып, колледждерде кыргыз адабияты сабагынан берген мугалимдердин сабакка болгон даярдыгы, теориялык материалды билгендиги, усулдук негиздеги даярдык деңгээлин талдап, аныктап чыгуу башкы милдеттердин бири катары коюлду. Андан кийинки негизги милдет колледждерде акындар поэзиясын окутуунун усулун изилдөө жана биз иштеп чыккан усулдук ыкмаларды, сабактардын моделдерин, сунуштарыбызды колледждердеги эксперимент жүргүзө турган окутуучулар менен талкуулоо болду. Ошондой эле бул этапта студенттер менен баарлашып, өтүлгөн сабактарды талдоого алып, мугалимдерге жаңыча усулдар менен жабдылган сабак өтүү моделдерин сунуштадык. Студенттерден дил баян, эссе ж.б. жазуу иштерин алып, алардын мазмунуна, балдардын ой толгоолоруна талдоо жүргүзүп, аларды баалайдык. Натыйжада акындар поэзиясын колледждерде этнопедагогикалык негизде окутуунун биз сунуштаган усулдары педагогикалык эксперименттен өткөрүлдү.

Мисалы, биз чыгармаларды окутууда *таблица толтуруу методун* колдондук. Айталык, Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» чыгармасын окутууда студенттерди алгач сюжет менен тааныштыруудан баштадык. Чыгарманын сюжетин окутууда төмөнкү таблицаны толтурса максатка жетүү жараяны жакшырат. Жамгырдын, Суунун, Шамалдын жана Оттун сөздөрүн талкуулабай туруп, окуучуларга чыгарманын маани-маңызын үйрөтүүгө болбойт.

**Таблица 2.2.10. – Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» чыгармасынын сюжетинин негизинде толтурулган таблица**

| № | Жердин балдары | Сын-сыпаты, жасаган иши | Натыйжа | Кандай мотив бар? |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жамгыр | Басып өткөн жеримден, Байчечекей ачылат... Асмандан төгүп тунук суу, Жерге берем тиричилик. Жаабай койсом бир жылга, Жандын баары кысылат. Эки жылга жетпестен, Элдин баары бузулат. Менден жардам болбосо, өзөнүң кургап сай болот, Мактанбагын суу аке, баарыңдын жолуң байланат. | Ар бир жандын өзүнө, Башка берем тиричилик. Кабыгы менен бүт куурайт, Карагай, кайың, терек тал. Өнбөй калса жерге чөп, өлүп бүтөт барча мал. | Алгач жамгыр мактанып жатат. |
| 2. | Суу | Асманды курчап бүркөлүп, Суу алган булут куралган. Мактанбагын, жамгырым, Деңиздин сен да суусусуң. | Катуу жааса бурганак, Борошолоп шыбыргак. Күн күркүрөп тарсылдап, От чагылып жаркылдап. | Жамгырды басынтып, өзүн көтөрүп |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Алып келген булуттун, суусу турсун буусусуң. | | мактанат. |
| 3. | Шамал | Мен кызмат кылдым өзүңө,<br>Кулагың салчы сөзүмө.<br>Сага кылган жардамым,<br>Көрүнбөдү көзүңө.<br><br>Ар кимисин ар сайдан,<br>Айдап салам жолуна.<br>Эч бир нерсе чыдабайт,<br>Кайратымдын зоруна.<br>Таң атарда сыбызгы,<br>Күн батарда муздак жел,<br>Баарысы менин колумда.<br>Өзүм болсо токтобой,<br>Көп кечикпей жетемин.<br>Сасык-бузук жыт болсо,<br>Айдаган бойдон кетемин. | Албай кетип барасыз,<br>Ансайын күчөп эсиңе.<br>Эсирбегин мактанып,<br>Эми тийдиң безиме.<br>Сары атан жайды кыш кылам,<br>Калсын деп атак соңумда.<br><br>Көп кечикпей барганым,<br>Көпкө кылган жардамым.<br>Жаман жытты жолотпой,<br>Алыс айдап салганым. | Шамал сууга ачуусу келип жатат. |
| 4. | От | Тоңгондорду эритем, үшүгөндү жылытам. Чийки болсо бышырам, Бышык болсо күйгүзөм. | Жандын баарын кубантып,<br>Кабагын ачып күлгүзөм.<br>Баары жоктун баарына,<br>Пайдамды артык тийгизем. | Өзүнүн иштерине мактануу |
| 5. | Жер | Балдар сөзүм угуңар,<br>Кулак салып туруңар. Жол талашып урушпай, | Ынтымактуу болсоңор,<br>Ошондо болот жолуңар. | Ынтымакка, биригүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ынтымак болсун тобуңар.<br>Бүтүн дүйнө шамал, суу-<br>Баары менден таралды.<br>Баары жоктун баарысы,<br>Пайда тапкан өзүмдөн.<br><br><br>Бул жолдун өзү аман жол,<br>Жалпы балдар аман бол.<br>Ушул жолду көрсөткөн,<br>Атанардай болсоңор. | <br><br><br><br><br><br>Таап салган бул жолду,<br>Жашасын балдар, атанар!<br>Жайдары заман бактыңар,<br>Балдарым эми жашаңар [206]! | гө чакыры п жатат. |

*Интерактивдүү усулдарды колдонуу.* Жогорудагы Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» чыгармасын окутууда интерактивдүү усулду колдонуп сабак өтүү алда канча алгылыктуу. Студенттер окутуунун бул усулун колдонгондо батыраак окуп, талкуу жүргүзгөн учурда билип алгандарын жакшы эстеп калышат. Окуучулар маалымат алуу менен эле чектелбестен, топ ичинде өзүлөрү сунуш кылган чечим эмне үчүн туура экендигин же болбосо башка варианттардан жакшыраак экендигин тушүндүргөнгө аракет кылышат. Алар идеяларды талкуулаганда бир топ терең ойлонгонго мажбур болушат, себеби айтылган пикирин андан ары коргоп да чыга алуу зарыл болот.

Бул чыгарманы окутууда **«Мозаика»** усулун колдонуу менен студенттерди топторго бөлүп алып окутса болот. Алгач ар бир топ түс боюнча айырмаланып турат. Мисалы: Жамгыр – жашыл, Суу – көк, От –кызыл, Шамал – сары. Ошондой эле топтогу ар бир студентке номерленген сан берилет. Мугалим алгач түс боюнча бөлүнүп отурган студенттерден номерленген сан боюнча бөлүнүп отурганын суранат. Бул эксперттик топ деп аталат. Балдар жалаң 1-номердегилер бир топко, 2-номердегилер 2-топко, 3-номердегилер 3-топко

ж.б. ушул сыяктуу бөлүнүшөт. Мугалим 5-6 студенттен турган ар бир эксперттик топко Жамгырдын, Суунун, Оттун жана Шамалдын өзүнө тиешелүү сөздөрү жазылган тексттерди топторго таркатып, алардын талкуулаганына, окуп-үйрөнүүсүнө убакыт берилет. Белгиленген убакыт бүткөнгө чейин берилген текстти терең талдоого алышат. Андан кийин студенттер кайрадан мурунку тобуна, б.а. түстөр боюнча бөлүнгөн алгачкы топко чогулушат. Эми ар бир топтон үйрөнүп келген билимдерин топ ичинде талкуулашат. Мисалы, 1-номердегилер чогулган топко Жамгырдын сөзү берилген болчу. Ал студент курдаштарына Жамгыр жөнүндө түшүнүк берип, өзү үйрөнүп келген билимин башкаларга бөлүшөт. 2-номердегилер отурган топтон келген студент Суу жөнүндө, 3-номердегилер отурган топтон келген студент От жөнүндө билимдерин айтып берип, окутуп, талкуулашат. «Мозаика» усулун колдонуунун өзөгү да ушунда: алгач түстөр боюнча бөлүнүштү, андан кийин номерлер боюнча топторго биригип, кайра түстөр боюнча чогулушту. Мисалы, жашыл түстөгүлөр бир топ болушту, кызылдар бир топко чогулушту, сары түстөгүлөр да бир топко олтуруп иштеп башташты. Топ ичинде ар бири ар башка маалыматты алып келди. Эми ошол билимин топтогу калган окуучулар менен бөлүшөт. Баары чыгарма тууралуу жалпы маалымат алышты, себеби бири-бирин окутушту. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, адамдар бири-бирин окутканда материалдын көп бөлүгү эсинде калат.

Мугалим тарабынан алдын-ала даярдалган суроолор:

**-Жамгыр жааганда кыргыздар кандай тилек айтышкан?**

- Ата-бабаларыбыз жамгыр жааганда түшүм мол болсун деп тилек кылышкан. Азыр деле жамгыр жаабай калган учурда, көп убакытка созулган мезгилде эл түлөө өткөрүп, Кудайдан жамгыр беришин сурашат.

**-Балдардын жамгыр жааганда сүйүнгөндөгү ырларды билесиңерби?**

-Өткүн, өткүн өтүп кет,
Кара сууну кечип кет.

**-Жамгырды ата-бабалар кантип сыпатташкан? Жамгырдын түрлөрүн атап бере аласыңарбы?**

**Таблица 2.2.11. – Элдик билимдерде жамгыр жана анын түрлөрү, белгилери**

| **Жамгырдын түрлөрү** | **Жамгырдын түрлөрүнүн маани-маңызы** |
|---|---|
| Ак жаан | Узакка созулган (кээде 3-4 күнгө созулат), майдалап, ээип жааган жамгыр |
| Өткүн | Кыска убакытта шатыратып жаап кетчү жамгыр, кээде күн чайыттай ачык туруп деле жаап коёт |
| Добул | Шамал менен коштолгон жамгыр, жазында добул болсо, бак-дарактар түшүм бере албай калат, себеби бүт гүлүн добул күүп таштайт |
| Нөшөр | Көбүнчө чагылган чартылдап, шамал менен төгүп, катуу жааган жамгыр |

«Жер жана анын балдары» поэмасын талдоо учурунда студенттер үйрөнүүчү жана талдоого алуучу жамгырга байланыштуу *элдик ишенимдер жана тыйымдар.* Жаратылышта көп нерсенин пири, колдоочусу бар дегендей эле Жамгырдын пири – Күлдүр ата дешкен. Жазында жамгыр жааганда «Дамбыр таш» ырын ырдап, Күлдүр атага сыйынган.

Жамгыр кайсыл учурда болорун айга карап болгоологон, алар элдик түшүнүктө: Ай башында жамгыр болсо, ортосунда жана акырында да жамгыр болот, Ай жаңырганда чалкалап жаңырса ай жаанчыл болот, ал эми тик жаңырса жаан-чачынсыз, кургакчыл болот, Ай короолоп нур жакындан төгүлсө – жамгыр болот, нур алыстан төгүлсө – эки-үч күндөн кийин жаан болот, Ай өткөн айда жаансыз болуп, жаңысы жамгыр менен башталса, айдын өз жүзүн өзү жууп атканы, Ай тике тууса – жамгырлуу болор, Ай толук

толгондо сап болуп жалтырап турса – аба жакшы, караңгылап кубарып турса – жамгыр болор, Ай тууганда чалкалап тууса – анда жаанчыл, кырдана тууса кургакчыл, Ай чалк өйдө тууса – ай бою аяз, жер карап тууса – ай бою жамгыр, Ай чалкалай тууса – бул айда аязга, жүстөмөн тууса – жаанга, өткөн ай жаансыз болуп, жаңы ай жамгыр менен башталса – анда ай өз жүзүн өзү жууганы. Тоюнда жамгыр жаайт деп балага казандын түбүн (кырмычыкты) бербейт, балдар жазында «чачым өсөт» деп жамгырга башын тоскон, адамдар жамгырды урушпайт, сөкпөйт, тили чыга элек балага жамгырдын суусун ичирбейт, ичирсе, чулдур болуп калат дешет. Өлүк чыгарып атканда кар, жамгыр катуу жаап ийсе, өлүк жакшы адам экен, жакшы кабыл алынды дешет. Кумурскалар жан талашып уюгуна жашынса – катуу жамгыр келе жатат. Көлчүктөгү бакалар жээк жакка чыгып калса, жакында жамгыр болот. Жума күнү жааган жамгыр нөшөргө айланып, узакка созулат.

Кыргыз элинин көп кылымдык тажрыйбасынан келип чыккан мындай ишенимдерди окуу процессинде үйрөтүүнүн педагогикалык мааниси: эл турмушун тереңирээк билүү; элдик ишенимдерге баа берүү; элдик ишенимдердин азыркы турмушта кандайча колдонулуп жатканын салыштыруу; табият менен кыргыздардын жакындыгын, гармониясын аңдаштыруу ж.б.

Ушундай эле элдик ишенимдер сууга, өзгөчө аккан сууга байланыштуу. Мисалы, кыргыздар адам кептөөр болгонду шар аккан суунун шапатасына отургузат, малга өлөт тийгенде иттин тутам жүнүн жулуп, аны менен мал байланган жипти сыдырып өтүп, аны шар аккан сууга ыргытат, жугундуну аккан сууга төкпөйт, аккан сууга таштанды ыргытпайт ж.б.

Аккан суу жөнүндө кыргыз эл акыны А.Осмонов минтип жазган:

Аккан, аккан, аккан суу,
Ар пендеге жаккан суу.
Сыр-Дайрадан кең туруп,
Сыр аякка баткан суу.
Ай аккан суу, аккан суу,

Сууң кургап түбүндө,

Акпай калсаң ошондо,

Түшөр элең көңүлгө.

Чаңкар эле адамзат,

Азар эле адамзат.

Бир тамчыңа бир уулун

Сатар эле адамзат [175, 90].

Атактуу акын Жеңижок аккан суу тууралуу алты күн ырдап бүтчү эмес экен. Анын суу жөнүндө ырдаган ырынан мисал келтирсек,

Ак кыянын боорунан,

Агып чыккан аккан суу.

Өмүр отун тутантып,

Жагып чыккан аккан суу.

Асман менен учкан да,

Мурду менен тынган да,

Баары өзүңө келишкен,

Асилденсиң, аккан суу! [83,34]

От жөнүндө билгениңер барбы? Маселен, От – бул дүйнөгө аккан суу менен күндөй эле табигый зарыл нерсе, кадыресе жаратылыштын кубулушу, реалдуу чындыгы. Ал жашоонун бардык чөлкөмү менен байланышкан. Анда бүт тиричилик бар. Отсуз дүйнөнүн куну учат, куту качат, адамдар ансыз жашай албайт, ал жок болсо маанайы чөгөт.

Кыргыздар байыртан эле отко табынышкан. Отту бардык жаман нерседен тазалоочу кудурет күчкө ээ, ал тазалайт, агартат, жамандыктан арылтат деген ишеним жашаган. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө «От дегенден ооз күйбөйт» деген макал да бар.

«Манас» эпосунда Манас баатыр Каныкейди жубайлыкка аларда аманат кылып берген Кумайыктын куйругун күйгүзгөн от болот. А.Жакыпбековдун «Теңири Манас» чыгармасында отко табынуу мындайча берилет: «Сани кыз кол жаңсап, отту көрсөттү:

-Ал, Теңир жолуна!

Кыргыздардын От Теңирине сыйынаар ырымы ушундай экенин Санирабига билчү. Кумайыкты жолго салаардагы аластаганы болчу мунусу. Кумайык тартынып карап калган жок, улуу оттун үстүнөн каргып ары-бери үч секирип өттү да, куйругун кызыл чокко чаап алды [40, 275]...»

Ушундан кийин эле аманат берген Кумайыктын куйругун күйгүздүң деп кине коюп, каары жүзүнө айланган Манас Букардын чаңын асманга сапырмакка добулбасты актырып, согушка ураан таштап турганда «Каныкей каалгый басып, Аккуланын үстүндө зоңкойгон Манастын алдына келди, үч бүктөлө бүгүлүп, ийиле жүгүндү. Эки колу сунулуу, эки алакан үстүндө сары жайкын алтын чара, чарада балбылдаган от күйүп турду. Каныкейдин сырын, булардын тайынганы от экенин, түпкүлүгүндө ушул Санирабига очок ээси болуп берерин мына ушунда аңдады да, кыңгыранып Аккуладан ошондо араң оонап түштү Манас». [40, 275].

Студенттерге ушул маалыматтарды жеткирүү менен мугалим кыргыздардын байыркы тарыхын, элдин эмнеге сыйынганын, оттун канчалык маанилүүлүгүн далилдеп бере алат. От илгертен эле үйдүн куту, очокту, коломтону сактоочу, үйгө жылуулук берүүчү кубулуш катары бааланат.

**- Шамалдын түрлөрүн ата-бабалар кантип ажыратып келишкен?**

**Таблица 2.2.12. – Элдик билимдерде шамал жана анын түрлөрү, белгилери**

| **Жамгырдын түрлөрү** | **Жамгырдын түрлөрүнүн маани-маңызы** |
|---|---|
| Сыдырым жел | Акырын жай соккон жел |
| Сыбызгы жел | Таң атканда соккон жел |
| Сыргак жел | Күн батарда соккон жел |

| | |
|---|---|
| Бороон | Айлана-чөйрөнү алай-дүлөйгө салган катуу шамал |
| Керимсел | Жай күндөрүндөгү акырын соккон ысык жел |
| Куюн | Заматта пайда болуп, заматта кайра жоголгон катуу шамал. Бул шамал айлампа түрүндө айландырып, жолундагынын баарын өзүнө кошуп учуруп кетет. |
| Айдарым жел | Эрте мененки же кечки акырын соккон шамалдын түрү |

Барпы Алыкуловдун «Шамал» аттуу философиялык ыры бар. Анда белгилүү акын жаратылыш кубулуштары тууралуу сонун айтып бере алган:

“Аягы жок, башы жок,
Шамал кайдан жаралды?
Арызданып баруута,
Айыбын айтып калууга,
Башкарган анын чоңу жок.
Жарышканы күн менен,
Жолдоштугу түн менен,
Биле албадым эмгиче,
Сыр сурашат ким менен [20, 275]?” - деп, Барпы акын

шамалдын сырын табууга аракеттенип ой жүгүрткөн. Дүйнөнү башкарып багындырып турган адам ушул кубулуштардын баарын пайдаланат. Айкөл Жер дагы, өмүр азыгы болгон Суу дагы, От да, Жамгыр менен Шамал да адам кызматында болот. Адам бул кубулуштарды жашоо ыңгайына жараша пайдаланат, керектөөсүнө жумшайт, өмүрүн буларсыз өткөрө албайт. Анткени Жер, Суу, От, Шамал жана адам баары биригип ааламды түзөт. Аалам ушунусу менен улук.

Кыргыздардын элдик ишенимдери боюнча шамалдын пири – Жел кайып, же Айдар. Элдик түшүнүктө шамалды ыйык көрүп, аны менен жарышпайт, шамалда ачык жерде от жакпайт, шамалды жемелебейт, сөкпөйт, шамалды чакыруу үчүн «Кел, Айдар, кел» дешкен. Сабакта мындай

ишенимдердин жана тыйымдардын маанисин чечмелөө да текстти этнопедагогикалык негизде талдоонун бир көрүнүшү болуп эсептелет.

Чыгарманы окутууда сөзсүз сөздүк иштерин жүргүзүү керек.

**Шыбыргак** – кар жана суук менен шамалдап жааган жамгыр.

**Сары атан жай** – сары атан коңузу учкан аптаптуу жай мезгили, 22-июндан 22-июлга чейинки убакытты кыргыздар саратан деп да аташкан.

**Мыш кылуу** – катуу сындыруу, шылдың кылуу, уятка калтыруу [1. 84].

**Сыбызгы жел** – таң атканда соккон жел.

**Сыдырым жел** – салкын, акырын соккон жел.

**Сыргак жел** – күн батарда соккон, кечки жел.

**Оттук таш** – илгери отту күйгүзүүчү курал болгон, ансыз от күйгүзө алышкан эмес, өтө этияттык менен сакташкан.

**Залим** – кара ниет, бирөөгө жакшылык кылбаган адам.

**Мухит** – деңиз, океан [224, 30-378-636-680-682- 916].

Бул сөздөргө карата сөздүк иши жүргүзүлбөсө, азыркы заманда балдар түшүнбөйт, бул балдардын китеп окуу маданиятына да байланыштуу көрүнүш.

Эксперименталдык класстарда сабактар мына ушундай тереңдетилүү жолдору менен өтүлдү.

Үчүнчү (окутуучу) этапта (2018-2021-ж.ж.) илимий изилдөөдө теориялык түрдө аныкталган ой корутундуларыбыздын туура экендигине ынануу үчүн эксперимент иштерибизди кайра дагы бир жолу текшерүүдөн өткөрдүк. Колледждеги окутуучулардын кыргыз адабияты сабагында акындар поэзиясы боюнча тажрыйбаларын жыйынтыктадык. Илимий божомолдун ырастыгы текшерилип, изилдөөнүн жыйынтыктары практикага сунуш кылынды. Айрым суроо жараткан нерселерди тактап карап чыктык. Соңку жаңылыктарды коштук жана акыркы жыйынтыктарды чыгардык.

**Таблица 2.2.13. Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн компоненттери**

| **Иштин мазмуну** | **Педагогикалык экспериментке чейин** | **Педагогикалык эксперименттен кийин** |
|---|---|---|
| **Максат** | Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын окутуу | Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү |
| **Колдонулган усулдар жана ыкмалар** | Текст менен тааныштыруу, текстти окутуу, чыгарманын мазмунун сурап билүү, чыгармадагы сюжетти өздөштүрүү, окуучулардын сюжетти айтып берүүсү | Аңгемелешүү, жекече жана топто иштөө, тексттин үстүндө иштөө, текстти талдоо, интерактивдүү усулдар |
| **Уюштуруу формалары** | Сабак | Сабак, класстан тышкаркы иштер: конкурстар, адабий кечелер, диспут, брейн-рингдер |
| **Иштин натыйжасы** | -студенттер чыгарманын сюжетин жарым-жартылай билет, мазмунун толук айта албайт.<br>-акындар поэзиясынын чыгармаларындагы | -студенттердин көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылган билимин жана билгичтигин, |

| | | |
|---|---|---|
| | идеяларды талдай алуу төмөнкү көрсөткүчкө ээ. | көндүмдөрүн калыптандыруу;<br>-окуучунун адабий кебин өстүрүү;<br>-кыргыз адабий тилинде эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын камсыз кылуу; |
| **Көрсөткүчтөр** | Студенттер тексттин мазмунун окуп тушүнө алуусу<br>Чыгармадагы бир гана идеяны айтып берүүсү.<br>Түшүнүксүз сөздөрдү мугалимден сурап билүүсү | Студенттердин текстти талдай алуусу.<br>Чыгармадагы негизги идеяларды талкуулай алуусу<br>Чыгармадагы түшүнбөгөн сөздөрдүн маанисин билип, сөздүк дептерине жазуусу, ошол сөздү дил баян, баяндама, эссе жазууда колдоно алуусу. |

Бул компоненттерди тактап алуу колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун төмөнкү моделин түзүүгө шарттады.

**Таблица 2.2.14. Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн максат-милдеттери**

| **Максаты** | **Милдети** | **Эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун принциптери** | **Эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун технологиялары** |
|---|---|---|---|
| Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн оптималдуу технологияларын, жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын аныктап, иштеп чыгып, педагогикалык тажрыйбадан сынап, окутуучуларга сунуш кылуу | Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун заманбап усулдарын таап, иштеп чыгуу | Илимийлүүлүк, балдарды турмушка даярдоо үчүн окутууда теория менен практиканын байланышын камсыз кылуу принциби, окуу материалдарын тандоодо жеткиликтүүлүк принциби | салттуу жана интерактивдүү усулдар: ролдук оюндар; сабак-сахна; долбоорлоо; текстти окуу жана талдоо; слайд көрүү жана жасоо ж.б. |

**Таблица 2.2.15. Колледждерде эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу процессинде студенттер ээ боло турган негизги компетенттүүлүктөр**

| | |
|---|---|
| Студенттер кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолундагы элдин турмушу, жашоосу менен таанышат | Алар элдик акылмандуулук, элдик философия, элдик тил, элдик тарбия менен таанышат. |
| Элдик каада-салттарды, акындык өнөрдүн өзгөчөлүктөрүн билип калышат. | Акындар чыгармачылыгын окуп үйрөнгөндөн кийин адамгерчиликтүү, мекенчил, маданияттуу, ак ниет, гумандуу, чынчыл, ата-энесин сыйлаган, акылдуу, жоопкерчиликтүү ж.б. сапаттарга ээ болушат. |
| Студенттер ата-бабалардан бери келаткан акындык өнөрдү баалоого, кадырына жетип, байытып көбөйтүүгө, кийинки жаш муундарга өткөрүп берүүгө көндүмдөрү калыптана баштайт. | Эл акындарынын ырларын угат, маани-маңызына баа берет, ар кандай дискуссияларга катышат, элдик өнөрдү баалоого, сактоого, өткөрүп берүүгө өз позициясын билдирет, этнопедагогикалык идеяларга карата өзүнүн активдүү турмуштук позициясын билдирет. |

Жогоруда көрсөтүлгөн моделди ишке ашыруунун жүрүшү педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилди. Педагогикалык экспериментке ылайык контролдук жана эксперименталдык топтор аныкталды. Контролдук топто колледждерде кыргыз адабияты предметинде окутула турган акындар чыгармачылыгын окуу программасына ылайык түзүлгөн окуу китеби колдонулган жок, себеби окуу китеби даярдалып басылып чыга элек болчу. 2018-жылы А.Муратов, К.Исаков жана К.Акматов тарабынан түзүлгөн «Кыргыз адабиятынан колледждин студенттери үчүн хрестоматия-окуу китеби» [131] басылып чыккандан кийин гана колледждердин студенттерине чыгарманы өзү окуп чыгуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Контролдук топтордо

окутуучулар сабактарда салттуу усулдарды колдонуп, айтып берүү, чыгарманы окутуу, мазмунун суроо, окуучулардын билүү жана түшүнүү деңгээлине гана ылайыкталган ыкмалар пайдаланылды.

Ал эми эксперименталдык топтордо колледждерде акындар чыгармачылыгын окутууда тексттен этнопедагогикалык идеяларды табуу, текст менен иштөө, текстти интерпретациялоо, сөздүк иштерин жүргүзүү, идеялар жарышына даярдануу, ой толгоолор топтомун даярдоо, чыгармалардан элдик философиянын жана элдик тарбиянын элементтерин табуу ыкмалары колдонулду.

Баяндалгандай методикалык ишмердүүлүктөрдөн кийин эксперименттин жалпы жыйынтыгын чыгардык.

Тажрыйба (эксперимент тобу (т.т.) – 295 студент. Байкоо тобу (б.т.) – 295 студент.

**Таблица 2.2.16. – Колледждерде эл акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде өздөштүрүү боюнча эксперименттин жалпы жыйынтыгы (3-этаптагы студенттердин өздөштүрүүсүнүн жалпы деңгээли).**

.

| | **Студенттердин билим, ык, көндүмдөрүнүн көрсөткүчү** | **Байкоо тобу** | **Тажрыйба тобу** |
|---|---|---|---|
| **1.** | Чыгарманын сюжетин өздөштүрүүсү | | |
| **2.** | Түшүнүксүз сөздөр менен иштей билүүсү, ал сөздү колдоно алышы | | |
| **3.** | Чыгармадагы негизги идеяларды талкуулай алуусу | | |
| **4.** | Студенттердин текстти интерпретациялоосу | | |

| **окуу жайы** | | **жогорку деңгээл** | | **орто деңгээл** | | **төмөнкү деңгээл** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **б.т.** | **т.т.** | **б.т.** | **т.т.** | **б.т.** | **т.т.** |
| ОшМУнун колледжи | 79 – 79 | 22 | **32** | 33 | **42** | 24 | **5** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ОшМПУнун колледжи | 82 – 82 | 27 | **39** | 28 | **32** | 27 | **11** |
| Кызыл-Кыя педколледжи | 48 – 48 | 14 | **21** | 16 | **21** | 18 | **5** |
| Жалал-Абад колледжи | 86 – 86 | 23 | **33** | 33 | **44** | 30 | **10** |
| **баары** | **295** | 86 | **125** | 110 | **139** | 99 | **31** |
| **% көрсөткүч** | | 29,15 % | **42,37 %** | 37, 28 % | **47, 11 %** | 33, 55 % | **10, 50 %** |

*(Кыскартуулар (б.т. – байкоо тобу; т.т. – тажрыйба тобу).*





**Диаграмма 2.2.3. Колледждерде эл акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүдө өздөштүрүү боюнча эксперименттин жалпы жыйынтыгы ( пайыздык көрсөткүч)**

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, колледждерде жалпы байкоо тобу жана тажрыйба тобу болуп 590 студент алынды, анын ичинен 295 студент байкоо тобун түздү да, аларга кадимкидей эле сабактар өтүлдү, экинчи тажрыйба (эксперименталдык) топко дагы  студент кабыл алынып, аларга атайын биз сунуш кылган методика боюнча сабактар өтүлдү, кошумча адабияттар сунуш кылынды, өз алдынча иштөөгө өзгөчө көңүл бурулду. Жогорудагыдай цифраларды алууда төмөнкүдөй критерийлер эске алынды:

- элдик акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн билиши;
- төкмө ырчылардын жана жазгыч акындардын чыгармачылык табиятын түшүнө алуусу;
- сабакта өтүлгөн акындардын өмүр баянынын негизги маалыматтарын билүүсү;
- акындардын биографиясын чыгармалары менен байланыштыра алуусу;
- эпикалык чыгармалардын сюжетин билип, мазмунун айтып бере алышы;
- чыгармага адабий-теориялык талдоо жүргүзүүсү;
- чыгарманын тилин түшүнүүсү;
- чыгарманы башка чыгармалар менен салыштыра алуусу ж.б.

Жыйынтык төмөнкүдөй болду: ОшМУнун колледжинде жогорку деңгээлге жетишкендер байкоо тобунда 22 болсо, тажрыйба тобунда 32 болуп, айырма 10 студентти түздү, ошол эле учурда төмөнкү деңгээл байкоо тобунда 24 студент болсо, тажрыйба тобунда 5 студент болуп, айырма 19 студентти түздү. Демек, тажрыйба тобунда төмөнкү деңгээл азайып, жогорку деңгээл көбөйгөн. ОшМПУнун, Кызыл-Кыядагы педколледжинин, Жалал-Абад колледжинин көрсөткүчү да жогорудагы таблицада чагылдырылды. Ал эми жалпы колледждердин жогорку көрсөткүчү тажрыйба тобунда 125 студент болсо, байкоо тобунда 86 студент болуп, тажрыйба тобундагылар байкоо тобуна караганда жогору көрсөткүчкө жетишкен. Демек, биздин методикалык сунуштарыбыз натыйжалуу экендигин, колледждерде элдик ырчылар менен

акындардын чыгармаларын окутууда колдонууга жарактуу экендигин тастыктады.

**Экинчи бап боюнча корутунду**

**II бап «Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталат. Анда изилдөөнүн объекти колледждерде кыргыз эл акындарынын чыгармаларын этнопедагогикага негиздеп окутууну өркүндөтүү процесси, ал эми изилдөөнүн предмети колледждерде акындар поэзиясын заманбап талаптарга ылайык этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы экендиги белгиленет. *«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деген 1-параграфта колледждерде эл акындарынын чыгармаларынын берилишине анализ жүргүзүлөт. 9-класстын базасында кабыл алынган колледждин студенттери үчүн кыргыз адабияты боюнча алгачкы жана жалгыз программада (түзүүчүлөр А.Ж.Муратов, К.А.Исаков, К.К.Акматов) жана ошол эле авторлор жазган 2-томдук окуу китебинде акындар поэзиясына сааттар төмөнкүдөй берилген: Молдо Нияз. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Санаттар», «Даткайым» – 2 саат, Нурмолдо. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Насыят ырлары» – 1 саат, Молдо Кылыч. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. Казалдары: «Зилзала», «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тою» – 3 саат, Тоголок Молдо. Өмүрү жана чыгармачылык жолу. «Куштардын аңгемеси», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Жер жана анын балдары», «Кемчонтой», «Үрпүкан», «Эшек менен булбул» – 4 саат. Баары 10 саат көлөмүндө I семестрде өтүлөт. Мына ушул 13 чыгарма биздин изилдөөнүн материалдары болуп эсептелет. Иште жогорудагы чыгармалардын идея-темасы, сюжети жана композициясы, аларды жазган (ырдаган) акындар тууралуу адабий, тарыхый изилдөөлөр, бул чыгармаларды окутуу боюнча методикалык эмгектер, мугалимдердин ушул мурастарды окутуу боюнча тажрыйбалары диссертациябызда материалдар катары пайдаланылды.

*«Илимий изилдөөнүн методдору»* деген параграфта илимий изилдөөдө пайдаланган методдордун кыскача анализи берилет. Салыштыруу жана талдоо методунда Молло Нияздын «Даткайым» деген ырын окутууда башка чыгармалар менен салыштыруу, каарманды эпикалык дастандардагы аялзаты менен ассоциациялоо методу биздин иште кандайча чагылдырылгандыгы көрсөтүлөт. Илимий изилдөөлөрдү үйрөнүү жана пайдалануу методунда Молдо Кылычтын «Бүркүттүн тою» чыгармасын окутууда адабиятчылар Тазабек Саманчин менен Кеңешбек Асаналиевдин пикирлерин колдонуу методикасы чагылдырылды. Нормативдик материалдарды үйрөнүү методунда билим берүү мыйзамдары, окуу программалары, окуу китептери талдоого алынды. Практикалык тажрыйбаларды талдоо, жалпылаштыруу методунда колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү багытында Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун окутуучулары Б.Кыдырованын, Г.Аскарованын иш тажрыйбалары үйрөнүлдү, жалпылаштырылды жана эмгекте пайдаланылды.

Сурамжылоо, аңгемелешүү методу менен колледж окутуучуларынын, студенттердин арасында кыргыз адабиятында элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун абалын, өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүү үчүн тактоолор жүргүзүлүп, аңгемелешүү өткөрүлдү жана алардын жыйынтыктары ишти жазууда колдонулду. Студенттердин жазуу иштерин үйрөнүү методу менен «Молдо Кылычтын чыгармаларындагы жаныбарлар жана адамдар», «Аялзат темасы – «Даткайым» поэмасында», «Тоголок Молдонун акындык чеберчилиги», «Нурмолдонун нускалары» ж.б. темаларда эсселер, рефераттар жазылды жана алардын натыйжалары иште көрсөтүлдү.

*«Изилдөөнүн эксперименталдык методу»* аттуу бөлүмдө 2014-2021-жылдар аралыгында 3 этапта Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун, БатМУга караштуу Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы педагогикалык колледжеринин студенттери

жана окутуучулары менен жүргүзүлгөн тажрыйбалардын максаты, милдети, этаптары, уюштурулушу жана жыйынтыктары чагылдырылды. Анын жыйынтыгы боюнча биздин методикалык сунуштарыбыз натыйжалуу экендиги, колледждерде элдик ырчылар менен акындардын чыгармаларын окутууда колдонууга жарактуу экендиги тастыкталды.

# ҮЧҮНЧҮ БАП.
# КОЛЛЕДЖДЕРДЕ АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

## 3.1. Акындардын санат-насыят жана сүйүү ырларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн технологиялары

Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн ыкмалары, жолдору жана каражаттары тууралуу сөз кылуудан мурда балдардын жан дүйнөсүнө сиңире турган, ар бир кыргыз адабияты сабагында сабактын лейтмотивин түзүп турган элдик тарбиянын түрлөрүнө кайрылганыбыз кажет. Окумуштуу С.К.Рысбаев:

“Элдик тарбиянын түрлөрү:

-урпактарды акыл-эстүү, ар-намыстуу, адеп-ахлактуу болууга багыттоо;

-адал эмгекке, ак мээнетке, чынчылдыкка, эмгекчилдикке, акыйкат болууга көнүктүрүү;

-Ата Мекенди сүйүүгө, эл-жерин коргоого, эл үчүн жанын аябоого, Ата - Журтунун патриоту болууга үйрөтүү;

-адамга жакшылык кылууга үндөө, карасанатайлыкка, арамзалыкка, көралбастыкка каршы күрөшүүгө, айкөлдүккө, элдик бийик гуманизмге тарбиялоо;

- табиятка аяр мамиле жасоого, аны коргоого, кастарлоого, сүйүүгө көнүктүрүү;

- ден соолугу чың болуусуна кам көрүүгө, узак өмүрдүн, ден соолуктун бекем болуусунун сырларын табууга үндөө;

- түрдүү өнөргө, бекем билимге ээ болууга, аны эл-жер, Ата мекен үчүн жумшоо сезимине тарбиялоо;

- сөз өнөрүн кастарлоо, сыйлоо, сөздүн гүлүн, ойдун кенин таап сүйлөөөнөрүн бекем тутууга машыктыруу;

- ата-энени, бир туугандарды кадырлоо, кыйын күндө жолдоштукту кыйып таштап кетпөөгө, аларга жардам берүүгө калыптандыруу;

- айткан сөзүнүн кадырын билип, жоопкерчиликтүү болууга, адам ариетин таза тутууга тарбиялоо;

- ата салтын, эне адебин бек тутуп, кыргыз элин уятка калтырбоо сезимин өнүктүрүү;

- оптимист болууга, ар дайым күрөш жана өзүнүн адал эмгеги менен гана бак-таалайга жетүүгө мүмкүн экендигин сезимине куюу;

- элдик демократиялык мамилеге калыптандыруу, толеранттуулукка, укуктук-демократиялык сезимдерге, демократиялык ой жүгүртүү маданиятына үйрөтүү” экендигин өзүнүн изилдөөсүндө көрсөтөт. Жогоруда айтылган элдик тарбиянын түрлөрүн колледждерде кыргыз адабияты сабактарында акындар поэзиясын окутууда колдонуп, элдик тарбиянын ушул түрлөрү студенттердин жашоо образына айланганда өткөн сабактарыбыз максатына жетти деп айтсак болот.

[187, 30]

Нурмолдонун «Насыят ырлары» аттуу чыгармасы окутууда сабактын башталышында акындын өмүрү жөнүндө, анын чыгармаларынын татаал тагдыры жөнүндө баяндалып берилет. Андан кийин студенттер «Насыят ырларын» окуп чыгуу тапшырмасынын үстүндө иштешет. Ырды окуп үйрөнүүдө *биринчи кадам – түшүнүксүз сөздөр менен иштөө*. Эгер мугалим балдарга түшүнбөгөн сөздү кеңири, жеткиликтүү түрдө айтып бере албаса, алар ырдын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн аныктоодо, текстти талдоодо, анын үстүнөн иштөөдө сөзсүз кыйналышат.

Сөздүк жумуштары:

**Нес болуу** – дал болуу, жалдырап эстен танып эмне кыларын билбей калуу.

**Макоо** – келесоо, айтканды оңой менен түшүнбөгөн, кем акыл адам.

**Пес** – жугуштуу жана айыкпас оору. Кээде ала оорусу деп да атап коюшат. Аларды элден бөлүп салышкан, оорусу жугуштуу болгондуктан өздөрү да элге аралашкан эмес. Бул кийинчерээк өтмө мааниге өтүп, адамдар менен мамиле түзө албаган, коомдон обочолонгон адамдарга карата айтылып калган.

**Сыргак жел** – күн батарда соккон, кечки жел.

**Тез** – боз үйдүн уук-керегелерин түзөтүп, белгилүү бир өлчөмгө, калыпка салууда колдонулуучу курал.

**Эсиргенсип** – байлыкка же атак-даңкка көөп, көтөрүлүү.

Андан *кийинки кадам – чыгарманы окуп чыгуу жана талдоо.* Орус методисттери белгилегендей: «Сөз өнөрүнүн чыгармаларын адабият сабагында үйрөтүү уилимге, адабий көрүнүштөрдү баалоонун так тажрыйбасына жана адабият таануу илиминин заманбап, эң жакшы жетишкендиктерине таянуу менен жүргүзүлүшү абзел» [63, 177]. Чыгарманын башында эле Нурмолдо акын адамдарга акыл-эстин маанисин баса көрсөтүп, акылдуу болууну насыяттайт.

Эси жок жаман ургандар,
Элүүгө чыкса чоңойбойт.
Акылы жок адамдар
Алтымышка чыкса да,

Сүйлөгөн сөзү оңолбойт [152, 23].

Ушул саптарды окуу менен балдарга акыл-эстин адам үчүн канчалык маанилүү экендигин айтып: «Азыр силер билген ушундай адамдар турмушта кезигеби?» деген суроону берүү аркылуу балдарды турмушка даярдайбыз. Балдар айлана-чөйрөсүндөгү тааныш адамдардан мисал келтириши мүмкүн. Чындыгында, алтымышка кирсе да, жаштарга берер насааты, көрсөтө турган нускасы жок адамдар кездешет. Анын сүйлөгөн сөзү оңолбойт, калжыңдап мааниси жок сүйлөп, жаштарга тең ата болуп алышы да мүмкүн. Балдар бул жерде «Атан төө мас болсо, тайлак менен дос болот», «Орок оро албаган отузунда жаш болот» деген сыяктуу элдик макалдарды мисал катары келтирип, элдик педагогика менен азыркы турмушту байланыштырат.

Андан ары акын сөз күчүн, кудуретин кышкы суук шамалга салыштырат:

Кыянат айткан жаман сөз

Кышкы суук сыргактай.

Эсиң болсо эр жигит,

Эсиргенсип кеп айтып,

Оозуңду көптүрбө [152, 23].

Башка адамдарга карата жылуу сөзүңдү аяба деген насаатты берүү менен кыянаттык кылып жаман сөз айтсаң, унутулбай каларын далилдейт. Андан кийинки ыр саптарын чечмелөөдө эсирген адам кандай болорун студенттер менен талкуулап алган жөндүү.

Элдик этикалык сабактарда адамзат жылкы мүнөз келет, жылкы кичине семиргенде жанына келгенди тебе баштайт, адам да ошондой болот деген сөздү көп эле угабыз. Адамзат колуна байлык бүтсө, акчасы көбөйүп калса, эч кимди теңсинбей, жанындагы адамдарды да тоотпой калат. Бул эсиргендикке жатат, жада калса жанындагы жолдошторуна сүйлөгүсү келбей калат. Мындай учурда адамды «көөп калыптыр», «байлыгына чирениптир», «мансабына эсириптир» деп мүнөздөшөт. Ошондуктан Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» дастанында Айтолду же Дөөлөттүн символу: «Мени кармай турган адам мүнөзү булар, - деп Кутман Эликке санап берет. Карап көрөлү. «Мени

издеген адам ынсаптуу, бой көтөрбөс, текебердиктен, ала көөдөн мактанчаактыктан алыс болсо, мүнөзү иши менен бийик чыкса, кишини кордобосо, кичүүнү басынтпаса, улууну ак дилинен урматтаса, бар күчүн жакшылыкка жумшап турса, мен ошол адамга барам» [85, 80],- дейт Дөөлөт.

Эл ичинде адам эсирип кетпеш үчүн так ушул сапаттарды алып жүрүүсү зарыл деп айтылат. Төмөнкү ыр саптарын түшүнүп талкуулоодо окутуучу балдар менен аңгемелешүү жана суроо-жооп катары сабакты улантып кетсе болот. «Аңдабай жаман сөз менен, атаңды бошко сөктүрбө» деген саптарында эзелтен кыргыз элинде келаткан элдик нусканын эң жакшы учурун камтыйт. Анткени бала жаман чыкса атасы уруш угуп, атасына наалат айтылган. Уулун жакшы тарбиялабаптыр деген өсөк кеп калган.

**Мугалим:** Ушул ыр саптарынын маанисине ылайыктуу ата-бала темасындагы кандай макалдарды билесиңер?

**Студент:** «Атаны нараазы кылба», «Атадан каргыш алган оңбойт», «Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат», «Аталар сөзү – акылдын көзү» деп насааттап, уул-кызы абийири менен атагы чыкса, «Абийир тапса баласы, атасына бак конот» деп баалашкан.

**Мугалим:** Ооба, балдар. Кыргызда уул-кызы атадан, энеден ыйбаа кылып, айтканын эки кылбай, өмүр бою сыйлап жүргөнү кадыресе эле көрүнүш болгон. Буга бир мисалды карап көрөлү. «Атактуу академик, этнопедагогиканын негиздөөчүсү Г.Н.Волков 1970-жылдардын башында Ысык-Көлдө эс алып жүрүп кездешкен кыргыз пейилинин бир көрүнүшү жөнүндө «Созвездие земли» деген монографиясында тим эле таңданып, тамшанып жазат: «Бир топ кыргыз карыялары менен маек куруп отурдук эле. Кызматына бара жаткан, Ата Мекендик согуштун катышуучусу, улгайып калган, полковник даражасындагы аскердик наамы бар уулун чакырып алып, бир карыя ачууланып: «Сен согушта өлүп калганыңда менин үч уулум болот эле, менин эки эле уулум бар» - деди. Анын эки уулу согушта курман болуп, ушул уулу эсен-соо кайтып келип, райондук аскер комиссариатында мүдүр болуп иштеп жүргөн экен. Карыянын ызаланган себеби уулу жолдоштору

менен ичимдик ичип, кызуу келип, аялына акаарат кылып, кол көтөргөнүн атасы эшитип калган экен. Ичимдиктин айынан кыргыз пейилинен кетип, эркектин наркын сактабай уят болгуча өлүп калган өйдө деп жатпайбы бул карыя. Академикти таңдандырып, тамшанткан элибиздин «Уят – өлүмдөн катуу» деген залкар педагогикалык идеясы. «Атага баш ийүү – кудайга баш ийүү» деп  макал айткан элдин педагогикалык ой-толгоосунун дараметине, «Кыздын кырк чачы – улуу» деп, аялзатын ыйык туткан кыргыз элинин бийик маданиятына тан берип, акыл калчаган аалым Г.Н.Волков элибиздин таалим, тарбия жөнүндөгү идеяларына таң калып, тамшанат» [29, 131]. Көрүнүп тургандай, карыянын баласына айткан сөзү өтө оор, катуу айтылган сөз болуп саналат. Бул тууралуу өз оюңарды айтып көргүлө?

**Студент:** «Атанын каргышы – ок» деп айтылат кыргыздарда. Ата-энеден бала өмүр бою үлгү алат, акыл-насаатын, кеп-кеңешин угат жана тарбияланат. Ошону менен бирге баласы да атасына тил тийгизбегидей адеп, адамгерчиликке ээ болуусу шарт болгон. Атасы баласынын наалатын, жамандыгын угуу, өтө нараазы кылган акыбалга алып келүү балага жакшылык алып келбейт деген түшүнүк азыр да коомубузда актуалдуу. Эл арасында жогорудагы макалдар жөндөн-жөн айтылбайт. Ата-энеңди ыраазы кылсаң, анан өмүрүң узун, тапканың берекелүү болот деген түшүнүк эл ичинде дале жашайт. Турмушта деле атасын же апасын нараазы кылган баласы оңуп кетпегендигин айлана-чөйрөбүздөн, коомдогу болуп жаткан окуялардан көрүп турабыз.

**Мугалим:** Андан ары чыгармадагы саптарды окуп, талдап көрөлү.

**Студент:**Ушакчы болбо, агайын,

Укканыңды шыбырап.

Акын адамдарды укканын шыбырап, ушакчы болбогонго чакырат. Ушакчылык жаман сапат экендиги баарыбызга белгилүү, ал тургай Барпы Алыкулов акыныбыздын «Ушакчы» деген ыры да бар.

**Мугалим:** Нурмолдо акын адамдын күнөөлүү иш кылып, арамга аралашканын ырдап келип, башкалар менен мамиле кылбаган адам бара-бара сараң болуп

каларынан бери тариздеген. Акылы жок, парасатсыз адам көөдөнү бош болуп, айланбаш болуп калган нес адамга салыштырылат:

Жакшы, жаман адамдын,
Айырмасы башкача.
Алтын менен жезге окшоп,
Алыш-бериш кылбаса,
Макоо менен песке окшош.
Акылы жок, жел көөдөн,
Айланбаш болгон неске окшош.
Бузукту жолго салган бар,
Куруп койгон тезге окшош [152, 23].

Бул ыр саптарындагы түшүнүксүз сөздөрдүн (макоо, пес, нес, тез) маанисин биз сабактын башында эле студенттерге түшүндүрүп бергенбиз. Балдар сөздүк дептерлерине сөз маанисин жазып алышкан. Студенттер бири-бири менен мамиле кылбаган адам макоо-песке окшоп каларын, акылы жок, өзүнүн ордун билбей жел көөдөн адам башы айланып калган неске окшошорун түшүнүшөт. Андан ары акын бузулган адамды жолго салган адамдар боз үйдүн кереге-уугун оңдогон куралдай болорун сыдыргыга салгандай айтып берет. Мындан туура эмес жолдо адашып жүргөн адамдарды тарбиялап оң жолго салган адам өтө чоң жакшылык кылып сооптуу иш иштей турганын байкашат. Бул чыгарма аркылуу студенттерди адамга жакшылык кылууга үндөп, аларды карасанатайлыкка, арамзалыкка, көралбастыкка каршы күрөшүүгө, айкөлдүккө, элдик бийик гуманизмге тарбиялоо ишке ашат.

Жогорудагы ойлорду изилдеп чыгып, биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: акындар элдик тарбиянын укмуштуудай усулчу педагогдору болушкан, алар мурунтан келаткан салттуу адептик чен-өлчөмдөрдүн негизинде өз учурунун адамгерчилик нормативин түзүшкөн, алардын ырлары аркылуу жакшы-жаман ажыратыла таанылган, жаш муундар ошого багыт алып тарбияланышкан. А.Т.Калдыбаеванын «Эл акындарынын

чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар» деген монографиясында: «Кыргыз төкмө акындары социалдык-турмуштук жагдайга байланыштуу элдик идеологиянын, анын ичинде таалим-тарбия берүүнүн борбордук фигураларынын бирин ээлеген. Акындар канчалык тарбиялык темадагы дидактикалык жанрды өз чыгармачылыгында кеңири өнүктүрсө, ошого карата алардын өнөрпоздук баркы жогору бааланган» [118, 116],- деп жазат. Кыргыз эл акындарынын ушундай таалим-тарбия жаатындагы мугалимдик, агартуучулук функциясын студенттерге баса көрсөтүп айтып коюу – окутуучунун милдети.

Өз учурунда элдик акындардын баарынын укуктары тебеленип, өз ойлорун айтууга мүмкүнчүлүктөрү, чектелүү болсо да, алардын бул университетти түзүүдөгү кайраттуулугун жада калса өз өмүрүнөн да кымбат баалаган, акыйкат көксөгөн асыл ой-максаттарын белгилеп айтпай коюуга мүмкүн эмес. Биздин окумуштуунун сөзүнө кошумчалаганыбыз, акындын ырлары чыныгы турмуштан алынып, элдин жашоосундагы көйгөйлөрдү жакшы билгендиктен жана адам мүнөздөрүн ийине жеткире талдай билген психолог болгондуктан, ушундай канаттуу учкул саптар жаралып, бүгүнкү күндө да анын ырларынын өлбөс болуп калуусуна себеп дээр элек.

Нурмолдо Наркул уулунун «Насыят ырларында» айтылган санатта:

Баркыңды билген тууганга,
Бастырып барып амандаш.
Атаңдай сыйлап карыны,
Астынан чыгып саламдаш [152, 23],-деп жаштарга жол көрсөтөт, руханий тазалыкка, ыйманга чакырат. Кыргызда «Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген» деген сөз бар. Б.з.ч. IV кылымда жашаган байыркы кытай философу Лао-Цзы: «Адамдагы асыл сапат – суу тариздүү. Суу баарына жакшылык кылып жатып, эч бирине каршылык кылбайт. Эч ким даабас ыплас жайга да ылгабай агат. Асыл сапатка эгедер жан суудай мөлтүр болгону ийги» ,- деп бекеринен айтпаса керек.

Адам мүнөзүнүн жаман сапаттарын айтып жатып акын жакшы адамда кездешчү сапаттарды бир шиңгил таштап коёт. Жаман сөз айткан пейили бузук адамдар жөнүндө айтып келатып эле:

Бактысы бардын маңдайы,
Жанып турган чырактай [152, 23], - деп улап кетет.

Балдарга ушул жерде суроо берсе болот. Илгертен элибизде кимдин маңдайы жөнүндө жакшы сөз айтылып келет? Балдар: «Баатыр болмок маңдайдан, чечен болмок таңдайдан» деген сыяктуу макалдардан мисал келтиришет. Эл арасында жолу болбогон адамды кандай фразеологизм менен атап коюшкан? Жолу болбогон адамга карата «Бешенеге айтпаптыр» деген фразеологизмдер айтылып калган. Ал эми боло турган нерсени көрүүнү «Мандайга жазганын көрөбүз» деп коюшкан. Демек, акын бул жерде багы бар жигиттин маңдайын жанып турган чыракка салыштырып жатат. Адам кандай кырдаал болсо да, кандай шартта жашаса да ыйманы менен улуу, адамгерчилиги, кичипейилдиги менен бийик экендигин жогорудагы ыр саптары тастыктап турат.

Элибиздеги «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет» деп айтылгандай, акын «Жакшы менен бир жүрсөң, муратка жетээриңди» тариздейт. Ырынын аягында Нурмолдо:

Абалтан бери адамды,
Азгырган колдо дүнүйө.
Ойлонсоңор агайин,
Ордуна келбейт кийнине.
Караңгы көргө кирген соң,
Кайрылып келбейт үйүңө [152, 23],- деп жыйынтыктайт.

Улуу эпосубуз «Манаста»: «Бүгүн көргөн эртең жок, ушундай экен дүйнө бок» деп айтылган чоң жашоо философиясы бар. Кыргыз элиндеги жашоонун агып турган философиясы, дидактикасы бүгүн көргөндүн эртең жок болору бардык фольклордук чыгармаларда кызыл сызык менен өтүп келип, акындар поэзиясында да орун алганын баамдап турабыз.

Дидактикалык мазмундагы санат-насыят ырларынын жана аларды окутуунун өзгөчөлүктөрүн К. Беделова мындай белгилейт [57, 107-109].

Бул чыгармаларда дидактикалык маани күчтүү, ошондуктан мектеп программасында туруктуу «пропуск» алат. Мындай чыгармаларды жаттоого оңой жана кийинки өмүрүндө пайдалуу болорлугу. Санат-насыят ырларынан кээ бир саптарды же куплеттерди тандап алып, алардын негизинде аңгеме, дил баян, диспут ж.б. формаларда сабак өтүүгө мүмкүн экендиги.

Мындай чыгармаларда турмуштагы оң жана терс, жакшы жана жаман, пакиза жана куник, адал жана арам (макүрөө), сулуу жана ырайысуук, ак жана кара сыяктуу контрасттуу нерселерди карама-каршы коюп, анын оң жагында турган ырчылык позициянын үстөмдүк кылышы. Санат-насыят ырларынын башка көлөмдүү чыгармалардын ичинде, айталык, «Манас», «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу эпостордун тексттеринин арасында да келе бериши.

Санаттарда элдин моралдык, этикалык-адептик түшүнүктөрү менен философиялык, эстетикалык ойлорунун айкалышып келиши.

Бул ырларды бардык эле акындардын чыгара албашы, аны көбүнчө турмуштук тажрыйбасы мол, нарктуу, салттуу, төкмөчүлүк өнөрдө жедеп бышкан, сөз байлыгы кенен, элдик педагогиканын булагынан кана суу ичкен, нускалуу ырчылардын гана чыгарып келгендиги, демек бул ырлар акындык өнөрдүн туу чокуларынын бири катары саналары. Айрым санат-насыят ырларынын автору ким экендиги белгисиз, анын кимге таандык экендиги да айрым учурда аныкталбай калат”.

Бүгүнкү күндө өнүккөн өлкөлөр илим-билимге негизделген экономика менен гүлдөп өсүп жаткан учурда, кирешенин негизги булагы билим жана акыл болуп турган учурда балдарды тарбиялоодо адептүүлүктү үйрөнгөн элдик аңызга, улуттук көрөңгөгө кайтып келүү керек деген ойду айтмакчыбыз. С.Иптаровдун «Бизге азыр балага билим берүүчү реформадан да, чоңдордун, мамлекеттин, ата-энелердин балага болгон мамилесин өзгөртүүчү реформа керек болуп турат... Балдарды сүйөлү, алтын бербейли, адеп берели, акча бербейли, максат берели, ишеним берели, кайрат берели, дем берели» [98, 14],-

деген сөзү баалуу идея болуп жатканын тана албайбыз. “Адеп-ахлак тарбиясы өтө татаал, көп кырдуу карама-каршылыктарга бай жараян. Тарбия жараянында тукум куучулук, чөйрө жана тарбиячылардын талаптарынын ортосундагы карама-каршылыктар, балдардын көнүмүш адаты менен тарбиянын талабынын ортосундагы карама-каршылыктар көп кездешет.” [29, 70].

Нурмолдонунун санаттарын, насааттарын, термелерин окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү менен жаштардын адептүү, абийирдүү болуу, атанын насаатын угуп, эненин адебин үйрөнүү, мекенчилдик сапаттарын калыптайбыз. Студенттерди адептүү, адамгерчиликтүү болууга үндөп, адеп-ахлак тарбиясына тарбиялайбыз.

Эми Молдо Нияздын “”Даткайым” чыгармасын окутууну карап көрөлү. Алгач студенттер чыгарма менен таанышып чыккандан кийин Даткайымдын портреттик мүнөздөмөсүн айтып бергиле деген тапшырма мугалим тарабынан берилет. Чыгармада:

Даткайымдын жамалы,
Ак тамагы ак сүттөй.
Чачы кара кундуздай,
Сааркы чолпон жылдыздай.
Султан боюн карасаң,
Суудан чыккан сүлүктөй [143, 18], - деп берилет.

«Даткайым» чыгармасын окутууда **рангалоо** усулун колдонуу максатка ылайыктуу деп ойлойбуз. Бул тапшырманы аткарууда окуучулардан бир нече пикирлерди карап чыгып, алардын ар бири башкаларына салыштырмалуу канчалык маанилүү экендигин аныктоо талап кылынат. Даярдыктары ар кайсы деңгээлде болгондуктан, окуучулар көбүнчө бири-бири менен макул болушпайт да, өз пикирлерин түшүндүрүп жана башкалардын айтканын угуп отуруп, алар маселени кыйла логикалуу да, терең да түшүнүшөт. Бул тапшырманы аткаруу үчүн негизинен, жекече пикирге таянуу керек, андыктан көп талаш-тартыштар пайда болот. Мындай тапшырмалар окуучулардын

маселени канчалык жакшы түшүнгөнүн (логикалуу ой жүгүрткөндүгүн) аныктоодо абдан пайдалуу. Ушул эле усулду пайдаланууда башкачараак кылып өзгөртүп тапшырма берсе болот. Мисалы, Молло Нияздын «Даткайым» чыгармасындагы Даткайымдын мүнөзүн каарманга маанилүүлүгүнө карата жайгаштыргыла.

**Даткайымдын мүнөзү: ак ниет, акылдуу, эмгекчил, туруктуу...**

Окуучулардын ар бири өздөрү туура деп эсептеген мүнөздү маанилүүлүгүнө карата жазышы мүмкүн. Бул сапаттардын арасында сарамжалдуу, тил билги, меймандос сыяктуу сөздөрдү биринчи жазса да, ал окуучунун өз эрки. Андан кийин башка сапаттары жазылып кетет. Ушул эле рангалоо усулун кыргыз аялдарына карата жазгыла деп тапшырма берсе да болот. Балдар жазып бүткөндөн кийин эми ушул сапаттардын кайсынысы Даткайымга тиешелүү, ой жүгүртөбүз деп айтуу менен балдардын турмуштук позициясын бекемдеп, өз ой пикирин кенен айтууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мугалимдин: «Силерге кайсы адамдык сапаттары жакты? Ага окшогон мүнөз күтүүнү каалайт белеңер? Сулуулугу да, акылы да төп келишкен аруу аялзатын жолуктургансыңбы ?» деген суроолорду берүүсү менен балдарды ойлонууга мажбур кылып, сүйлөө кеби өркүндөйт деп ойлойбуз.

Элдик акындар сыпаттап ырдаган «Ак көрпө жайыл», «Ак жоолук делбир», «Жабылуу кара инген» дегендей сапаттарга ээ боло алуучу жана анын тескерисинче көрүнүштөгү аялдардын поэтикалык образын элдик педагогикалык идеяларга негиздеп түзүшкөндүгүн бир топ мисалдан көрүүгө болот.

Жеңижокто алган аялы жакшы болсо, үйгө кирсең ордого киргендей болорун, сымбаты таза болорун, кармаган казан-тулгасы айнектей жаркырап турарын, кабагы дайыма жаркылдап ачык болору, берген тамагы берекелүү, мындай ургаачылар жаннатка киргенге татыктуу болорун көркөм сөздүн күчү менен куюлуштура берилген. [81, 106]?

Демек, нускалуу жана ислам ибадаттарын катуу карманган акын Жеңижок Өтө уулунун жакшы аялы: «үйү ордодой», «сымбаты таза», «барды-жокту

байкатпайт», «берекелүү тамагы», «кармаган казан-аягы айнектен артык таза», «кабагы ачык». Мындай аялдар тигил дүйнөгө барганда бейишке чыгат деген идея айтылат.

Барпы Алыкуловдо болсо жакшы аял аста сүйлөп күлөт, жоргодой майин жыла басат, жамалы жагымдуу, тууганга боорукер, мейманга болсо астейдил, туткан иши бир жаңсыл, акыл айтып чечилет, абысыны урушса, ачууланбай кечирип, үйүнүн ичин гүл кылган сарамжалдуу, башына кыйынчылык түшсө да билгизбей, кундуздай кулпунат. [51, 70-71].

Молло Ныяз «Манас» эпосундагы аялзатын сүрөттөгөн элдик поэтикалык каражаттар менен өз каарманын сыпаттайт. Анын сапаттары, мүнөзү төмөнкүлөрдөн көрүнөт.

Сырткы сулуулугу: «суксур моюн, суу тал», «ай жамал»

Чачы: «кара кундуздай»

Көзү: «чилги жүзүмдөй», «кумарлуу көзү сүзүлүп»

Тамагы: «ак тамагы ак сүттөй»

Бети: «ак бетинин ортосу, анардай кызыл», «эки бети айдын жүзүндөй»

Кашы: «кара пиликтей»

Колдору: «койдун жилигиндей»

Дене-бою: «босого бойлуу, кара чач», «суудан чыккан сүлүктөй», «куурчактай»

Адеби: «сунган бутун жыйбаган», «эки колу боорунда»

Иштүүлүгү: «ондоп килем жүк жыйып»

Аштуулугу (меймандостугу): «атайы келген мейманга, аштуулугуң айтамын»

Ийиги: «алтындан»

Эшиги: «айбарттуу»

Бешиги: «күмүштөн»

Көңүлү: «көлдөй назик»

Ал тең келер тарыхый инсандар: Туйгун төрөнүн айымы Тумаркан, Алымбектин зайыбы Курманжан.

Студенттер сабакта ар түрдүү суроолорго жооп берүү менен Даткайымдын сулуулугу эле эмес, акыл менен бактысын тапкан аялзаты катары сүрөтттөлгөнүн чечмелеп, акындын «Ааламга аты чыкан Алымбектин алганы Курбанжанча бар экен» деген ыр саптарынын маанисин түшүнүшөт. Дегеле улуу акындын ырларын окутууда текстке терең анализ жүргүзүп, сөздүк иштерин жасоо да өтө маанилүү деген ишеничтебиз. Себеби окуучулар түшүнбөгөн бир топ сөздөр кездешери анык. Ар түрдүү ыкмаларды, усулдарды колдонуп өткөн сабак студенттер үчүн эсте каларлык болуп, келечек муундун жаштарын этнопедагогикалык негизде тарбиялоону ишке ашырууга жардам берет.

## 3.2. Колледждерде Молдо Кылычтын «Зилзала», «Зар заман» казалдарын окутууда студенттердин этномаданий компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу

Колледждерде Молдо Кылычтын «Зилзала» казалы «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тоюу» чыгармалары менен бирге окутулат. Чыгарманы окутууда сабактын башталышында эле окуучуларга «Зилзала» сөзүнүн маанисин түшүндүрүп берген оң. Зилзала «жер титирөө», «жер термелүү» дегенди билдирет. Мындан башка да студенттер үчүн түшүнүксүз сөздөрдү сабактын башында эле аларга берип койгон туура, текстти түшүнүү, талдоо мезгилинде аларда суроо жаралбайт.

**Кара тажаал** – акыр заман келгенде калкты түз жолунан жазгырган алдамчы.

**Жажуждар** – ит жээр, бит жээрлер.

**Ровшан** – жаркын, жаркырак, таза.

**Танапсыз** – жипсиз.

**Арсы, күрсү** – элде наркы дүйнөдө адамды соттогону алып кете турган жасоолдор деген түшүнүк болгон.

Бул сөздөрдүн көбүнүн мааниси ислам дининдеги адабияттар менен байланышат. Андан ары чыгарманы талдоо аркылуу окуучулардын сабакта белгилүү бир көндүм, шык, машыгууларга ээ болуусуна жетишүүгө болот.

Чыгарманы окутууда аны 4 бөлүккө бөлүп алсак болот.

**1-бөлүк. Жер титирөөнүн кесепети**. Молдо Кылыч «Зилзала» чыгармасынын башында эле жер титирөөнүн адамзатка тиер кесепетин кеңири баяндаган. Алгач асман, жерлер быркырап бузулуп кетеби деп корктук дейт акын. Ат кишенеп, кошкуруп, туурда куштар талпынып, таш короолор калдырап, дүрүлдөп добуш келгенде эле өлүмдөн башканы ойлобой калгандыгын жазат.

Тоо бузулуп, таш кулап,
Жер жарылып, жар урап,
Эчки, койдун баарысы,
Үркүп чыкты чуркурап.
Уктаган балдар ойгонду,
Ыйлабай өзү сооронду.
Жан-жаныбар макулук,
Чочубастан койбоду [142, 261-262].

**2-бөлүк. Зилзаланын келип чыгышына себептер.** Андан ары акын зилзаланын кесепетин адамдардын пейилинин бузулганынан көрөт.

Адамзаттын шумунан,
Анты, шерти, убада -
Баары кетти жалтайлап [142, 261], - деп баштайт.
Амал кылбай молдолор,
Адам акын көп жеди.
Кууланган жорук көбөйдү,
Кудайдан башка ким билээр.
Бенденин кылган күнөөсүн,
Өзү турган жер көрөөр,
Адистен уккан бул сөзүм:
Адам пенде шумунан,
Кара жер минтип термелээр [142, 261]…

«Адалдыкка арзыбай, сүткор кылар сооданы, ысырапка мал чачып, журтуң кылды кооганы» дегендей себептен зилзала болуп жатат деп түшүндүрөт.

Ошондой эле Молдо Кылыч адамдар ынсап кылса, табигый кырсык болбой, жакшылыктар болот эле деген ойду айтат. «Жан аманат болгон соң, ынсап кылалы, ыйман жайын билели, ошондо кырсыктан алыс болорбуз» деген насаатын берет.

**3-бөлүк. Чоң-Кеминдеги зилзала.** Молдо Кылыч поэмасында күңгөйдөгү Байсоорунда да жер солкулдаганын, там жыгылып, таш басып далай жандар өлгөнүн жана бир канча жерлер жарылып, Ысык-Көлгө киргенин айтат. Там басып аркы дүйнөгө кеткен адамдардын санын 300 болду деп укканын кошумчалаган:

Чүйдүн башы Чоң-Кемин,
Мен айтайын билгеним.
Анык билген адамдар,
Айтып берди көргөнүн.
Үч жүздөн көп киши деп,
Жери урап өлгөнүн.
Там жыгылып баскандын,
Өлүгүн алып көмгөнүн [142, 262].

Мында айтылгандай, там басып, жер көчкөнүн акын биринчи жолу угуп отурганын баса белгилейт. Демек, Чоң-Череминде жер титирөө эмес, жер көчкү болгону айдан ачык турат. Адамзатты кайсы бир кырсык басканда кадимден тышкары болгон өзгөчө окуялар болуп турганын акын мындай деп баяндайт:

Там жыгылып, таш тийсе,
Бешиктеги бир бала
Аман калды жаныбар [142, 262].

Арап тамгасындагы чыгарманын нускасында төмөнкүчө түшүндүрмө берилет: «Токмоктон жүз чакырым чыгышта, Далпырандын ташынан Жантай-Аюуке уругу, Дөөткул Токтомуш уулунун бешиктеги баласы кулаган аска таш үйдү учуруп, 40 саржан жерге түшүп, бешик сынып, бала аман калган» [142, 250]. Демек, Молдо Кылыч бул фактыны да чыгармада камтып кеткен.

**4-бөлүк. Баары Кудайдын кудурети**. Акын жогорудагы ойлорду талдап келип, баары Жараткандын буйругу боюнча болуп жатканын кеп кылат:

Акыр заман белгиси
Сизге баян кылайын.
Заман андай болмогу,
Жерге бузук толмогу.
Он сегиз миң бу аалам,
Орду мына, жер, асман.
Сактап турар барчаны,
Теңирим өзү дем берип [142, 262].

Андан ары акын бүткүл адамзатты дем берип сактаган, кишилерге ырыскы, насип бере турган, жер-асманды, ай менен күндү жараткан, адам акылы жеткис кылып баарын тегиз жасаган бир Кудай деп баяндайт. Он сегиз миң ааламдан сегиз бейиш жаннатты жасап, капыр, шайтан малгунду тозогуна караткан, дөө, пери, адамды бу дүйнөгө тараткан да Кудай деп ырдаган.

Студенттер тарабынан ар бир бөлүктө ойлор окулуп, жалпы түшүнүк алынган соң, мугалим аларды төмөнкүдөй кадамдардан турган иш-аракетти аткарууга чакырат. Балдарга 7 кадамдан турган тапшырма берилет. Бул тапшырмаларды аткаруу аркылуу студенттерде элдик педагогикалык идеялардын негизинде сынчыл ойломдун, өз ой пикирин, позициясын коргоп чыгууга да көндүмдөр калыптанат. «Терең билим берүү гана түпкү натыйжа эмес. Аны менен мугалимди жана окуучуну чектөөгө болбойт. Бүгүнкү күндө ага карата көз караш өзгөрүп баратат. Демек, терең билим бир эле учурда көз караш, активдүү позиция боюнча иштер менен толукталганда, чыныгы турмуштун талабына жооп берет» [101, 42]. Окуучуда активдүү турмуштук позицияны калыптандыруу үчүн сабакта ар кандай ык-машыгууларды колдонсок болот.

*«Жети кадам» ыкмасы.* Окуучулардын баары биринчи кадамдан баштап жетинчи кадамга чейин ырааттуу суроолорго жооп берип жүрүп отурат. Жоопторду студенттер алгач өз алдынча, андан кийин жупта иштеп,

топко алып чыгып талкууласа болот. Топтор арасындагы талкуу, ой пикирлердин жарышы сабактын кызыктуу да, жугумдуу да болушуна шарт түзөт.

**1-кадам. Оюңда сүрөттө.**

Молдо Кылычтын чыгармасындагы зилзаланы сүрөттөп айтып бергиле. Адамдардын абалы, жан-жаныбардын абалы, буюмдардын абалы.

**2-кадам. Себебин тап.**

Зилзаланын себеби тууралуу акын кандайча ой жүгүртөт? Чыгармадан цитата келтиргиле. Чындап эле адам ыймананы бул табигый кырсыктын болушуна себеп боло алабы?

**3-кадам. Ой толгоо жүргүз.**

Молдо Кылыч ырында алааматтын белгиси, акыр заман болордо ушундай зилзала болот деп айтат. Эгер тарыхта тээ илгерки Помпейдеги алааматтын болгонун эске салсак, андан бери канча жер титирөө, табигый кырсыктар көп эле болгон да. Же андай эмеспи? Кыргыз элинде: «Бакпай балааңдан, жаппай жалааңдан сакта» деген макал бар. Эмне үчүн мындай деп айтылганын түшүндүрүп бере аласыңарбы? Балээ деген эмне? Жалаа деген эмне? Сенин оюңча кимиси коркунучтуу?

**4-кадам. Салыштырып көр.**

Зилзала жана жер көчкү. Экөөнүн келип чыгышынын илимий себептерин айтып бере аласыңарбы? Цунамини зилзала дегенге болобу же жокпу? Болсо, эмне үчүн? Айырмачылыгы барбы?

**5-кадам. Талкуулап чыккыла.** Кимиси канчалык туура?

*1-көз караш:* Молдо Кылыч акыныбыз зилзала болуш үчүн Кудай эле адамга айбат кылып жерди силкинтип жатат деп ырдайт. Чындыгында ошондой. Анткени... (мындан ары студент өзүнүн көз карашын айтат).

*2-көз караш:* Жок, бул диний түшүнүк. Молдо Кылыч динчил адам болгондуктан ушинтип чечмелейт. Анын үстүнө ал мезгилде сейсмология, география илим катары кыргыз элинде өнүккөн эмес болчу. Илимий жактан алганда жер титирөө – бул жердин өтө терең катмарындагы өз ара

кыймылдаган массалардын (плиталардын) аракетинен пайда болгон термелүү. Кинетикалык жана потенциалдык энергия сейсмикалык толкунду пайда кылат. Жердин эң жогорку катмарына жогору карай багытталган толкун жеткенде, ал жерде силкинүү пайда болот.

**6-кадам. Суроо бергиле.** Акындын чечмелөөсүндө зилзаланын себептери кандайча берилет? Чоң-Keминде болгон табигый кырсыкта канча адам набыт болгон? Эмне үчүн Молдо Кылыч «Чочутпады да болсо, Чоң-Кеминдин калкындай» дейт? Бул ыр сааптарына караганда кайсы жердеги кырсык катуу болгон?

**7-кадам. Корутунду чыгаргыла.** Кыргыз элинде кырсыкка, амандыкка, жакшылыкка багышталган кандай сөздөр же макал-ылакаптар бар? Кыргызстанда акыркы жылдары катталган эң чоң зилзала Алайдын Нура айылында болгон. Бул тууралуу маалымат булактарынан карап, жоготууларды аныктагыла. Жогоруда айтылгандарды катыштырып, өз ой жүгүртүүңөрдү эссе түрүндө жазгыла. Эсседе кыргыз эл макалдарын пайдалансаңар болот. Мисалы, «Өлүм айтып келбейт», «Сактанганды сактайм дептир», «Кудайдын буйругусуз кумурсканын бели сынбайт», «Жамандык бирөө, жакшылык көп», «Баш аман болсо, баары табылат» ж.б.

Маалымат: 1911-жылы 4-январда болжолу 9-10 балл жер силкинүү болуп, болжолу 500дөй киши каза болгон.

Эссе жазууга тапшырма бергенден мурда баалоо критерийлерин иштеп чыгуу окутуу натыйжаларына жетүүгө алда канча жакшы шарт түзөт. «Критерий – бул бир нерсени баалоого, аныктоого же классификациялоого негиз болгон белги. Критерий – баанын өлчөмү» [170, 22]. Баалоонун критерийин иштеп чыгууда студенттер өздөрү да катышканы жакшы, себеби бул алардын көз карашын эске алып, нараазы болбоосуна алып келет. Окуучунун окуудагы жетишкендигине бул критерийди иштеп чыгуу жумуш процессин бир максатта жүргүзүүгө, ал эми баалоо процессинин таза, адилеттүү болуусуна жардам берет. Мисалы, Молдо Кылычтын «Зилзала»

чыгармасы боюнча жазылган эссени баалоодо баалоо критерийлери төмөнкүлөр болушу ыктымал:

1. Эссенин мазмунунун көркөмдүгү

2. Акындын чыгармасын талдоого канчалык көңүл бургандыгы.

3. Элдик макал-ылакаптарды эсседе ыктуу пайдалануусу

4. Эсседе орунсуз кайталоолордун кездешпегендиги.

Мындай калыптандыруучу баалоонун негизинде студенттер өзүн да, бири-бирин да баалоого жөндөмдүү болуп калышат. Жогорудагы тапшырмалар менен бирге балдарды турмушка да даярдоо кошо кетет. Мугалим студенттер менен мындай суроолорду талкуулайт:

1. Жер титирөө болгондо кандай коопсуздук эрежелерин сактоо керек?
2. Табият кырсыктары эмнеси менен коркунучтуу?
2. Сен зилзала болгондо кандай абалда каласың?
3. Эгер жер титирөө болуп калса, биринчи кимге жардам бермексиңер?
4. Элдик педагогикада зилзала тууралуу айтылган ойлор.

Д.Шаматовдун изилдөөсүндө биздин өлкөдөгү окуучулардын көпчүлүгү жаратылыш кырсыктарынан коркушат. «Окуучулардын аалам келечегине болгон көп тынчсыздануулары жана коркунучтары айлана-чөйрө проблемаларына байланыштуу болду. Аларды кар көп түшүү, цунами, зилзала, өрт, ташкын жана селге окшогон жаратылыш кырсыктары кыжалат кылат. Биздин сурамжылоодо катышкан окуучулардын 94% дал ушул табият кырсыктары тынчын ала тургандыгын белгилешкен» [221, 137].

Бүгүнкү күндүн көз карашынан караганда атактуу Молдо Кылыч ар тараптуу билими бар, көз карашы кең, маданияттуу, ошону менен бирге жөнөкөй, барга топук кылып жашаган, азга кайгырбаган көрөгөч акын болгон. Окумуштуу К.Асаналиев Молдо Кылычтын бүткүл билимин, акындык өнөрүн элдин маданиятын өнүктүрүүгө жумшагандыгын баса белгилеп, мындай дейт: «Молдо Кылычтын адабий мурасы өзүнүн жаратылыш көрүнүштөрдү, адам турмушун сүрөттөгөн реалисттик салттары, жаңыча башталмалары менен гана эмес, ошондой эле курч социалдык карама-каршылыктары, бүдөмүктөрү,

мистикалык чегинүүлөрү менен да баалуу, ал мына ушундай көп түстүүлүгү, көп жактуулугу менен дайыма жандуу кыймыл-аракетте» [35, 26].

Кыргыз элинде жакшылыктын да, жамандыктын да баары Кудайдан, Жараткандан келет деген түшүнүк калыптанып калган. Ал түшүнүк элдик педагогикалык идеяга айлынган. Ошондуктан, «Ажалың жетсе өлмөк бар, амирин айтса көнмөк бар» деген макалдар пайда болгон. Ошондой болсо да, элибиз кээде «Кудай сактанганды сактайм дептир» деп, бир эле Кудайды карап отура бербестен, адам жамандыктан коргонуу үчүн өзүнүн бар аракетин көрүүсү керек деп эсептеген. «Жамандыкты амандык жеңет» дегендей, кандай болгон учурда да жакшылык менен аяктап, жакшылык менен бүтөт деген оптимисттик ой менен жашаган. «Жакшылыктын жарыгы өчпөйт», «Жакшылык бапырап көп келбей, бириндеп келет» деп жакшы кабарга, кубанычтуу окуяларга сүйүнүп сүйүнчүсүн берип, жакшылыкты сабырдуулук менен күтө билген. Чындыгында, жакшылык – өмүр шамы, чөккөн көңүлдү чалкытат, өчкөн отту  тамызат.

Элге жакшылык кылган адам элге жакын, жүзү жарык, жылдыздуу көрүнгөн. Улуу «Манас» эпосунда «Өчкөн отту тамызган, өлгөн жанды тирилткен, үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган» деп, андай адамдарга өзгөчө баа берилген. Адамдарга жакшылык алып келген адамдар жүрөгү таза, дили ак, намысы бийик, сабырдуу, убадага да бек болору дайыма айтыла келген. Мындай адамдар өзү жамандык көрүп каларынан коркпостон, башкаларга жакшылык жасашкан. Илимде азыр мындай сапатты алып жүрүүчүлөрдү альтруисттер деп коёт.

Элдин кылымдар бою айтылып келген оозеки адабиятында, акындар чыгармачылыгында жакшылык менен жамандыктын эриш-аркак жүргөнү, жакшылыктын шарапаты, жамандыктын кесепети тууралуу ырдалып келген. Ошол ырлар аркылуу балдарга турмуштагы жакшы-жаманды ажыратуу, жашоодо жакшы адамдын эмгеги бааланарын, жаман адамдын аты эл арасында тез өчөрү да таржымалданып, таалим берилген. "Молдо Кылычтын "Зар заман" аттуу казалында жана "Буудайык" менен "Бүркүттүн тою"

поэмаларында учурдун татаал, карама-каршылыктуу курч саясий көйгөйлөрүн түздөн-түз чагылдырып, аны курч сөз менен сындап, кор болгон карапайым элдин турмушуна боору ооруп, элди эзген бийлик өкүлдөрүнүн бетин ачып, замандын жүзүн, башкаруучу төбөлдөрдүн зөөкүр образын таасын сүрөттөгөн. Ошол мезгилдеги адеп-ахлакты, нрава менен моралды таасын ачкан". [191, 359]. Жыйынтыктай келгенде, Молдо Кылыч башка акындардай эле элибизде элдик эстутумдун кыртышында байыртан өсүп-өнүгүп, аң-сезимине тамырлаган адилеттүүлүк, гумандуулук, абийирдүүлүктүн жакшылыкка алып бара турган жол экенин ырдап, жаш муундарга тандоо укугун көрсөтүп койгон.

«Көркөм чыгармасыз жана ага талдоо жүргүзүүсүз адабият сабагын, ал тургай окуу процессин толугу менен элестетүү кыйын. Качан көркөм чыгармачылык жана ага карата эстетикалык ой жүгүртүү киргенде гана окуу процессиндеги адабият сабагы толук кандуулукка айланары, ал эми балдар жеткиликтүү билим алуулары талашсыз. Демек, көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү адабият сабагынын өзүнчө бир бутагы гана болуп эсептелбестен, адабият теориясын үйрөнүүнүн жана жеткиликтүү кабылдоонун, андан ары көркөм ой жүгүртүүгө жетишүүнүн мыйзам ченемдерин ачып, окуу процессиндеги принциптерин, формаларын, методдорун аныктоо аркылуу практикада колдоно билүүгө чейинки чекке алып барат. Натыйжада, ушул аракет ар бир сабакта усулдук ыкмаларды өркүндөтүп, мугалим менен окуучунун изденүүсүн шарттап туруучу талдоо аркылуу үйрөнүүнүн органикалык байланышын камсыз кыла алган өзүнчө бир ишмердүүлүккө алып бара алат» [113,122]. Демек, Молдо Кылычтын чыгармалары кыргыз элинин улуттук, руханий жана маданий баалуулуктарын жогорку деңгээлде чагылдырып, элдик педагогиканын өзүнчөлүгүн баса белгилеген педагогикалык туунду экендигин тастыктайт.

Молдо Кылыч акындын чыгармаларын окутпай, саясий ката таптырган, башка чыгармаларын да «кара сандыкка» каттырган казалы – **«Зар заман».** Бул казал санат түрүндө жазылган. Санат ырлары – кыргыз адабиятынын

өркүндөгөн негизги түрлөрүнүн бири. Кайсы кылымда, кайсы доордо жаралганы белгисиз болгон бул жанрда бардык эле шайырлар, акындар ырдай алган эмес.

Бул адабий түр башка элдердин адабиятында да көрүнүктүү орунду ээлейт. Орто Азиянын акындары Кожо Ахмед. Яссави, Сопу Аллаяр, Хафиз, Бедил, Кожо Бакыргани сыяктуу ырчылар да санат түрүндө чыгармаларын жазганы белгилүү. Орус эл адабиятындагы «Поучение Владимира Мономаха», «Домострой», «Зерцало» ырлары да ушул санат ыр формасында жазылган. Жазма адабияты өркүндөгөн элдердин поэзиясында бара-бара санат ырдын жоголуп кеткенин байкайбыз. Ал эми кыргыз адабиятында болсо санат илгертен бери кылым карытып, ал тургай учурда заманбап музыка аркылуу бүгүнкү күнү да ырдалып, жаштар арасында белгилүү хит болгон ырлардын катарына кирет. Ж.Бөкөшов «Кыргыз философиясы» аттуу эмгегинде мындай дейт: «Салттуу билим жергиликтүү элдин узак мезгил ичинде күткөн турмуштук тажрыйбасына байланышкан, муундан муунга өткөн, адамдын өзүн курчаган табигый жана коомдук чөйрө менен мамилесин жөнгө салган, негизинен оозеки түрдө жашап келген, илимден тыш билимдерин, ишенимдерин, адаттарын, ой-түшүнүктөрүн камтыйт» [66, 267]. Эмгекте салттуу билимге кыргыз элинин макал-ылакап, оюн-зоокторунан баштап «Манас» эпосуна чейин жана Калыгул, Жеңижок, Токтогул сыяктуу акындардын, ырчылардын чыгармалары деп берилет. Андан ары окумуштуу салттуу билимге тиешелүү бир нече бөтөнчөлүктөрдү айтып кетет: жетерлик, туташтык, бүтүндүк, тажрыйбалык, көмүскөлүк, оозекилик, ийкемдүүлүк, жергилик, көп түрдүүлүк.

Ата-бабаларыбыз көкүрөккө төнгөн ойлорун, калктын акыл сыдыргысынан чыккан чындыгын, урпактарга бере турган насаатын салттуу билим катары сактап келген. Бул салттуу билимдердин жыйындысы азыркы илимдин тили менен айтканда этнопедагогика деп аталат. Этнопедагогикада, анын ичинде акындар чыгармачылыгында жогоруда аталган бардык бөтөнчөлүктөр сакталып келген.

Санат ырлары элдин жашоосунун өзүнөн алынып, турмушта бир нече жолу далилденип да, тастыкталган чындык катары кабыл алынган. Бул ырларда элдик таалим-тарбиянын өзөгү камтылган, ал кылымдар бою муундан-муунга эл акындарынын ырлары аркылуу ырдалып келген, ошонусу менен тарбия берүүчү мектептин ролун аткарып калган. Кээ бир санат ырлары эл арасында өтө көп айтылып, жүрө-жүрө макалга айланып кеткени да бар. Мисалы, легендарлуу ырчылардан Асан Кайгынын ырлары макалга айланып кеткен: «Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт», «Сабырдын түбү – сары алтын, саргарган жетээр муратка, сабырсыз калар уятка», «Зыянсыз жыланга да кара санаба» ж.б.

«Өлө турган тай үчүн,
Көчө турган сай үчүн
Желке териң курушуп,
Ар ким менен урушпа,
Ачуу – душман, акыл – дос,
Артынан түшүп кетсе кантесиң,
Түбү терең куушка» [34, 193].

Мындагы «Ачуу – душман, акыл – дос» деген ыр сабы кийинчерээк макалга айланып кеткенин байкоого болот. Асан Кайгы ким болгон? Ал жарык дүйнөгө жарк эте келгенден, өмүрү өткөнгө чейин согушту, ыр-чырды, мыкаачылыкты, таш боорлукту, кара мүртөздүктү сүйбөгөн. Тек гана бейпилдикти, теңдикти, барчылык менен токчулукту, боорукерликти издеп, кейип-кепчип жүрүп, бу дүйнөдөн арманда өтүптүр [33, 6].

Тазабек Саманчиндин көз карашы боюнча кыргыз адабиятында көлөм жагынан «Зар заманга» тең келе турган башка санат ыр жок. Ал Молдо Кылычтын бул казалы он басма табак көлөмүндө экенин айтат, ал эми башка акындардын санаты эки басма табак (миң сап) болгонун далилдейт. Ошондой эле бул казал Белек Солтоноевдин, Каюм Мифтаковдун, Ыбырайым Абдрахмановдун ж.б. аты аталган, аталбаган бир нече адамдар тарабынан көчүрүлгөнү, арасында татар улутундагы адам жазып алган кол жазма,

Кылычтын өзүнүн баласынын жыйнаган ырларынын кол жазмасы –баары УИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталып турганы жөнүндө айтып кеткен. “Зар заман” поэмасы улуттук адабиятыбыздагы санат-насыят багытындагы чыгармалардын диапазонун кеңейтип, предметтүүлүгүн арттырды. Дегеле Молдо Кылычтын санат-насият багытындагы ой жорумдары дал ушул “Зар заман” поэмасында өтө ырааттуу түрдө берилген”, деп белгилейт Садык Алахан. [193, 88].

Сабакта студенттерге суроо-жооп берүү менен “Сократтын семинары” усулун колдонсо болот. «Сократтын семинары» усулу («сократтык семинар», «сократтык маектешүү», «эвристикалык сүйлөшүү» катары дагы белгилүү). Байыркы грек философу Сократ өзүнүн окуучулары менен колдонгон методиканын негизинде иштелип чыккан окутуу усулу болуп саналат.

Бул чындыкты издөө процессинде багыттоочу суроолорду берүү методу, ал талкуулоонун (дискуссия) бир түрү, ошондой эле окутуунун суроо-жооп формасы, анда мугалим окуучуларга даяр билимди бербестен, ойлонулган суроолор менен аларды өз алдынча жыйынтыкка келүүгө түртөт.

Жооп бергенде, эскертүүлөрдү, комментарийлерди киргизсе болот, жоопторду издөөгө, кошумчалоого, кеңейтүүгө түрткү болуу керек: мисалы, «иш-аракетти талдагыла», «окугула жана айтып бергиле», «текст менен далилдегиле».

Мугалим окуучулардын мүмкүн болгон реакциясын алдын-алуу менен, темага жакшы даярданышы зарыл.

«Сократтын семинары» усулу боюнча текстти талкуулоо ар кандай ыкмалар менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Теманы талкуулоого мүмкүн болушунча көп окуучулардын катышуусу маанилүү. Ушуга байланыштуу, талкуулоону өткөрүүнүн ар түрдүү варианттарын колдонсо болот: мугалим суроолорду даярдап жана берген учурда жалпы класс үчүн дагы, окуучулар суроолорду даярдап жана кичи топтордо дагы бири-бирине берген учурда.

Экинчи вариант суроолорду берүү көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча бардык окуучулар менен алдын ала ишти талап кылат.

Текстти түшүнүү боюнча ишке көбүрөөк окуучуларды тартуу максатында «Аквариум» технологиясын колдонуу менен, «Сократтын семинарын» уюштурууга болот. Технология талкуулоонун жүрүшүндө эки тегеректи: ички (талкуулоонун катышуучулары) жана тышкы (байкоочулар - сынчылар жана аналитиктер) түзүүнү болжолдойт. Ички тегерек даярдалган суроолордун жана жооптордун жардамы менен көңүлүн окулган тексттин, чыгарманын талдоосуна топтойт. Бул мезгилде, тышкы тегеректеги катышуучулар ички тегеректин талкуулоосуна, ага кирбестен, байкоо жүргүзүшөт.

Ички тегеректе талкуулоо аяктаган учурда, тышкы тегеректин катышуучулары бул жөнүндө пикирлерин айтышат. Бул процесстин узактыгы талкуулоонун темасына жараша болот.

**Мугалимдин ички тегерекке берген 1-суроосу:** Санат-насыят ырларынын табиятын карап көрүп, бул ырлардын жаралышы жөнүндө окумуштуу Сулайман Кайыпов төмөнкүдөй ой пикирин айтат: «Санаттарда ырдалган көркөм саптардагы таң каларлык, нукура философиялык ой корутундулар кайсыл ойчул, кайсыл акылман элдин дүйнө тааным тажрыйбасынын жыйынтыгы болду экен? Кыргыз аны өз турмушунан алып, ага өз акылы менен жетпесе, кай убакта, кайсыл элден, кандай кылып алды экен? Албетте, эч кимден алган эмес. Бул корутунду, бүтүмдөрдү кыргыздын жүлүнүнөн сымаптай сызып чыккан, көңүлүндө миң бир ирет калчанып, көз жашы менен жуулган, көп жылдар барк алынбай, түпкүргө чөгүп калган, ааламга, адамдардын рухуна түбөлүк шоола чачаар керемет нурлар десем, аша чаап кетмек турсун, жеткире айта албаган болор элем. Бул санат ыр – бир кездерде күрпүлдөп, толкуп ташкан ой дайрасынын майнабы экенине күмөнүм жок» [115, 98]. Окумуштуунун ой толгоосуна карата силердин ой пикириңерди уккум келет? Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок талкуу жараткан мындай жем таштоочу суроолорду берүү менен биз окуучулардын окумуштуулардын илимий көз карашы менен таанышуусуна шарт түзүү менен бирге аларда өзүнүн жекече позициясы калыптанганына шарт түзөбүз.

**Мугалимдин тышкы тегерекке берген 1-суроосу**: Молдо Кылычтын «Зар заман» казалында акындын замана жөнүндө айтылган көз караштарын тапкыла?

**Тышкы тегеректеги 1-студент:** Акындын биринчи көз карашы – бул зар заман болсо да, тирүүлүк өзү эле чоң дөөлөт дегендей маани берилген:

Зар заманды карасаң,
Даамы татты казыдай,
Эч болбосо ширеси,
Чекендинин ашындай [141, 206].

**Тышкы тегеректеги 2-студент:** Акындын экинчи көз карашы:

Дин мусулман балдары,
Өз  ичинен жоо болду.
Ошондой жорук болгон соң,
Замана кайдан оңолду?
Алык-салык көбөйүп,
Бей-бечара зарылды.
Шарият иши бүт калып,
Закон деген табылды [141, 207].

**Тышкы тегеректеги 3-студент:** Андан тышкары «Зар замандын» мотиви, маанайы төмөнкү ыр саптарында бир кыйла тагыраак аныкталып турат:

Былтыркыдан бул жылы
Заманaнын кыйыны.
Боздотуп жатат карыбын,
Болуш, бийдин чыгымы.
Жайы, кышы бир алат,
Оокатынын жарымын [141, 239].

**Мугалимдин ички тегерекке берген 2-суроосу:** Молдо Кылычтын бул казалында орустардын келишине карата автордун ой пикири кандайча сүрөттөлгөн? Ошол жагына баам салдыңарбы?

**Ички тегеректеги 3-студент:** Молдо Кылычтын орустар бийлей баштаган мезгилде жашаган жана алардын мусулманчылыкка дал келбеген үрп-адаттарын убагында сындаган болсо да, кийинчерээк аларга карата көз карашы өзгөргөн. Мисалы:

Орустун жоктур залалы,
Көрүнөт көзгө карааны.
Каапырлыгы тийбесе,
Канакей мунун жаманы.
А болбосо кургурдун,
Адамга жоктур залалы.
Тилмечин салат тишине,
Закүндү айтат элине.
Капырлык кылып адамга,
Каршылык кылбайт динине [141, 221].

**Ички тегеректеги 4-студент:** Ооба, акындын орустарга карата көз карашы оңуна айланат.

Колумдан келип турат деп,
Өкүмдүк кылбайт элине.
Эмне десе кыргыздын,
Ишенип алат кебине.
Орустун пейли кең экен,
Ынсап салган неме экен.
Тарыткан менен жериңди,
Арзан баа кылды эгинди.
Тындырып койду жайына,
Чабышып жаткан элиңди [141, 222],- деп, Молдо Кылыч элдин ал-абалын жогорудагыдай мүнөздөө менен орустардын келиши элдин жерин тарытканы менен, мыйзамдуулукту да орнотконун, эл үчүн эгинди арзандатканын, кыргыз бий-болуштарына караганда ынсаптуулугун, ал тургай чабышып майда уруучулукка бөлүнгөн кыргыздар тыйылып калганын

мойнуна алып жазган. Бул саптардан акындын өз көзү менен көрүп баалаган турмуш чындыгы көрүнүп турат.

Зардеси бар боз балдар,
Саяпкердин атындай.
Кылыгы жакшы боз балдар,
Булу кымбат асылдай.
Ишеништүү жигиттер
Ат байлаган акырдай.
Дөөлөтү бар жигиттер
Дөбөдөгү чатырдай.
Кайырдуу болсо элине
Гүлдөп турган чарбактай.
Убадалуу эр жигит
Кол көтөргүс кишендей [141, 224],-

деп, Молдо Кылыч ишенимдүү жигиттер, дөөлөтү бар жигиттер элине кыйын күндө кайрылышкан, убадасына турган инсандар болорун белгилейт. Мыкты жигит эл ичинде саяпкердин атындай дилгир, жоопкерчиликтүү, кыйынчылыкка бышкан адам болорун, алардын баасы, баркы да кымбат экенин салыштырып сүрөттөйт.

Мугалим “Сократтын семинары” усулунда ички жана тышкы тегерекке суроолорду берип, же ички тегерек бири-бирине суроо-жооп алмашып, ал эми тышкы тегеректегилер байкоочу болуп, жооп алгандан кийин студенттерди бири-бирине баалатып, же өзү комментарий берүү менен баалап койсо болот.

«Зар заман» казалында акын мүнөзү начар, болбос жигиттер кыйшык сүйлөп, пейили тар, үйдөн чыкпас жалтак болушарын айтат:

Зардеси жок боз балдар
Үйдөн чыкпас катындай.
Бейли тардын күнү жок,
Бай да болсо жакырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер

Кыянаттуу капырдай.

Текеберлүү адамды

Үйгө кирсе «кел» дебе!

Ууру кылба дегеле,

Башың кирер ноктого,

Ыкыбалың түздөгүн

Агайын жакынга.

Бу кылыкты кылбасаң,

Бейлинди кең салбасаң,

Өз башыңа келгенде

Убадаңа турбасаң,

Антты-шертти ойлобой,

Ата-эненди булгасаң,

Кайдан жакшы болосуң [141, 227]? – деп, Молдо Кылыч жаштарга келечек жашоо турмушунда зарыл болгон түшүнүктү, таалим-тарбияны берүүдө. Акын уурулуктун, текеберликтин, туруксуздуктун арты жаман болорун насыяттап, ата-энени сыйлоо, жаман атыңды аларга угузбоо керектигин баса белгилейт.

Арбагы чоң жакшылар

Миң кишинин деминдей.

Эл-журтуна аркасы

Аска тоонун белиндей.

Агайындын пайдасы

Тийбей калат тегиндей.

Айткан сөзү кишиге

Табыптардын эминдей.

Дөөлөтү бар жакшылар

Кырчыны көп өзөндөй [141, 227].

«Молдо Кылычтын ою боюнча, замандын бузулуп баратышы – коомдун өзүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү закондоруна, ал-абалына

байланышкан көрүнүш. Аны жазгыч ырчы жагымсыз көрүнүштөр катары түшүнүп, ырчы катары гана баалап, өз оюн билдирет» [100, 130].

Акын заманды ар кандай түрдө көрөт. Бирде ал жакшы деп сыпаттап: «Азыркы окуучу бул казалдан дин жөнүндөгү, өткөн турмуш, өз учуру, келечек мезгил жөнүндөгү, адамдардын жүрүм-туруму, жөрөлгөлөрү, салт-санаасы жөнүндөгү акындын ой жорутуусун табат, анын көпчүлүгүнө кошулат, анткени ал накыл сөздөр азыр да өз маанисин коротпой, күнү бүгүнкүдөй жаңыча угулат, кай бирине макул болбойт, кантсе да алар өз күчүн жоготкон, өз мезгилинин, өз учурунун гана керектөөлөрүнө кызмат аткарып, чектелгени сезилип турат. Бирок кандай болсо да, «Зар заман» бул баарынан мурда акындын кыргыз турмушу, кыргыз тагдыры жөнүндөгү бүтүндөй бир философиялык ой толгоолору, акындын жүрөктөн чыккан муң-зары, күткөн үмүт-тилеги, эртеңки идеалы» [35, 26].

Акыл дайра билгенге,
Бу жалган жок өлгөнгө.
Чыгымдансаң себеп жок,
Чындап ажал келгенде.
Каршылыгың жарабас,
Кадыр, дөөлөт бергенге [141, 227].

Кылычтын ырларында жакшы аял, жаман аял тууралуу да санаттар бар. Акындын ою боюнча, жакшы аял мүнөзү туруктуу, сыр билгизбейт, дайыма муңайым жүрүп, өтө мыкты аял болуп эсептелет.

Жакшы катын белгиси-
Кылган ишин кызганбай,
Сыр билгизбей турганы,
Мүнөзүнөн козголбой.
Келиндердин жакшысы -
Кездеменин жибиндей,
Боруму түз муңайым,
Булгарынын ийиндей.

Өзү жаман бош болсо,
Оңуп кетер чырайы
Эч өнөрү билинбей.
Кыз баланын жакшысы,
Күзгүсү бар айнектей.
Жакшы кийим жарашар,
Жашыл моюн өрдөктөй.
Көркү жакшы кыз бала
Көл боюнда кырчындай,
Булу кымбат канчалык
Ак албарстын курчундай [141, 227].

Бул казалды этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү аркылуу биз студенттердин турмушка болгон көз карашын калыптандырып, этномаданий компетенттүүлүккө жетелеп, заман ар түрдүү боло берерин, бирок кандай болгон күндө да адам бойдон калуунун сырын, жакшы адам болуунун баркын, баасын үйрөтүп, ыйман-адептик баалуулуктарга үйрөтө алабыз. Студенттер поэманы үйрөнүү аркылуу бара-бара адам мүнөзүнүн ар түрдүүлүгүн, жүрүм-турум нормаларын, элдик этикеттин азыркы жалпы адамзаттык нравалык баалуулуктар менен байланышын аңдап биле баштайт. Өз элинин тарыхына социалдык-маданий аспектиден карап, андагы оң жана терс жактарды талдоого алганга, жыйынтык чыгарганга дасыгат. Баарынан маанилүүсү элдик педагогиканын үлгү же өрнөк көрсөтүү ыкмасын өздөштүрүшөт. Балдар казалда айтылгандай, кыз балдар мыкты кыздардан, эркек балдар мактоого татырлык жигиттерден болгусу келет, чоңойгондо эл-журтуна аскадай тирек болуп, ошол бийиктикке умтулуусу күчөйт.

П.Ирисов «Тарбиялык функция ырчылык өнөрдө өзөк маселе болуп келгендиктен дээрлик бул темада ырдабаган ырчы болгон эмес. Ал гана эмес тарбия темасында ырдоо ырчынын чыгармачылык талантын баалоочу критерийге айланган» [99,120]. – деп айткандай, Молдо Кылычтын «Зар заман» казалы кыргыздын элдик салттарынын, улуттук маданиятынын жаңы

доорго келип, башка цивилизация менен бириге албай турган мезгилиндеги абалын ошол мезгилдин призмасы менен караган акындын үнү.

### 3.3. Колледждерде Молдо Кылычтын «Буудайык» чыгармасын этнопедагогикалык негизде окутуунун жолдору

Сабактын башталышында эле балдарга «Буудайык деген эмне?» деп суроо берүү менен мээ чабуулун жүргүзүп алганыбыз туура. Студенттер «Ит төрөсү – кумайык, куш төрөсү – буудайык» деген сөздү эстеши мүмкүн. Бирок буудайык жөнүндө толук маалымат айта алышпайт. Ушул жерде мугалим жардамга келет. «Буудайык – кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында куштардын төрөсү, алп бүркүт катары сүрөттөлөт. Мисалы, «Семетей» эпосунда: «Буудайык конду туурума, талпына күндү чүмкөдү, булуту жок апачык, карартып күндү бүркөдү» [198,123] (Жусуп Мамайдын вариантында) деген ыр саптары кездешет. Буудайык жөнүндө Молдо Кылыч Шамыркан уулу төмөнкүдөй поэма жазган», - деп айтып, андан кийин окуучулар чыгарманын сюжети менен таанышат.

Молдо Кылычтын «Буудайык» аттуу элдик уламыштын негизинде жазылган казалында Төлөк аттуу саятчы куш төрөсү Буудайыкты кармап, Жаныбек ханга тартуу кылып, хан саятчынын көмүркөйүн көп алтынга толтурат, санаасы менен болтурат, ат баштаган бир тогуз, төө баштаган бир тогуз, уй баштаган бир тогуз берет. Буудайыкты тапка киргизе албаган Жаныбек хан Төлөк саятчыны сойгузуп, төш этинен ойгузуп, боор этине тойгузуп, канын буудайыктын көзүнө куйдурат. Мына ошондо куш табына келип, тектирдеги бугуну, куюлушта кулжаны, бадалдагы маралды алат. Бирок окуя муну менен эле бүтүп калбайт.

Күндөрдүн биринде алтымыш айры ак бугуну көрүп, Абалкандын Жаныбек буудайыкты ошого карай салганда, буудайык жибектен боосун тытып, асмандап кайып болуп кетет. Саятчы Төлөктүн уулу Тынымсейит кайра эле ошол сандыктагы сары алтын үчүн буудайыкты көп кыйынчылык

менен ханга алып келип берет. Абалкандын Жаныбек баягы эле атасына бергендей байлыкты баласына да берет. Саятчынын жалгыз уулу Тынымсейитти атасы Төлөктүн тагдыры күтүп турат. Мунун баары ач көздүктөн келип чыккан дарт. Төлөк саятчы менен уулу Тынымсейит экөөнө эң башкысы сандыктагы сары алтын, көмүркөйдөгү көп алтын маанилүү, өмүрдөн да артык көрүнөт. Чыгармада ач көздүк менен байлыкты биринчи орунга коюу адамдын өмүрүн алат деген идея берилет. «Чыныгы турмушту көрсөтүү менен художник (сүрөткер) өз чыгармасында жалаң гана өз оюн айтпастан, ал ойду элдин оюу, сезими менен шайкеш келтирет» [24,402]. Акындын элдин ичинде калыптанып калган философиялык ойлорун жыйнактап, өзүнүн чеберчилиги менен бүгүнкү окурмандарга жеткире билүүсү коомдук ролун эң мыкты өздөштүргөндүгү деп айтсак ашыкчалык кылбайт.

Кушка тилмеч болгон Төлөк саятчы тегиз тоодо эркин учуп жүргөн буудайыкты кармап, Абалкандай Жаныбекке тартуу кылгандыгы жөнүндө башталган поэма андан ары да окурманды кызыктырып өзүнө тартат. Буудайык – куш төрөсү, аны кармап алгандан кийин оңойлук менен тапка кирбеген, тапка кирсе да өзүн кармаган ээсинин боор этине тоюп, каны көзүнө куюлгандан кийин олжосун ала турган бүркүттөн да чоң куш деп берилет. Куштун тилин билген саятчы Төлөктүн төш эти союлуп, боор эти оюлуп, каны көзүнө куюлат. Ал өлөрүндө керээз айтып өтөт: «Буудайыкты таптоого мени хан алып барып сойгондо, денемди чарайна менен чаптап, булгаары менен каптап, отуз жолдун тоомуна койгула», - дейт [139,110]. Балдар чыгарманын сюжетине сүңгүп кирүү менен сюжеттик өнүгүшүн чыдамсыздык менен күтүп отурушат.

«Кыргыз элинде: Акыл жарык, шоола нур,

Окуп алсаң нурга нур,

Акыл кетсе башыңдан,

Маңдайыңда шор болор»,-

деп айтылган ыр саптарына удаа эле «Түрлүү жанрларга жык толгон кыргыз фольклорунун ичинен элдик философиянын кайталангыс булактары көркөм чыгармалардын арасында түбөлүк өз ордун тапканга негиз болгон» [203,38], - деп белгилеген окумуштуу Т.Танаев. Эл арасында илгертен эле ач көздүктү ашкере сындап, ашыкча дүйнө жыйбай, барга топук кылып жашаганга үндөгөн философиялык ой толгоолор көп кездешет. Элдик оозеки чыгармачылыкта макалдардан тартып, көлөмдүү эпосторго чейин Мекенди коргоо, эл-жерге кызмат кылуу, достукка туруктуу болуу, адамгерчилик жана адептүүлүк менен адамдык нарк-насилди сактап калуу идеялары менен катар бардык нерсеге каниет, топук кылуу керек деген тарбия берилип келген. «Байлык менен бийлик – колдун кири», «Ашык дөөлөт баш жарат», «Арам акча буюрбайт», «Канаат карын тойгузат, беканаат бээ сойгузат» ,»Ач көздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт», «Касапчы энесине сөөк сатат», «Күн караган суукка тоңот, бай караган ачтан өлөт», «Байлык мурас эмес, жоктук уят  эмес», «Өлгөн аттын такасын издеп, бир бай беш ай жер казыптыр» деген макал-ылакаптарды кыргыз эли бир кылымда эле чыгара койбогон чыгар. Элдин көп кылымдык тарыхый узак жолунда мындай макал-ылакаптар ошол элдин акылынан сызылып, турмушунда далилденип, анан көөдөндөн чыккан нуска кеп кашыктап чогулткандай кыска, бирок маанилүү айтылып калган.

Бүгүнкү кыргыз илиминин айдыңында кыргыз акындарынын, анын ичинде Молдо Кылычтын баалуу мурасын изилдеп, андагы этикалык, этнопедагогикалык идеяларды азыркы муунга жеткирүү, татыктуу өткөрүп берүү биздин милдетибиз. А.Калдыбаева бул жөнүндө мындай ой-пикирин билдирет: «Элдик тарбиячылардын: аксакалдар менен байбичелердин, жеңелер менен агалардын, усталар менен уздардын, устаттар менен кол башчылардын, саяпкерлер менен мүнүшкөрлөрдүн, жайчылар менен эсепчилердин, манасчылар менен дастанчылардын, жомокчулар менен акындардын – ар биринин тарбиялоодогу катышын аныктап, ушундай таалимчилердин арасынан чыккан тарыхый жана аты уламышка айланган инсандардын ордун белгилөө азыркы илимден көп нерселерди күтүп отурат»

[118,23]. Илимпоздун ой толгоосунан чыккан тыянакка кошулуу менен аны ишке ашыруу үчүн чоң долбоорлорду пландаштыруунун кереги жок, сабак өтүү чеберчилигин жогорулатып, идеяны туура багытта берүү талап кылынат деп айтакчыбыз. Жаштарга  айтар сабагыбыз да, калтырган мурасыбыз да руханий асыл дөөлөттөрүбүз болгон соң, келечек муунду этнопедагогикалык идеялар менен сугарылган асыл чыгармаларды жеткиликтүү түрдө түшүндүрүп берүү, аны турмушта пайдаланууга даярдоо биздин башкы максатыбыз болуп калуусу керек.

**Үчүнчү бап боюнча корутунду**

**III бап «Колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуунун ыкмалары, жолдору жана каражаттары»** деп аталат да, анын *«Санат-насыят ырларын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүүнүн жолдору»* деген параграфында Нурмолдонун «Насыят ырлары» аттуу чыгармасы окутуу усулдары чагылдыралат. Ырды окуп үйрөнүүдө биринчи кадам – түшүнүксүз сөздөр менен иштөө процесси окуучуларга кыргыз элинин этникалык маданиятын үйрөтүүдө өзгөчө мааниге ээ болот. Тексттеги «нес болуу», «макоо», «пес», «сыргак жел», «тез», «эсиргенсип» деген сөздөрдүн мааниси этнографизмдер катары чечмеленет. Кийинки кадам – чыгарманы окуп чыгуу жана талдоо.  Студенттер бул багытта «Атан төө мас болсо, тайлак менен дос болот», «Орок оро албаган отузунда жаш болот» деген сыяктуу элдик макалдарды мисал катары келтирип, элдик педагогика менен азыркы турмушту байланыштырат.  Акын эсирген адам тууралуу айтат.

Элдик этикалык сабактарда адамзат жылкы мүнөз келет, жылкы кичине семиргенде жанына келгенди тебе баштайт, адам да ошондой болот деген сөз айтылат. Адам колуна байлык бүтсө, акчасы көбөйүп калса, эч кимди теңсинбей, жанындагы адамдарды да тоотпой калат. Бул эсиргендикке жатат, жада калса жанындагы жолдошторуна сүйлөгүсү келбей калат. Мындай

учурда адамды «көөп калыптыр», «байлыгына чирениптир», «мансабына эсириптир» деп мүнөздөшөт.

Нурмолдо ырында андан ары ушакчы, адепсиз жана адептүү адамдар тууралуу этикалык ойлорун айтат, анын санаттарын, термелерин окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү менен студенттерди адептүү, абийирдүү болууга тарбиялайт, атанын насаатын угуп, эненин адебин үйрөнүүгө үгүттөйт.

Экинчи параграф *«Колледждерде Молдо Кылычтын «Зилзала», «Зар заман» казалдарын окутууда студенттердин этномаданий компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу»* деп аталуу менен жогорудагы эки чыгарманы үйрөтүүнүн заманбап методикалык ыкмалары сунушталат. Молдо Кылычтын «Зилзала» чыгармасын окутууда текст 4 бөлүккө бөлүнүп түшүндүрүлөт: 1-бөлүк «Жер титирөөнүн кесепети», 2-бөлүк «Зилзаланын келип чыгышына себептери», 3-бөлүк «Чоң-Кеминдеги зилзала», 4-бөлүк «Баары Кудайдын кудурети». Текст үйрөнүлгөндөн соң студенттерге 7 кадамдан турган тапшырма берилет. Бул тапшырмаларды аткаруу аркылуу студенттерде элдик педагогикалык идеялардын негизинде сынчыл ойломун, өз ой пикирин, позициясын коргоп чыгууга да көндүмдөр калыптанат. 1-кадам: Оюңда сүрөттө. 2-кадам: Себебин тап. 3-кадам: Ой толгоо жүргүз. 4-кадам: Салыштырып көр. 5-кадам: Талкуулап чыккыла. 6-кадам: Суроо бергиле. 7-кадам: Корутунду чыгаргыла. Кыргыз элинин «Өлүм айтып келбейт», «Сактанганды сактайм дептир», «Кудайдын буйругусуз кумурсканын бели сынбайт», «Жамандык бирөө, жакшылык көп», «Баш аман болсо, баары табылат» ж.б. макалдарын кошуп корутундуда эссе жазылат. 1911-жылдагы Кемин жертитирөөсүн мекентаануу, тарых, география предметтери менен интеграциялоо ишмердүүлүгү ишке ашырылат.

«Зар заман» казалында акын мүнөзү начар, болбос жигиттер кыйшык сүйлөп, пейили тар, үйдөн чыкпас жалтак болушарын айтат. Акын уурулуктун, текеберликтин, туруксуздуктун арты жаман болорун насыяттап, ата-энени сыйлоо, жаман атынды аларга угузбоо керектигин баса белгилейт.

Молдо Кылычтын ырларында жакшы аял, жаман аял тууралуу да санаттар бар. Акындын ою боюнча, жакшы аял мүнөзү туруктуу, сыр билгизбейт, дайыма муңайым жүрүп, өтө мыкты аял болуп эсептелет. Казалды этнопедагогикалык негизде окутуу менен биз инсандын личность катары эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого болгон мамилесин, социалдык түшүнүгүн калыптандырууга жетише алабыз. Студенттер поэманы үйрөнүү аркылуу бара-бара адам мүнөзүнүн ар түрдүүлүгүн, жүрүм-турум нормаларын, элдик этикеттин азыркы жалпы адамзаттык нравалык баалуулуктар менен байланышын аңдап биле баштайт. Өз элинин тарыхына социалдык-маданий аспектиден карап, андагы оң жана терс жактарды талдоого алганга, жыйынтык чыгарганга дасыгат. Баарынан маанилүүсү элдик педагогиканын үлгү же өрнөк көрсөтүү ыкмасын өздөштүрүшөт. Балдар казалда айтылгандай, кыз балдар мыкты кыздардан, эркек балдар мактоого татырлык жигиттерден болгусу келет, чоңойгондо эл-журтуна аскадай тирек болуп, ошол бийиктикке умтулуусу күчөйт.

*«Колледждерде Молдо Кылычтын «Буудайык» чыгармасын этнопедагогикалык негизде окутуунун жолдору»* аттуу 3-параграф акындын дагы бир чыгармасын окутууга арналат. Бул чыгармада эл ичиндеги илгертен эле ач көздүктү ашкере сындап, ашыкча дүйнө жыйбай, барга топук кылып жашаганга үндөгөн философиялык ой толгоолор чагылдырылат жана ошолор сабакта ачып берилет. «Байлык менен бийлик – колдун кири», «Ашык дөөлөт баш жарат», «Арам акча буюрубайт», «Канаат карын тойгузат, беканаат бээ сойгузат» ,»Ач көздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт», «Касапчы энесине сөөк сатат», «Күн караган суукка тоңот, бай караган ачтан өлөт», «Байлык мурас эмес, жоктук уят эмес», «Өлгөн аттын такасын издеп, бир бай беш ай жер казыптыр» ж.б. макал-ылакаптардын айланасында тексттин негизинде аңгемелешүү жүрөт.

Бул теманы студенттерге жеткирүүдө **ПСМТ** усулун колдонуп өтүү теманы жеткиликтүү түшүндүрүүдө өзүнүн жемишин берет деп ойлойбуз. **Позиция** – студент сабакта айтылган көйгөйгө же бирөөнүн ой-пикирине

карата өзүнүн позициясын же ой-пикирин айтат. **Себеп** – студент өзү айткан көйгөйдүн же ой-пикирдин себептерин аныктайт, далилдейт. **Мисал** – ой-пикирин далилдөө үчүн ар түрдүү мисалдарды келтирет, аларды турмуш менен байланыштырат, чыныгы турмуштан ушуга окшош далилдерди издейт. **Тыянак** – студент өзү айткан, далилдеген жана мисал келтиргендеринен тыянак, жыйынтык чыгарат.

Бул усул студенттердин ишмердүүлүгүн илимийлүүлүккө багыттап, далилдүү сүйлөй билүү үчүн фактылар менен турмуш чындыгын байланышта кароого үйрөтөт.

Ошентип бул үчүнчү бапта колледждерде элдик акындарынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча жеке өзүбүздүн методикалык сунуштарды чагылдырдык.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын контекстинде колледждер белгилүү бир тажрыйба топтой элек форма болуп, анын ишмердүүлүгү калыптануу процессин башынан өткөрүүдө. Колледж формасында кыргыз адабиятын үйрөтүү жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарынан да, жогорку окуу жайларынан да айырмаланган адабиятты окутуунун методдорун, каражаттарын талап кылат. Бул концентрде элдик акындардын чыгармаларын талдоодо, окуп-үйрөнүүдө алардын элдик

педагогикалык баалуулуктарын ачып берүү – бүгүнкү күндүн талабы болуп саналат. Биздин «Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» деп аталган диссертациялык изилдөөбүз азыркы учурда колледждердин студенттерин элдик педагогикалык маданияттын салттары менен тарбиялоого багытталып, эмгегибиз адабий чыгарманы этнопедагогикалык аспектиден окутууну доминант идея катары карайт.

Диссертацияда изилдөөнүн максатына, милдеттерине ылайык төмөнкүдөй жалпы корутундуларды чыгардык.

**Биринчи милдет** «Колледж», «акындар поэзиясы», «окутуунун этнопедагогикалык негизи» деген түшүнүктөрдү тактоо, колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутуунун тарыхый эволюциясына жана азыркы абалына обзор берүү болгондуктан, жогорудагы түшүнүктөрдүн аныктамалары илимий булактарга негизденип тереңдетилди, алар өз темабызга ылайык конкреттештирилди. Кыргыз эл ырчыларынын чыгармаларында чагылдырылган калк тарабынан кылымдар бою топтолуп, муундан-муундарга өткөрүлүп келген элдик педагогикалык идеялар руханий байлык, улуттук мурас катары колледждердин кыргыз адабияты сабактарында оптималдуу методикалык ыкмалар жана жолдор менен үйрөнүлүүгө тийиш. Бул идеялар ошондо гана жаш муундар үчүн ата-бабалардын басып өткөн жолун, эне тилин, улуттук маданиятын, салттарын билүүгө жана сыйлоого тарбиялайт. Акындар поэзиясын колледждерде окуп-үйрөнүү тарыхы анчалык көп мезгилде басып өтпөгөнү менен окутуу методикасы жалпы билим берүүчү мектептерде адабиятты окутуунун тарыхы, методикалык негиздери менен бир топ байланышат, ошондуктан алардын тутумдашуу түйүндөрүн эске алуу зарыл экендиги көрсөтүлдү.

**Экинчи милдет** катары колледждерде акындар поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууну изилдөө үчүн зарыл болгон философиялык, педагогикалык, адабият таануу багытындагы методологиялык таянычтарды ачып көрсөтүү, изилдөөнүн материалдарын жана методдорун

аныктоо каралган. Элдик ырчы, акындардын чыгармаларын окутуу жана алардын окуу программаларынан, окуу китептеринен орун алышы XX кылымдын 30-жылдарынан башталат. Бирок ортодо бир топ жыл окуп-үйрөтүүгө тыюу салынган (Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Нурмолдо). Биздин изилдөөнүн материалдары Молдо Нияздын «Санаттар», «Даткайым», Нурмолдонун «Насыят ырлары», Молдо Кылычтын «Зилзала», «Зар заман», «Буудайык», «Бүркүттүн тою» казалдары, Тоголок Молдонун «Куштардын аңгемеси», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Жер жана анын балдары», «Кемчонтой», «Үрпүкан», «Эшек менен булбул» деген чыгармалары болуп, аларды үйрөнүүгө азыркы программа боюнча I семестрде 10 саат берилет. Мына ушул 13 чыгарма биздин изилдөөнүн материалдары болуп, аларды этнопедагогикалык багытта окутуунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу үчүн философиялык, педагогикалык, анын ичинде этнопедагогикалык, адабият таануу багыттарындагы эмгектерди методологиялык негиз кылып алдык. Иштин жыйынтыгында биз таянган методологиялык база жана методдор ишенимдүү илимий жыйынтыктарга жетишүүгө шарт түздү.

Изилдөөнүн методдору катары салыштыруу жана талдоо, каарманды эпикалык дастандардагы аялзаты менен ассоциациялоо, илимий изилдөөлөрдү пайдалануу, окуу-нормативдик материалдарды үйрөнүү, практикалык тажрыйбаларды анализдөө, жалпылаштыруу (Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин окутуучулары Б.Кыдырованын, Г.Аскарованын иш тажрыйбалары) методдору пайдаланылды жана алар илимий ишти жазууда туура жыйынтык чыгарууга жардам берди.

**Үчүнчү милдет** колледждерде акындар поэзиясын «Кыргыз адабияты» сабагында этнопедагогикалык негизде окутуунун жолдорун, ыкмаларын жана каражаттарын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуштоо болгон. Бул багытта колледждерде окуп-үйрөнүлүп жаткан элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун ыкмаларын,

каражаттарын, формаларын иштеп чыктык, диссертациялык ишибизде кээ бир сабактарыбыздын фрагменттерин көрсөттүк.

**Төртүнчү милдетке** ылайык сунуш кылынган окутуу ыкмаларыбыз, каражаттарыбыз колледждерде педагогикалык эксперименттер аркылуу текшерилди, бул болсо биздин методикалык ыкмалардын, каражаттардын, жолдордун тууралыгын аныктады жана илимий изилдөөбүздүн практикалык баалуулугун тастыктады.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу багытында төмөнкүдөй практикалык сунуштарды айтууга негиз берди:

1. Колледждерде адабий билим берүүнүн мазмунун элдик педагогикалык маданият менен байытуу – улуттук асыл нарктарды азыркы жаштарга өткөрүп берүү болгондуктан бул ишмердүүлүктүн зарылдыгы заманбап педагогикада өтө актуалдуу тема жана ал дагы көптөгөн изилдөөлөрдү күтөт.
2. Элдик акындардын чыгармаларын окуп-үйрөнүү ошол чыгармалардын идеясына, каармандардын образына, поэтикасына сиңдирилген элдик педагогикалык баалуулуктарды туура аңдап билүү менен байланыштуу.
3. Студенттерди этнопедагогикалык идеялар менен куралдандыруу азыркы жаштардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, ментелитети, айлана-чөйрөсү, кызыгуулары сыяктуу факторлор менен байланышта ишке ашырылышы керек.
4. Биздин темага ылайык элдик акындардын чыгармаларынын антологияларын, хрестоматияларын чыгаруу, окутуучулардын иш-тажрыйбаларын жыйноо жана жыйынтыктоо, аларды башкаларга жайылтуу зарыл милдеттердин бири болуп эсептелет.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абдулдаев Э. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / Э.Абдулдаев, К.Сейдакматов. – Ф.: 1990. – 116 бет.
2. Абдыкадырова М. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабияты сабагында эл акындарынын чыгармаларын үйрөтүүнүн методикасы (5-8-класстардын мисалында) [Текст] / М.Абдыкадырова: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. – Бишкек, 2012. – 19 б.
3. Абдымомунова, Г.А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо [Текст]: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01. / Г.А.Абдымомунова – Б.: 2009. – 19 б.
4. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение [Текст] / Г.Л.Абрамович. 6 изд., – М.: "Просвещение". – 1975. – 222 с. http://www.detskiysad.ru/raznlit/literaturovedenie11.html
5. Аверинцев С.С. Плутарх и античная биография: монография [Текст] / С.С.Аверинцев. – М.: Наука, 1973. – 283 С.
6. Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / Түз.: Ж.Шериев, А.Муратов. – Б.: КЭнин Башкы ред., 1994. – 13-б. 160 б.
7. Айтматов Ч. Үч томдон турган чыгармалар [Текст] / Ч.Айтматов. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 512 бет.
8. Айтматов Ч.Т. Ак кеме [Текст] / Ч.Т.Айтматов. – Ф: «Кыргызстан» 1982. – 508 бет.
9. Айтматов Ч.Т. Кылым карытар бир күн [Текст] / Ч.Т. Айтматов. – Ф.: «Кыргызстан» – 1983. – 425 бет.
10. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерки [Текст] / Коллективдүү жыйнак. – Ф.: Илим, 1988. – 480 б.
11. Алгожоева Ж. Тоголок Молдонун «Дыйкандын аялынын кошогун» VIII класста окутуу [Текст] / Ж.Алгожоева // Мектеп-школа. – 2001. – №3. – 23-26-бб.

12. Алимбеков, А. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст] / Алимбеков А. – Б.: Алтын тамыр, 2001 – 42 б.
13. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / Алимбеков А. – Б.: Алтын тамыр, 1997. – 62 б.
14. Алимбеков, А. Теория и практика этнопедагогической подготовки учителя в системе высшего педагогического образования [Текст]: автореф. дисс. док.пед. наук: 13.00.01 /А.Алимбеков. – Бишкек, 2010. – 42 с.
15. Алимбеков, А. Формирование у будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогики (На материале педвузов Киргизии): [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук:/ А.Алимбеков. 13.00.01. – М.: 1990. – 25 с.
16. Алыбаев У. Токтогул менен Тоголок Молдонун чыгармаларындагы патриоттук идеялар [Текст] / У.Алыбаев // Мугалимдерге жардам, 1953. №3 – 6-16-бб.
17. Алыкулов Б. Жакшы кыз [Текст] / https://kg.tyup.net/barpy-alykulov-zhakshy-kyz-1305
18. Алыкулов Б. Жакшы кыз [Текст] / китепте: Кыргыз адабиятынын антологиясы.3-том. Түз.: В.Мусаева. – Б.: 2012. – 424-б.
19. Алыкулов Б. Шамал [Текст] /Барпы Алыкулов. Китепте: Мурас. Түз.: М.Абдылдаев. – Б.:1995. –558 б.
20. Алыкулов Б. Шамал [Текст] https://new.bizdin.kg/media/books/Kyrgyz-adabiiaty-8-klass.pdf
21. Алымов Б. «Биздин адабиятты» 7-класста окутуу [Текст] / Б.Алымов – Ф.: Мектеп, 1983. – 250 б.
22. Алымов Б. Аалы Токомбаевдин чыгармаларын окутуу [Текст]/ Б. Алымов – Ф.: Мектеп, 1976. – 188 б.
23. Алымов Б. Мектеп сочинениеси [Текст] / Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1982. – 111 б.
24. Алымов Б. Тандалган эмгектер: Жогорку окуу жайларынын филол. фак. студ. үчүн. [Текст] / Б.Алымов. – Б.: КУУ, 2012. – 784 б.

25.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 219 б.
26.Алымов, Б. Кыргыз адабиятын (1920-1990-ж.ж.) мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздери: Педагогикалык илимдердин доктору деген окумуштуулук даражаны изденүү үчүн илимий доклад түрүндөгү диссертациянын автореферaты. [Текст] Б.Алымов. /13.00.02. – Б.: 1994. – 42 б.
27.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. II китеп [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1991. – 310 б.
28.Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери [Текст] / Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 286 б.
29.Апышев Б. Тарбия назарияты [Текст] / Б.Апышев. – Ош, 1996. – 135 б. http://rav.okuma.kg/read/web/viewer.html?file=books pdf
30.Арсалиев, Ш.М.-Х. Использование произведений национальной культуры в подготовке учителей начальных классов [Текст]: автореф.дисс ... канд. пед. наук: 13.00.01. / Ш.М.Арсалиев. – М.: 1993. – 23 с.
31.Арстанбек Буйлаш уулу. Санат. “Залкар акындар” сериясынан. 1-т. [Текст] / Түз: А.Акматалиев, Б.Кебекова, С.Мусаев, Р.Сарыпбеков. – Б.: 2015. – 296 б.
32.Арстанбек Буйлаш уулу. Санат. https://www.facebook.com/arstanbekbuilashuulu/posts/1579019552319625/
33.Асан Кайгы. Кыргыз адабиятынын антологиясы. Акындар поэзиясы. 3-том. [Текст] / Түз.: В.Мусаева. – Б.:2012. – 528 б.
34.Асан Кайгынын ырлары. [Текст] / Китепте: Б.Исаков, Ч.Исакова Кыргыз адабияты. 8-класстар үчүн окуу китеби https://new.bizdin.kg/media/books/Kyrgyz-adabiiaty-8-klass.pdf
35.Асаналиев К. Башат. Китепте: Молдо Кылыч. Казалдар [Текст] / К.Асаналиев. – Ф: 1991.
36.Асипова Н.А. Келечектеги мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери жөнүндө [Текст] Н.А.Асипова // Китепте:

Кыргызстан менен Түркиянын билим берүү жана экономикалык байланыш жолдору. Түз.: Г.Таджиева. – Б.: 2008. – 222-223-бб.
37. Асмус, В.Ф. Вопросы теории и истории эстетики: Сборник статей. [Текст] / В.В.Асмус. – М.: Искусство, 1968. – 654 с.
38. Афанасьева А.Б. Этнокультурное образование в России: Теория, история, концептуальные основы. Монография [Текст] / А.Б.Афанасьев. – СПб.: Университетский образовательный округ СПб и ЛО, 2009.
39. Афанасьева А.Б. Этнокультурное образование: сущность, структура содержания, проблемы совершенствования [Текст] А.Б.Афанасьева // Проблемы педагогики и психологии. – 2009. – №3 – 190-б.
40. Ашым Жакыпбек. Теңири Манас [Текст] / Ашым Жакыпбек. – Б.:1995. – 558 б. http://kitep.mamtil.kg/sozduk/img/thumbnail/105.pdf
41. Байгазиев С. Арстанбектин этикасы: XI класстын адеп сабагы үчүн [Текст] / С.Байгазиев // Кут билим. – 2007. – 16-ноябрь.
42. Байгазиев С. Нурмолдо – XIX кылымдын тунгуч агартуучусу жана даанышман педагогу [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2005. – 38-б.
43. Байгазиев, С. Адамды жана атуулду жараткан педагогика же Бектур Исаковдун альтернативалуу окутуусу [Текст] / С.Байгазиев // Кутбилим, 2012, 22-фев.
44. Байгазиев, С. Гумандуу педагогика [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: Алтын тамга, 2006. – 628 б.
45. Байгазиев, С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / С.Байгазиев, Б.Жээнбеков // Кутбилим, 2010, 20-авг.
46. Байгазиев, С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2012. – 476 б.
47. Байгазиев, С. Цивилизация жана Ата журт тагдыры [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: Гүлчынар, 2008. – 798 б.

48. Байсеркеев, Б. Этнические взгляды киргизских акынов-демократов Токтогула Сатылганова и Тоголока Молдо [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01. / Б.Байсеркеев. – Фрунзе, 1965. – 23 с.
49. Баитова, Ф.Т. «Манас» эпосу аркылуу болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо [Текст]: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01. / Ф.Г.Баитова. – Б.: 2016. – 21 б.
50. Бакинова Г. Барпыны биринчи ким алып чыккан? / Барпы: изилдөөлөр, эскерүүлөр, арноолор. Түз.: Б.Шамшиев [Текст] / Г.Бакинова. – Б.: КЭБР, 1994. – 229 б.
51. Барпы. 1-том. [Текст] / Барпы. Түз.: Б.Апилов. – Б.: 1995. – 320 б.
52. Батаканова С.Т. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. доктору дисс. автрефераты. 13.00.02 / С.Т.Батаканова. – Б.: 2011. – 42 б.
53. Батаканова, С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. Монография [Текст] / С.Батаканова. – Б.: 2010. – 286 б.
54. Бахтин, М.М. Вопросы литературы и эстетики [Текст] / М.М.Бахтин. – М.: «Художественная литература», 1975. – 504 с.
55. Бахтин, М.М. Творчество Франсуа Рабле и народная культура Средневековья и Ренессанса [Текст] М.М.Бахтин. – М.: «Художественная литература», 1990. – 536 с.
56. Бахтин, М.М. Эстетика словесного творчества [Текст] / М.М.Бахтин. – М.: Искусство, 1979. – 424 с.
57. Беделова К.А. Мектептерде дидактикалык чыгармаларды жанрдык өзгөчөлүгүнө жараша окутуунун методикасы [Текст] /: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. 13.00.02. / К.Беделова. – Бишкек, 2013. – 148 б.

58.Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне? [Текст] / И.Бекбоев // Эне тили. – 1992. – 14-апр.
59.Бердяев, Н.А. О рабстве и свободе человека [Текст] / Н.А.Бердяев // Мир философии: Книга для чтения. Человек. Общество. Культура. – М.: Просвещение, 1984. – 325 с.
60.Бердяев, Н.А. Самопознание [Текст] / Н.А. Бердяев. – М.: Книга, 1991. – 445 с.
61.Бердяев, Н. А. Духовный кризис интеллигенции. [Текст] / Н. А. Бердяев. – М.: Канон, 1998. – 389 с.
62.Богданова М. Киргизская литература. Очерк [Текст] / М.Богданова. – М.: Советский писатель, 1947. – 290 с.
63.Богданова О.Ю. Методика преподавания литературы. [Текст] / Богданова О.Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. – М.: 2002. – 177 с. http://www.infoliolib.info/philol/bogdanova/5_1.html
64.Борбугулов М. Адабият теориясы [Текст] / М.Борбугулов. – Б.: Шам. – 1996. – 446 б.
65.Бөкөшов Ж. Кыргыз философиясы [Текст] / Ж.Бөкөшов. – Б: 2013. – 267 б.
66.Бөкөшов Ж. Окуя өтөт, ой калат [Текст] / Ж.Бөкөшов. – Б: 2013. – 328 б.
67.Волков Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н.Волков https://www.studmed.ru/volkov-gn-etnopedagogika-uchebnik_8452f557f0d.html
68.Волков Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н.Волков. – Чебоксары,1974. – 331 с.
69.Волков, Г.Н. Созвездия земли: избранная педагогическая публицистика [Текст] / Г.Н.Волков. – Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1979. – 460 с.
70.Волков, Г.Н. Народная педагогика [Текст]: Краткий словарь-справочник [Текст] / Г.Н.Волков. – М.:1996. – 54 с.
71.Волков, Г.Н. Педагогика любви: Избранные этнопедагогические сочинения: В 2 т. [Текст] / Г.Н.Волков. – М.: Издательский Дом МАГИСТР-ПРЕСС, 2002. – Т. 2. – 460 с.

72. Волков, Г.Н. Педагогика национального спасения: Избранные этнопедагогические сочинения [Текст] / Г.Н.Волков. – Элиста: АПП «Джангр», 2003.
73. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков. – М.: Владос, 1999. – 168 с.
74. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н.Волков. – М.: ACADEMA, 2000. – 176 с.
75. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н.Волков. – Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1974. – 367 с.
76. Выготский, Л.С. Педагогическая психология [Текст] / Л.С.Выготский. – М.: Педагогика, 1991. – 480 с.
77. Гуляев Н.А. Теория литературы [Текст] / Н.А.Гуляев. – М: 1985. – 123 с.
78. Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү [Текст] / К.Даутов. – Б.: Басма-тамга, 2003. – 400 б.
79. Дахужева, З.К. Этнокультурное ориентирование образовательной системы региона: Научно-педагогические основы и опыт реального функционирования в республике Адыгея [Текст]: автореф. дисс... канд. пед. наук: 13.00.01. / З.К.Дахужева. – Майкоп – 2003. – 18 с.
80. Жаныгулов, К. Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу процессинде колдонуу (XIX-XX к.) [Текст] / К.Жаныгулов: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. автореферааты. 13.00.01. – Бишкек, 2009. – 20 б.
81. Жеңижок. “Залкар акындар” сериясы. Ырлар, айтыштар. Түз.: А.Акматалиев ж.б. [Текст] / Жеңижок. – Б.: “Шам”, 1999. – 106-б. https://new.bizdin.kg/media/books/Jenijok.pdf
82. Жеңижок. Аккан суу [Текст] / Жеңижок / китепте: Мурас. Түз.: М.Абдылдаев. – Б.: 1990. – 34-б. 256 б.
83. Жеңижок. Аккан суу [Текст] / Жеңижок https://elbilge.ucoz.ru/publ/kyrgyzcha/yr_sanat_terme/akkan_suu/20-1-0-266

84.Жеңижок. Үй-бүлө [Текст] / Жеңижок. Китепте: Мурас. Түз.: М.Абдылдаев. – Б:1990. – 256 б. Жеңижок. Үй-бүлө [Текст] / Жеңижок. https://new.bizdin.kg/media/books/Jenijok.pdf
85.Жусуп Баласагын. Куттуу билим: Дастан [Текст] / Байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков. – М.: 1993 – https://new.bizdin.kg/media/books/Kuttuu-bilim_okoQ9K9.pdf
86.Жусуп Баласагын. Куттуу билим: Дастан [Текст] / Байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков. – М.: “НИК”, 1993 – 496 б.
87.Ибраимова Ж.Т. Тоголок Молдонун чыгармаларын интерактивдүү окутуу жана анын жолдору [Текст] / Ж.Т.Ибраимова. // КГЮА Вестник, 2014. – №13. – 198-201-бб.
88. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана [Текст] / – М.:1991.
89.Имаева Н. И. Идея воспитания в творчестве кыргызского акына-демократа Токтогула Сатылганова [Текст]: автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.И.Имаева. – г. Ашхабад, Турк ГУ, 1970. – 19 с.
90.Имаева, Н. Идеи воспитания в творческом наследии Токтогула [Текст] / Н.Имаева. – Ф.: Мектеп, 1971. – 126 с.
91.Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176 б.
92.Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 250 б.
93.Иманалиев К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору. 9-10-класстар үчүн [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1966
94.Иманалиев К. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери. I китеп [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1972
95.Иманалиев К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 144 б.

96.Иманалиев К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1973.
97.Инсанга багытталган окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу. ЖОЖдун окутуучулары үчүн тренинг-модулдар [Текст] / Түз.: А.М.Аликова, Ж.Д.Асекова. – Б.: “Maxprint”. – 2012. – 210 б.
98.Иптаров С. Кыргыз жан дүйнөсү: (этнолингвопедагогикалык илик) [Текст] / С.Иптаров. – Б.: 2012. – 240 б.
99.Ирисов П. Балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн [Текст] / П.Ирисов. – Ф.: 1972. – 120 б. https://st-0.akipress.org/st_bilimlib/1/76a8d4bd081be5dd4b3785077052dac2d7520c28.pdf
100. Ирисов П. Ырчылар чыгармачылыгы [Текст] / П.Ирисов. – Б.: 2004. – 215 б.
101. Исаков Б. Натыйжалуу окутуу боюнча усулдук колдонмо [Текст] / Б. Исаков. – Б: 2012. – 320 б.
102. Исаков Б. Манас сабагы [Текст] / Б.Исаков. – Б.: 1994. – 650 б.
103. Исаков Б. Манастын жети осуяты [Текст] / Б.Исаков. – Б.: 1997
104. Исаков Б. Окутуп тарбиялоо (мугалимдер үчүн колдонмо) [Текст] / Б.Исаков. – Ф.: Мектеп, 1979. – 104 б.
105. Исаков Б. Санат сөз. 1-2-китептер [Текст] / Б.Исаков. – Б.: Учкун, 2005.
106. Исаков Б., Исакова Ч. Кыргыз адабияты. Орто мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби. 1-бас., [Текст] / Б.Исаков, Ч.Исакова. – Б.: 2002.
107. Исамидинов, И.Ч. Кыргыз орто мектептеринде адабият теориясын окутуу [Текст]: пед. илим. докт. автореф.: 13.00.01. −13.00.02./ И.Ч.Исамидинов – Бишкек, 2005. − 46 б.
108. Исамидинов, И.Ч. Кыргыз орто мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармаларын үйрөнүүнүн процессинде окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруу [Текст] / И.Ч.Исамидинов. – Б.: 1993 – 244 б.

109. Ишекеев Н. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы: Жогорку окуу жайларынын филол. фак. студ. жана мектеп мугалимдери үчүн[Текст] / Н.Ишекеев, С.Батаканова. – Б.: "Кут-Бер", 2014. – 416 б.

110. Ишекеев Н. История изучения кыргызской литуратуры в школах республики и ее акуальные проблемы на соврменном этапе [Текст]: автореф. дисс. док. пед. наук: 13.00.02./ Н.И.Ишекеев – Алматы, 1994. – 45 б.

111. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н.Ишекеев. − Б.: 1994. − 387 б.

112. Ишекеев Н. Республиканынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларын үйрөтүүнүн методикасы [Текст]: пед. илим. канд. дисс. автрефераты. 13.00.02 / Н.Ишекеев. – Ф.: 1984. – 18 б.

113. Ишекеев Н.И., Батаканова С.Т. Адабиятты окутуунун методикасы илиминде көркөм чыгарманы талдоо проблемасы [Текст] / Н.И.Ишекеев, С.Т. Батаканова // Известия вузов Кыргызстана – Б.: 2016. - №8. – 122-б. http://www.science-journal.kg/media/Papers/ivk/2016/8/ivk-2016-N8-121-125.pdf.pdf

114. Каденова Ж.Т. «Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. автореферaты. 13.00.01. / Ж.Т.Каденова. – Б.: 2018. – 19 б.

115. Кайыпов С. Жылга бергис жарым күн (же санат ырдан сарыкан ойлор) / Илимий-популярдуу баян [Текст] / С.Кайыпов. – Б.: 2006. – 204 б.

116. Калдыбаева, А. Идеи народного воспитания в творческом наследии Калыка Акиева и их использование в современной педагогической практике школ Кыргызстана [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01. / А.Калдыбаева. – Алма-Ата, 1988. – 21 с.

117. Калдыбаева, А. Калык Акиевдин чыгармаларынын тарбиялык мааниси [Текст] / А.Калдыбаева. – Б.: 1994. – 164 б.

118. Калдыбаева, А. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар [Текст] / А.Калдыбаева. – Б.: 2005. – 344 б.
119. Калдыбаева, А.Т. Эл акындарынын этнопедагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: – Пед. илим. док. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. автореферати. 13.00.01 / А.Калдыбаева. – Бишкек, 2007. – 40 б.
120. Карасаев, Х. Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян [Текст] / Х.Карасаев. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 368 б.
121. Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери [Текст] / Б.Кебекова. – Б.: 2009. – 496 б.
122. Козубаев. Ө. Тоголок Молдо – ойчул акын. Китепте: Тоголок Молдо: изилдөөлөр, эскерүүлөр [Текст] / Түз.: С.Кайыпов. – Б.:1991. – 224 б.
123. Койчуманов Ж. Идеи воспитания в творчестве Тоголок Молдо [Текст] / Ж.И.Койчуманов. – Ф.: 1964. – 186 б.
124. Коменский Я.А., Локк Д., Руссо Ж.-Ж., Песталоцци И.Г. Педагогическое наследие [Текст] / Сост. В.М.Кларин, А.Н.Джуринский. – М.: Педагогика, 1989 – 416 с. (Б-ка учителя).
125. КР «Билим берүү жөнүндө мыйзамы» http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1216?cl=ky-kg
126. Кулматова Ш.О. Кыргыз адабияты сабактарында XIX кылымдагы акындардын чыгармаларын окутуунун илимий-методикалык негиздери (Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларынын мисалында) [Текст] / Ш.Кулматова: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. – Бишкек, 2014. – 20 б.
127. Кулматова Ш.О. Кыргыз адабияты сабактарында XIX кылымдагы акындардын чыгармаларын окутуунун илимий-методикалык негиздери (Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларынын мисалында) [Текст] / Ш.Кулматова: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. 13.00.02. – Бишкек, 2014. – 166-б.

128. Кыдырбаева Р. Санат, насыят ырлары [Текст] / Р.Кыдырбаева, Т.Танаев / китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы, 1-т. – Б.: 2002. – 215-216-бб.
129. Кыргыз адабияты (терминдердин түшүндүрмө сөздүгү) [Текст] / Түз: Ж.Шериев, А.Муратов, КЭБР. Б.: 2004. – 158 б.
130. Кыргыз адабиятынын программасы: 8-10-класстар үчүн [Текст] // Окутуучуларга жардам. – 1941. – №6. – 8-21-б.
131. Кыргыз адабиятынын программасы: 9-класстын базасында кабыл алынган колледждер (окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн тайпалар үчүн) [Текст] / Түз.: Муратов А.Ж., Исаков К.А., Акматов К.К. – Б.: 2018. – 46 б.
132. Кыргыз адабиятынын тарыхы: 9 томдук. 5-т. [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. – Б.: Шам, 2012. – 339 – 354-бб.
133. Леонтьев, А.Н. Избранные психологические сочинения в 2-х т., Т. 2. [Текст] / А.Н.Леонтьев. – М.: Педагогика, 1983
134. Леонтьев, А.Н. Проблемы развития психики [Текст] / А.Н.Леонтьев. – М.: 1972. – 292 с.
135. Лернер, И.Я. Дидактическая система методов обучения [Текст] / И.Я.Лернер. – М.: Знание, серия «Педагогика и психология», 1976. - №3.
136. Лернер, И.Я. Дидактические основы методов обучения [Текст] / И.Я.Лернер. – М.: Педагогика, 1981.
137. Махмутов, М.И. Современный урок. Вопросы теории [Текст] / М.И.Махмутов. – М.: Педагогика, 1981. – 191 с.
138. Молдо Кылыч Казалдар [Текст] / Молдо Кылыч. / Түз.: О.Сооронов. – Ф.: Адабият, 1990. – 256 б. 229-б.
139. Молдо Кылыч. Казалдар [Текст] / Молдо Кылыч. https://kg.tyup.net/moldo-kylych-shamyrkan-uulu-buudajyk-1407
140. Молдо Кылыч. Зар заман [Текст] / Молдо Кылыч https://kg.tyup.net/moldo-kylych-shamyrkan-uulu-zar-zaman-1387

141. Молдо Кылыч. Зар заман. Китепте: Молдо Кылыч. Казалдар. [Текст] / Түз.: О.Сооронов. – Б. 2017. – 206-б. https://kg.tyup.net/moldo-kylych-shamyrkan-uulu-zar-zaman-1387

**142.** Молдо Кылыч. Зилзала. [Текст] / Молдо Кылыч. https://kutbilim.kg/news/inner/kyrgyzdyn-zhan-d-jn-s-ky/

143. Молдо Нияз санаттары [Текст] / Молдо Нияз https://kadam-media.kg/93204/ https://kadam-media.kg/93204/

144. Момуналиев С. Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык-методикалык негиздери [Текст]: пед. илим. док. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01; 13.00.02 / С.Момуналиев. – Бишкек, 2011. – 34 б.

145. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2014. – 592 б.

146. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика. I к. [Текст] / С.Момуналиев. – Б., 2008. – 155 б.

147. Муратов А. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер [Текст] / А.Муратов, Б.Байсабаев. – Б.: 2010. – 72 б.

148. Муратов А. Алтын доордун агартуучулары [Текст] / А.Муратов, Б.Зулуев. – Б.: 2018. – 96 б.

149. Муратов А. Балдарга багышталган элдик салттар жана тойлор. – Б.: «Айат», 2015. – 52 б.

150. Муратов А. Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары [Текст] / А.Муратов. – Б.:Айат, 2009. – 176 б.

151. Муратов А. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу [Текст] / А.Муратов. – Б.: 2009. – 116 б.

152. Муратов А. Кыргыз адабияты. Колледждин студенттери үчүн хрестоматия-окуу китеби [Текст] / Муратов А., Исаков К, Акматов К. – Б.: 2018. – 372 б.

153. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 554 б.

154. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] / А.Муратов, К.Акматов. – Б.: 568 б.
155. Муратов А. Кыргыз балдар адабияты: окуу китебине кошумча колдонмо [Текст] / А.Муратов, К.Исаков. – Б.: Айат, 2012. – 264 б.
156. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. [Текст] / А.Муратов. – Б.: «Турар», 2011. – 604 б.
157. Муратов А. Кыргыздардын элдик билимдери жана тажрыйбалары [Текст] / А.Муратов. – Б.: 2021, «Adver Print» ЖЧК басмаканасы. – 468 б.
158. Муратов А. Окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун жолдору [Текст] / А.Муратов. – Б.: 2009. – 140 б.
159. Муратов А.Ж. Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери (Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында) [Текст]: пед. илим. док. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01; 13.00.02 / А.Муратов. – Бишкек, 2010. – 38 б.
160. Муратов А.Ж. Кыргыз этнопедагогикасы: Педагогикалык адистик берүүчү жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст] / Муратов А.Ж., К.К.Акматов, Б.Ш.Тажикова. – Б.: 2018. – 348 б.
161. Муратов А.Ж. Окутуунун жаңы технологиялары [Текст] / Муратов. А.Ж, Акматов К.К. –Б.: 2017. – 320 б.
162. Муратов, А. Ат этнопедагогикасы – Айтматовдо [Текст] / А.Муратов. – Б.: Айат, 2005. – 54 б.
163. Муратов, А. Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети: улуттук тарбия жана билим берүү салттары [Текст] / Муратов. А.Ж, Акматов К.К. – Б.: «Глобал Принт», 2020. – 368 б.
164. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: элдик ишенимдер, тыйымдар жана табыркалар. 2-китеп [Текст] / Муратов. А.Ж. – Б.: «Айат», 2016. – 240 б.
165. Муратов, А. Чыңгыз Айтматов – жазуучу-этнопедагог [Текст] / А.Муратов. – Б.: Айат, 2006. – 204 б.

166. Наурызбай, Ж.Ж. Научно-педагогические основы этнокультурного образования школьников [Текст]: автореф.дис….д-ра пед.наук: 13.00.01 / Ж.Ж.Наурызбай. – Алматы, 1997. – 45 с.

167. Николаев, В.А. Теория и методика формирования этнопедагогической культуры учителя [Текст]: автореф.дисс…д-ра пед. наук: 13.00.01./ В.А.Николаев. – М., 1998. – 53 с.

168. Нурмолдо Накыл кептер https://sputnik.kg/culture/20190314/1043651712/nurmoldo-narkul-uulunun-nakyl-kepteri.html

169. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. – Б.:”Шам”, 2006. – 264 б.

170. Окутууда калыптоочу баалоону колдонуу. Колдонмо [Текст] / А.А.Алимбеков, А.М.Мамытов, С.И.Иптаров. – Б.: KIRLand, 2014. – 76 б.https://yordam.manas.edu.kg/yordam/?p=1&dil=0&q=C00013&alan=kunyeBagislayanKN_str&fq[]=kunyeAltTurKN_str%3A%22135%22&demirbas=0063758

171. Ормонов Т. Педагогические воззрения древних киргизов. Эпос «Манас» [Текст]: Автореф. дис… канд. пед. наук: 13.00.01 /. – Казань, 1972. – 21 с.

172. Ормонов, Т. Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас» // Проблемы воспитания (материалы XIII республиканских педагогических чтений [Текст] / Т.Ормонов. – Ф.: 1971. – 65-66 сс.

173. Ормонов, Т. Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас» [Текст] / Т.Ормонов. – Ф.: 1971

174. Ормонов, Т. Мудрые заповеди народа [Текст] / Т.Ормонов // Семья и школа. – 1977. – №11

175. Ормонов, Т. Педагогическая пансофия киргизского народа [Текст] / Т.Ормонов // Советская педагогика. – 1978. – №1. – 128-134 с.

176. Осмонов А. Чыгармалар жыйнагынын 3 томдугу. 1-том. [Текст] / А.Осмонов – Ф: 1984. – 294 б. http://elbilge.org/archives/1853

177.Оторбаев Б.К. «Сейтек» эпосун VIII класста окутуу [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: 2004. – 96 б.

178.Оторбаев Б.К. «Семетей» жана «Сейтек» эпосторун окутуунун мазмуну жана методу: Пед. илим. канд. дис... автореф. / Б.Оторбаев. 13.00.02. – Б.: 1996. – 19 б.
179.Оторбаев Б.К. «Семетей» эпосун VIII класста окутуу [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: 2003. – 80 б.
180.Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод-ыкмалары, кызматташуу педагогикасы [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: 2008. – 96 б.
181.Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикаыс [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: 2020. – 560 б.
182. Песталоцци И.Г. Избранные педагогические сочинения [Текст] / И.Г.Песталоцци – М.: 1981. – т. 2. 416 с.
183. Раев С. Руханий жардылык пандемиясы же абийир карантини [Текст] / С.Раев http://oipikir.turmush.kg/unews/un_post:17085?place=share-fab
184. Рахимова М.Р. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы [Текст] / М.Р.Рахимова, Т.В.Панкова, А.Т.Калдыбаева. – Б.: 2009 – 256 б.
185. Рубинштейн, С.Л. Проблемы общей психологии [Текст] / С.Л.Рубинштейн. – М.: Педагогика, 1973. – 423 б.
186. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 1-китеп. 2-бас. [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 312 б.
187. Рысбаев С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен) [Текст]: пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01.; 13.00.02 / – Б.: 2006. – 49 б.
188. Рысбаев, С. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: 1998.
189. Рысбаев, С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 1998. – 64 б.

190. Рысбаев, С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 2006. – 367 б.

191. Рысбаев, С.К. Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун антологиясы [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 2021. – 592 б.

192. Салиев А. Акыл-эс дүйнөсү жана көркөм элес [Текст] / А.Салиев. – Ф.: Мектеп, 1981. – 256 б.

**193. Садык Алахан (Тиллебаев Садык Алаханович) Беш молдо (Молдо Нияз, Нурмолдо, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Молдо Багыш) Б.: 2004. – 160 б. 36-бет.**

194. Салиев А. Жизнь – в стихах: Заметки об эстетической природе поэзии [Текст] / А.Салиев. – Ф.: Илим, 1962. – 225 с.

195. Салиев А. Мышление как система [Текст] / А.Салиев. – Ф.: Кыргызстан, 1974. – 247 с.

196. Салиев А. Человек входит в мир: Сборник статей [Текст] / А.Салиев. – Ф.: Кыргызстан, 1983. – 272 с.

197. Салиев А. Человеческая психология и искусство [Текст] / А.Салиев. – Ф.: Кыргызстан, 1980. – 308 с.

198. Салиев А. Что такое мысль: В порядке обсуждения проблемы [Текст] / А.Салиев. – Ф.: Илим, 1971. – 232 с.

199. Сатылганов Т. Болосуң акын [Текст] / Т.Сатылганов / // китепте: Токтогул чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 1-т. – Ф.1989. – 10-б. https://new.bizdin.kg/media/books/TOKTOGUL-1-tom.pdf

200. Селевко, Г.К. Современные образовательные технологии: Учебное пособие [Текст] / Г.К.Селевко. – М.: Народное образование, 1998. – 256 с.

201. Семетей. Ж.Мамайдын варианты боюнча транслитерация [Текст] / А.Мукаш кызы, Ч.Субакожоева, Б.Иличбекова. – Б.: 2014. – 500 б.

202. Сияев Т.М. Ийгилик булагы... Рефлексия [Текст] / Т.Сияев. – Б.: 2016. – 88 б.

203. Словарь литературоведческих терминов [Текст] / Ред.-сост. Л.И.Тимофеев, С.В.Тураев. –М.: Просвещение. – 1974. – 286 с. https://imwerden.de/pdf/slovar_literaturovedcheskikh_terminov_1974__ocr.pdf

204. Сооронов О. Баш сөз. Молдо Нияз санат-дигарасттар [Текст] / Түзгөн, баш сөз жазган О.Сооронов. Китепте: Молло Нияз.Санат-дигарасттар. – 1992. – 20-б.https://kadam-media.kg/93204/

205. Сухомлинский В.А. Как воспитать человека? [Текст] / В.А.Сухомлинский. – М: 1983

206. Танаев Т. Этико-философия менен этнопедагогиканын кыргыз фольклорундагы орду [Текст] / Т.Танаев, Б.Ташполотова. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004 – 120 б.

207. Таштемиров Ж. Кыргыз поэзиясы тууралуу айрым ойлор: Адабий-сын макалалар [Текст] / Ж.Таштемиров. – Ф.: Кыргызстан, 1975. – 204 б.

208. Таштемиров Ж. Токтогул жана кыргыз адабияты [Текст] / Ж.Таштемиров. – Ф.: Кыргызстан, 1964. – 100 б.

209. Тоголок Молдо. Жер жана анын балдары [Текст] / Тоголок Молдо https://kg.tyup.net/togolok-moldo-zher-zhana-anyn-baldary-poema-1383

210. Тоголок Молдо. Кемчонтой [Текст] / Тоголок Молдо https://kg.tyup.net/togolok-moldo-kemchontoj-poema-1315

211. Тоголок Молдо. Куштардын аңгемеси [Текст] / Тоголок Молдо http://ruhesh.kg/ky/category/show/poeziia/43/togolok-moldo-kushtardin-angemesi

212. Тоголок Молдо. Талим кыз менен Көбөктүн айтышы [Текст] / Тоголок Молдо https://kg.tyup.net/togolok-moldo-talym-kyz-menen-koboktun-ajtyshkany-1571

213. Толстой Л.Н. Педагогические сочинения [Текст] / Л.Н.Толстой; АПН СССР. – М.: Педагогика, 1989. – 542 с.

214. Толук эмес орто жана орто мектептер үчүн программа [Текст]. – Ф.: 1941. – 23-36-бб.

215. Тургунбаева Ж.Ж. Элдик дидактикалык чыгармалар аркылуу окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоонун илимий негиздери [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01. / Ж.Тургунбаева. – Б.: 2012. – 19 б.

216. Турдугулов А. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу [Текст] / А.Турдугулов. – Б.: Кыргызстан; 1996. – 184 б.

217. Турдугулов А.Т. Методика изучения акынской поэзии в общеобразовательных школах республики (наследия Байымбета и Барпы) [Текст]: автореф. канд. пед. наук. 13.00.02 // А.Т.Турдугулов. – Б.: 1995. – 20 с.

218. Ушинский К.Д. Избранные педагогические произведения [Текст] / К.Д.Ушинский. – М.: 1968. – 557 с.

219. Үмөталиев Ш. Токтогул. Адабий портрет [Текст] / Ш.Үмөталиев. – Ф.: Мектеп, 1975. – 56 б.

220. Шаалы, А.С. Этнопедагогическая подготовка учителя к нравственному воспитанию учащихся тувинской школы на традициях народного этикета [Текст]: автореф. дисс... канд. пед. наук: 13.00.01./ А.С.Шаалы. – М., 1997. – 16 с.

221. Шаматов Д. Билимге умтулуу [Текст] / Д.Шаматов. – Б.: 2019. – 137 б. https://new.bizdin.kg/media/books/pdf

222. Шериев Ж. Байыркы орток түрк адабияты [Текст] / Ж.Шериев. – Б.: 1996. – 200 б.

223. Эркебаев А. Кыргыз поэзиясы кылымдардын кыйырында [Текст] / А.Эркебаев. Кириш сөз / Кыргыз поэзиясынын антологиясы. Түз.: К.Жусупов. 2 томдук. 1-т. – Б.: 1999. – 3-21-бб.

224. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк [Текст] / К.К. Юдахин. – М.: 1965 – 973 б. https://new.bizdin.kg/kniga/kyrgyzsko-russkiy-slovar-yudakhina

225. Юнусалиев Б.М. Молло Нияздын «Санат-дигарасттар» жыйнагына баш сөз [Текст] /Б.М.Юнусалиев. – Б. – 1992: 10-б. https://kadam-media.kg/93204/

**Интернет булактары:**

http://kitep.mamtil.kg/sozduk/img/thumbnail/105.pdf

http://rav.okuma.kg/read/web/viewer.html.pdf

http://rav.okuma.kg/read/web/viewer.html?fpdf

https://kg.tyup.net/moldo-kylych-shamyrkan-uulu-buudajyk-1407

https://st-0.akipress.org/st_bilimlib/0/604c82a40044d7fe4ab4ae0b91d3eab40f96a227.pdf

https://ky.wikibooks.org/wiki/%D0%96%D0%B5%D2%A3%D0%B8%D0%B6%D0%BE%D0%BA_%D1%8B%D1%80%D0%BB%D0%B0%D1%80_%D0%B6%D1%8B%D0%B9%D0%BD%D0%B0%D0%B3%D1%8B#%D0%9A%D3%A9%D0%BA%D1%81%D1%83%D0%BB%D1%83%D1%83

https://www.facebook.com/permalink.php?story_fbid=227172580761427&id=226790130799672&substory_index=0

## ТИРКЕМЕЛЕР

## ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ОКУТУУДА САБАКТЫН ПЛАН-КОНСПЕКТИЛЕРИ

**Тиркеме №1**

**Сабактын темасы: Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылыгы, «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы» поэмасы**

**Сабактын максаты:**

| **Максаттар:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк**: студенттер Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу билишет, «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы» поэмасын окуп үйрөнүшөт; | -студенттер "Көп деңгээлдүү тапшырмалар" боюнча иштей алышса;<br>Студенттер поэмадагы элдик билимдерди аныктаганга аракет жасашса; |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** студенттер алган билимдерин берилген тапшырма боюнча презентациялоого аракет жасап, сабакта ээ болгон көндүмдөрдү өз практикасында колдоно алышат; | - студенттер презентация үчүн китепче жасоого, постер чыгарууга, отчёт же хронология тузүүгө даярдык көрүшсө;<br>-сабакка активдүү катыша алышса; |
| **Тарбия берүүчүлүк :**сабактагы "Гүлдөгөн Кыргызстан" муз жаргычы аркылуу берилген идея боюнча ой жүгүртүп, компетенттүү кадр болууга даярданып, мекенибизге кызмат | Сабакта мыкты катышып, эли-жерине кызмат кылуу үчүн акылдуу, интеллекти жогору болууга мисалдарды келтире алышса;<br>-Мекенге кызмат кылуу жөнүндө өздөрүнүн ойлорун эркин айта алышса; |

| | |
|---|---|
| кылууга чын дилинен аракет жасаса;<br>-топтордо ынтымактуулук менен иштей алышат. | -топто иштөөдө бири-бирине жардам бере алышса; |

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүү сабагы

**Сабактын түрү:** интерактивдүү сабак

**Сабактын жабдылышы:** маркерлер, флипчарт, бор, такта, сүрөттөр, интерактивдүү такта.

**Окуу-усулдук материалдар:**

1. Кыргыз адабияты. Хрестоматия окуу китеби. Колледждин студенттери үчүн. 1-бөлүм. / Түз.: Муратов А.Ж., Исаков К.А., Акматов К.К. – Б.: 2018. – 372 б.

2. Кыргыз адабиятынын программасы: 9-класстын базасында кабыл алынган колледждер (окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн тайпалар үчүн) [Текст] / Түз.: Муратов А.Ж., Исаков К.А., Акматов К.К. – Б.: 2018. – 46 б.

3.Тоголок Молдо. Куштардын аңгемеси [Текст] / Тоголок Молдо http://ruhesh.kg/ky/category/show/poeziia/43/togolok-moldo-kushtardin-angemesi

4.Тоголок Молдо. Талим кыз менен Көбөктүн айтышы [Текст] / Тоголок Молдо https://kg.tyup.net/togolok-moldo-talym-kyz-menen-koboktun-ajtyshkany-1571

5. Тоголок Молдо: Изилдөөлөр. Эскерүүлөр. Жаштар үчүн / Түз.С.Кайыпов – Б.: Адабият. 1991. – 224 б.

**Сабакта пайдаланылуучу усулдар:** талдоо-жыйноо, демонстрациялоо, жана “Кар тогологу”, “Көп деңгээлдүү тапшырмалар” усулдары

**Бул сабакта жаңы теманы үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**

**билет:**

-акындардын поэзиядагы көркөм табылгасын;

-акындардын өзүнө таандык стилин;

- көркөм чыгарманын жанрдык табиятын;

**жасай алат:**

- кыргыз адабияты боюнча алган билимдерин жашоосунда, өз алдынча кесиптик ишмердүүлүккө байланышкан маселелерди чечүүдө пайдалана алат.

**ээ болот**:

-акын-жазуучулардын чыгармачылыгын анализдеп, адабий талдоого алууга;

- көркөм чындык менен турмуш чындыгын айырмалоого;

- эл алдында кептин талаптарын сактоо менен сүйлөй билүүгө;

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- студенттер чыгарманын башкы каарманын, анын мүнөздөмөсүн, ойлорун, мотивдерин жана аракеттерин, иштин мүнөзүн, чыгарманын башка каармандары (образдары) менен болгон мамилеси аркылуу баяндоого жана талдоого үйрөнүшөт;
- студенттер берилген тапшырмалардын көп деңгээлдерин аткарып бүткөндөн кийин билгендерин айтуу үчүн ылайыктуу бир форматты тандап алышат;
- алар "Көп деңгээлдүү тапшырмалар" усулдары менен иштөөнү өздөштүрүп калышат.
- **Сабактын жүрүшү:**
- **1.Уюштуруу.** ***"Муз жаргыч - "Келечектеги гүлдөгөн Кыргызстан"***
- ***Окутуучу (сөздү айтып бүткөнгө чейин студенттерден көздөрүн жуумп турууну суранат):***
- -*Мына , мен бүгүн колледждин студентимин. Мезгил жетип, мугалим болуп, өз кесибим менен иштей баштайм. Парталарда отурган окуучулар, заңгыраган мектеп көз алдыма элестейт. Мен тандап алган мугалимдик кесип аркылуу сүйүктүү өлкөмдүн келечеги болгон жаш жеткинчектерди тарбиялайм. Мамлекетибиздин келечегин өнүккөн өнөр жайы, эң жакшы агрономиясы, кооз жана таптаза шаарлары, гүлдөгөн маданияты менен бирге элестетем. Мындай болуусу үчүн, албетте, билим берүү жогорку деңгээлде болуусу шарт. Мен сүйүктүү*

*Мекениме билимим менен салым кошсом дейм. (Мугалим сүйлөп бүткөндөн кийин студенттер өз сезимдери, кыялдары, элестетүүсү менен бөлүшөт).Сабакта мындан ары студенттер топторго бөлүнүп иштешет.*

***Мугалим досканын жанына "Сөз дубалын" илип коёт.*** *Анда чыгармада кездешүүчү студенттер үчүн тушүнүксүз сөздөрдүн маанилери чечмеленет:*

| |
|---|
| ***Сөз дубалы*** |
| *Инген – төөнүн ургаачысы* |
| *Кесел – оору* |
| *Ылаачын – канаттуу куш* |
| *Карып – бечара, байкуш* |
| *Адамды мүңкүрөтүп – сарсанаа кылып* |

**2. Үй тапшырмасын сурап текшерүү.** Мугалим окуучуларга берилген тапшырманы Quizizz тиркемеси аркылуу түзүлгөн тест менен сурап алат.

***Жаңы тема:*** Тоголок Молдонун "Талым кыз менен Көбөктүн айтышы" чыгармасынын видеоролиги көрсөтүлөт. Мугалим чыгарма тууралуу студенттердин алгачкы сезимдерин (жакты, сонун чыгарма экен, мааниси терең окшойт, мага ырдын ыргагы жана күүсү жакты, кубанычтуу сезимдер пайда болду) бөлүшүүнү суранат. Андан кийин окуу китебинен улуу акын Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу жана анын поэмасы "Талым кыз менен Көбөктүн айтышы" чыгармасын окуп чыгууну өтүнөт. Андан ары сабакта **«айтыш»** деген терминге аныктама берилет. Айтыш – кыргыз, казак, каракалпак элдеринде өтө кеңири тараган, байыртан бери келе жаткан элдик оозеки көркөм өнөрдүн бир түрү. Мында эки же андан көп акындар (ырчылар) ыр менен айтышат. Айтыш эл алдында аткарылат, драмалык жанрдын элементтерине да ээ. Акындар айтышында төкмөлүк эң бийик чегине жетет. Айтышка катышкан акындардын тапкычтыгы, ырчылык

өнөрү, устаттыгы сыналат. Айтыштын түрлөрүнө: алым сабак айтыш, табышмактуу айтыш, санат айтыш, чечендик айтыш, кордоо айтышы, тамашалуу айтыш кирет. (78-125-б) (Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. – Б.:”Шам”, 2006. – 264 б.

Студенттер окуп бүткөндөн кийин мугалим төмөнкү тапшырма менен тааныштырат:

-Бүгүн биз “Көп деңгээлдүү тапшырмалар” усулу менен жаңы теманы өтөбүз. Силерге чыгарманын башкы каарманын баяндоо боюнча тапшырманын деңгээлдеринин мисалдары берилет. Тапшырманы аткарууда топтордо иштөөдө бир окуучу каармандын иш-аракеттери тууралуу жоопту даярдаса, ал эми экинчиси жеке сапаттары/мүнөздөмөлөрү үчүн жооп даярдайт, үчүнчүсү - ишмердүүлүгүн сүрөттөйт.

***Үч деңгээлдеги тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин*** *силер өзүңөр тандаган каарманыңар же акын жөнүндө айтып берүү үчүн презентация жасайсыңар, ал үчүн бир иш-аракетти тандап алышыңар керек:*

- ***Отчет жазуу.***
- ***Ырдоо үчүн поэтикалык чыгарма жазуу.***
- ***Постер (плакат)түзүү.***
- ***Сүрөттөрү менен китепче түзүү.***
- ***Хронология түзүү***

*Мугалим кантип даярдануу керек экендигин түшүндүрүп, студенттерге убакыт берет. Студенттер топто иштеп башташат.*

***Тапшырманын биринчи деңгээли:***

Чыгарманын/китептин авторунун баяндоосун берүү, анын ичинде:

- Тоголок Молдонун тышкы мүнөздөмөлөрү (портрети);
- акындын жүрүм-туруму, аракеттери;
- акындын сезимдери, башынан өткөргөн окуялары, ойлору;
- кеп – Тоголок Молдо эмнени айтат жана кантип сүйлөйт;

- акындын адамдарга, өз ишине болгон мамилеси, башка адамдар менен болгон өз ара мамилеси.
    - ❖ Тоголок Молдо орто бойлуу, өңү кара сур, көздөрү чанагына тереңирээк кирген, сакал-муруту буурул тарткан адам эле. Тоголок Молдо кичинекейинде эле чарчы бойлуу, тоголок келген бала болгондуктан жана кат тааныган адамды «молдо» деп койгондуктан, акындын өз аты Байымбет Абдрахман уулу унутулуп, ушул лакап атка өтүп кеткен.
    - ❖ Болочоктогу акындын жакыр үй-бүлөдө туулганы, өзү

менен кошо алты баланы багам деп далалат кылган Абдырахмандын тиричилик үчүн жан үрөп эмгектенсе деле эч нерсеге жетишпегени тууралуу маалымат Тоголок Молдонун татаал бала чагынан кабар берет. Аталаш абасы Музоокенин аракети менен жаш баланын тамга таанып, айылдагы молдодон төрт кыш окуганы акынга өмүр бою өмүрүнө азык, тутунган кесиби болуп каларын ал кезде эч ким билген эмес. Бала чагынан эле зээндүү, умтулуусу күчтүү Тоголок Молдо арабча кат таанып, өзү да жамактатып ырдай коюп жүрөт. Музоокеден элдик ырларды, эпосторду үйрөнсө, айылга бир жолу келип калган Тыныбек манасчыдан “Манасты” үйрөнөт, андан таалим алууга бүт дитин коюп, артынан ээрчип жүрөт. Мына ушундай күндөрдүн биринде акындын атасы Абдырахман алты бирдей баланы жетим калтырып, көзү өтүп кетет. Балдардын чоңу Тоголок Молдо ошол кезде 14 гана жашта эле. Жөжөлөрүн коруган бөдөнөдөй, Коңур эне алты баласы менен Музоокени баш паана кылып, анын жанына көчөт. Бирок ал жерде да жону жука кедейлик каарын чачып, жесир аял балдарын жетелеп, Жумгалга көчөт. Ал жерден баар таба албай, жөө-жалаңдап Чүйгө барышат. Токмок шаарынын жанындагы жаңы Чек деген жерде Байымбет ашпозчуларга отун алып берип, эшигин шыпырып, күнүмдүк оокатын кылып жан багышат.

- ❖ Токмок калаасы Тоголок Молдонун келечегине багыт көрсөткөн маданий борбор катары роль ойноду. Ушул жерде ал усул жадит (жаңы, жеңил метод) менен окуткан мугалимдер таанышып, алардан китеп сурап алып окуйт. Татарча, казакча чыккан гезит, журналдар менен таанышат. Күндөрдүн биринде чечекти эмдеген орус догдур анын үй-бүлөсүн эмдегенден кийин, Тоголок Молдо да аны ээрчип жүрүп, эмдегенди үйрөнүп алат. Ошентип акын учурунда чечекке эмчи катары эл аралап жүрүп, барган жеринде казалдардан окуп, өзү жазган ырлардан ырдап берет. Калк арасында Байымбетти "ырчы молдо", "догдур молдо", "жазгыч молдо", "сөзмөр молдо" сыяктуу лакап аттар менен да атап калышат. Бул мезгилде Байымбет аш-тойго барган көп ырчы, манасчылар менен бирге жүрүп, алардын репертуарын көрөт. Казак акындары менен таанышып жакындашат. Тоголок Молдо кайра өз жери Курткага 27 жашында барат. Эркин ойлонгон эл акыны ал жердеги бай-манаптарга жакпайт, анын ырлары элге жугумдуу болгон сайын алардын кыжыры кайнайт. Тоголок Молдо бардык күчүн, бүт дитин чыгармачылыкка койду, ал ырларын кагазга түшүрүү менен алектенет. 1919-жылы басмачылар анын үй-оокатын талап, зайыбын колго түшүрүп кетишет. Дыйкандар болсо акынды аман алып калып, качырып кетишет. Көп өтпөй кызыл аскерлердин отряды акындын аялын бошотуп, басмачыларды колго түшүрө албай калышат. Мына ушундай оор күндөрдө да акынга эл дем болду, эл аны колдоду.
- ❖ Жаңы замандын келиши менен бай-манаптардын кордугун, калкка көрсөткөн кордугун айтып ырдады акын, жаңы замандын жакшылыгын жар салды. "Өзгөрүш", "Кедейлерге насыят", "Эркиндик" поэмаларын жазды. Улуу Октябрь революциясынан кийин улуу акын Москвага чейин барды, көп сыйлыктарга ээ болду. 1939-жылы Кыргыз маданиятынын декадасында катышты.

- ❖ Акындын мүнөзү өтө кичи пейил, сылык-сыпаа, сөздөрү адамга жагымдуу, адамдын ичи-койнуна кирген, эрксизден адамды өзүнө тартып алган адам болгон деп эскеришет замандаштары.
- ❖ Тоголок Молдо макал-лакаптарды кошуп, меселдетип сүйлөгөн киши болгон экен. Дайыма адамдарды билимге үндөп, жаштарга дем берип, үйрөнүүгө, өз жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багыттаган.
- ❖ Акын башкалар менен бири-бирин сыйлоо, урматтоо мамилесинде болгон. Өз ишине өтө жоопкерчиликтүү караган. Замандаштарынын айтуусуна караганда, акынды кайсы мезгилде карабагын, түнү чырак өчүрбөй, күндүз кичинекей столдун үстүндө чыгармаларын жазып отурган.

**Тапшырманын экинчи деңгээли:**

- Талым кыз менен Көбөктү башка каармандар менен же башка автордун адабий каарманы менен салыштыруу
- алардын ортосунда кандай жалпылык бар экендигин аныктоо;
- алардын бири-биринен кандайча айырмаланарын аныктоо;
- каармандарга болгон автордун мамилесин аныктоо: окшоштуктары жана айырмачылыктары;
- эки каармандын образдарын жалпылоо, салыштыруу.
- ❖ Кыргыз акындар поэзиясында Жеңижок менен Эсенамандын, Токтогул менен Арзыматтын, Жеңижок менен Нурмолдонун, Арстанбек менен Жеңижоктун, Токтогул менен Барпынын ж.б. айтыштары белгилүү.

  Мындан башка Барпы менен Жеңижоктун, алайлык Айшакан менен Жеңижоктун айтышы табышмактуу санат-айтышка кирет. Элдин айтуусуна караганда, Айшакандын 35 табышмагына Жеңижок такалбай жооп тааптыр. Айтышта, айрыкча табышмактуу айтышта бир эле суроого жооп таппасаң, анда атаандаштан жеңилгениң. Ал эми жеңилүү акындын дараметинин төмөн экендигин белгилеп, эл ичинде баркын түшүргөн. “Талым кыз менен Көбөктүн айтышы” да жогорудагы

айтыштардын тобуна кирет. Айтыштын эки автору тууралуу аз гана маалымат болсо да, бул айтыштагы акылмандуулуктун даңазаланышы, андагы көркөмдүк баалуулук алдыңкы орунда турганын тана албайбыз.

- Талым кыз менен Көбөк акылмандуулуктун символу, баам-парасаттын жогорку денгээлин билдирген чен-өлчөмү. Эркек балдар акылдуу болсо, Көбөктөй болсун, кыздар эстүү болсо, Талым кыздай болсун. Акындардын айтышында философиялык айтыштар көп эле учурайт. Мисалы, Жеңижок менен Нурмолдонун айтышы. Мында эки акын аалам, дүйнө түзүлүшүн диний мааниде чечмелеп, бири биринен сөз талашат. Айтыштын акырында Жеңижок Нурмолдону оюнун дааналыгы, сөздүн таамайлыгы менен жеңип кетет. О.э. Барпы менен Жеңижоктун да атйышы белгилүү айтыштарга кирет. Философиялык айтыш деңгээлине чыгуу үчүн акындар Жеңижок акын айткандай, он сегиз миң ааламдын сырын билип, дүйнөнү ар кайсы жагынан оодара түшүнгөн акыл парасаты бийик, ой чабыты кенен, табияттагы себеп-натыйжа байланышын чечмелей алган инсан болуусу керек.
- Бизге айрыкча төмөнкү ыр саптары жакты:

“Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру – жакшы сөз.
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру – убада”. Чындыгында ынтымакты сактап турган жакшы сөз болуп саналат.

**Тапшырманын үчүнчү деңгээли:**

Чыгарманын башкы каарманына карата болгон көз карашты калыптандыруу:

- каармандардын (Талым кыз менен Көбөктүн) негизги оюн аныктоо;
- каармандардын аракеттерине, кылган иштерине баа берүү;

- каармандардын тажрыйбасы менен окуучунун өз турмуштук тажрыйбасы ортосундагы байланышты (окшоштуктарды/айырмачылыктарды) аныктоо;
- чыгарманын башкы каармандары жөнүндө өз оюн айтуу.

❖ Талым кыз өтө акылдуу, көрөгөч, сөзмөр кыз болуп өсүптүр. Кыздын акылдуу болуп өскөнү ал бойго жеткенче эле тегеректеги эл-журтка тарайт. Ага кызыгып, колун сурап келгендерге табышмак айтып, эгер жигит табышмактын жандырмагын таппаса, анда ал өмүрү менен коштошкон дешет. “Ким мени айтышта жеңсе, ошого турмушка чыгам” деген жарлыктан кийин Көбөк деген жигит Талым кызга келет. Экөөнүн айтышынын алгачкы эле куплеттеринде:

Талымдын тартпа домогун,
Таба салгын жомогун,
Менин атым – Талым кыз,
Ченеп мага жологун, -деп кыз айтса, анда Көбөк:
Таптымбы, Талым, сөзүңдү,
Келтирдимби кезиңди?
Аптыкпагын, Талым кыз,
Ачмак болдум көзүңдү! – деп жооп берет.

Мындан жогорудагы Талым кыз тууралуу айтылган сөздүн чындыгы бар болсо керек деп ойлодук.

Айтыштын аягында:

Көбөкчоңдун: “Каргашалуу Талым кыз, ушул кимге ылайык?” – деп айтканы бекеринен эмес. Демек, Талым кыз жигиттерге табышмактатып суроо берип, алардын акыл идирегин текшерип көрүп, анан өзүнө жолотпой, көзүн тазалай берген деген маалымат анык болсо керек.

- ❖ Айтышып бүткөндө, акылдуу кыздын бир да суроосу жоопсуз калбай, баарына орундуу, мазмундуу жооп берген Көбөккө жеңилгенин мойнуна алат:

Тим жүрбөстөн сөзүңө,
Тийиштик кылдым өзүңө.
Күнөөм болсо кечкин деп,
Күрмөгөн жибиң чечкин деп,
Таппадым деп ыгыңды,
Талым кыз сөзгө жыгылды.

- ❖ Айтыштардын ичинен эң татаалы философиялык айтыш болот. Анткени мында берилген суроолорго таамай, так, болгондо да убакыт өткөрбөй, тез арада жооп берүү татаал процесс болгон. Биз бул эки жаш адамдын айтышынан алардын акыл баккан, сөз баккан, интеллекти же азыркы түшүнүк менен айтканда, IQ су өтө жогору, бул жаратылыш, адам турмушу эле эмес, ааламдык кубулуштарды талдай билген, ошону түшүнүп анан ырга кошуп, ыргагын келтирип, маселдетип, маани чечмелеп айткандарын көргөндө чындыгында таң калдык. Талым кыз да, Көбөк да кандай гана турмуштук оор кырдаал болсо, андан чыгып кете ала турган акылы толук, өз ишине жоопкерчилик менен караган, дүйнө түзүлүшүн изилдеп, балким устаттарынан көп нерсе үйрөнгөн адамдар болгон. Эгер ошол учурда университет болсо, бул эки жаш адамдан чыгаан илимпоздор чыкса керек эле деген божомолду айта кеткибиз келет.
- ❖ Көбөк жооп бергенде: Күндөп-түндөп токтобой,

Көчүп жүргөн санаа дейт.
Сөөгүңдү ысытып,
Эзип турган бала дейт, -

деп жооп берет.Эл ичинде санаа, убайым адамды картайтат, ал тургай өмүрүн алат деген түшүнүк бар. ал эми бала же наристе адамдын сөөгүн ысытып, жарыкчылыкка үмүт бергендигин баарыбыз билебиз.

- ❖ Биз азыр булардын денгээлинде ой жүгүртө албайбыз, кайсы бир интеллектуалдык оюндарга катышабыз, конкурстардан жеңип алабыз. Бирок Талым кыз менен Көбөктөй терең философия менен ой жүгүртүп, аны эл алдында айтышып ырдап да бергендер саналуу гана деп ойлойбуз.

**Бышыктоо:** Мугалим кагаздардын барактарын бырыштырып, «кар тогологун» жасайт. «Сенин каарманыңдын аты ким?» - деген суроо берип, «кар тогологун» студентке ыргытат. Студент жооп берип, башка студентке «кар тогологун» ыргытып, өтүлгөн темага байланыштуу суроо берет: «Поэмадагы негизги ойду белгиле». Мындай аракет улам-улам кайталанат. Студенттер бири-бирине «кар тогологун» ыргытып жатканда, каармандар жөнүндө ылайыктуу суроолорду берүүнү уланта берет.

**Жыйынтыктоо.** Мугалим: Биз окуп жаткан белгилүү акындын «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы» чыгармасы байыртан келаткан салттуу акылмандыкты бүгүнкү күндө дагы бир жолу жаңыртып койгону баалуу.

**Бул чыгарманын этнопедагогикалык баалуулугу төмөнкүлөрдө:**

1. Кыргыз элинин кыз балдарга (Талым кыз) өзгөчө мамиле кылгандыгы, гендердик тең укуктуулук.
2. Байыртадан акылмандуулукту даңазалаган (Бакай, Каныкей, Акыл Карачач ж.б.) каармандардын ишин улантуучулук.
3. Элдик билимдердин жана тажрыйбалардын ар тараптуу чагылдырылышы.
4. Элдин бай тилинин казынасын көрсөтүү.
5. Улуттук педагогикадагы адамга кылган гумандуу мамиленин каармандардын бири-бирине кылган мамилеси аркылуу демонстрацияланышы.

**Үй тапшырмасы:** "Тоголок молдонун поэмаларында элдик педагогиканын берилиши" деген темада дил баян жазып келүү.

**Баалоо.**

**Тиркеме №2**

**Сабактын темасы: Молдо Кылычтын "Буудайык" поэмасы**

**Сабактын максаты:**

| **Максаттар:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк**: студенттер Молдо Кылычтын "Буудайык" поэмасы тууралуу окуп үйрөнүшөт; | -студенттер Молдо Кылыч жана анын "Буудайык" поэмасы тууралуу өз пикирлерин айтып бере алышса;<br>-чыгармадагы каармандарды жана окуялардын өнүгүшүн ажыратып биле алса; |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** студенттер сабакта алган билимдери боюнча пикир жазып көнүгүшөт; поэма тууралуу ой корутундуларын күнүмдүк турмушта колдоно алышат; | - студенттер чыгарма тууралуу пикирлерин жаза алышса;<br>-сабактагы алган билимдерин, көндүмдөрүн турмушунда пайдалана алса; |
| **Тарбия берүүчүлүк:** студент сабактагы өтүлгөн чыгарма аркылуу табиятты коргоого, колдо барына каниет кылууга тарбияланат; | Табиятка зыян келтирсең, ал сенден өчүн ала тургандыгын түшүнүп, өз оюн бөлүшө алса;<br>- колдо барына каниет кылуу жөнүндө өздөрүнүн ойлорун эркин айта алышса; |

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүү сабагы

**Сабактын түрү:** интерактивдүү сабак

**Сабактын жабдылышы:** маркерлер, флипчарт, бор, такта, сүрөттөр, интерактивдүү такта.

**Окуу-усулдук материалдар:**

1. Кыргыз адабияты. Хрестоматия окуу китеби. Колледждин студенттери үчүн. 1-бөлүм. / Түз.: Муратов А.Ж., Исаков К.А., Акматов К.К. – Б.: 2018. – 372 б.

2. Кыргыз адабиятынын программасы: 9-класстын базасында кабыл алынган колледждер (окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн тайпалар үчүн) [Текст] / Түз.: Муратов А.Ж., Исаков К.А., Акматов К.К. – Б.: 2018. – 46 б.

3. Молдо Кылыч Казалдар [Текст] / Молдо Кылыч. / Түз.: О.Сооронов. – Ф.: Адабият, 1990. – 256 б.  229-б.

Молдо Кылыч. Казалдар [Текст] / Молдо Кылыч. https://kg.tyup.net/moldo-kylych-shamyrkan-uulu-buudajyk-1407

**Сабакта пайдаланылуучу усул-ыкмалар:** "Окуган чыгармага пикир жазуу", сынчыл ойлом стратегиялары, дифференциация

**Бул сабакта темаларды үйрөнүүнүн натыйжасында студент:**

**билет:**

-акындардын поэзиядагы көркөм табылгасын;

-Молдо Кылычтын "Буудайык" поэмасынын мазмунун, окуяларын;

**жасай алат:**

- чыгармага карата окурмандык пикирин жаза алат;

**ээ болот**:

-акын-жазуучулардын чыгармачылыгын анализдеп, адабий талдоого алууга;

- көркөм чындык менен турмуш чындыгын айырмалоого;

- эл алдында кептин талаптарын сактоо менен сүйлөй билүүгө;

Күтүлүүчү натыйжалар:

-Студенттер окуган чыгармасына пикир жазууну үйрөнүшөт,

автордун позициясын жана өздөрүнүн турмуштук

позицияларын салыштырышат;

- студенттер чыгарманын башкы каарманын, анын мүнөздөмөсүн, ойлорун, мотивдерин жана аракеттерин, иштин мүнөзүн, чыгарманын башка каармандары (образдары) менен болгон мамилеси аркылуу баяндоого жана талдоого үйрөнүшөт;
- студенттер берилген тапшырмалардын ичинен оздөрү талдап, фактыларды туура аныкташат, алар "Ички жана тышкы тегерек" боюнча иштөөнү өздөштүрүп калышат.
- **Сабактын жүрүшү:**
- **1.Уюштуруу.** ***"Муз жаргыч - "Сыйкырдуу микрофон"***
- *Окутуучу колундагы ручканы же маркерди "Сыйкырдуу микрофон" деп жарыялайт жана ушул микрофон аркылуу студенттердин бири-бирине көңүл көтөрө турган комплименттерди, жакшы сөздөрдү айтуусун суранат. Максаты: адамдардын жаман жагын эмес, алгач жакшы жактарын айтууга үйрөнүү*

  *Мугалим доскага түшүнүксүз сөздөрдү чечмелеп берген* ***"Сөз дубалын"*** *илет.*

| ***Сөз дубалы*** |
|---|
| *Кушка тилмер – куштун тилин билген* |
| *Бегилик – бек, хан* |
| *Жогдору –канаттуунун ээк алдындагы жүнү* |
| *Саңоор- куштун куйругу менен бутунун ортосунагы уяң жүнү* |

**2. Үй тапшырмасын сурап текшерүү.**

Студенттер Тоголок Молдонун "Куштардын аңгемеси" чыгармасы тууралуу окуп келген маалыматтарын "Ички жана тышкы тегерек" усулу аркылуу

айтып беришет. Мында тайпадагы студенттер 2 топко болүнүп, тегерете турушат. Ички тегерек тышкы тегерекке, тышкы тегерек ички тегерекке бири-бирине суроо беришет. Суроолорго мазмундуу жана кызыктуу жооп берүү керек. Акырында мугалим ким кандай катышканын айтып жыйынтыктайт.

***Ички тегеректе суроолор:***

- *“Куштардын аңгемеси”* чыгармасында кандай окуялар болуп өтөт?
- Чыгарманын башкы каармандары кимдер? Алар тууралуу поэмада кандай маалыматтар берилген?
- Көйгөй эмнеден улам жаралды?
- Эмне үчүн кузгун ыза болду?
- Үкү менен карчыганын маеги тууралуу айтып бергиле.
- Чыгарманы эмне үчүн аллегориялык чыгарма деп айтабыз?

***Тышкы тегеректе суроолор:***

- Кузгундун окуясы аркылуу автор эмнени көрсөткүсү келген?
- Акын поэмада эмне үчүн үкү менен карчыганын окуясын баяндады деп ойлойсуңар?
- Үкүнүн арманын тапкыла?
-Кандай дейсиңер, кыл куйрук менен кара боордун жарышы калыстык менен адилеттүү өттүбү?
- Чыгармада кандай идеялар камтылган?
-Чыгарма бүгүн актуалдуубу же жокпу? Поэмада элдик пикир камтылганбы? Бар болсо, ал эмне тууралуу ой болушу мүмкүн?

Топтор бири-бирине суроо-жооп алмашып бүткөн соң, мугалим өзүнүн байкоосу менен бөлүшсө болот. Кайсы тегерек кандай катышты, кайсы студенттердин жообу кызыктуу болду, ички тегеректин өзгөчөлүктөрүн, о.э. тышкы тегеректин суроолору менен жоопторундагы өзгөчөлүктөрүн белгилейт.

Поэманын бийик гуманисттик идеясы мында: бийлик талашпай, ынтымакта жашоого, адал ниет менен жүрүүгө чакыруу. Мына ушул элдик таалим-тарбияны улуу акын бизге аллегориялык жол аркылуу, б.а., куштардын образы

аркылуу кайманалап, ачып бергендигин мугалим дагы бир жолу студенттерге белгилеп өтөт.

***Жаңы тема:*** Молдо Кылычтын “Буудайык” чыгармасын окуп чыгууга убакыт берилет. Студенттер окуп бүткөндөн кийин мугалим төмөнкү тапшырма менен тааныштырат:

1-кадам. Мугалим окулган чыгармага карата жазуу жүзүндөгү пикир кантип түзүлө тургандыгын, ага эмнелер кириши керектигин жана сүйлөм түзүү үчүн кандай сөздөрдү пайдалануу сунуштала тургандыгын түшүндүрөт. Окулган чыгармага жазуу жүзүндөгү пикирдин болжолдуу планы жана ар бир бөлүккө таянуучу сөздөр төмөнкүчө болушу мүмкүн:

1) чыгарма, поэма;

2) окуянын өнүгүшү, окуянын кульминациясы, окуянын чечилиши, аягы;

3) каармандар, образдар системасы, каармандардын мүнөзү;

4) чыгарманын идеясы, автор бул “Буудайык” поэмасы аркылуу бизге эмнени айткысы келген?

5) каармандардын иш-аракетине менин коз карашым ( Төлөк да, Тынымсейит да мен өлгөндөн кийин сөөгүмдү жети жолдун тоомуна коюп, чынардан чырпык сайгыла” деп керээз калтырганда бир кеп бар деп ойлойм, анткени...

**1-кадам.** Мугалим окуучулардын көңүлүн китептин авторуна жана аталышына бурат. Автор окуучуларга тааныштпы? Алар Молдо Кылыч жөнүндө эмнени билишет? Поэманын “Буудайык” деп аталышы эмне жөнүндө кабарлайт? Бул кызыктуубу?

- бул чыгарма жакты (эсимде калды, көңүлүмдү бурду, таасир калтырды, терең козгоду, көңүлүмдү өзүнө бурду, аябай таасирлентти, жан дүйнөмдү ойготту ; кызыктуу чыгарма (кызыктуу, өзүнө тартат, көңүлдүү, таасирдүү, кызыктырат, эсте сакталат, сыйкырдуу ж.б.);

- автор айтып берет (көрсөтөт, сүрөттөйт, сүйлөйт, жашоону сүрөттөйт, түшүндүрөт, тааныштырат ..., ... сыяктуу бир катар маселелерди көтөрөт);
- мага өзгөчө окуянын башкы каарманы жагат (кымбаттуу, кызыктуу, сүйкүмдүү, өзүнө тартат, жылдыздуу, мени таасирлентти ...);
- бул чыгармадан мен элдик акыл-насаатты байкадым ( ата-эненин тилин алуу, табиятка кол салбоо, мурунку адам жабыр тартса, ошол окуядан сабак алуу, каниет кылуу...);
- бул поэмадагы окуя жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет ...;
- бул чыгарманы окуу татаал, анда түшүнүксүз создөр көп экен, чыгармада биз түшүнө албаган дагы бир маани жаткандай –бул “сөздүн ичинде сөз бар дегендей”. Бир карасаң поэма жатык, түшүнүктүү эле жазылган. Бирок мында терең маани камтылгандыгын билсе болот. Өзү поэма элдик мифологиянын негизинде жазылыптыр, бирок мен дагы терең мазмунга кирип, көбүрөөк талдагым келет);
- Элдик педагогикалык ойлор бар (ушундай терең философиялык ойлорду ушундай эски чыгармалардан табат экенсиң, бул чыгарма биз үчүн таберик деп ойлойм...);

Мугалим окуучулардан жоопторун жазууну өтүнөт.

**2-кадам.** Мугалим пикирдин негизги бөлүгүн талкуулоого өтүп, окуучулардан суроолорго жооп берүүнү өтүнөт: Бул поэма эмне жөнүндө? Окуянын башкы идеясы эмнеде? Ал эмнеге үйрөтөт? Бул жерде чыгарманы кайрадан эле окуясын кайталап кененирээк айтып берүүнүн кажети жок, бирок чыгарма кандай сезимдерди жана ойлорду чакырганын туюу жана ошол ой туюмдарды жазуу керек, кыска, бирок маанилүү нерсени калтырбай жазуу керектигине студенттердин көңүлүн буруу керек. Төрт-беш сүйлөм жетиштүү болот.

Окуя кайсы жерлерде болуп өтүптүр? Бул чыгарманы талдоодо же түшүнүүдө мааниси барбы же жокпу?

**3-кадам.** Мугалим окуучулар менен төмөнкү суроолорду талкуулайт: Чыгарма жактыбы же жаккан жокпу? Эмне үчүн экендигин талкуулоо маанилүү? Окуя эмнеси менен кубандырды? Эмнеге үйрөттү? Эң кызыгы эмне болду? Окуучулар каармандардын ордунда болсо (Төлөктүн, Тынымсейиттин, Жаныбек хандын) аракеттерине кошулабы, же алар башкача аракеттенишеби? Балким, студенттерде поэмадагы каармандардын кимдир бирөөсүнө ылайыктуу кеңештер бар болсо керек. Муну да жазса болот.

**4-кадам.** Чыгармадагы каармандарды өзүнчө талкуулоо маанилүү. Студенттер кимди башкы каарман, кимди экинчи даражадагы каармандар, жардамчылар, жаман кишилер деп эсептешет? Мугалим окуучулардан каармандарга болгон өз мамилесин бөлүшүүнү сурайт: каармандар аларга жактыбы, балким, алардын жек көрүп калган каарманы бардыр?

**5-кадам.** Мугалим корутундуну талкуулоого өтөт жана окуучулардан тыянак чыгарууну өтүнөт:

Чыгармада эң баалуу эмне болду? Элдик педагогиканын ой корутундулары менен тааныш боло алдыңарбы? Студенттер эмнени түшүнүштү?

Студенттер өз жоопторун жазышат.

**Бышыктоо:** студенттер чыгармага пикир жазып бүткөндөн кийин төмөнкү КАМК-талдоону толтуруусун эскертебиз.

**КАМК-талдоо**

**КҮЧТҮҮ–** күчтүү жагы

**АЛСЫЗ-**алсыз жагы

**МҮМКҮНЧҮЛҮК** –мүмкүнчүлүгү

**КООПТУУ** –кооптуу жагы

Кээде бул кырдаалды талдоо (ситуациялык анализ) деп да аталып жүрөт.

Биз студенттерден "Төлөк саятчынын жашоого болгон укугу бар беле?" деген суроонун негизинде **- КАМК талдоо** жүргүзүп көрдүк.

**Таблица 1. – Молдо Кылычтын «Буудайык» поэмасы боюнча студенттерге сунуштаган КАМК талдоо**

| Күчтүү жагы | Алсыз жагы | Мүмкүнчүлүгү | Кооптуу жактары |
|---|---|---|---|
| Каармандын күчтүү мүнөзү, анын жашоодогу кредосу, алып жүргөн негизги сапаты, позитивдүү, жакшылыкка ыктаган сапаттарын жазышат. | Каармандын алсыздыгы, жаман жакка ыктаган негизги мүнөзү. Туруксуз сапаты, башка адамдарга негативдүү таасир эткен, өзү да анын алдында алсыздык кылган сапатын жазышат. | Каарман канчалык жаман болсо да, анын турмушунда тую ктан чыгара турган эң жакшы учур болушу мүмкүн. Студенттер мына ушул учурлардын бир нечесин жазышса болот. | Каармандын өмүрүнө, жашоосунда кооптуу жагдайды жараткан кырдаалдар тууралуу талдоо жүргүзүп, ошонун натыйжасын жазышат. |

**Таблица 2. – Молдо Кылычтын «Буудайык» поэмасы боюнча студенттер толтурган КАМК-талдоо**

| Күчтүү жагы | Алсыз жагы | Мүмкүнчүлүгү | Кооптуу жактары |
|---|---|---|---|
| Төлөк саятчы өз ишин мыкты билген кесипкөй. | Жаратылыштагы жан – жаныбарларга, куштарга зыян кылган адамдар | Саятчы апасынын тилин алганда, балким окуя башкача болмок. | Табиятка адам зыян келтирип жатат, бул адам үчүн кооптуу. Мында сөзсүз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ал куштардын тилин билген тилмер.<br>Эч ким кармай албаган буудайыкты ал кармап алды. | өздөрү кор болот экен деген жыйынтыкка келдим. Анан да Төлөк байлыкка өтө кызыгат, сандыктагы сары алтын анын түбүнө жетти.<br>Ал байлыкты өз өмүрүнөн да жогору коюп баалап алды. Чындыгында өмүр баалуу болуш керек эле. | Ата-эненин тилин алуу маанилүү экендигин түшүндүм.<br>Бир аз ынсаптуу болуп, каниет сабыр кылганда өмүрү сакталып, узак жашамак. | көйгөй жаралат. Төлөк саятчы уулу Тынымсейитти да өзүнүн жолуна салып, ач көздүккө тарбиялап коюптур.<br>Болбосо баласы атасынын өлүмүнөн кийин эс-акылына кирип, буудайыкты издөөдөн баш тартса болмок. |

**Үй тапшырмасы:** окуучуларга бул тапшырманы үйдөн аяктоо үчүн тапшырма берилет.

**Баалоо.** Студенттерди бири-бирин жана өзүн-өзү баалоо менен калыптандыруучу баалоо жүргүзсө болот.